жайгашуулары мүмкүн болгон. Мындай укуктарга Борбор Азиянын түпкүлүктүү мусулмандары жана еврейлери да ээ болгон.Түркстан Жобосунда (280-284-статьялар) Түркстан аскер округунун пенсиядагы жана запастагы төмөнкү катардагы курамына жер бөлүштүрүүнүн тартибин аныктап, аларга мамлекеттик бош жерлерден ар бир кызматкерге 10 десятинадан ашпаган жер бөлүп берүүнү жана ар бирине 100 рублден ашпаган бир жолку жөлөк пул чегерүү каралган [1, с.2]. Бирок, кандай жерлерди «мамлекеттик бош жерлер» – деп эсептей тургандыгы түшүндүрүлгөн эмес. Ошол Жобонун негизинде жергиликтүү отурукташкан калк тарабынан өздөштүрүлгөн жерлер алардын кожоюндарына бекитилип берилген, талаалар мамлекеттик деп жарыяланып, көчмөндөргө пайдаланууга тийген. Ага чейин маалым болгондой жерге болгон менчик, жер пайдалануу жана ээлик кылуу тартиби адат укугунун жана шарияттын негизинде каралып келген. Кокон амиринде ыстыкоомат кылып келишкен ферганалык тургундар үчүн бул жагымсыз көрүнүш болгон. Албетте 4-5 берене менен эле маселе чечилип калган эмес. Бул маселеге кайрылган профессор Т.Кененсариев: “Жободогу көчмөн калктын жерлерине жана алардын отурукташуусуна байланышкан беренелерди карап олтуруп, Орус Өкмөтүнүн кыргыздардын отурукташуу жараянына карата мамиледе этият саясатты байкоо кыйын эмес. Түркстан аймагына көчүрүүнү уюштуруу маселеси бир нече жолу жогорку деңгээлде көтөрүлгөн. 1908-жылы февралда Согуш министри Түркстан аймагын көчүрүү үчүн убактылуу жабуу сунушу менен Министрлер Кеңешине кайрылган. Маселенин чечилүү шарттары толук айтылбаган, көчмөндөрдүн отурукташуусун колдоо жана колдобоо ачыкталбаган” [3, 326-б.], – деп баа берген.Андан ары бул пикирин улантып, Түркстанды башкару жөнүндөгү Жобонун 280-284- беренелеринде көчүрүү саясаты каралгандыгын белгилөө менен “Ушундай жолдор менен бир катар эрежелердин жадагалса 1886-жылдагы Жобонун кабыл алынгандыгына карабастан Түркстан крайына келгиндер боюнча атайын мыйзам кабыл алынган эмес, баардык маселелер, жер тилкесинин нормасы, жеңилдиктерди өлчөмү, жер пайдалануунун формалары аягына чейин чечилбестен калган. Жергиликтүүбийликтер өз билгениндей чечишкен” [4. с.113], – деген тыянакка келген.Чындыгында 1886-жылдагы жогорудагы мыйзам актылары бул маселенин чечилишине айкындык алып келген эмес. Анда «мамлекеттик бош жерлерден» жер тилкелерин келгиндерге бөлүп берүү жөнүндө каралган. Бирок анда облустун кайсы аймактарын келгиндерди жайгаштырууга колдонуу үчүн бош деп эсептеш керек экенин жетиштүү түрдө так көрсөтүлгөн эмес. Жобонун 255-беренесине ылайык отурукташкан түпкү калкы бар аймактарда жер биринчи кезекте анын туруктуу мурастык ээлигинде турган. 270-берене боюнча көчмөн болуштуктардын чегиндеги бардык жерлер көчмөндөрдүн пайдалануусуна берилген. Ал эми мыйзамда пайдаланылбаган жана бош, аларга керек жерлерди аныктоо такыр каралган эмес. Ага карабастан 1886-жылдагы Жобого ылайык Түркстан крайындагы жер ресурстарынын мамлекеттик менчик деп жарыяланышы аны жергиликтүү элден ашыкча жер катары отор фондуна алып коюуга юридикалык негиз болуп берген. Ушундай шартта мыйзамдык база толук калыптанбагандыгына карабастан көп учурда оторлошуу бийликтердин уруксаты жок, чачкын ишке ашырыла берген.

Падышачылыктын көчүрүү саясатын ишке ашыруунун алкагында эң оболу империянын социалдык таянычын түзүүгө тийиш болгон ишенимдүү элементтери бар аймактарды түзүү зарылдыгы жаралган. Албетте бул жагдайда жаңыдан каратылган Фергана өрөөнү айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Фергана чөлкөмүндө, эле ансыз да калк жыш жайгашкандыктан оторлоштуруу кыйынга турган. Падышачылыктын колониялык саясатындагы бурулуш учур 1889-жылдын 13-июлундагы мыйзамды кабыл алуудан башталган. Бул документте дыйкандарга общинадан чыгуу оңойлотулуп, мыйзамдуу оторчуларга айрым жеңилдиктер жана материалдык жардамдар каралган. 1891-1892-жылдарда Орусияны каптаган ачарчылыктан улам Түркстанга келгиндердин массасы

агылып келе баштаган. Ушул эки жыл аралыгында эле 25 жаңы кыштак пайда болуп, мында келген орус дыйкандарынын саны дээрлик эки эсеге өскөн.

Крайдын администрациясы мындай абалга караманча даяр эмес болгондуктан дыйкандардын жаңы жерлерге өз бетинче жайгашуусу күч алган. Ошондон улам жергиликтүү калк менен келгиндердин ортосунда жер талаштан чыр чатактар арбып кеткен. Мындай шартта Түркстан администрациясы да мыйзам бузууларга аргасыз жол койгон.

1891-1892-жылдардагы келгиндер кыймылынан чочулаган Түркстан администрациясы отурукташтырууда олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болгондон кийин, бул аймакка келүүчүлөрдүн агымын толук токтотууга аракет кылган. 1897-жылы генерал-губернатор барон Вревский колонизациялоонун генералдык планы бекитилгенге чейин жана кайрадан уюшулган Жер иштетүү жана Мамлекеттик мүлк башкармалыгын чиндерине ыңгайлуу жерлер боюнча так маалымат берилгенге дейре Түркстанга дыйкандардын отурукташуусуна тыюу салган буйрук чыгарган. Бирок иш жүзүндө көчүп келүүлөр улантыла берген.

Барон Вревскийдин мураскору болгон генерал-лейтенант С.М.Духовский келгиндерди жайгаштыруу үчүн бош жер табуу боюнча чараларды көрүүгө аргасыз болгон. Анын үстүнө 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү да Фергана өрөөнүнө орус тилдүү калкттарды көбүрөөк жайгаштыруу менен коопсуздукту сактоого өбөк-жөлөк болчу конуштарды көбөйтүүнүн зарылдыгын күн тартибине койгон. 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин Фергана облустук бийликтери Көгарт өрөөнүнө орус дыйкандарын тартууну көздөгөн. “Мындан улам түзүлгөн абалды өз эмгегинде П. Алексеенков “1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү деп аталган окуя падыша өкмөтүн жеткен деңгээлде сестентти. Мурда алар Түркстанга орус элементтерин түпкүлүктүү элдердин көтөрүлүшүнө жол койбоо үчүн отурукташтыруу керек деп эсептеп келишкен болсо, иш жүзүндө мындай көтөрүлүштүн болушуна ишендирди. Ошол себептүү Түркстанга орус дыйыкандарын болушунча тартуу гана эмес орус поселокторундагы дыйкандарды башы сайын куралдандырып жибере жаздады. Өкмөт кыргыздарды тоонун капчыгайларына сүрүп таштоо аркылуу бош жерлерди табууга энергиялуу киришкен” [5, 173-б.], – деп сүрөттөгөн.Түркстан бийликтери да, борбордук өкмөт да Түркстан аймактарында көчүп келгендерге жер берүү чараларын көрүү менен чектелген. Бирок, бийлик өкүлдөрүнүн эч кандай чакырыгысыз алардын каалоолорун кыя өтүп, жер издеген орус дыйкандары массалык түрдө агылып келе берген.

Статистикалык документтерде областагы орус кошуундары тууралуу маалыматка караганда алардын саны өскөндүгүн байкоого болот. “1900-жылы Фергана областында 5 орус поселогу болгон. Баары 600 түтүн, 2835 киши” [5, с.20].

Согуш министрлигинин алдында маселени талкуулоо үчүн атайын комиссия түзүлүп, анын жыйынтыгында 1903-жылдын 10-июнунда айыл тургундарын жана майда буржуазияны Сыр-Дарыя, Фергана жана Самарканд областтарындагы казыналык жерлерге өз ыктыяры менен көчүрүү жөнүндөгү эрежелер мыйзамдуу түрдө жарыяланган жана өз ыктыяры менен көчүрүү эрежеси кабыл алынып, жергиликтүү калктын «ашыкча» жерлерин тартып алуу каралган. Бул боюнча гезит беттеринде “Айылдык обывательдердин жана мещандардын ыктырдуу көчүп келүүсү боюнча эреже чыккандан кийин облasттык администрацияда кайчы пикирлер жаралган. Губернатор Арандаренко Көгартка көчүрүүнү колдосо, областык башкармалык каршы чыгып келгиндерди келтирбеш керек деген пикирде болгон. Башкармалык болсо «О мерах против наплыва в Ферганскую область самовольцев переселенцев» [6, с.40] – деген аталышта өзгөчө иш ачышкан. Арандаренко оюу ишке ашпастан оставкага кеткен. Анын ордуна келген репрессиялары менен белгилүү болгон генерал-майор Покотилло келгиндерди жайгаштыруу ишине этияттык менен мамиле жасап, баары мыйзам чегинде болуусун оң көргөн. Көгарткаөз бетинче келген

келгиндер боюнча макалада «Бирок жашоо анын мыйзамынын б.а. тамгасын да уккан жок. Көгарт өрөөнүнө келгиндер улам улам келе беришти» [6, с.41], – деген маалыматтар берилген. Ошондой эле биринчи жолу 1905-1906-жылдары өз бетинче келген орус келгиндери пайда болгондон баштап Көгарт өрөөнү Анжиян уездиндеги орус калкынын борбору [7, с.113] болуп калгандыгыкөрсөтүлгөн. Келгиндер башкармалыгы менен жергиликтүү администрация  арасында кайчы пикир ар дайым болуп келген. Келгиндер менен жергиликтүүлөрдүн ортосунда келишпестиктер куралдуу кагылышууга чейин жеткендиги келгиндер уюмуна түйшүк жараткан эмес. Жүктүн баары областык администрацияга жүктөлгөн.

1904-жылдын 6-июнунда дыйкандарды эркин көчүрүүгө уруксат берген мыйзам жарыяланган. Бул айыл тургундарын жана  мещан дыйкандарды көчүрүү боюнча убактылуу эрежелер болгон. 1905-жылы Жерге жайгаштыруу жана айыл чарба башкы башкармасынын курамына көчүрүү башкармалыгы киргизилген. Андан кийинки агымдын башында Орусиянын саясий жана мамлекеттик ишмери П.А. Столыпин (1862-1911-жж.) турган. Анын реформасынын максаттарынын бири падышачылыктын кыштактардагы социалдык таянычы катары бардар кожолуктардын санын көбөйтүү болгон [5, с.173-174].

1906-жылдан тартып мигранттар үчүн темир жол менен жүрүү үчүн жеңилдиктер иштей баштаган.1886-жылдагы Жобого ылайык көчмөндөрдүн пайдаланган жерлери алардын ээлиги деп эсептелип келсе, 1910-жылдын 19-декабрындагы мыйзамдын 4-беренесине ылайык көчмөндөрдүн жерлеринин бир бөлүгү ашыкча деп табылган учурда ал Орусия өкмөтүнүн Жерге жайгаштыруу жана жер иштетүү боюнча Башкы башкармалыгынын карамагына өтүүсү белгиленген. Падыша бийлиги кыргыздардын отурукташууга өтүүсүн каалаган эмес. Ашыкча жерлер деп жерлерин тартып алышкандыгы анын айкын мисалы болуп саналат. Ошондой эле салык төлөөдөн чочулашып жер үлүштөрүнөн баш тарткан жергиликтүү калктын жерлери “отказные земли” делинип алынып коюлган. Ушундай жолдор менен келгиндерди жайгаштыруу маселесинин укуктук базасы калыптана берген. Албетте Фергана өрөөнүнө келишкен баардык орус келгиндеринин баарынын эле жер тилкелери болушкан эмес. Алардын бир бөлүгү шаар жерлеринде жайгашкан. Фергананын пахта буласына болгон муктаждык падыша бийлигинин өкүлдөрүн дыйканчылык жерлерин келгиндерге берүүсүнө кызыкдар болушпаган. Мындан улам Көгарт, Кетмен-Төбө сыяктуу тоо жерлериндеги элеттиктердин жерлерине жайгаштырууга багыт алган. Бул аймактарда жергиликтүү калк дыйканчылык менен анчалык эле шугурлөнө бербегендиги маалым. Бул жагдай да аталган аймактарда орус конуштарынын пайда болушун шарттаган. Жерсиз орус келгиндери кыргыздардын жерлерин ижарага алуу көрүнүшү да болгон. Мындай шартта келгин дыйкандар менен жергиликтүүлөрдүн арасында чарбалык алакалар да калыптана баштаган.

### Адабияттар


1. Переселенческое дело в Туркестанском крае. Отчет по служебной поездке в Туркестан осенью 1910 года чиновника Особых поручений при переселенческомъ управлении Н. Гаврилова. С.-Пб. 1911. С. 1,2.
2. И.В. Волков. Переселенческая политика царизма в русском Туркестане: правовой аспкект ( второя половина XIX – начало XX вв.)  Вестник КРСУ.2013. Том 13. № 6. с.9.
3. Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) Б., 2019. 326-б.
4. Кененсариев Т Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX-начале XX вв Б.2009, с. 113.
5. Авазов Э.А. Фергана өрөөнүндөгү падышачылыктын көчүрүү саясатынын ишке ашырылуусунун негизги этаптары // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. № 12. 173-175-б.
6. Обзор Ферганской области за 1900 год.Новый Маргелан; Скобелев: Тип. Ферган. обл. правления. 1901, с.20.
7. О самовольных переселенцах в Кугартской долине// Туркесткий сборник. Том 448. с.41.
8. Обзор Ферганской области за 1913 г. Новый Маргелан; Скобелев: Тип. Ферган. обл. правления. 1904.

УДК: 1(316.422)

## САЛТУУ КООМ ЖАНА МОДЕРНИЗАЦИЯ: ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

Адышева Н.К.[1]
[1]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Ош ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада социалдык философия үчүн актуалдуу болгон модернизация жана ааламдашуу түшүнүгү каралды. Ааламдашуу процесси – бүткүл Жердин масштабында параллелдүү, бир эле учурда болуп жаткан процесстердин жыйындысы. Социалдык-маданий чөйрөдө да терең өзгөрүүлөр болуп жатат, алар өздөрүнүн спецификалык мүнөзү боюнча экономикага караганда алда канча инерциялык мүнөзгө ээ. Бирок, бул айырмачылыктар өз алдынча канчалык маанилүү болбосо да, модернизация аркылуу жоюлат.

**Ачкыч сөздөр:** ааламдашуу, социум, модернизм, модернизация, карама-каршы модернизация, салт, салттуу коом.

## ФИЛОСОФСКИЙ АНАЛИЗ: ТРАДИЦИОННЫЕ ОБЩЕСТВО И МОДЕРНИЗАЦИЯ

Адышева Н.К.[1]
[1]Кыргызско-Узбеккский Международный университет им. Б.Сыдыкова, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

Статья посвящена актуальной для социальной философии проблеме-модернизации. Процесс глобализации представляет собой множество процессов, происходящих параллельно, одновременно в масштабах всей Земли. Глубокие перемены происходят также в социальной и культурной сфере, которые в силу их специфики, природы, гораздо более инерционны, чем экономика. Однако эти различия, какими бы значительными они не были сами по себе, устраняются через модернизацию.

**Ключевые слова:** глобализации, социум, модернизм, модернизация, альтернативные модернизация, традиции, традиционные общество.

## PHILOSOPHIC ANALYSE OF MODERNIZATION AND TRADITIONAL SOCIETY

Adysheva N.K.[1]
[1]Kyrgyz-Uzbek International University named after B.Sydykov, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article is devoted to the problem of modernization, which is relevant for social philosophy. The process of globalization is a set of processes taking place in parallel, simultaneously on the scale of the entire Earth. Profound changes are also taking place in the social and cultural sphere, which, due to their specificity, nature, are much more inertial than the economy. However, these differences, no matter how significant they are in themselves, are eliminated through modernization.

**Keywords:** globalization, society, modernism, modernization, traditional, traditional, society.

Баштапкы коомдун баардыгы салттык коом болушкан. Бирок мезгилдердин өтүшү менен адамзаттын өнүгүү чени боюнча бул процесс туруктуу ылдамдыкта жүрүп, салттык коомдун белгилүү деңгээлде кайра түзүлүшүнө алып келди. Азыркы дүйнөдө ал, албетте, абсолюттук салттуулуктагы баштапкы коомдон кескин айырмаланып турат. Салтуу коомдун кандай түрү болбосун, ага мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелер аркылуу салттары жөнгө салынып турган коом катары кыска аныктама берүүгө болот.

Конкреттүү салтык коомдун мазмундук, формалык көп кырдуулугу сакталган учурда баардык салттык коомдун өзгөчөлүктөрү үчүн бирдей болгон түйүндүү жалпылыктары бирге жүрөт. Баардык салттык коомдор – бул көчмөн мал чарбачылыкка же

менчиктештирилген экономикага негизделген агрардык коом болгон. Салттык коомго өзүн-өзү камсыз кылуу, кайра өндүрүүнүн жөнөкөй түрү мүнөздүү. Коомдук эмгектин өнүгүү деңгээлинин төмөндүгүнөн, салттык коомдо, калктын басымдуу бөлүгү кол эмгеги менен алектенет. Ошондон улам, салттык коомдогу эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн бийик эмес деңгээлинен улам, өндүрүлгөн коомдук продуктунун баардыгы, же негизги бөлүгү элементардык керектөөнү канааттандырууга жумшалат. Ишмердиктин регламентациясы, социалдык көзөмөл, маданий тажрыйбалардын берилиши, негизинен, өзгөрүүлөргө таандык болбогон эрежелердин жыйындысы катары кабыл алынган салттар аркылуу жүзөгө ашырылат.

Салттык адам дүйнөнү турмушту эч нерсе ажырата албай турган бүтүндүк, ийкемдүү тартип, өзгөртүүгө мүмкүн болбогон ыйык нерсе катары кабыл алат. Коомдогу адамдын орду, анын статусу салттар жана социалдык өзгөрүүлөр аркылуу аныкталат. Салттык коомдо жамааттык түзүлүштөр үстөмдүк кылат. Ал эми индивидуализм колдоо тапагандыгынан тышкары четке кагылат. Себеби, индивидуалдык аракеттердин эркиндиги мезгил сынынан өтүп киргизилген тартиптин бузулушуна алып барышы мүмкүн.

Салттык коомго жеке кызыкчылыктын алдында жамааттык кызыкчылыктардын үстөмдүк кылышы, анын ичинде, иерархиялык структураларга ээ болгон кызыкчылыктардын кабыл алынышы мүнөздүү.

Салттык коомдо рыноктук алмашуу эмес, кайра бөлүштүрүү мамилеси бийлик жүргүзөт. Салтык коомдо "коомдун көпчүлүгү" өтө эле алсыз болгондугуна байланыштуу, элдин басымдуу бөлүгү өмүр бою локалдык коомдо (мисалы, айыл-кыштактарда) жашайт. Мындай учурда туугандык байланыш, текерисинче, абдан күчтүү болот. Салттык коомдогу дүйнө тааным салттар жана аброй менен шартталат.

Россиялык тарыхчы Л.Я.Жмудь "Ондогон миң жылдыктын аралыгында бой жеткен адамдардын басымдуу бөлүгүнүн турмушу өлбөстүктүн күнүн көрүү тапшырмасына баш ийгендиктен, чыгармачылык, утилитардык эмес таанып билүү үчүн калтырылган оюн-зоокко бөлүнгөн орундан да аз үлүшкө ээ болгон. Күнүмдүк турмушта белгиленген жүрүм-турум нормаларынан чегинүү жалпы жамаатка коркунуч алып келгендиктен, жашоо багыты жаралган жаңылыктарга каршы туруп, ал салттарда кармалып турган," – деп белгилейт [9, 18-б.].

Жүрүм-турум эрежелерин бышыктоочу тартиптер – каада-салттар, топтор, уруулар пайда болгон учурдагы байыркы ата-бабаларыбыздан мурасталган. Алардын айрым бир бөлүктөрү бара-бара үй-бүлөлүк, тууганчылык, мүлк багытындагы мамилелерди ж.б.у.с. жөнгө салып туруучу нормалардын системаларын калыптандырган. Муундан-муунга берилип, көпчүлүктүн басымдуу бөлүгүндө ыктыярдуу сакталган каада-салттар – коомдук пикирдин ж.б.у.с. күчү менен көзөмөлгө алынган.

Азия расасындагы көчмөн элдин коомдук пикиринин күчү мыйзам күчүнө ээ болуп, алар көп мезгилдерге, ушул күндөргө чейин сакталып калган. Байыркы кыргыздардын каада-салттарынын сакталышы аксакалдардын пикиринен колдоо таап, аны бузгандарга өлүм жазасына чейин же топтон чыгып кетишине аргасыз кылган жаза чаралары колдонулган. Себеби, башка чөйрөдө азык-түлүгү же колдоосу жок жан багуу оңой болгон эмес," – деп жазат Г.А.Мукамбаева [10, 225-226-б.].

Эгерде, азыркы тарыхый мезгилдеги кыргыз жаштарынын ан-сезимине мүнөздөмө берүүгө аракет жасасак, анда анын жалпы көрүнүшү, жаштардын жыныстык өзгөчөлүгүнө карабай, коомдук пикирдин абсолюттук күчү аркылуу мүнөздөлөт. Коомдук пикирдин күчү – мыйзам күчүнө барабар күчкө ээ болгон. Каада-салттын сакталышы аксакалдардын пикирлеринин күчүнөн колдоо таап турган. Каардуу жазалар тараптардын курак-жашына карбай, алардын аргасыздан баш ийишин талап кылган. Ушундай катаал шартта гана уруулук топ өзүнүн күнүмдүк жашоосун камсыздай алгандыгын белгилей кетишибиз керек. XX кылымдын башында россиялык дагы бир илимпоз Ф.А. Щербина

белгилегендей:" Улуларга урмат, сый көрсөтүү – кыргыздарда сакталган салттык-укуктук мамиле чөйрөсүндөгү бекем жана туруктуу сакталган институтту көрсөтөт" [11, 21-б.]. Бул жерден кыргыз аксакалдарынын бийлиги кыйноо каражаты катары эмес, аталык, таза моралдык тартипте пайдаланылгандыгын белгилей кетишибиз керек. Туугандык геронтократия менен байланышкан салттык-укуктук нормалар, нравалык турмушта ыктыярдуу жүзөгө ашырылып, адат жана салт боюнча коомдук пикир аркылуу көзөмөлгө алынган.

Кандай гана коомдук көрүнүш, улуттук этникалык салт болбосун, ал коомдук аң-сезимдин жөнгө салынган формаларынын баардыгы менен ар тараптуу байланышта болот. Курак-жашы боюнча улгайган адамдарды урматто, аларга сый көрсөтүү негизинде, топтун баардык мүчөлөрүнүн бирге жашоо зарылчылыгы, коомдун жаштарынын тажрыйбалуу көптү көргөн муунду, ата-энесин, өзүнүн балдарын жана тууган-уругунун балдарын коргоого алуу милдети, кылымдарды карыткан тажрыйбаларда бышыкталган, жаштардан ажыратып каралбай турган белги болуп саналат.

Кыргыз элиндеги бул сапат кылымдарды карыткан тарыхый тамырга ээ болуп, жаштарга да, улгайгандарга да бирдей тиешелүү болгон индивиддин аң-сезиминин өзгөртүлгүс нравалык составдык бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз коомунун патриархалдык белгилерин изилдеген кыргыз философу, К.Б.Аманалиев, баардык учурда аккомодация биримдиги катары инсандын психологиялык адаптациясы (чөйрөнүн эрежелерин өздөштүрүүсү, "ага ыңгайлашуусу"), ассимиляциясы ("өзүн ага сиңириши") кыргыз элинин салттуу чөйрөсүнө таандык өзгөчөлүккө кире тургандыгын белгилейт. "Кыргыз коомунун шартында инсандын адаптациялануу процесси аксакализмдин көптөгөн функциялары аркылуу жүзөгө ашырылат" [12, 54-б.].

Бирок коңшулаш топтор, уруулар, элдер менен тез-тез болуп турган аскердик кагылуушулар, ар бир адамдын курал пайдалануу чеберчилигине аргасыздан жеткирип, жеке өзүнүн, жалпы топтун жашоо-турмушун коргоп, жалпы туугандарынын кызыкчылыгынын көздөлүшү менен шартталган. Бул өнөр көчмөндөр коомунда өзгөчө баалуулукка ээ болгон. Бул көрүнүш аскердик демократиянын келип чыгышы, өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратты. Аскердик конфиликтер, көчмөндөрдүн жашоо образынын өзү, кыргыз топторунун, урууларынын уюмунда аскер мүнөзүн алып жүрүүгө, аны менен катар эле борборлоштурулган бийлик элементтеринин, демократиянын түптөлүшүнө алып келди.

Топтордун, уруулардын башында – топтук коомду уюштуруу, башкаруу функцияларын аткарууга активдүү, бардар аристократия турган. Ошентип, жаштар милитаристик багытта, тарбияланышкан. Чечкиндүүлүккө ийкемдүүлүккө, аскердик багытта эрдик көрсөтүүгө тарбиялап, жаштарды бул сапаттарга кызыктырган учурда – коркоктук, алсыздык өңдүү сапаттар жек көрүндүгө айланган. Мындай шартта адамдын аброю көп жашагандыгына эмес, анын таасиринин башкаларда кандай деңгээлде таанылгандыгына жараша, биринчи кезекте, анын кандай топко тиешелүү экендигине же административдик иерархияда кандай кызматтык орунда тургандыгына карата аныкталган. Ал эми улгайгандардын бийлиги, албетте, социалдашуунун баштапкы этабындагы жаңы муундун көз алдындагы белгилүү бир кырдаалдын талабында чектелип, анын реалдуу "куракттык" жашы, карылардын бул турмушту жетектөө жөндөмүнөн ажырагандыгын көрсөткөн [13, 77-91-б.].

Кандай гана коом болбосун, баардык убакта аң-сезимдин өзгөрүү процесси – модернизациянын натыйжасында гана жүрүп келген. Экинчи тарабынан алып караганда, модернизация дайыма кандайдыр бир модернизациянын тездетилишине жол ача турган, ал же бул көрүнүштөр аркылуу анын жүрүшүнө тоскоол боло алган тажрыйбаларын көрсөткөн реалдуу, конкреттүү элде жүрөт. Ал же бул элдин модернизацияны кабыл алышына көптөгөн факторлор күчтүү таасирин тийгизет. Алардын ичинен ошол элдин

менталитети олуттуу фактор болуп саналат. Бирок менталитеттин өзү факторлордун бүтүндөй комплексинин туундусу болуп саналат. Башка тарабынан алып караганда, менталитет анализдин предмети болгон учурда, ал кандайдыр бир курак-жашка байланышкан топтун эмес, кандайдыр бир социалдык же этникалык топтун, улуттун, элдин, эл катмарынын (биздин изилдөөбүздө жаштардын) өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

Албетте, жаштардын өзүнө тиешелүү менталитети бар. Ырасында ал, акыркы он жылда, жакынкы эле аралыкта гуманитардык анализдин предмети болуп калды. Мына ушул себептен улам, азыркы учурда, билимдин бул чөйрөсүндө түшүнүксүздүк, методологиялык баш аламандык, бүдөмүк көрүнүштөр, карама-каршылыктар өкүм сүрүүдө. Буга чейин жаштардын менталитети, негизинен, кандайдыр бир социалдык же этникалык топтун, улуттун, элдин же этностун чегинде, болбосо контексинде каралып келген. Ошондуктан, биз азыркы учурда жаштардын менталитетине караганда табигый түрдө методологиялык жактан бир топ иштелип чыккан жаштардын аң-сезими түшүнүгүнө кайрылууну туура көрдүк.

Менталитет жөнүндө сөз кылардан мурун, биздин оюбузча, жаштардын аң-сезими канчалык деңгээлде изилдөөнүн предмети боло ала тургандыгын, фундаменталдык бул эки категориянын өз ара байланыштарын, айырмачылыктарын жана окшоштуктарын тактап алышыбыз керек. Себеби, азыркы учурда түрдүү гуманитардык дисципиналарда, психологиядан баштап философияга чейин, көз караштарга жараша бири-биринен кескин айырмаланган аң-сезим боюнча да, менталитет боюнча да көптөгөн аныктамалар пайда болду. Изилдөөбүздүн жүрүшүндө биз, алардын айрымдарын мисал катары көрсөтөбүз.

Ошентип, психолог В.А.Лабунскаянын көз карашы боюнча, аң сезим “Адамдын чындыкка болгон мамилесин аныктоочу, кабыл алынган маалыматтарды иштеп чыгуучу акыл эмгеги процессинин жыйындысы. Аң сезимдин маанилүү эки чөйрөсү бар. Анын биринчиси – интеллектуалдык, кыялдар (ой) чөйрөсү; экинчиси – эмоционалдык, сезим чөйрөсү” [1, 8-б.].

Философ В.А.Лекторский аң-сезимди “сырткы дүйнөдөгү окуяларга,организм телосуна болгон субъективдүү мамилени көрсөткөн организмдин жашоосундагы абал, ошондой эле ошол окуялар жөнүндөгү отчету, ал окуяларга болгон кайтарым реакциясы” катары аныктайт [2, 502-б.].

Росиялык философ А.Г.Спиркин: “Аң-сезим материалдык реалдуулукка ээ болбойт. Ан-сезим психикалык интегралдык учур катары элементттери бири-бирине көз карандысыз, өз алдынча өнүгө албай турган бүтүн системаны көрсөтөт. Ал адамга актуалду да, потенциалдуу да түрдө берилип, эс тутумунда сакталган күчтүү чыгармачылык активдүүлүккө ээ болот. Аң-сезим – бул психиканын оозеки түрүндөгү феномени. Ал жамаат тарабынан уюштурулган социалдык карым-катыш процессинде түзүлгөн белгилик материалдардан жаралып, жүзөгө ашырылат,” – деп жазат [3, 6-7-б.].

Аң-сезим тууралуу мындан да көп аныктамаларды мисал келтирүүгө болот. Бирок ал эч кандай деле мааниге ээ боло албайт. Аң-сезим маселесинин иштелип чыгышы философия чегинде гана бир нече кылымарды эсепке алат. Бирок ал аны бул түшүнүккө жакындатуу менен бирге эле , белгилүү бир мамилелерде аны ал түшүнүктөн алыстатат. Азыркы учурда аң-сезим категориясы, ар башка чечмелениши аркылуу кыйла кеңейип, бүдөмүк, тагыраак айтканда, түрдүү түшүнүккө айланып калды. Ошондой болсо да, бул феноменге бирдиктүү түшүнүк жок болгондуктан, ал өзүнөн-өзү – ой-кыялдык, эрктик, эмоционалдык жана эс тутумга байланышкан ар башка идеалдык процесстердин, кубулуштардын ири жыйындысын көрсөтөт.

Мындай компоненттердин көп түрдүүлүгү, аң-сезимди чечмелөө маселесине карата көп кырдуулу мамилелердин жаралышына негиз болот. Бул жерден биз, аң-сезимге байланышкан маселе байыркы доордон башталгандыгын белгилей кетишибиз керек. Ал азыркы илимдин да татаал маселеси болуп саналат. Аң-сезим философиянын,

психологиянын, саясат таануунун базалык түшүнүктөрүнүн бири катары, ой чабытында чындыкты кайра түзүп чыгууга болгон адамдын жөндөмүн түшүндүрөт.

Гуманитардык дисциплиналардын дээрлик баардыгында аң-сезим – чындыктын жалпылаштырылып, максатка ылайык чагылышына, ишмердиктин кыялдагы түзүлүшүнө, алардын натыйжаларга жетишүүсүнө, адамдын жүрүм-турумун акыл-эс аркылуу жөнгө салып, өзүн-өзү көзөмөлгө алуусуна байланышкан адамга гана таандык жогорку маңыз катары каралат. Ал башка адамдар менен үзгүлтүксүз карым-катыш жүргүзүлгөн учурдагы адамдын инсандык белгилерин, анын турмушун, ишмердигин калыптандырган коомдук-тарыхый шарттардын натыйжасында интеграцияланган психиканын маңызы болуп эсептелет.

Көптөгөн аныктамалардын арасынан биз, социалдык жан катары адамдын рухий активдүүлүгүнүн деңгээлин көрсөтө алгандарын гана мисал катары алып көрөбүз. Бул активдүүлүктүн өзгөчөлүгүнө реалдуулуктун сезим формасында чагылышы, адам аракеттерине максаттуу мүнөздү берип, ой чабыты аркылуу анын натыйжаларын алдын ала көрө билгендик кирет. Объективдүү дүйнө адамга өз таасирин тийгизип, маданият жемиштеринин сүрөттөлүшүндө (тил жана башка белги системалары) идеалдуу формаларга ээ болуп, аң-сезим мазмунун түзгөн элес, кыял, идея жана башка рухий феномендер түрүндө чагылат.

Аң-сезим, аң-сезимдин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн чагылдырган аксиологиялык, баалуулук аспектисинен, коом тарабынан иштелип чыккан баалуулуктарга багытталышынан, субъект тарабынан кабыл алынган философиялык, илимий, саясий, нравалык, эстетикалык, диний ж.б. баалуулуктардан турат. Ошондой эле аң-сезим субъектинин ал баалуулуктарга болгон мамилесин, андан тышкары, социалдык табиятка ээ болгон өзүн-өзү таануу түрүнө кирип, өзүнүн-өзүнө болгон мамилесин да кучагына алат.

Менталитет түшүнүгүнө токтолсок, болжолдуу түрдө, ал деле аң-сезим категориясына окшош көрүнүштө турат.

Азыркы учурда менталитеттин көптөгөн аныктамалары бар. Алар өз ара канчалык жакын экендигин баалоо үчүн, алардан биз экөөнү гана мисал катары карайбыз. Биринчи аныктамага ылайык, менталитет (латын тилинен алганда mentis –жан, рух, акыл) – акыл топтому, социалдык, же этникалык топто, улутта, элде, эл ичинде жашаган түзүлүштөр, баалуулуктар багытындагы акыл эмгегинин, эмоционалдык, маданий өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы катары каралат.

Россиялык илимпоз Н.Н. Губанов берген экинчи аныктамага ылайык, менталитет “табигый жана социалдык чөйрөнүн, адамдын же социалдык коомдун социалдык-психологиялык, сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрүнүн, субъектинин рухий чыгармачылыгынын натыйжаларынын таасириндеги генотиптен келип чыккан система; бул система дүйнөнүн кабыл алынышынын, жүрүм-турумдун, ишмердиктин, субъектин өздүк идентификациясынын өзгөчө мүнөзүн детерминациялап, социалдык коомдун жашооосунун бирдейлигин, үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылат. Ошондой эле маданий инновацияларды өнүктүрүп, социалдык прогресске түрткү болот” [5,129-130-б.].

Жыл өткөн сайын саны өсүп бара жаткан менталитеттин аныктамаларынан, жогоруда көрсөтүлгөн эки аныктаманын бири-биринен болгон айырмасы канчалык экендиги – кенен анализ жүргүзбөсөк деле көрүнүп турат. Көрсөтүлгө аныктамалардын биринчисин биз, жумуш багыты катары алабыз.

Эми менталитет менен аң-сезимдин ортосундагы өз ара байланыш маселесине көңүл бурабыз. Бүгүнкү күндө бул эки түшүнүктүн ортосундагы өз ара байланышка карата өзгөчөлөнгөн эки мамиле бар. Анын биринчисине ылайык, бул эки түшүнүк бирдей, ал эми экинчи мамиледе, ала бири-бирине окшош эмес.

Россиялык илимпоз И.Г. Дубовдун көз карашы боюнча, менталитет аң-сезимге окшош эмес, аң-сезимдин артыкчылыгы” конкреттүү маданиятта жашаган элдин

интегралдык мүнөздөмөсү катары, ал элдин курчап турган чөйрөнү көрө билүү өзгөчөлүгүн, ага карата жасаган реакцияларын сүрөттөп жазууга мүмкүнчүлүк жаратат” [6, 20-21-б.]. “Менталитет” түшүнүгү бөтөнчөлүк системаларын, аң-сезим жана ишенимдердин өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысын, кыялдануу образын, образдардын жана элестердин системасын, дүйнөнү сезе билүү жана кабыл алуунун өзгөчө ыкмаларын, аң-сезим түзүлүшүн, туруктуу стреотиптерди, адамдардын психологиялык жашоо бөтөнчөлүктөрүн чагылдырып турат. Бул белгилер, типтүү жүрүм-турумдардан, маданий жана жүрүм-турум кодунан, психикалык топтолмолордон, “акылдын өзгөчө жыйналмасынан”, рухий турмуштун матрицасынан, элдин улуттук бөтөнчөлүктөрүнөн, иденттүүлүгүнөн ж.б.у.с. турат. Менталитет – бул элдин өтмүш жөнүндөгү эс тутумунун бөтөнчөлүгү, миллиондогон адамдардын жүрүм-турумунун пихологиялык детерминанты.

Менталитеттин калыптанышынын, өнүгүшүнүн негизи этнос болуп саналат. Ал эми этностун менталитети тарыхый өнүгүүнүн узак жолунда калыптанат. Ал социалдык жүрүм-турумдун улуттук мүнөзүн жана улуттук моделин аныктайт. Аң-сезим актыларына, кыялдануу стереотиптерине, сезим деңгээлине таасир берген тил – этникалык менталитеттин түзүлүшүндөгү негизги фактор болуп саналат. Ошондуктан, тилде маалымат берүүнүн вербалдык ыкмалары менен бирге ал маалыматтардын сапаты да эске алынат.

Кандай гана эл болбосун, анын менталитети ал элдин жашоосун коштоп уланган бир топ шарттардын таасиринде жаралат. Алардын арасында берилген менталитетти калыптандырган, колдогон, түрүн өзгөрткөн шарттар бар.

Этностун менталитетин калыптандыруучу факторлордун негизги үч тобу бар.

Фактордун биринчи тобун коомдун расалык-этникалык белгилери, башкача айтканда, субъектинин өздүк табигый көрсөткүчтөрү түзөт. Берилген элдин расалык-этникалык айырмачылыктары, алардын менталитетке тийгизген таасирлери жөнүндө кеп кылганда, баарынан мурда, алардын саны, курак-жашы, темпераменти ж.б.у.с. эске алынат. Улуттун менталитети, темпераменти айтылганда – өзгөчө анын курак-жашы, белгиленген учурда ал улут этногенездин кайсыл баскычында экендигине көңүл бурулат.

Берилген коомдун жашоо турмушунун табигый-географиялык шарты (климаты, аймактары, ландшафты) экинчи топтун себептерин түзөт. Өлкөнүн табияты көп учурда экономикалык жана улуттук өнүгүүнүн өзгөчөлүгүн аныктайт.

Менталитетке таасир бере турган – себептер, берилген коомдун кылымдар бою тамырлаган кызматташуусунун туруктуу натыйжалары, анын жашоо-турмуш шарттары, факторлордун үчүнчү тобу болуп саналат. Дал ушул негизде туруктуу социалдык-экономикалык ыкмалар, жашоо ишмердигинин типтери жаралат. Буга мисал катары көчмөн же отурукташкан жашоо түрүн караса болот. Ушул топко этностун башка эл менен болгон контактарын (коңшучулук): алака түзүү, турмуштук элементтердин, тилдин, ишенимдин, нравалык, жана башка өзгөчөлүктөрдүн аралашып кетүүсүн кошууга болот.

Ошентип, улуттардын, элдин, социалдык коомдун менталитетинин маңызын, түзүлүшүн карап чыгып, адамзаттын башка бөлүгүндөгү чөйрөдө өзүн-өзү камсыз кылуусунда, өздүк менталитеттен салыштырмалуу обочолонушунун көрүнүшү, түрдүү маданияттардын, салттардын кириши аркылуу, ал же бул этникалык стреотиптердин уникалдуулугу жок боло тургандыгын көрдүк.

Жогоруда биз, азыркы гумантиардык илимдерде менталитет менен аң-сезим бирдей, окшош феномендер, категориялар деген ойлор бар экендигин белгилеп өттүк. Бул көз караштар чындыкка дал келбестигине ишенсек да, менталитет менен аң-сезим акыры барып бир эле ал же бул факторлордо калыптана тургандыгын байкабай мүмкүн эмес. Ошондон улам, мындан аркы философиялык анализ жүргүзүүдө биз, бул факторлорго зарылдыгына жараша гана кайрылабыз. Андыктан, кандай болгон учурда аң-сезим да, менталитет да тарыхый процесстерде калыптангандыктан, биз тарыхый факторлорго токтолобуз.

Курак жашына, жыныстык өзгөчөлүгүнө карабай, кыргыз коомчулугунун баардык мүчөлөрүнүн ан-сезими конкреттүү коомчулуктун алкагы менен чектелбесе да, анын негизинде түптөлгөн социалдык жана нравалык-этикалык маңызында локалдык мүнөздү алып жүргөн. Индивиддин аң-сезими толук бойдон коомчулуктун баалуулуктарына, аброюна болжолдонгон.

Салттык коом туруктуулуктун бийик деңгээли аркылуу мүнөздөлөт. Байыркы доордо салттык коомдун өзгөрүшү абдан жай жүргөн. Салттык коомдун ыкчам жана кайталангыс трансформациясы XVIII кылымдагы Европада болуп өткөн өнөр жай революциясынын натыйжасында жүрө баштаган. Бул процесс азыркы учурда дээрлик бүткүл дүйнөнү кучагына алды. Ыкчам өзгөрүүлөр, каада-салттардан алыстоо, салттык адамдагы багыттардын, баалуулуктардын бузулушу, жашоо маңызынын жоголушу ж.б.у.с. катары кабыл алынышы мүмкүн.

**Жыйынтыктары:**

1. Жаралган күндөн баштап ушул кезге чейин кыргыздарда маданияттын салттык элементтеринин, психологиялык, аң-сезим өзгөчөлүктөрүнүн белгилүү деңгээлде сакталышы, анын ичинде жаштардын чөйрөсүндө да ал элементтердин сакталып калышы – кыргыз этносунун өзгөчөлүктөрүнүн негизги белгиси болуп саналат. Конкреттүү салттык коомдун баардык мазмундук, формалык көп кырдуулугунда, баардык салттык коомдун өзгөчөлүгү үчүн түйүндүү жалпылыктар бар. Тагыраак айтканда, салттык коомдун баардыгы – бул көчмөн мал чарбачылыкка же менчиктештирилген экономикага негизделген агрардык коом болуп саналат.

Салттык коом үчүн өзүн-өзү камсыздандыруу, жөнөкөй өндүрүштөр мүнөздүү. Салттык коомдогу эмгек өндүрүмдүүлүгүн бийик эмес деңгээлинен улам, өндүрүлгөн коомдук продуктылардын дээрлик баардыгы же негизги бөлүгү элементардык керектөөлөрдү канааттандырууга жумшалышына алып барат. Ишмердиктин регламентациясы, социалдык көзөмөл, маданий тажрыйбалардын берилиши – өзгөртүүгө болбой турган эрежелердин жыйынтысы катары салттар аркылуу жүзөгө ашырылат.

2. Байыркы кыргыз коомунда индивиддин жашоосун реалдуу түрдө канчалык деңгээлде камсыздай алса, индивиддин аң-сезими, дүйнө таанымы, баалуулуктар системасынын баардыгы уруунун негизги максатына – жашоо-турмушуна ошого жараша баш ийген. Ошондуктан, ар бир кыргыз уруусу, негизинен, көчмөн турмуш образына жараша башка уруулардын, уруу топторунун алдында чарбачылык, аны менен менталдык көз карандысыздыкка толук ээ болгон.

3. Кандай гана коомдо болбосун, баардык учурда аң-сезимдин өзгөрүү процесси модернизациянын натыйжасында жүрөт. Экинчи тарабынан алып караганда, модернизация ар дайым бир топ өзгөчө белгилерге ээ болуп, тездетилген модернизацияга жол ача турган, же ал же бул көрүнүштө анын жүрүшүнө тоскоолдук жарата турган кандайдыр бир реалдуу, конкреттүү элде боло тургандыгын тажрыйбалар көрсөттү.

Ал же бул элдин модернизацияны кабыл албашына көптөгөн факторлор олуттуу таасирин тийгизет. Алардын ичинен ал элдин менталитети маанилүү фактор болуп саналат. Бирок менталитеттин өзү факторлордун бүтүндөй комплексинин туундусу болуп саналат. Менталитет – бул өтмүш жөнүндөгү элдин өзгөчө эс тутуму, миллиондогон адамдардын жүрүм-турумунун психологиялык детерминанты.

Менталитеттин түзүлүшүнүн, өнүгүшүнүн негизи катары этнос каралат. Ал эми эностун менталитети тарыхый өнүгүүнүн узак жолунда калыптанат. Ал социалдык жүрүм-турумдун улуттук мүнөзүн, улуттук моделин аныктайт. Аң-сезим актыларына, кыялдануу стреотиптерине, аң-сезим деңгээлине таасир бере турган тил этникалык менталитеттин келип чыгышынын негизги фактору болуп саналат.

4. Этностун менталитетин жана аң-сезимин калыптандыра турган факторлордун

негизги үч түрү бар. Биринчи топту коомдун расалык-этникалык көрсөткүчтөрү, башкача айтканда, менталитеттин субъектисинин өзүнүн табигый көрсөткүчтөрү түзөт. Берилген элдин расалык-этникалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө кеп болгондо, баарынан мурда, алардын саны, курак-жашы, темпераменти ж.б.у.с. айтылат. Улуттун менталитети баяндалганда, өзгөчө анын курак-жашы, азыркы учурда белгиленген улут этногенездин кайсыл баскычында тургандыгына көңүл бурулат.

Экинчи топтун себептерин ошол коомдун жашаган табигый-географиялык шарты (климат, аймактары, ландшафты) түзөт. Өлкөнүн табияты экономикалык жана улуттук өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Бул коомдун кылымдар бою жүргөн өз ара туруктуу кызматташуусунун, жашоо шарттарынын натыйжаларында, алардын аң сезиминен тамыр алган себептерге таасир бере турган факторлор үчүнчү топту түзөт.

Кыргыздар уруулук бирликке бириккен учурда да, алар өздөрүнүн тууганчылык байланышына карата биригишкен. Ар бир уруу өзүнүн коомдук түзүлүшүн аныктоодо адамдардын ал же бул деңгээлдеги тууганчылык жакындыгына көңүл бурушкан.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Лабунская В.А. Не язык тела, а язык души! Психология невербального выражения личности [Текст] / В.А. Лабунская. – Ростов-на-Дону: Феникс, 2009. – 374 с. – С. 8.
2. Лекторский В.А. Сознание // Новая философская энциклопедия / Ин-т философии РАН; Нац. обществ.-науч. фонд; Предс. научно-ред. Совета В.С. Степин, заместители предс.:А.А. Гусейнов, Г.Ю. Семигин, уч. секр. А.П. Огурцов. – 2-е изд., испр. и допол. – М.: Мысль, 2010. – Т. 4. – 736 с. – С. 502.
3. Спиркин А.Г. Сознание и самосознание [Текст] / А.Г.Спиркин. – М.: Политиздат, 1972. – 303 с.
4. Менталитет [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://ru.wikipedia.org/wiki/ Менталитет – Загл. С экрана.
5. Губанов, Н.Н. Менталитет и его функционирование в обществе [Текст] / Н.Н. Губанов // Философия и общество. – М., 2006. – №4. – 125–141. – С. 129–130.
6. Дубов И.Г. Феномен менталитета: психологический анализ [Текст] / И.Г. Дубов // Вопросы психологии. – 1993. – №5. – С. С. 20–27. – С. 20–21.
7. Бартольд, В.В. Избранные произведения по истории кыргызов и Кыргызстана Составление, дополнение, комментарий и предисловие О. Караева) [Текст] / В.В. Бартольд. – Бишкек: Шам, 1996. – 608 с. – С. 176.
8. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я. Бичурин. – Т. 1. – М.-Л., 1950. – С. 350. – 382 с.
9. Жмудь Л.Я. Зайцев и его «Культурный переворот // Зайцев А.И. Культурный переворот в Древней Греции VIII–V вв. до н.э./ Под ред. Л.Я. Жмудя. 2-е изд., испр. и перераб. – СПб.: Филологический факультет СПбГУ, 2000. – 320 с.
10. Мукамбаева Г.А. Манас и право. – Бишкек, 2004. – 336 с. – С. 225–226.
11. Щербина Ф.А. Киргизская народность в местах крестьянских переселений [Текст] / Ф.А. Щербина. – СПб., 1905. – 48 с. – С. 21.
12. Аманалиев К.Б. Социально-философский анализ патернализма [Текст] / К.Б. Аманалиев: дисс… канд. филос. наук. – Бишкек, 1996. – 154 с. – С. 54.
13. Савин, И.С. О категориях группового сознания у казахов-кочевников [Текст] / // Вестник Евразии. – 1999. – №1–2 (6–7). С. 85–86. – С.77–91.

УДК:801/8

# КОТОРМО АРКЫЛУУ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ТААНЫЛЫШЫ

Ажиматова А.А.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Айтматовдун чыгармаларынын дүйнө элдерине таанылышынын себептерининбири котормолордун негизинде болгондугуна тилдик анализ жасадык. Анткени, мисал келтирилген ар бир чыгармасы канча тилге которулуп, жазуучудан таасирленген мыкты повесттердин жана романдардын жазылгандыгы тууралуу дагы маалымат берилди.

**Ачкыч сөздөр**: Чыңгыз Айтматов, котормонун мааниси, кинофильмдер, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги чыгармалар, билим берүү маселеси

# МИРОВОЕ ПРИЗНАНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА ЧЕРЕЗ ПЕРЕВОД

Ажиматова А.А.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

Мы сделали лингвистический анализ того факта, что одна из причин, на основе переводахкоторой произведения Айтматова как было известны людям всего мира.Дана информация о том, на сколько языков переведено каждое из приведенных произведений, и о написании лучших рассказов и романов под влиянием писателя.

**Ключевые слова:** Чингиз Айтматов, значение перевода, фильмы, произведения в годы Великой Отечественной войны,образовательные вопросы.

# WORLDWIDE RECOGNITION OF CHYNGYZ AITMATOV'S WORKS THROUGH TRANSLATION

Azhimatova A.A.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

We have made a linguistic analysis of the fact that one of the reasons why Ch.Aitmatov's works are known to the people of the world is based on translations. After all, information was given about how many languages each of the given works has been translated into, and about the influence of the short stories and novels.

**Key words:** Chyngyz Aitmatov, meaning of translation, films, works during the Great Patriotic War, educational issues

Чыңгыз Айтматов тил жөнүндө: “Дүйнө элдеринин тилдери түн жарымында жанган жылдыздардай тарыхтын асманын бербей чачырайт. Тил бүткөн сан жылдыздар туш тарапка өздөрүнүн үндөрүн, дабыштарын таратып, ошол жылдыздардын баары, чоңу да кичиги да биригип келип, өзүнүн улуулугу жана сулуулугу менен жан жыргатып, жарпты жазар жалтылдаган ажайып ааламды, узун сабак мукам ырды жаратты...” – деп жазган. Жазуучу ар бир тилдин бийиктеген, төмөндөгөн учурлары, бышып жетилген, айрым учурда өтө оор маселелери менен сыноолору да бар экенине токтолгон [4]. Демек, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына дүйнөлүк аброй алып келген тил катары орус тилин айтпай коюуга

мүмкүн эмес. Эки тилде тең эркин сүйлөп, жаза билген жазуучу адабият майданында эң жогорку бийиктиктерди багындыра алган.

Ушул жагдайды улай 2018-жылдын 14-майында Кыргыз Туусу газетасына жазуучу-философ Чоюн Өмүралиевдин “Менин Айтматовум (3-макала)” атуу маегинде өтө кызыктуу маалыматтары тууралуу баяндоону чечтик. Анда жазуучунун чыгармаларынын негизинде тартылган фильмдер тууралуу баяндар берилиптир. “Кылым карыткан бир күн” романы боюнча “Бороондуу бекет” фильмин, өзүнүн чыгармаларынын негизинде тартылган эң мыкты фильм деп эсептеген экен. Фильм 1996-жылы Берлинде өткөн дүйнөлүк кинофестивальда “Алтын камера” сыйлыгына татыган. “Бетме-бет” повестинде тартылган “Кайрылып куштар келгиче” (“Плач перелетных птиц”) тасмасында актерлер орус тилинде аткаргандыгын, анда жазуучунун чыгармаларын кыргыз тилине дагы которуу тууралуу айткандарын эскерген. Демек, чыгырмалардын дээрлик бөлүгү орус тилинде жазылып, кыргыз тилине которулган [7].

Немец публицисти жана окумуштуусу, профессор Ирмтрауд Гучке: “Чыңгыз Айтматов дүйнөлүк маанидеги жазуучу болгон, анткени анын темасы бүтүндөй дүйнө эле. Биздин дүйнө: биз кай тарапка баратабыз, кандай коркунучтарга кабылабыз? – деген суроолорго жооп издеген. Элди алаксыткан жазуучулар менен салыштырмалуу, Айтматовдун үнү келечегибиз үчүн жоопкерчиликке чакырган”, – деп жазуучуга жогору баа берген. Өкүмдүүлүгү боюнча дүйнөдө Уильям Шекспирден, Лев Толстойдон кийинкиорунда турган Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн 170тен ашык тилине которулуп, миңдеген окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болду. Анын керемет чыгармалары дүйнө адабиятын байытты. Кыргыз жеринде жаңы мектеп ачып, элдин сабатсыздыгын жоюу жана жаштардын билим алуусу үчүн жан аябай күрөшкөн Дүйшөндүн образы бүтүндөй окурмандарга өзгөчө таасир калтырганы талашсыз. Бул повесть кандай ганакыйынчылык болбосун, келечек муундун сабаттуулугу үчүн күрөшкөн мугалимдин эрдигин чагылдырат. “Биринчи мугалим” повести англис жана кытай тилдерине которулган [7]. Түрк эли Чыңгыз Айтматовду жогору баалашып, чыгармаларын кызыгуу менен окушат. Анкара жана Стамбул шаарларына жазуучунун эстелиги орнотулган, Айтматов атындагы музей жана парк ачылган [3].

Алгачкы көлөмдүү повести 1958-жылы “Жамийла”деген аталышта чыккан. Повесттин адегендеги аты “Обон” деп аталып, кыргызча ушул ат менен жарык көргөн. Орус тилинде “Новый мир” журналына (1958, № 8) “Жамийла” деген ат менен жарык көрүп, дүйнө элдеринин тилдерине ушул ат менен белгилүү болгон [5]. «Жамийла» повестти жарыкка чыккандан баштап эле көпчүлүктүн оюн өзүнө тартып, өзү жөнүндө эки ача пикирди туудурду. Алардын бири – Жамийланын жоруктарын «чектен чыккан кашкалык» деп, аны далилдөөгө аракеттеништи. Бул повестке биринчилерден болуп пикирин айткан, боордош казак адабиятынын даңкын дүйнө элине тааныткан Муктар Ауэзов эле. Анын «Жолуң байсалдуу болсун» аттуу эмгеги «Жамийла» повестине арналып, ага негизинен оң баа берген. Ал эми француз элинин демократ жазуучусу Луи Арагон «Жамийланы» француз тилине өзү которуп «Махабат жөнүндө дүйнөдөгү эң сонун баяндардын бири» деп жазган. Ошондой эле повестке жазуучулар Э.Межелайтис, Н.Ниношвили жана башкалары өздөрүнүн адилеттүү сын пикирлерин айтышкан. Буга чейин эле повесть кыргыз коомчулугунун көңүлүн өзүнө буруп, кызуу эки түрдүү талаш-тартышты туудуруп келген. Алардын ою боюнча, Садык кан кечип, фронтто эл-жерин коргоп жүрсө, анын «сүйүп» алган аялы Жамийла, Садыктын жалгыз энесин багуунун ордуна, ээсиз аңгырап калган үй чарбасын тейлөөнүн ордуна, кайдагы бир тентип келген Данияр менен качып кетиши – чектен чыккан ээн баштык экендигин белгилешкен кайчы ой-пикирлерди айтып келишкен [6].

Демек, жазуучу Жамийланын образы аркылуу өзүнүн эркин сүйүүсүнө умтулган, эскинин калдыгын жойгон, өз жолу менен кеткен кыргыз кызынын эркин сүйүүсүн

көрсөткөн. Жамийла сыяктуу эрктүү болгондо гана өз максаттарына жетээрин айткандыктан, чыгарманын күчү мына, ушунда десек болот. Адамдын келбетин сүрөттөөдөн тартып, окуяларды баяндоолорго чейин бир топ көркөм сөз каражаттары ыктуу колдонулат. Бүгүнкү күндө "Жамийла" дүйнөнүн жүз элүүдөн ашык тилдеринде жарык көргөн. 1962-жылы Кыргызстандын айылдарында билим берүү системасын орнотуу жана патриархалдык салттар менен күрөшүү жөнүндөгү "Биринчи мугалим" повести жарык көргөн. Повесть боюнча Андрей Кончаловский 1965-жылы өзүнүн алгачкы "Биринчи мугалим" көркөм тасмасын жараткан. Чыгармадагы кызык талкууну жараткан "Алтынай Сулайманованын каты", "Дүйшөндүн мектеби" сыяктуу эпизоддор кат сабаттуулукту жоюга болгон коомдук аң сезимдин сүрөттөлүшү болгон.

Макаланы жазууда дагы бир кызыктуу маалыматты жолуктурдук. Академик Абдылдажан Акматалиев "Чыңгыз Айтматовдун "Чоор жана жер" аттуу чыгармасынан Бүбүсаранын элесин табууга болот" деген аталышта 2018-жылы ПолитКлиникага берген маегинде, эч жерде жарыяланбаган "Флейта и земля" ("Чоор жана жер") чыгармасынын үзүндүлөрү 1973-жылы Болгариянын "Пламък" ал эми 1974-жылы "Литературный фронт" аттуу журналдарында болгар тилинде жарык көргөн чыгармалар жыйнагынын 2-томунда 1976-жылдары басылып чыккан. Ал эми 1974-жылы журналга чыккан вариантын орусчадан болгар тилине Хадиева которгон, кийинки жолку болгар тилиндеги котормосу Александр Мешковго таандык. Тандалмалардын эки томдугуна да Мешковдун котормосунда кирген. "Чоор жана жер" чыгармасы кыргыз тилине которулган эмес [2].

Айтматовдун чыгармаларындагы өзөк окуя болгон фольклордук уламыштар да, негизинен, эл оозунда илгертен бери айтылып кележаткан сөздөргө таянып, элдик этимологияга негиз болуп бере алат. Мисалга алсак, Бугу эне, Найман энеге байланыштуу окуялар. Алардын жетегиндеги баяндалган, колдонулган сөздөр айтматовдук баяндоодо, өзгөчө көркөм сүрөттөөлөрдө паремиялар жыш колдонулат. Айтматов кыргыз рухун бүткүл дүйнөгө адабият аркылуу таанытып, кыргыз адабияты деген түшүнүктү калыптандыруу менен чыгармалары аркылуу көөнөрбөс сөз эстеликтерин түзүп кетти. "XX кылымдын алтымышынчы жылдарында али жазыла элек жаңы теманы алып чыгып, Ч.Айтматов жаңы ой жүгүртүү, жаңы көз караш, үйнөгө, коомго, жаратылышка жаңыча мамиле кылуу аркылуу, ал адабиятка өз философиясы, өз логикасы, өз маданияты, өз стили, өз тили, өз адеп-салты, наркы менен келди да кайталангыс маданий дөөлөттөрдү берди» – деп кыргыз эл акыны Эрнис Турсунов айткандай, Ч.Айтматовдун чыгармаларынан баалуу тилдик табылгаларды, айтматовдук өзгөчө стилди белгилей алабыз [1, 661].

Демек, заманыбыздын залкар жазуучусу, кыргыз элинин сыймыгы Чынгыз Айтматов өзүнүн кайталангыс мыкты чыгармалары аркылуу кыргыз улутунун атагын жалпы адамзаттык деңгээлге көтөрүп, бүт дүйнөгө таанытты. Анын бардык чыгармаларын чет тилдерине которулуу менен дүйнө кабылдай алды. Ошондуктан деги эле котормолордун адабият жана тил үчүн мааниси жогору экендигинин дагы бир мисалы катары жазуучунун эмгектерине таянуу менен далилденди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акишова Г.Т., Закирова Б.А., Калдыбаева Б.Т. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы паремиялардын чагылдырылышы. Вестник ОшГУ. Т.2 №4, 2021.
2. Акматалиев А. "Чыңгыз Айтматовдун "Чоор жана жер" аттуу чыгармасынан Бүбүсаранын элесин табууга болот". //Маекhttps://pk.kg/news/inner/10002/.
3. Абдыкалыкова И. Айтылып бүтпөс Айтматов. //Кыргыз Туусу,2022. 13.12. № 90 (24671).
4. Айтматов. Ч. Эне тил тагдыры. - Б., 2008.
5. Культура и жизнь, 1958, №7.
6. Өмүралиев Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестиндегиЖамийла менен Даниярдын образы.//http://ruhesh.kg/ky/dasmiya/367-aytmatov-chingiz/choyun-omuraliev-aytmatovdun-zhamiyla-povestindegi-zhamiyla-menen-daniyardin-obrazi.
7. Өмүралиев Ч.Менин Айтматовум (3-макала). Кыргыз Туусу, 2018. 14.05. № 80 (26671).

**УДК:80/81**

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН КӨРКӨМДҮК ОБРАЗЫ

Ажиматова А.А.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы улуу инсандык жаратмандык эмгек, кыргыз тарыхы, адабияты, карапайым элдин социалдык абалы, нравалык баалуулуктар салттык маданият менен жуурулушкандыгы тууралуу айгинеленген көркөмдүк образдары жөнүндө айтылат. Ага ылайык жазуучунун чыгырмалары дүйнөлүк изилдөөлөргө жана чет тилдерине которулуусуна тилдик салыштырмалуу анализденди.

**Түйүндүү сөздөр:** Чыңгыз Айтматов, жазуучу, салттык маданият, тилдик анализ, көркөмдүк образ, төкмө акындык өнөр.

# ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ ОБРАЗ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Ажиматова А.А.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье рассказывается о творчестве кыргызского народного писателя Чингиза Айтматова, художественных образах кыргызской истории, литературы, социальном положении простого народа, нравственных ценностях и традиционной культуре.Также проводится сравнительный анализ произведений писателя с мировыми исследованиями и перевода на инстранные языки.

**Ключевые слова:** Чыңгыз Айтматов, писатель, традиционная культура, лингвистический анализ, художественный образ, поэтическое искусство.

# FEATURE CHARACTERS OF CHYNGYZ AITMATOV'S WORKS

Azhimatova A.A.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article tells about the creative work of the Kyrgyz writer Chyngyz Aitmatov, the feature characters of Kyrgyz history, literature, the social condition of ordinary people, moral values, and traditional culture. The author's works were analyzed according to world research and translation into foreign languages.

**Key words**: Chyngyz Aitmatov, writer, traditional culture, linguistic analysis, feature character, poetic art.

Айтматовдун чыгармаларын тилдик жана көркөмдүк образдарга бөлүү менен бир канча этапта кароого аракет жасадык. **Биринчиден** – негизги каармандары тарыхый инсандар эмес, карапайым адамдар. Мисалы, Танабай менен Толгонай эне, Сейде, Дүйшөн, Эдигей, Казангап, Арсен ж.б. Алар абийир, намыс жана бийик адамдык касиеттерин көрсөтүп, адам деген улуу атты бийик туткан инсандык каармандар. Айылдык карапайым кыргыздардан дүйнө тааныган кыргыздарды жаратты.

**Экинчиден** – Чыңгыз Айтматовдун көрөгөчтүгү: СССР адабиятында социалисттик реализм принцибине таянып жазылган эмгектердин көбү тилекке каршы бүгүн окулбай, бир эле партиянын, режимдин, бир эле өлкөнүн идеологиясына кызмат өтөгөн адабият катары кала берди. Ал эми Айтматовдун негизги чыгармалары совет заманында жаралса да,

алар бүгүнкүдөй маанилүү. Анткени, кечээкини бүгүн көркөмдөп айтып бергендигинде гана эмес, эртеңкини да көрө билгендигинде. Окурман үчүн көп чыгармалары улам жаш өткөн сайын жаңы өңүттөн өзгөрүп турат. Маселен, патриаралдык агрардык коомду сүрөттөгөн «Гүлсаратты» көпчүлүгү бала кезде жылкыга кызыгып окушкан. Бул сүрөттөө Иманалиевдин жоктоосунда төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Гүлсары атка жем берип,
Күнүгө таптап багышкан [6, 123].

**Үчүнчүдөн** – адам жана жаныбар Айтматовдун чыгармаларында: Бугу эне, Гүлсары, Акбара менен Ташчайнар, Каранар же Жаабарс, Кремлдеги Үкү чыгармада башкы каарман катары катышат. Гүлсарынын өмүрү – бүтүндөй бир коммунисттик доордун өмүрү. Акбара менен Ташчайнардын өчү – табияттын өчү. Бугу эненин баланы сактап калышы – адамзаттын табияттан көз каранды экендиги. Ал эми Дөнөнбай ак куштун чакырыгы – жети атаңды биле жүр дегени. Эне – Бейиштин тикен зым менен курчалганы – Советтик системанын кудайсыз калгандыгы. Акбара менен Ташчайнар, же Жаабарс аркылуу терең жана эскертүүгө чакырат [1].

Ошондой эле мындай тарыхый ырастоолор кошок ырында;

Акбара менен Ташчайнар,
Аларды да билет алыстан.
Кайра эми сиздей чыгабы,
Карышкырын журтка тааныткан [6, 123] – деп сүрөттөлөт.

**Төртүнчүдөн** – согуш темасы: Чыңгыз Айтматов согуш доорунун дүйнөлүк дэңгээлдеги эң көрүнүктүү жазуучусу. «Эрте келген турналар», «Бетме бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу» дээрлик согуш темасына арналган. Бирок ал согушту октун үнү угулбаган тылдагы адамдын гана трагедиясы аркылуу укмуштай көркөм айтып бере алган. Мисалы Толгонай эненин монологу – бул Шекспирдик дэңгээлдеги улуу трагедия:

Башына тоодой иш жүктөп,
Балалыгың өткөн жер.
Толгонай апа зар айтып,
Томсоруп жашың төккөн жер.
Шекер, Жийде, Чоң Капка,
Төрүң эске түшкөн жер [6, 124] – деген саптарда жогоруда мисал келтирилген чыгармаларды жазуучунун өмүрүн бүтүндөй турмуштук философиялык өңүттөн сүрөттөгөн.

**Бешинчиден** – географиялык чексиздиги: Жазуучунун чыгармалары Таластын Шекер айылынан башталып, Азиянын тоо-талаалары менен Европанын шаарлары кошо камтылган. Окуя бирде арабада, бирде поездде, бирде самолетто өтөт. Адамдан адамзатка, Бугу-Энеден Иисус Христоско, Шекспирден Космоско чейинки аралыкты камтый алган планетардык масштабга жетишкен.

Алтындан ордо курбастан.
Ата, акылдан ордо курдуңуз,
Биз жүрбүз, аялым, балам, тууган деп,
Сиз, ааламга кызмат кылдыңыз [6, 123] – деген саптарда бүгүнкү адамзаттын жашоосундагы көр пенделик күнүмдүк жашоону акын өзүнө салыштырып, жазуучунун чыгармаларынын географиялык чексиздигин баяндаган.

Бул адамдык сапаттар бүгүнкү күндө да актуалдуу. XXI кылымда, жогорку технологиялар доорунда адамдар күн сайын маалымат агымына туш болушат. Пайдалуу жана керектүү маалыматты табуу, чындыкты калптан айырмалоо, провокацияга алдырбоо, сынчыл ой жүгүртүү – бул, менимче, Айтматов өзүнүн каармандарынын образдары жана аракеттери аркылуу үйрөтүп жаткан нерсе. Сынчыл ой жүгүртүүчү адамды алдоо кыйын эмеспи, анткени ал логикалык каталарды жана ой жүгүртүүдөгү ар кандай карама-

каршылыктарды оңой таап алат. Сынчыл ой жүгүртүүнү өркүндөтүү мүмкүн жана ал абдан керек. Ал чоң маалымат агымында багыт болуп, келген маалыматтан шек саноого жардам берет. Ар кандай суроолорду берип, күмөн саноо зарыл. Идея, билдирүү же ой канчалык татаал болсо, ошончолук көп суроолор пайда болушу керек

**Алтынчыдан** – миф жана реалдык жашоо: «Ак-кемедеги» Бугу эне жомогунан башталып, Найман-эне, «Жетөө жана бирөө» грузин легендасы менен уланып, акыркы «Сардал кызга» чейин бир чыгармада улам жаңы икая толукталат. Жомок менен реалдуу турмуш үзөңгүлөш жүрөт, айрыкча «Кылым карытар бир күн» чыгармасындагы Понтий Пилатка байланышкан окуялар же болбосо Чынгызхандын ак булуту. Икая, баян, же притча бу чыныгы жашоонун балалык, аруу кези сыяктуу туюлат. Ошондогу эле каармандар бүгүнкү жашообузда биз менен бирге жүрүшөт. Жомок жаралгандан бери не бир кылымдар өттү, цивилизациялар өзгөрүп, технологиялык революция болду [1]. Төкмө акын Элмирбек Иманалиевдин жоктоосунда:

Ааламда сиздей аз эле,
Ала-Тоо болуп угулчу.
Айтматов деген аты эле,
Алыскы башка өлкөдө.
Ал өзүнчө маселе,
Тарыхты билбей кээ бир эл.
Бизди, Таанызбай калса эч эле.
Кыргыздын дебей кыргызды,
Чыңгыздын эли дечү эле [6, 122] – деген кошокто болгон реалдуу чындыкты бүтүндөй кыргыз элинин этностук тарыхы менен байланыштырып сүрөттөөдө.

**Жетинчиден** – сүйүү темасы: Махабат темасы – адамды адам кылып турган эң бийик аруу сезим катары сүрөттөлөт. Инсанды сүйүү, бул жашоону, табиятты, сулуулукту, өмүрдү, сүйүү касиети менен бийиктеп отурат. Жөнөкөй адамдардын сүйүүсүндөгү улуу жана аруу сезимдер: Мисалы, Асел менен Ильяс, Мырзагүл менен Султанмурат, Данияр менен Жамийла, Раймалы менен Бегимай, Эрдене менен Догулан, Танабай менен Бүбүжандын, Эдигей менен Зарипанын мамилеси менен бышыкталат. Бул эпитеттер көркөмдүк чыгармаларда төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Жамийланы эңсешип,
Жабыла сүйүп калышкан [6, 123] – деген эки сап аркылуу акын, жазуучунун чыгармаларындагы бүтүндөй сүйүү темасын камтыган.

Демек, чыгармадагы окуянын лирика-романтикалык маанайда баяндалышынан улам повестти адабиятчылар “кара сөздөгү поэзия же прозадагы ыр” деп да атап жүрүшөт. Чындыгында да чыгарманын мазмундук өзөгүн түзгөн тема – сүйүү темасы: Жамийла менен Даниярды табыштырган махабат; ошондой эле турмушка, элге, жерге, жашоого болгон чексиз сүйүү менен адамдагы руханий сулуулукка болгон сүйүүнү, умтулууну бириктирген адамдык бакыбат зор сүйүүнүн Жамийладагы личносттук “мендин” патриархалдык салт-санаа, түшүнүк үстөмдүк кылган чөйрөдөгү үй-бүлө түшүнүгүнө кайчы келиши сыяктуу маселелер менен тыгыз биримдикте каралат.

**Сегизинчиден** – адеп-ахлак темасы же жан-дүйнө экологиясы: Айрыкча Момун чал менен бала, Дүйшөн менен Танабай, Толгонай, Орган карыя менен Эдигей, Сейит менен Сейде, Казангап менен Арсен, Бостон менен Авдий Каллистратов, Филофей адамды адам бойдон калууга үндөп турган каармандар. Ошол эле учурда Орозкул, Базарбай, Сабитжан, Эрташ Курчал, Ташчайнаарсыз аталган чыгармаларды элестетүү мүмкүн эмес. Ак менен кара, күн менен түн, сүйүү менен жек көрүү, күлүк менен кашаң, бала менен чал Айтматовдук темада дайым эриш-аркак кездешет дал турмуштун өзүндөй болуп [1].

Демек, Айтматовдун ар бир чыгармасында өмүрдүн кереметтигин даңазалоо менен бирге: «Адамдар, адамдыктан кетпегиле» – деп, көр дүйнөдөн жан дүйнөнүн бийик

экендигин айтып, маңкурт болуудан сактап калууга чакырык жана «жамандык кылба», «адам бол», «уурулук кылбы», «ушак айтпа» деген осуятка чакырат.

**Тогузунчудан** – улутман сүрөткер: Мисалы, Танабай, Толгонай, Момун чал, Эдигей, Дүйшөн – булар кыргыздын жан дүйнөсүн ачкан таасын образдар. Түпкүлүгү улуттук руханий суверинитетке умтулуу темасы камтылган. Маселен, «Кайрылып куштар келгиче» аңгемесинде улуу «Манас» эпосуна болгон чакырык камтылган. СССР доорунда эле кыргыздын байыркы тарыхы Энесайга байланыштуу экенин эң алгач айтып чыккан.

Чыңгыз Айтматовдон «Эгерде өз улутундагы эң улуу адамдардан кимди билесиң деп сураса, мен эң ириде Саякбай Каралаевдин ысымын айтмакмын» – деген. «Манас» эпосу кара сөз менен адегенде Чыңгыз Айтматовдун демилгеси боюнча Кеңеш Жусупов менен Ашым Жакыпбеков тарабынан жазылган. «Манас» эпосун айтуу учурунда кунт коюп «манасчыдан угуп отуруп, ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин көрүп, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин сезип, элдин көркөмдүк фантазиясына таң калбай койбойсуң» – дейт Айтматов эпос жөнүндө [5]. Ошондой эле кошок ырларында дагы:

Жалгандын улуу мыйзамы,
Жазмышка аалам көнгөндөй.
Көкүрөк түтөп турабыз,
Көктөн Күндү бөлгөндөй.
Кайгыда кыргыз элибиз,
Кан Бакай кайра өлгөндөй [6, 123] – мында импровизатордун кыргыз элиндеги мухиттерди чыгармачылык дарамети менен салыштырып, элдин жоготуудагы кайгысын сүрөттөгөн.

ЮНЕСКОнун маалыматы боюнча, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары эң көп тилдерге которулуп, китеп болуп чыккан Шекспир менен Толстойдон кийинки дүйнөлүк классик. Айтматовдун китептери дүйнөнүн 176 тилине которулуп, жер шарынын 128 өлкөсүндө 100 миллиондон ашык нуска менен басылып чыккан. Мисалы, жазуучунун «Жамийла» повести ондогон тилдерге которулган. Немец тилинде гана бул повесть 37 жолу кайра басылып чыкты [3].

Демек, Айтматовдун чыгармалары бүткүл дүйнөгө таанымал, анын повесттери жана романдары дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүнүн катарында турат. Жазуучунун даанышман ойлору, китептери, идеялары дайым кыргыз эли менен.

Кытайда Айтматовдун чыгармаларын, өзгөчө, адабиятчылар, жазуучулардын кабылдоосу ойдогудан да бөтөнчө болгон. Кытай жазуучулары Айтматовду эки түрдүү максат менен кабылдаган: биринчи, анын чыгармаларындагы айтылган ойлорго суктануу, ал ойлорду Кытайда да айтууга ылайык көрүү максаты; экинчиси, өз чыгармачылыгына Айтматов чыгармаларынан жол издөө, анын чыгармаларын иликтеп жазуу, чыгармаларындагы образдарды өз чөлкөмүнөн көрсөтүү, өздөрүнүн чыгармачылыгын ыкма жактан, көркөмдүк жактан, идеялык жактан көтөрүү максатында кабылдаган. Айтматовдун чыгармаларын кытай жазуучуларынын ушундай эки түрдүү максат менен кабылдоосу ийгиликтүү чыгып, Кытайда Айтматовдун чыгармалары таралып гана калбай, кытай адабият сахнасында өздөштүрүлүп, Айтматовду туурап чыгарма жазуу, идея, кейипкерлер кытай жазуучуларынын калеми менен кайрадан жарала баштаганы – Айтматовдун чыгармалары түбөлүктүү, адамзатка керектүү экенин – Макелек Өмүрбай уулу белгилеген [4].

Демек, Айтматовдун чыгармаларынын Кытай салыштырма адабият изилдөөсү үчүн колго алган илимий деңгээлге өсүп жеткен өзүнчө сөз боло турган темага айланган. Салыштырма адабият изилдөөчүлөр эки чоң топко бөлүп көрсөтөт: биринчи тобундагылар Айтматовдун чыгармачылык таасирине учурадым деп өздөрү айтып, өздөрү ынагандар;

экинчи тобу, адабияттык теорияга салып, талдоо аркылуу салыштыра, окшоштура изилдеп «Айтматовдун таасири тийген» деп айтып чыккан чыгармалар жана жазуучулар.

Мисалы, Ваң Мың – Жаңы заман кытай адабиятына таасир эткен дүйнөлүк төрт чоң жазуучу, Хемингуэй, Кафка, Маркес жана Айтматов экенин, кадыресе, ошолордун ичинен эң чоң таасир эткени Айтматов болгонун өзгөчө белгилеген. Ал тургай, Айтматовдун чыгармаларынын таасири менен, аны эликтеп чыгармаларды жаратканына өзү макул болгон жазуучу. Анын «Обончунун пири» аттуу чыгармасы «Жамийланы» тууураган, анын чыгармасында, Жамийла Айданак деп аталса, Данияр Акирам деген ат менен аталган, «Нур», «Чаар түс» деген чыгармалары «Гүлсарат» чыгармасын эликтегени, ал эми, «Соңгу тоо» аттуу чыгармасы «Биринчи мугалимди» эликтеп жазганын адабиятчылар салыштырып изилдеп чыккан. Ал тургай, бир романындагы кейипкерине Айтматовдун «Ак кеме» китебин уурдатып, ал чыгарманы алгоолошуп окугандардын баянын киргизгени, Айтматов чыгармаларына окурмандардын канчалык ынтызар экенин көрсөткөнүн айтат [4].

Жактырган батыш элдери,
Хеменгуэй, Маркезди.
Гете, Гегель, Гейнени,
Өзгөчө талант элде көп.
Өзүнчө ачтың бейнеңи,
Ааламга кеткен атагы.
Алптардын арбын катары,
Ажалга келип токтогон.

Алардын дагы сапары [6, 125] – деген саптарда дагы Айтматовдун дүйнө алптарынын катарынан орун алгандыгын далилдеп жатат. Ошондой эле мындай ырастоолор Айтматовго ашыкча суктанган Кытайдын дагы бир таанылуу жазуучуларынын бирөө − Жаң Чыңжы, Айтматовдун өз чыгармачылыгына тийгизген таасирин мындай дейт: «Кыргыз жазуучусу Айтматов менин чыгармачылыгыма алгылыктуу таасирин тийгизди жана көзүмдү ачты». Жаң Чыңжы Айтматовго баа берип: «Ал абдан бактылуу жазуучу, анткени элин мактанычка бөлөп, теңир тоо падышасы болуп калды» – деп, Айтматовго Теңир-Тоо кыркасынын (Тияншандын) падышалык мартабасын ыйгарган. Хемингуэй менен Айтматовду салыштыра сүйлөп: «Айтматовдун жаңы жана узакка жашай турган чыгармалары, Хемингуэйди эски боюнча калтырып кете алды», – дейт. Жаң Чыңжы «Кара жорго» аттуу чыгармасын Айтматовдун «Жамийласына» таасирленип, Байинболг менен Сомияны жазган. «Биринчи мугалимди» эликтеп, «Алик футболчу» аттуу чыгармасын жазган. Кытайдагы салыштырма адабият изилдөөчүлөр Айтматовдун кытай адабиятына тийгизген таасирин ушул Жаң Чыңжынын чыгармаларынан көптөп көрсөткөн. Кадыресе, бул эки жазуучунунун чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдеп атайын аалым шакирттик жактоо эмгектерди жазышкан. Ал тургай, жазуучу Жаң Чыңжы өзү да макала жазып Айтматовдун адабияттагы жетишкендиктерин талдоого алган.

Жылдыз өчпөс болсочу,
Чыңгыз өлбөс болсочу.
Кыраанынын өлгөнүн,
Кыргыз көрбөс болсочу.
Ааламда нечен эл жоктоп,
Асман да жоктоп, жер жоктоп.
Баардык аалам өлкөнүн,
Башчылары тең жоктоп.
Элим менен кошулуп,
Элмирбек уулуң мен жоктоп.
Бирок, Айтматов жашайт өмүрдө.
Ак жылдыз болуп тагылдың,
Ата, асмандын көкүрөгүндө

[2, 7] – деген саптарда кыргыз элинин оор жоготууга учураганы, бирок Улуу инсандын экинчи өмүрү журттун арасында жашаарын белгилеп, дүйнө тарыхында алтын тамгалар менен жазылып калгандыгын кошок саптары аркылуу да далилдеп, Айтматов Чыңгыз Төрөкуловичти 2008-жылдын 10-июнунда 80 жаш курагында чын дүйнөгө салттык маданияттын негизинде узатылып жаткандыгы баяндалууда.

Демек, Айтматовдун чыгармалары аалам кезип, бүгүнкү күнгө чейин өз актуалдуулугун жоготпой көркөм образдарда дүйнө элдеринин жашоосунда жашап, ар улуттун тилине которулуп жашап келет жана өз актуалдуулугун жоготпойт.

**Адабияттар:**

1. Иманалиев К. (2018). Чынгыз Айтматовдун он эки кереметі. //http://kutbilim.kg/2018/10/25/chyngyz-ajtmatovdun-on-eki-keremeti/
2. Кутбилим гезити. (2008). 20-июнь. Бишкек, 7-бет.
3. Кутбилим гезити. (2018). 5 октября. Бишкек.
4. Макелек Өмүрбай. Чынгыз Айтматовдун чыгармалары Кытайда https://www.super.kg/superstan/index.php?showtopic=96938.
5. “Манас” энциклопедиясы. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. - Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т.
6. Улуу мурас: Эпос, дастандар, айтыш, жоктоолор, терме, санат насыят ырлар, ашыглык жана арман ырлар/түзгөн С.Көчөрбаев.-Б.:Турар, 2013.

УДК: 398

# “МАНАС” ЭПОСУНДА КЫЗЫР ИЛИЯС, КЫРК ЧИЛТЕН ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН БЕРИЛИШИ

Айталиева Т.К.[1]
[1]Талас мамлекеттик университети, Талас ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Кыргыз элинин улуу “Манас” эпосу өзүнүн ичине көптөгөн доорлордун белгилерин сактаган. Улуу эпосубуздагы ислам дини менен байланышкан түшүнүктөр да өз алдынча изилдөөнү талап кылат. Кыргыздардын арасында ислам дининин таралышы менен катар көп сөздөр келип кирген. Жалпысынан айтканда, байыркы чыгарма болуп саналган чыгармабызда көпчүлүк адамдарга түшүнүксүз сөздөр,тактап айтканда архаизм, неологизм сөздөр кеңири учурагандыгы да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Эпосто Манастын Кызыр Алейки саламга, кырк чилтенге жолукканы тууралуу жана алардын баатырга мусулманчылык тууралуу түшүндүрүшүп, кудай жолунда болуусун айткан учурлары бар. Ошондой эле алар аркандай кыйынчылык учурларда Манас баатырга жардамга келишет. Бул “Манас” эпосун дээрлик бардык варианттарында кездешет. Макалада изилдөө С.Орозбаковдун жана С.Каралаевдин варианттарынын негизинде жүргүзүлдү.

**Ачкыч сөздөр:** Кызыр Алейкисалам,кырк чилтен, ислам, кудай, бөрү, мүрөктүн суусу, Дөөтү.

# ПОНЯТИЯ О КЫЗЫР ИЛИЯСЕ, СОРОКА ЧИЛЬТАНАХ В ЭПОСЕ “МАНАС”

Айталиева Т.К.[1]
[1]Таласский государственный университет, г.Талас, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются понятия о Кызыр Илиясе, сорока чильтанах в эпосе «Манас». Великий эпос кыргызского народа «Манас» содержит символы многих эпох, концепции ислама, которые требуют самостоятельного изучения. Наряду с распространением ислама среди кыргызов появилось много слов. В старинных произведениях распространены непонятные большинству людей слова, такие как архаизм, неологизм. В эпосе есть случаи, когда Манас встречал Кызыра Алейки салама, сорока чильтанов, и они рассказывали герою об исламе и велели ему идти по пути Бога.Также они приходят на помощь герою Манасу в любой сложной ситуации. Это есть практически во всех версиях эпоса «Манас». И в данной статье был проведен анализ понятий этих слов на основании вариантов С.Орозбакова и С.Каралаева.

**Ключевые слова**: Кызыр Алейки салам, сорок чильтанов, ислам, Бог, волк, источник живой воды, Давид.

# CONCEPTS ABOUT KYZYR ILIAS, FORTY CHILTANS IN THE EPIC "MANAS"

Aitalieva T.K.[1]
[1]Talas State University, Talas city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article considers the concepts of Kyzyr Ilias, forty Chiltans in the epic "Manas." The great epic of the Kyrgyz people "Manas" contains symbols of many eras, concepts of Islam, which require independent study. Along with the spread of Islam, many words appeared among the Kyrgyz. In ancient works, words incomprehensible to most people, such as archaism, neologism, are common. In the epic, there are cases when Manas met Kyzyr Aleikisalam, forty Chiltans, and they told the hero about Islam and ordered him to follow God's path. They also come to the aid of the hero Manas in any difficult situation. This is in almost all versions of the Manas epic. And in this article, the concepts of these words were analyzed based on the versions of S. Orozbakov and S. Karalaev.

**Keywords:** Kyzyr Aleiki salam, forty Chiltans, Islam, God, wolf, source of living water, David.

С.Каралаевдин вариантында бардык эле варианттарда кездешкен, Манас баатырдын кырк чилтен, Кызырга жолукканы тууралуу айтылат. Манас баатыр Кызырга жана кырк чорого жолукканда таң атып келе жаткан болот. Таңдын атышынын сүрөттөлүшүнө

токтоло турган болсок, манасчы бул көрүнүштү сүрөттөөдө элестүү кылып баяндоого алган жана таңдын атышын жерге жарык кирип, муздак жел согуп, камыштын баштары кыймылдап, торгойдун балапандары чуркурап жер бети ойгонуп келе жаткан мезгилди өзүнчө эле элестүү сүрөттөп берген. Ошол мезгилде Манас баатыр кырк жигити менен келе жатса, алдыларынан бир карышкыр чыгат. Баары жабылып бөрүнү кубалап эми чаба турган болуп, оң жагын карашса кыядан кырк киши келип калат, алар кырк чилтен экен. Бөрү болуп кубулган Кызыр-Алейки салам өзү болот [1]. Кызыр-Алейки салам жөнүндө "Кызыр-(Кыдыр)-Аты Кыдыр пайгамбар. Адамдарга жакшылык, ийгилик, бакты-таалай алып келүү, кыйынчылыктарда жардам берүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ касиеттүү күч ээси. Кубулуп, түрдүү кейип-түргө өтүү, көрүнбөй жүрүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Каалаган адамдарына өзү жолугат. Эл арасында капыстан Кызырга жолугуп калып, анын ким экендигин билген адам өтүнүчүн, каалоо-тилегин айтса, сураганы аткарылат деген ишеним жашайт. Айтылган уламыштар боюнча Кызыр пайгамбарлардын бири, Мүрөктүн суусун ичип өлбөс болуп калган. Кызыр дайым жер кыдырып жүрүп, ниети таза, ак жүргөн, көпкө пайдалуу ишти максат эткен жакшы адамдарга алардын тилегин-каалоосун аткарып, же кыйынчылыктарда жардам берет. Кызыр-Кыдыр ар бир адамга анын өмүрүндө үч жолу жолугат, бирок басымдуу көпчүлүк адамдар Кызырга жолукканын билбей, ага өз каалоо-тилегин айта албайт деген ишеним, уламыш да бар." [2] – деген маалыматтар бар. Тилчи-окумуштуу Х.Карасаев бул тууралуу төмөнкүдөй маалыматтарга токтолгон: Кыдыр – бул жашыл деген маанини түшүндүрөт экен жана ал тууралуу айтылган уламыштардын бир мындайча: Бир ирет Кыдыр Дөөтү пайгамбар менен кездешип калып, Дөөтү андан аны өзү менен кошо ээрчитип алуусун суранат. Кыдыр макул болбойт. "Мен сени ээрчите албайм. Сен мени жолдон ар кандай суроолорду берип алагды кыласың" – деп айтат. Дөөтү суроо берип алагды кылбай турганын билдирип, ээрчитип алуусун суранат. Кыдыр макул болуп, Дөөтүнү ээрчитип алат. Алар узак жол жүрүшөт. Бир мезгилде алар бир деңизге туш болушат. Деңиздин жээгинде кемелер токтоп турган болот. Кыдыр алардын түбүн балта менен оюп салат. Дөөтү таң калып "Эмне үчүн кемелердин түбүн оюп салдың, эми муну менен сүзгөнгө болбойт, ичине суу кирет?" – деп айтат. Кыдыр Дөөтүгө: "Сен суроо бербейм деп айтпадың беле, кал ушул жерде"– деп айтат. Дөөтү эми суроо бербей турганын айтып экөө андан ары жолун улайт. Бир мезгилде алар ойноп жаткан балдардын жанына келишет. Кыдыр ал балдардын бирин өлтүрүп коет. Дөөтүнүн ачуусу келип, Кыдырга мындай дейт: "Мен сени ээрчибейм, бүтүн турган нерселерди бүлдүрдүң, эми бул ойноп жаткан балдарда эмне күнөө, бирок эмне үчүн мындай иштерге барганыңды түшүндүр?" – деп айтат. Кыдыр Дөөтүгө мындай жооп берет: "Менин кемелердин түбүн оюп салганым, каракчылар ал кеме менен башка өлкөгө сүзүп барып каракчылык жасашмак, мен алардын ойлорунун ишке ашуусуна тоскоолдук жасап токтоттум. Ал эми бул балдардын бири келечекте атасын өлтүрмөк, мен аны алдын ала билдим жана аны болтурбоо үчүн ушул ишке бардым" [3] – деп айтат. Бул аркылуу элдик ишенимде Кыдыр боло турган ишти алдын ала көрө билген көзү ачык, адамдарга жакшылык алып келүүчү касиеттүү адам экенин билүүгө болот. Кыдыр ар бир адамга үч жолу кезигет экен. Бала кезинде, орто жашап калганда жана карыган кезинде. Ал адамдарга жаман көргөн адамы, кээде мусапыр адам сыяктуу болуп көрүнүшү мүмкүн. Аларга жаман мамиле жасап, учурашпай койсо иши кыйчалыш болуп калат. Бир чети бул элдик акылмандуулуктан улам эч ким менен жаман мамиледе болбоо керек дегенди түшүндүрүшү мүмкүн. Кыргыздарда "Бак карап, кыдыр даарысын" деген бата сөздөр да бекер жеринен айтылбайт.

Келечектеги Манастын колдоочулары боло турган Кызыр, кырк чилтен баары чогулуп келишип, Манас баатырлар менен кездешишет, баары кол алышып учурашышат. Кызыр Манаска колдой турганын билдирип, тон берет. Тонду көк күрмө деп да бере берет. Көк күрмөнүн сүрөттөлүшү ак олпоктун сүрөттөлүшүнө абдан окшош. Кызыр Манас баатырды алты шердин кенжесисиң, адамдан башкача жаралгансың – деп, кыйынчылык

учур болгондо дайыма колдой турганын билдирет. Манас бул сен көрүп турган адамдар кырк чилтен, белестеги беш киши белгилүү Шайдын өзү деп, тааныштырып алар Манас менен кучакташып көрүшүшөт. Ошондон кийин Манас баатыр “Шер” атагын алат. “Манас” эпосунда “Шай колдогон Семетей”, “Белгилүү Шайдын өзү ушул” дагы ушул сыяктуу саптар кездешет. Бул саптардагы Шай деген сөз көпчүлүккө түшүнүксүз. “Манас” сөздүгүндө” бул тууралуу мындайча айтылат: “Шай (Шаймерден) –Шай колдогон бадирек. Жигиттердин колдоочусу – касиеттүү күч, же Шайдын (Шаймердендин) касиеттүү рух-арбагы (эл арасында, адатта, жигит пири Шаймерден делет)” [4]. Манас баатыр Шайга жолукканда алар баатырдын мусулманчылыкты кабыл алуусун айтышат. С.Орозбаковдун да, С.Каралаевдин да варианттарында мусулманчылык даңазаланган. Бул кыргыз элинин тутунган дини менен тыгыз байланышта экендигинен маалымат берет. Кыргыздарга ислам дининин таасири күчтүү болуп анын натыйжасында, кыргыздар мусулманчылыкты жогору кастарлашкан. Манас баатыр тууралуу эң алгач маалымат берген 16-кылымда жазылган “Маджму ат-таворих” аттуу эмгек Орто Азияда анын ичинде кыргыздардын арасында мусулманчылыкты кеңири жайылтуу максатында жазылган деп айтылып жүрөт [5]. Ошол мезгилде элдин арасында кадыр-баркка ээ болгон Манасты мусулманчылыктын көрүнүктүү өкүлдөрү менен дос кылып, алардын Манаска жардам берүүсү элдин арасында мусулманчылыкты жайылтууга жардамын тийгизмек. Ар бир эл өзүнүн басып өткөн узак тарыхый жолунда башынан көптөгөн урунттуу учурларды өткөргөн. Өзгөчө алардын баскынчы душмандардын запкысын көрүүсү тарыхында өзгөчө жазылып калган. Бул кыргыздардын тарыхына түздөн түз тиешелүү. Кыргыздардын башка элдер менен ымалалашып, алардын жардамы менен жакшы ийгиликтерге жетишкен учурлары да өзгөчө белгиленип айтылат. Кыргыздардын арап, фарсы жазууларын пайдаланып калуусу жана лексикасында бул элдердин сөздөрүнүн кеңири учурашы да жөн эле жерден эмес. Бул элдин башынан өткөргөн тарыхы менен тыгыз байланыштуу деп айтабыз. Ал эми кыргыздар кастарлаган улуу эпосубуз “Манаста” да араб, фарсы сөздөрүнүн көп кездешкендиги жана мусулманчылыктын даңазаланышы да элдин башынан өткөргөн тарыхына байланыштуу. Кызыр Манасты мусулманчылыкка үндөгөндө мындай деп айтат:

“Быссымылда деген тилге кел,
Кудай-жалгыз,куран-чын,
Байгамбар ак,диниң ак,
Чачып ийчи жыйганды,
Каалагын жалгыз ыйманды [6]. Көрүнүп тургандай бул саптардан мусулманчылыкка элдин башында турган адамды кандайча үндөгөндүгү көрүнөт. Андан соң Кызыр Чегебайдын кара калмак Ошпурдун уулу экенин айтып, мындан кийин сенин Чеге аты жоюлуп, Кутубий атка консун. Бул бала кутман болот өзүңө, астыңа салса ак жолуң, артыңда жүрсө сан колуң, өйдө тартса өбөгүң, ылдый тартса жөлөгүң болот деп айтат. С.Каралаевдин вариантында Чегенин кандайча Кутубий аталганы ушундайча берилген [7].

Белгилүү манасчы С.Орозбаковдун вариантында Манас баатырдын Кызыр Илияс, кырк чилтенге жолукканы, Чегебайдын Кутубий аталганы башкача сүрөттөлүп берилет [8]. Манас таануу илиминде С.Орозбаковду, С.Каралаевди, Ж.Мамайды чоң манасчылардын катарына кошобуз. Бул атактуу манасчылардын варианттарын башынан аягына чейин сюжеттеринин өнүгүшү боюнча изилдөө жүргүзгөндө бир топ айрымачылыктарды байкоого болот. Бул тууралуу көрүнүктүү манас изилдөөчүлөр өз изилдөөлөрүндө белгилеп эле жүрүшөт. Ал эле эмес С.Каралаевден бир эле эпизодду кайталап жазып алган учурда айырмачылыктардын байкалгандыгы белгилүү. Бүгүнкү күндө илимде “Манас” эпосунун көптөгөн варианттары белгилүү, алардын ар бирин дыкат карап чыккан адам ар бир манасчынын жекече өнөрканасы бар экендигин жана белгилүү сюжеттик окуяларды аткарууда жеке табылгаларын колдонгондугун көрө алат. Бирок ар бир манасчыдагы өзгөчөлүктөр көпчүлүк адамдардын башы айлана турган акыбалга алып келиши мүмкүн,

ошондуктан келечекте "Манас" эпосун аткарып, манасчы болууну каалагандарынын чыгармачылыгын өркүндөтүүсүнө багыт берүү керекпи деген да ойго келесиң.

С.Орозбаковдун вариантында Манасты атасы Ошпурга козу кайтарганы жөнөтүп, кайтарган козуларына бөрү тиет. Ошол учурда Манас тогуз жашта болот, он бир жаштагы Кадообайдын уулу Чегебай (СКВда кара калмак Ошпурдун уулу Чеге деп берилет) бул бөрү экенин айтат. Манас Чегебайга: "Кыңк этпей эле кой, бөрү болсо нетер, карды тойсо кетер" деп коет. Чегебай айгай салса, бөрү кайрат кылып күркүрөйт. Чегебай артын көздөй кетенчиктеп качат. Манас Чегебайды коркоксуң деп, бөрүнүн кашына чуркап барганда, ал козуну көтөрүп алып качып жөнөйт [9]. Кыргыздар мал чарбачылыгына өзгөчө маани берген, негизи кой короого карышкыр тийгенде ал алдынан чыкканынын баарын алкымдап кете берет экен. Ал эле эмес анын атын көп атоо да ага күч кубат берет деп, атын "ит куш", "шүмшүк" деп өз атынан атаган эмес. Манас баатыр бөрүнү кубалап мына жетейин деп келе жатып, Капчал улуу зоо, көз учкан бийик тоого карышкыр кирип кетет. Артынан Манас кирип барып кырк чилтенге кезигет. Алар Сагынбай манасчыда төмөнкүдөй сүрөттөлүп берилет:

Аттары бар канаттуу,  
Адамдан башка санаттуу,  
Аргымак бедөө минишкен,  
Аземдүү тонду кийишкен.  
Ак жолуна киришкен.

С.Орозбаковдун ыр куруу чеберчилиги өзгөчө экенин белгилеп коюу керек. Жогорудагы ыр саптарында ассонанс колдонулган. Сап башындагы "а" тыбышы кайра-кайра кайталанып, саптын аягындагы канаттуу-санаттуу деген сөздөр, минишкен-кийишкен-киришкен деген сөздөрдүн уйкашуусу да поэтикалык речтин уккулуктуулугун жаратууда. Бул ыкма Сагынбай манасчынын вариантында кеңири колдонулгандыгын айтууга болот. Кырк чилтенге Манастын жолугушунун сүрөттөлүшү да өзгөчө. С.Орозбаковдун вариантында үңкүрдө отурган кырк адамдын чайдоосто чайы кайнап, дасторкондорун жайнатып, албан түрлүү жемиштен даам сызып отурганынын өзү эле манасчынын вариантындагы өткөрүлгөн тойлорду, ага даярдык көрүү, өткөрүүнү эске салат. Кырк адам Манаска Кызыр Илияс аны кырк күндөн бери издеп жүргөнүн, өздөрүнүн кырк чилтендер экендигин айтышат. Алар Манасты Алданы тааны деп айтышып, жараткан кудайды таанып, ак ислам динине кир деп айтышат. Алар Манастын берген суроолоруна жооп беришип, кандайча бөрүдөн адамга кубулуп, көтөрүп келген козуда бир дагы тиштин тагы жок, эч жери эч нерсе болбогондой болуп калганын түшүндүрүшөт. Бирөө бир силкинип бөрү боло калат. "Бирде бөрү, бирде адам, анык сонун экен" – деп Манас ойлонуп калат. Ошол учурда аркасынан Чегебай келип калат. Алар бул баланын аты Чеге, мындан кийин Чеге дебе, Кутубий деп ата, калган отуз тогуз жолдошуңдун аты колдо" – деп көздөн кайым болуп кетишет. Калган отуз тогуз жолдошуң тууралуу билебиз дегенинин өзү, "адамдын келечектеги тагдыры алдын ала белгилүү болот, анын бул дүйнөдө аткара турган иштери маңдайына жазылат" – деген түшүнүк менен окшош. Манас Чегебайга булар жөн адамдар эмес, сенин атыңды Кутубий деп аташты, козуга колдору тийип калды, союп жейли деп чечишет. Алар эт бышыралы десе от таппай кыйналышат. Ушул жерден баштап окуя башкача нукта өнүгөт. С.Орозбаковдо Манас баатырдын Кызыр Илияс, кырк чилтен менен кездешип, дайыма алардын колдоосунда болуусу мусулманчылык менен тыгыз байланышта деп айтууга болот. Тарыхчы, окумуштуу Т.Кененсариев Кыргызстанда Ислам дининин таралышы тууралуу жазган изилдөөсүндө VIII-XVIII кылымдарды Исламдын таралуу доору, XVIII кылымдан ушул күнгө чейинки мезгилди Исламдын бекемделүү доору деп атаган [10]. Демек, Кыргызстанда Исламдын таралышы менен Кызыр Илияс, кырк чилтен деген түшүнүктөр келип кирген жана "Манас" эпосунда бул ысымдардын кеңири колдонулушу бекер жеринен эмес. Кызыр Илияс, кырк чилтен Манас баатырды

мусулманчылыкка үндөп, “Алланы,кудайды таанышың керек” – деп айтышат. Кыргыздарды сырткы баскынчы душмандардан коргоп, эл катары сактап калган көкжал, баатыр Манас атабызды эл ыйык тутуп кастарлаган. Кыргыздарга тыштан таасир тийгизген эл үчүн элдин арасында жогорку кадыр-баркка ээ болгон адамды өздөрүнө жакындатуу алардын таасирин алда канча күчөтмөк. “Манас” эпосуна ислам дининин таасири өтө күчтүү экендигин өзгөчө улуу манасчылар С.Орозбаковдун, С.Каралаевдин варианттарынан билебиз.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Каралаев С. Манас. Бишкек: “Турар” басмасы, 2017, 161-бет.
2. “Манас” сөздүгү. Бишкек: “Бийиктик плюс”, 2015, 182-бет.
3. Карасаев Х. Кыргыз радиосунун алтын фондусунан.
4. “Манас” сөздүгү. Бишкек: “Бийиктик плюс”, 2015, 182-бет.
5. “Манас” энциклопедиясы. 2-том. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995, 387-бет.
6. Каралаев С. Манас. Бишкек: “Турар” басмасы , 2017, 162-бет.
7. Каралаев С. Манас. Бишкек: “Турар” басмасы , 2017, 163-бет.
8. Орозбаков С. Манас. Бишкек: “Хан-Теңир” басмаканасы, 2010, 49-бет.
9. Орозбаков С. Манас. Бишкек: “Хан-Теңир” басмаканасы, 2010, 49-бет.
10. Кененсариев Т. Ислам дининин Кыргызстанга таралыш тарыхынан. kghistory.akipress.org/unews/un_post:784

**УДК: 398**

## “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ЖОМОКТУК-МИФОЛОГИЯЛЫК СҮРӨТТӨӨЛӨР

Айталиева Т.К.[1], Болотбеков К.М.[2]
[1]Талас мамлекеттик университети, Талас ш., Кыргызстан
[2]Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институту, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

“Манас” эпосунда жомоктук-мифологиялык түшүнүктөр кеңири кездешет. Дүйнө жүзүндөгү эң көлөмдүү эпос деп саналган кыргыз элинин улуу мурасы өз ичине бай мазмунду камтып тургандыгы талашсыз чындык. Чыгарманын жалпы сюжетик окуясы Манас баатырдын, анын жакын адамдарынын жана кырк чоросунун айланасында өнүгөт. Эпостун мазмунунда жомоктук-мифологиялык сүрөттөөлөр да кеңири кездешет. Алардын эпостун курамында кездешүүсү жана алардын пайда болуу себептери тууралуу изилдөө жүргүзүү менен чыгармадагы архаикалык катмарларга мүнөздөмө берилет. “Манас” эпосунун пайда болуу доору байыркы мезгилге туура келгендиктен, чыгармада коомдун алгачкы баскычындагы адамдардын мифтик түшүнүктөрү да сакталып калган деп айтууга болот. Мифтик түшүнүктөр негизинен адамдардын кыялында пайда болуп, чыгармачыл адамдар тарабынан өнүктүрүлүп иштелип чыгат деп тыянак чыгаруу туура. Макалада мифтик түшүнүктөрдүн ар түрдүүлүгү тууралуу сөз болуп, манасчы С.Орозбаковдун вариантында жомоктук-мифологиялык сүрөттөөлөр талдоого алынат.

**Ачкыч сөздөр:** Миф, легенда, дуба, аяр, пери, жин-пери, сыйкыр.

## СКАЗОЧНО-МИФОЛОГИЧЕСКИЕ ОПИСАНИЯ В ЭПОСЕ “МАНАС”

Айталиева Т.К.[1], Болотбеков К.М.[2]
[1]Таласский государственный университет, г.Талас, Кыргызстан
[2]Научно-исследовательский медико-социальный институт, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

Сказочно-мифологические описания широко встречаются в эпосе “Манас”. Бесспорным фактом является то, что великое наследие кыргызского народа, считающееся крупнейшим эпосом в мире, включает богатое содержание. Общий сюжет произведения вращается вокруг героя Манаса, его родственников и сорока сподвижников. В содержании эпоса также есть сказочные и мифологические описания. Вместе с проведением исследований их присутствия в составе эпоса и причин возникновения дается характеристика архаичным пластам в произведении. Поскольку происхождение эпоса «Манас» восходит к античности, можно сказать, что произведение также сохраняет мифические представления людей на ранних этапах жизни общества. Можно с уверенностью заключить, что мифические концепции во многом являются вымышленными и разрабатываются творческими людьми. В статье идет речь о разнообразии мифических понятий, анализируются сказочные и мифологические описания в версии манасчи С. Орозбакова.

**Ключевые слова:** Миф, легенда, молитва, чародей, фея, демон, волшебство.

## FABULOUS MYTHOLOGICAL DESCRIPTIONS IN THE EPIC "MANAS"

Aitalieva T.K.[1], Bolotbekov K.M.[2]
[1]Talas State University, Talas city, Kyrgyzstan
[2]Scientific-Research Medical-Social Institute, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

Fabulous mythological descriptions are widely found in the epic "Manas." The undeniable fact is that the great legacy of the Kyrgyz people, considered the largest epic in the world, includes rich content. The general plot of the work revolves around the hero Manas, his relatives and forty associates. The content of the epic also has fabulous and mythological descriptions. Together with studies of their presence in the composition of the epic and the causes of its occurrence, a characteristic is given to archaic formations in the work. Since the origin of the epic "Manas" dates back to antiquity, it can be said that the work also preserves mythical representations of people in the early stages of society. It is safe to conclude that mythical concepts are largely fictional and are developed by creative people. The

article deals with the diversity of mythical concepts, analyzes fabulous and mythological descriptions in the version of storyteller S. Orozbakov.

**Keywords:** Myth, legend, prayer, sorceress, fairy, demon, magic.

“Манас” эпосундагы мифтик түшүнүктөр жөнүндө изилдөө жүргүзүүдө алгач миф термининин маанисине токтоло турган болсок “Миф байыркы гректердин уламыш, болумуш деген сөзүнөн) – табиятта кездешпеген жана ойдон чыгарылган сырдуу, табышмактуу жандыктар, укмуштуу көрүнүштөр, кубулуштар, окуялар жөнүндөгү уламыштар, жомоктор. Айлана-чөйрөдөгү дүйнө жөнүндө адамдардын эң жөнөкөй фантастикалык көз караштары чагылдырылган элдин оозеки чыгармачылыгынын өзгөчө түрү болуп эсептелет” – деген аныктама берилет [1]. Кыргыз окумуштуулары “Манас” эпосунда кездешкен мифтер тууралуу төмөндөгүдөй бөлүштүрүшкөн:

1. Табияттагы ар кыл өзгөрүүлөргө, кубулуштарга байланыштуу мифтер;
2. Адамдарга байланыштуу мифтер;
3. Жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу мифтик окуялар деп бөлүштүрүлөт [2].

Мифтик түшүнүктөр адамзаттын алгачкы коомунда пайда болгон. Илимде мифтик түшүнүктөр коомдун алгачкы баскычтарында пайда болгон деген аныктама бар. Адамдар өздөрүн табияттын алдында алсыз сезишкен учурда, табияттын ар түрдүү кубулуштары аларга сырдуу көрүнө берген. Ошондуктан алар табияттын кубулуштарынын баарын сырдуу санашып, ал тууралуу ой жүгүртүшүп ар кандай мифтин элементтери бар түшүнүктөрдү, каармандарды, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү жаратышкан деп айтууга болот. Кыргыздардын байыркы эпосу болуп саналган “Манас” эпосунда мифтин элементтери өтө көп учурайт. Ошондуктан эпосто кездешкен мифтик түшүнүктөрдү да ич ара классификацияласак болот. Анын натыйжасында биз эпостогу кездешкен мифтик окуяларды да табиятына жараша бөлүштүрө алабыз. “Манас” эпосундагы мифтик окуялар эпостун көркөмдүүлүгүн арттырып, окурмандардын кызыгуусун жаратат жана айрым учурда аллегориялык мааниси бар экени да сезилип турат. Мифология тууралуу окумуштуу, профессор Е.М.Мелетинский “Мифология-весьма архаическая и вместе с тем очень живучая форма творческой фантазии. Она выступает доминантой духовной культуры в первобытных и отчасти древних обществах, господствующим способом глобального концептуализирования. В первобытной культуре мифология скрепляет еще слабо дифференцированное синкретическое единство бессознательно-поэтического творчества, первобытной религии и зачаточных форм донаучных представлений об окружающем мире. Мифология составляет почву и арсенал ранних форм как религии, так и поэзии.” – деп туура белгилеген [3]. “Манас” эпосунда Алмамбет баатыр дуба окуу менен аба ырайын өзгөтүүчү касиетке эгедер. Ал бала кезинде Аберген деген көлдө ажыдаардан окуганда, аскердик өнөр менен катар эле жайчылык өнөрдү да окуп үйрөнгөн. Жайчы адам жай таштын жардамы менен дубаларды окуп, аба-ырайын өзгөртө алган. Аба-ырайын өзгөртүүчү касиети бар жай таш койдун же уйдун карынынан табылган. Жай таш тууралуу кыргыз эпосторунда эле эмес, якут, казак, монгол эпосторунда да айтылат. Бул түшүнүк түрк-монгол эпосторунда кеңири таралган деп айтууга болот. Эпосто Алмамбеттин аба ырайын өзгөрткөнү тууралуу төмөнкүдөй ыр саптары кездешет:

Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жайдын күнүн кыш кылып...[4].

Мындан тышкары баатырлар башына кыйынчылык түшкөндө, кою туман каптатып же нөшөрлөтүп жамгыр жаадырган.

Сыйкыр жолдору менен өсүмдүктөрдү, карагай-черлерди жана башкаларды жаныбарларга жана адамдарга айландырышкан. Манас баатыр Алтайда жүргөндө кан шайланып, өзүнүн ата журтуна баруу тууралуу ойлонуп, жанына чоролорун ээрчитип жолго чыгат. Алар бара жаткан жолдо Текескандын эли болот. Текесканга Манастын

аскерлери менен келе жатканын айтышканда, ал өзүнүн Куяс деген аярын чакыртып, амал колдонуп, алардын астыларын тосуусун суранат. Куяс жолдогу бак-дарак, чөп-чарлардын баарын куралчан аскерлерге айлантып коёт. Аларга кез келгенде Манас баатырдын аскерлери сан жеткис көп каршылаштарын көрүшүп, алар менен кездешпей эле кетип калууну ойлонушат. Бакай бул аскерлердин сыйкыр менен жаратылганын билет да от коюшат. Ошондо сан-түмөн болуп көрүнгөн аскерлер күйүп кетишет. Текес канды Манас Бакайдын акылмандуулугу менен жеңет [5].

С.Орозбаковдун вариантында:

“Эргежээли, итаалы,
Катыны адам, эркеги ит,
Кабарын уктум мен аны [6] – деген саптар кездешет. Итаалы деген элдин өкүлдөрүнүн аялдары абдан сулуу болот экен да, эркектери ит болот экен. Бул боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Мындан тышкары эпосто чыныгы реалдуу турмушта жашаган адамдардан айырмалуу элдер тууралуу айтылат. Мисал келтире турган болсок:

Бир кулагы жамынчы,
Жоо дегенде камынчу,
Бир кулагы төшөнчү,
Айбаты бар ошончо,
Маңдайда бар көздөрү,
Басып жүргөн айбандай,
Макоодон жаман өздөрү [7] – деп сүрөттөлүп берилет. Мифтик каармандар адамдардын кыялынан жаралуу менен катар эле каймана да маани берип турат деп айтууга болот. Себеби, реалдуулукта жашаган адамдардын жаман сапаттарын каймана түрдө ойдон чыгарылган айрым образдар аркылуу да сүрөттөп беришкен деген тыянак чыгарууга болот. “Манас” эпосунда жин-перилер жөнүндө да түшүнүк кездешет, бул түшүнүктөр дин менен байланышкан. Себеби диний адабияттарда жин, шайтандар жөнүндө кеңири айтылат. Буга мисал катары Куран китебиндеги Адам ата менен Обо энени бейиштен кубаланышынын башкы себеби, шайтандын азгырыгына киргендиги болгон. Ал эми эпосто Нескаранын көрүнбөгөн жин-шайтандарынын болгондугу, алар ага боло турган нерселер жөнүндө алдын ала айтып тургандыгы тууралуу баяндалат. Алдын ала айтуучулар жин-шайтан жана периштелер да болот деп айтсак болот. Каныкей эненин колтугунда жылаңач баласы бар экендигин жана ал ага боло турган нерселерди алдын ала айтып тургандыгы тууралуу да айтуучулардын варианттарында кездешет. Каныкей эненин айтуучусу периште катары саналат деп айтабыз. Үчилтиктин экинчи бөлүгүндөгү аялдардын ичинен өзгөчөлөнүп бөлүнүп турган Айчүрөктүн образында мифтик белгилер бар. Ал перинин кызы. Ар кандай нерселерге: ак була, ак чабак, ак куу болуп кубула алат. Мындан тышкары эпосто перинин кыздары тууралуу да айтылат (Айчүрөктүн сиңдиси перинин кызы Көкмончок). Эпостогу сыйкыр жасай алган адамдарды бөлүштүрсөк:

1. Алмамбет сыйкырдуу таш жана дубанын жардамы менен аба-ырайын өзгөртө алат;
2. Айчүрөк Семетейдин ак шумкарын алып кетээрде үч түрдүү кубулат;
3. Ал эми аярлар өздөрүнүн амалдарын ишке ашырууда ар кандай нерселерге кубулушат жана сыйкырдын күчү менен түрдүү жан-жаныбарларды, кооз шаарларды, көз жоосун алган бактарды жасай алышат.

Манасчы С.Орозбаковдун вариантында Жаангер кожо анын уулу Билериктин Кырмузшаанын колунда калуусу, уулун бошотуу үчүн Кошой баатырдан жардам суроосу жана Кошойдун аларга жардам берүүсү жөнүндө эпизод бар [8]. Жангер кожонун ким болгондугу тууралуу маалыматтарга токтолсок, ал Азирети Ыйсага 40 жылы кызмат кылат. Пайгамбардан бата алган. Жааңды кезип жүргөндүктөн Жаангер болуп атанган. Аз дегенде 850 жыл жашаптыр. Адамдын узак жашаган жашоосу болжол менен 100 жылдын айланасында болсо, 850 жашка чыгуу өтө эле апыртып сүрөттөөгө кирет. Ал Шам, Көпө,

Мисир, Кудук, Нааран, Магруб, Багдат, Коросон, Ыспан, Маймун, Бадакшан, Балык, Кебилстан, Мамбай деген жерлерде болгондугу айтылат. Кебилстанды кыштап жатат. Мамбайга барамын деп жолго 7 конгондо, алдыларынан Нескара чыгып кармап алат. Жаангер кожо Мисирде жүргөндө үйлөнөт да, аялы бир уул төрөйт. Ал бала-чакасы, үй-бүлөсү менен келе жаткан болот. Нескара аларды Кырмуз шаага алып барат. Ал бул адамдарды кармап эмне кылам. Буларды бошотуп жиберип, баласын алып калам дейт да, Жаангердин уулу Билерикти алып калып, ата-энесин бошотуп жиберет. Эпос өзү туташ ыр менен түзүлгөндүктөн, андагы ыр саптарынын маанисине токтоло турган болсок көркөм сөз каражатынын үлгүлөрүн, тропторду кездештирүүгө болот. А.А.Валитова "Манастагы" Жаангер кожо анын баласы Билерик жөнүндөгү эпизодду 1822-28-жылдардагы Жаангер кожонун Цин династиясына каршы көтөрүлүшүнө тийиштүү Чыгыш Түркстандагы тарыхый окуялар менен байланыштырат, окумуштуу В.М.Жирмунский бул окуяны байыртан келе жаткан эпикалык баянга кийинки кошулган жаңы катмарлардан экенине токтолгон.

Карк алтын бооң менде бар,
Катыныӊ менен жолдошуң,

Кайда барсаң анда бар – деп мусулмандарга барып кол жыйнап келип, мага кол салышыңар мүмкүн деп Билерикти барымтага алып калат. Жогорудагы ыр саптарындагы карк алтын боо менен баланы салыштырып метафоралык мааниде берген.

Он экиде баланы,
Кызматына салганы.
Отун жагып, суу ташып,
Ошондо бала калганы.

Баласы барымтада калган Жаангер кожо көзүнүн жашын тыя албай абдан кайгырат. Аялынын кайгырганы төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Энеси ыйлап кайгырып,
Эркесинен айрылып,
Боздоп ыйлап кайгырып,

Ботосунан айрылып – деген синтаксистик параллелизм менен берилген. Баласын таштап кете албай, кум биябан бир чөлдө дүкөн куруп, ошол жерде жашап калат. Ошол кумдуу чөлдө, аларга кудурет кудук берет. Ал кудук жөнүндө сүрөттөөдө манасчы ассонансты колдонгон.

Ар качандан, бир качан,
Ага түшүп токтолот,
Ага кусур айткандан.
Адам уулу болгондор,
Азыр да өлүп жок болот.

Жаангер кожо эригип,бир күнү кудукту эрмекке карап отурса, 2-3 көгүчкөн келет. Алар башка көгүчкөндөргө кабар беришип, сан жеткис көгүчкөндөр, суу ичкени келип конушат. Көгүчкөндөргө жем чачып, кожо аларды багат. Ошол жердин өзүндө кожо жети жылы турук алып жашап калат. Жалгыз жашап жаткан адамга бул абдан жакшы эрмек болот. Ал жерди байырлаган көгүчкөндөр жөнүндө баяндалганда гипербола, салыштыруу колдонулган деп айтууга болот.

Күндүн көзүн байлаган,
Көптүгү курттай жайнаган.
Күндүн бетин көрсөтпөгөн,
Көгүчкөндү көрөсүң.

Ал жердин жанынан өткөн адам эки булу (пулу-акчасы) болсо да, бирөөнө жем алып, көгүчкөндөргө берет. Эгер эч нерсе бербей койсо, бир жаман нерсеге туш болчу экен.Эгер аман калгандары болсо, ат-тонунан айрылып, анан элин көрчү экен. Эгер кимдир бирөө

кусур кылса, ажалдан элүү күн мурда көз жумчу экен. Дүйнөлүк адабиятта көгүчкөн темасына көп эле кайрылышкан. Көгүчкөн дайыма тынчтыктын символу катары айтылат. А.Б. Сомов "Голубь в рассказе о Крещении Иисуса" атуу макаласында мындай дейт: "В рассказе евангелиста Марка о Крещении Дух Святой сходит на Иисуса «как голубь». И когда выходил из воды, тот час увидел Иоанн разверзающиеся небеса и Духа, как голубя , сходящего на Него.Выражение «как голубь» в этом стихе может относиться как к существительному «Дух» (Дух как голубь), так и к причастию «сходящий» (сходящий как голубь). Соответственно, его можно понимать как: 1) Дух сходит на Иисуса как голубь; 2) Он выглядит как голубь; 3) Он явился в виде голубя." [9]

Манасчы С.Орозбаков өзүнүн вариантында Иисус пайгамбарга кызмат кылган Жаангер кожо тууралуу айтканы жана анын сан жеткис көгүчкөндөрдү багып Кумрайын падыша аталганы тууралуу айтылат. А.Б.Сомовдун макаласында Кумран деген жер аталышы тууралуу да берилет. "Мы поддерживаем мнение о том, что образ голубя в рассказе о Крещении связан с движением Духа Божьего в подобным парению птицы. Дополнительную, но очень важную, на наш взгляд, поддержку эта идея приобретает при сравнении с текстом Мессианского Апокалипсиса, найденным в Кумране, который мы также рассматриваем." – деп изилдөөчү өз макаласында жазган [10].

Кумга кылган ырабат,
Кумарайым бадыша
Кудаанын ысмын жат алган,
Кыяматка жеткенче

Кумарайым аталган. Ыр саптарынын түзүлүшүнө токтоло турган болсок, көрүнүп тургандай сап башындагы уйкаштык, аллитерациялык ыкма басымдуулук кылат. "Манас" эпосунда айтылган сюжет менен иудейлердин чөлүнөн табылган Кумран жазууларынын тексттиндеги жалпы окшоштук бар деп айтууга болот. Күн чыгыш поэзиясында "Бул дүнүйө кептерканадыр, бири учса бири коноттур" деген ыр саптары да бекер жерден айтылбайт. Бул адамзаттын уланмалуу жашоосу жөнүндө философиялык ойдон улам айтылып калган. Сагынбайдын өз учурунда сабаттуу адам болгондугун **окумуштуу** Б.Садыков "Манасчылар-кыргыз элинин руханий инсандары аттуу жыйнакта жазган [11]. Манасчынын өз учурундагы белгилүү болгон китептерди (диний мазмундагы китептер) көп окуп, кол жазма түрүндөгү материалдар менен жакшы тааныш болгондугу, тарыхый санжыраларды жакшы билгендиги чыгармачылыгына өзгөчө таасирин тийгизген деген тыянакка алып келет. "Манас" эпосунда жомоктук-мифологиялык түшүнүктөр кеңири кездешет. Алардын ар бири тууралуу ушул мезгилге чейин көптөгөн изилдеп-иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Мындан ары да бул багытта көптөгөн изилдөө иштери жүргүзүлүшү керек.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. "Манас" энциклопедиясы. 2-том. Б., 1995.
2. Нарынбаева Н.Фольклордогу кара сөз жанрларынын мифтик башаттары. Филология илимдеринин кандидаты наамын коргоо үчүн жазылган диссертациялык иш. Бишкек, 2010.
3. Мелетинский Е.М. Миф и историческая поэтика. М., 2018.
4. Орозбаков С. Манас. Б., 2010, 1176-бет.
5. Орозбаков С. Манас.Б., 2010, 360-бет.
6. Орозбаков С. Манас.Б., 2010, 1450-бет.
7. Орозбаков С. Манас.Б., 2010, 1457-бет.
8. Орозбаков С. Манас.Б., 2010, 147-бет.
9. Сомов А.Б. "Голубь в рассказе о Крещении Иисуса". Вестник Свято-Филаретовского института, Москва, 2015.
10. Сомов А.Б. "Голубь в рассказе о Крещении Иисуса". Вестник Свято-Филаретовского института, Москва, 2015.
11. Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Жооптуу редактор: Садыков Б. Бишкек, 1993.

УДК: 821.161.1

# АКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ НА УРОКАХРУССКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

Андреева А.Е.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье определяются цели и задачи учебного предмета «Русская литература» в школьном образовании. Рассматривается классификация и этапы активных методов обучения на уроках русской литературы. Приводится методика проведения активных методов и приемов обучения.

**Ключевые слова**: ассоциативный ряд, метод, мотивация, проблемная ситуация, урок.

# ОРУС АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА ОКУТУУНУН АКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ

Андреева А.Е.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада мектептеги билим берүүнүн орус абадияты предметинин максаты жана милдеттерин аныктоо берилген. Орус адабияты сабагындагы окутуунун активдүү усулдарынын классификациясы жана этаптары каралат. Окутуунун активдүү методдору жана ыкмаларын үйрөтүүнүн усулдары берилген.

**Ачкыч сөздөр**: метод, мотивация, көйгөйлүү кырдаал, сабак, ассоциативдик катар, интерактивдүү.

# ACTIVE LEARNING METHODS IN THE LESSONS RUSSIAN LITERATURE

Andreeva A.E.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article defines the goals and objectives of the subject "Russian Literature" in school education. The classification and stages of active teaching methods in the lessons of Russian literature are considered. The technique of carrying out active methods and teaching methods is given.

**Keywords:** associative series, method, motivation, problem situation, lesson.

Основу содержания литературы, как учебного предмета составляет чтение и изучение художественных произведений русской классики, отдельные произведения кыргызской литературы и зарубежной литературы, вошедшие в золотой фонд мировой литературы. Восприятие, анализ, интерпретация литературных произведений базируются на определенных способах и видах читательской деятельности. Основными критериями отбора художественных произведений для изучения в школе являются: высокая художественная ценность; гуманистическая направленность; эмоциональная наполненность; позитивное влияние на личность ученика; соответствие задачам его развития и возрастным особенностям и культурно-исторические традиции и опыт отечественного образования в Кыргызской Республике.

Изучение литературных произведений опирается на «читателецентрический» подход, или на читательскую направленность обучения. В связи с этим основные концептуальные положения основываются на факторах, влияющих на развитие комплекса компетентностей грамотного читателя:

- особенности возрастных периодов читательского развития школьников с учетом зоны ближайшего развития;
- специфику понимания литературного произведения как художественной модели мира и человеческих отношений;
- представление об уровнях восприятия и понимания художественного текста.

Чтение художественных произведений рассматривается как средство развития учащихся. Литературное развитие ученика на средней ступени обучения в школах Кыргызстана опирается на читательскую подготовку, которую учащийся получил в начальных классах, на связь с изучением кыргызской литературы и непосредственно связано с общим развитием, с формированием установок, нравственных оценок и представлений.

Отражая многонациональную природу кыргызстанского общества, принцип поликультурности полагает, что содержание образования должно отражать определенные элементы разных этнических культур. Сопряжение литератур, изучаемых как на родном, так и на русском языках, сравнительное изучение литературных произведений разных эпох и народов – пути развития и обогащения читателя-школьника в Кыргызстане.

Предмет «Русская литература» является частью образовательной области «Искусство». Данной базовой дисциплине принадлежит ведущее место в эмоциональном и эстетическом развитии школьника, его коммуникативной и интеллектуальной деятельности.

Цели изучения литературы в школе:

- воспитание грамотного читателя и развитие у учащихся культуры чтения художественных произведений;
- формирование эстетического восприятия художественной литературы, эстетического вкуса и художественных представлений, понятий и суждений;
- стимулирование продуктивного читательского творчества.

Задачи:

- обеспечить полноценное читательское восприятие и понимание литературных произведений, проявление эмоционального отклика на литературное произведение;
- создать условия для осмысления своеобразия русской литературы как словесного вида искусства с использованием этнокультуроведческого подхода;
- способствовать постижению художественной речи и активизировать мыслительную деятельность учащихся при работе с текстом (сравнение, анализ, обобщение, оценка) для постижения смысла произведения;
- стимулировать разнообразные виды творческой деятельности учащихся;
- формировать интерес к чтению, потребность в чтении книг и осознание ценности чтения книг и их влияния на ценностные установки.

Исходя из вышеизложенного, мы определили цели и задачи изучения русской литературы в школе.

В настоящее время важное применение на уроках получают активные методы обучения. Г.П. Щедровицкий приводит определение данной терминологии «Активные методы обучения и воспитания – те, которые позволяют «учащимся в более короткие сроки и с меньшими усилиями овладеть необходимыми знаниями и умениями» за счет сознательного «воспитания способностей учащегося» и сознательного «формирования у них необходимых деятельностей»»

Активные методы обучения в первую очередь следует применить для повышения учебной мотивации, для активизации познавательной активности учащихся: развития способности к самостоятельному обучению; выработки навыков работы в коллективе; коррекции самооценки учащихся; формирования и развития коммуникативных навыков

(навыков общения со сверстниками, и с учителями). Приведем классификацию методов обучения:

**Традиционные (репродуктивные) методы** направлены на передачу определенной суммы знаний, формирование навыков практической деятельности. Их результатом выступают знания-описания и навыки без возможности применения в изменяющихся ситуациях.

**Активные методы (АМО)** направлены преимущественно на развитие у обучаемых самостоятельного творческого мышления и способности квалифицированно решать профессиональные задачи.

Для продуктивной деятельности школьника требуется:

1. Сформированность ряда коммуникативных умений;
2. Развитие мышления учащихся;
3. Опыт оценочной деятельности.

В процессе применения активных форм обучения нужно выделять следующие этапы:

Первый этап. **Мотивационный:** учитель заявляет общий замысел, создает положительный мотивационный настрой; ученики обсуждают, предлагают идеи. **Планово-подготовительный:** определяется тема и цели проекта, формируются задачи, вырабатывается план.

Второй этап. **Информационно-оперативный**: ученики собирают материал, работают с литературой и другими источниками; учитель наблюдает, координирует, поддерживает, направляет, и сам является информационным источником.

Третий этап. **Рефлексивно-оценочный:** ученики представляют проекты, участвуют в коллективном обсуждении и оценке результатов, учитель выступает участником коллективной оценочной деятельности.

Наиболее эффективными приемами активизации познавательной деятельности учащихся на уроках являются:

1. Нетрадиционное начало традиционного урока (эпиграф, видеофрагмент, увертюра, ребус, загадка, анаграмма);
2. Постановка и решение проблемных вопросов, создание проблемных ситуаций. **Типы проблемных ситуаций, используемых на уроках**: ситуация неожиданности; ситуация конфликта; ситуация несоответствия; ситуация неопределенности; ситуация предположения; ситуация выбора;
3. Использование видео и компьютерной наглядности, электронных учебных пособий, интерактивной доски и др.;
4. Использование индуктивных и дедуктивных логических схем.
5. Использование форм так называемого интерактивного обучения или их элементов: «метода проектов», «мозгового штурма», «дебатов», «интервьюирования различных;
6. Элементы – «изюминки» (обучающий анекдот, интеллектуальная разминка, шаржи, эпиграммы);
7. Реализация индивидуально-дифференцированного подхода к учащимся, организация групповой деятельности школьников (работа в парах, в группах постоянного состава, в группах сменного состава);
8. Нетрадиционные виды уроков. Выбор вида нетрадиционного урока обусловлен уровнем мотивации к учению и уровнем познавательных возможностей учащихся. В классах с низким уровнем мотивации лучше всего проводить уроки следующих видов: ролевая игра, путешествие, экскурсия, интегрированный урок, взаимообучение. Их целью является формирование у школьников мотивации к

изучению предмета, а также развитие творческого потенциала учеников «персонажей»;

9. Игры, игровые моменты (ролевые, имитационные, дидактические). Отношение учителей к игровым технологиям неодинаково: одни используют их очень активно, считая результативными, другие – предпочитают классические формы учебного процесса;
10. Выполнение школьниками заданий творческого характера (мини-сочинение, эссе, фотовыставка, сюжет видеофильма, кроссворд, сканворд, ребусы, анаграммы, предметные рисунки, урок-конкурс, урок-представление);
11. Контроль знаний и умений учащихся в форме зачета (терминологического, учебной встречи с элементами соревнования, зачета по номенклатуре, тестирования).

Активизация творческой активности и критического мышления уместны на любом этапе урока, мы рассмотрим различные случаи их применения. Например, рубрика «Любознательным» можно применить на любом этапе урока:

В ней необычные, удивительные сведения о родном языке, о его истории, о происхождении многих слов и выражений, а также информация о науке, изучающей язык. Приведем пример, возьмем происхождение слова повесть. Это слово образовано суффиксальным способом от глагола повѣдѣти – «рассказать», образованного в свою очередь префиксальным способом от вѣдѣти, легшего в основу таких современных слов, как повестка, ведьма и др. Главное в этой рубрике – эмоциональность, задать тон, заставить задуматься, вовлечь в работу.

Следующий прием **«Ассоциативный ряд».** К теме или конкретному понятию урока нужно выписать в столбик слова-ассоциации. Выход будет следующим: если ряд получился сравнительно правильным и достаточным, дать задание составить определение, используя записанные слова; затем выслушать, сравнить со словарным вариантом, можно добавить новые слова в ассоциативный ряд;оставить запись на доске, объяснить новую тему, в конце урока вернуться, что-либо добавить или стереть. Например, напишем слово романтизм. Ассоциации (прием синквейна): страстная личность, свобода, двоемирие, экзотика, природа, конфликт, литературное направление. Выводится определение: романтизм – направление в искусстве и литературе конца XVIII первой половины XIX века, отражающее стремление художника противопоставить реальную действительность и мечту.

Метод **«Автобусная остановка».** Цель: научиться обсуждать и анализировать заданную тему в малых группах.Группы: 5-7 человек. Численность: весь класс. Время: 20-25 мин. Материал: листы большого формата (ватман, плакат, блокнот для флипчарта), фломастеры. Проведение: Учитель определяет количество обсуждаемых вопросов новой темы (оптимально 4-5). Участники разбиваются на группы по числу вопросов (5-7 человек в каждой). Группы распределяются по автобусным остановкам. На каждой остановке (на стене или на столе) расположен лист большого формата с записанным на нем вопросом по теме. Учитель ставит задачу группам – записать на листе основные моменты новой темы, относящиеся к вопросу. В течение 5 минут в группах обсуждаются поставленные вопросы и записываются ключевые моменты. Затем по команде учителя группы переходят по часовой стрелке к следующей автобусной остановке. Знакомятся с имеющимися записями и, при необходимости, дополняют их в течение 3 минут. Исправлять существующие записи, сделанные предыдущей группой нельзя. Затем следующий переход к новой автобусной остановке и еще 3 минуты на знакомство, обсуждение и добавление своих записей. Когда группа возвращается к своей первой остановке, она в течение 3 минут знакомится со всеми записями и определяет участника группы, который будет представлять материал. После этого каждая группа презентует результаты работы по своему вопросу. В завершении учитель резюмирует сказанное всеми группами, при необходимости вносит коррективы и подводит итоги работы.

**Метод «Шесть шляп мышления». Шляпы.**

**Белая** – Что произошло?

**Желтая** – Найдите положительное в этой ситуации.

**Черная** – Найдите отрицательное в данной ситуации.

**Красная** – Какие эмоции вызвал рассказ? Менялись ли они на протяжении рассказа? Кому из героев вы сочувствуете?

**Зеленая** – Как могли бы повести себя герои?

**Синяя** – Почему вы смеялись, читая рассказ?

Метод «**Тонкие и толстые вопросы»**

| "Тонкие" вопросы | "Толстые" вопросы |
|---|---|
| Вопросы, требующие однословного ответа, вопросы репродуктивного плана.<br>Кто? (Кто автор рассказа «Злоумышленник»?)<br>Что?<br>Когда?<br>Как звать ...?<br>Было ли ...? | Вопросы, требующие размышления, привлечения дополнительных знаний, умения анализировать.<br>Дайте три объяснения, почему...?<br>Объясните, почему...?<br>Почему, вы думаете ...?<br>Почему вы считаете ...?<br>В чём различие ...?<br>Предположите, что будет, если ...?<br>Что, если ...?<br>Может ...?<br>Будет ...?<br>Мог ли ...?<br>Согласны ли вы ...?<br>Верно ли ...? |

**Прием «Фантастическая добавка».** Анатолий Гин в своей книге «Приемы педагогической техники» определяет «Фантастическую добавку» как прием, направленный на привлечение интереса к произведению. Метод предусматривает перенос учебной ситуации в необычные условия или среду. Можно перенестись на фантастическую планету; изменить какую – либо ситуацию; придумать фантастического героя; перенести литературного героя в современное время; рассмотреть привычную ситуацию с необычной точки зрения. Например, продемонстрируем данный прием, изучая повесть И. Тургенева. «Му-му». Прошу ребят, погрузиться в роль и «озвучить» мысли и чувства Герасима. Я задаю вопросы Герасиму, а ученики вслух произносят мысли Герасима (что, по-вашему, сказал нам Герасим, если бы умел говорить).

Скажи, пожалуйста, Герасим, почему ты не ушел от барыни раньше? Ведь ты мог не топить свою любимую собаку, а сразу с ней уйти в деревню? Думал ли ты, Герасим, что ты мог уйти от барыни со своей собакой? О чем ты, Герасим, думал, когда возвращался в свою деревню из Москвы? Было ли тебе страшно, что барыня велит тебя поймать, привезти опять в Москву? А если бы она велела запороть тебя до смерти?Еще одна ситуация: представьте себе, что спустя 1-2 года спустя барыня и Герасим встретились. Своевольная барыня ездила по деревням. Какой вы себе представляете их встречу? Какой урок вы извлекли из произведения И.С. Тургенева?

Обязательно на уроках лучше использовать видеоматериалы фильмов художественных произведений писателей, которые вызывают дополнительный познавательный интерес к рассказам и романам, но даем задание, например роман А.С. Пушкина «Капитанская дочка», «Сравни эпизод первой встречи Пугачева и Гринева в книге и в фильме».

В классе, где уроки строятся на изучении восприятия учеников, где ребята оказываются создателями важнейших проблемных ситуаций и вопросов, постепенно создается атмосфера доверия, ученики учатся слушать слышать не только учителя, но и друг друга. Значительную роль играют уроки с введением элементов инсценировок, особенно при изучении эпических и драматических произведений. Так, при изучении творчества Пушкина мы инсценировали сцены дуэли между Онегиным и Ленским, свидания Татьяны и Онегина, письмо Татьяны. А в 5 классе ученики с удовольствием инсценируют повесть Пушкина «Барышня и крестьянка». Инсценирование предполагает работу над костюмами, привитие некоторых сценических навыков, а это требует дополнительного времени для работы с обучающимися. Однако затраченные усилия окупаются тем, что художник слова становится ближе и дороже ребятам, его произведения – понятней и необходимей.

В основу урока литературы должна быть положена учебно-познавательная деятельность учащихся, которая должна быть направлена на стимулирование личностного восприятия литературы, когда каждый подросток, постигая объективное содержание произведений искусства слова, видит в них не только средство получить оценку или обогатить свой словарный запас, но находит в них пищу для размышлений и глубоких переживаний.

В своей практической работе мычасто применяем следующиеактивные методы и приемы обучения:

1. Работа над сквозными сюжетами в русской литературе (тема «маленького человека», тема детства, тема семьи и дома, тема живой и мёртвой души и т.д.). На основе параллельного воспроизведения материала учащиеся приходят к серьёзным обобщениям по предложенным проблемам.
2. Разнообразие жанров уроков:
   - творческие проекты. Тема: «В.А. Жуковский – Колумб русского романтизма», «Адресаты любовной лирики А.С.Пушкина», «Поэзия Великой Отечественной войны», «Возращенная литература» и т.д. Форма работы: групповое составление коллажей с последующей защитой проекта;
   - ролевые игры. Тема: «Судебное заседание». Суд над Андрием (по повести Н.В.Гоголя «Тарас Бульба», Печориным (по роману М.Ю. Лермонтова «Герой нашего времени», Раскольниковым (по роману Ф.М. Достоевского «Преступление и наказание»). Форма работы: судебное заседание с исполнением учениками ролей центральных персонажей, сторон обвинения, защиты, свидетелей;
   - уроки – литературно-музыкальные композиции. (Составляются обучающимися самостоятельно с разделением ролей: подбор литературного материала, биографических сведений, музыкального сопровождения, оформление урока иллюстрациями, выставкой книг, видеоматериалами); ролевой анализ литературных героев, способствующий глубже проникнуть во внутренний мир героев, стремление высказать свои мысли и переживания.
3. Словарная работа:
   - составление тематических словарей на основе творчества поэта, писателя. Слово-главный инструмент учителя. Изучения художественного произведения, в котором встречается много новых слов, начинаю словарной игрой, игрой-конкурсом на лучшего толкователя слов. Победителем считается тот, кто понятнее, точнее, интереснее сумеет объяснить слова. При этом разрешаю пользоваться учебником-хрестоматией, словарями, другими источниками.
4. Работа над выразительным чтением:
   - логическое ударение на ключевые слова.

5. Выразительный пересказ:
   – позволяет охватить большой объем текста в сжатом виде.
6. Работа над датами:
   – с кем из современников мог дружить писатель, где, в каких журналах печатался, в каких событиях общественной жизни участвовал, какие проблемы своего времени поднял в творчестве.
7. Литературные марафоны.

Предлагается такая форма проверки заданий по самостоятельному чтению и изучению материала о писателях и их произведениях.

Мы предполагаем, что использование активных форм организации обучения будет эффективным при соблюдении следующих условий:

– переход к «субъект-субъектному» варианту взаимодействия между учителем и учащимися;
– постоянный рост самостоятельной работы учащихся;
– методическое обеспечение практического обучения по учебным дисциплинам;
– обновление материальной базы и ее соответствие современным технологиям образования.

Таким образом, работа учителя – это постоянный поиск нового, сложная, тонкая работа ума и сердца, воплощение в школьные будни своей человеческой боли, радости, мечты. Это умение иметь в себе и вызвать в других чувство доброты, гуманности, толерантности, ответственности за окружающую жизнь.

## ЛИТЕРАТУРА


1. Богданова О. Ю. Развитие мышления старшеклассников на уроках литературы: Пособие к спецкурсу. М.,-1979. - 73 с.
2. Горшкова О.В. Активные методы обучения: формы и цели применения // Научно-методический электронный журнал «Концепт». – 2017. - №53.
3. Предметный стандарт по предмету «Русская литература» для 5-9 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики. Б., - 2020. – с. 6-7.
4. https://cyberleninka.ru/article/n/aktivnye-metody-obucheniya-formy-i-tseli-primeneniya/viewer
5. https://www.prodlenka.org/metodicheskie-razrabotki/426015-statja

УДК:37.013.2

# ИНСАНГА БАГЫТТАП ОКУТУУ ШАРТЫНДАГЫ ПЕДАГОГДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Ахмедова Г.А.[1]
[1]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Ош ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Заманбап технологиялар билим берүү практикасында негизги куралдар, жарандын инсандыгын билим берүүдө мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн негизги куралдар. Заманбап педагогикалык технологияларды жигердүү колдонуу билим берүү сапатын жогорулатууга жетишүүгө жардам берет. Инсандык билим берүү технологиясы заманбап педагогикалык технологиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Макалада учурдагы компетенттүү мамиледе окутуу шарттарындагы педагогдун орду,билим берүү процессиндеги тарбия, окутууунун формалары, принциптери тууралуу баяндалат. Балага тарбия берүүдөгү мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү жөнүндөгү пикирлерге орун берилет. Ошондой эле баланы инсан катары тарбиялоо менен бирге билим берүүдөгү маанилүү ролу макалада чечмеленет. Окуучуларга билим, тарбия берүүдө мугалимдин негизги сапаттары саналуу менен, ошол эле учурда алардын мугалимдин ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү болуусуна таасирлери тууралуу баяндалат. Окутуу процессинде окуучуларга азыркы илимге ылайык такталган маалыматтар берилген. Окуучулар үйрөнүлүүчү кубулуштарды, предметтерди жана фактарды илимий-диалектикалык көз караште талдап көрүүгө көнүгүшөт, аларда акырындык менен диалектикалык ойлонуунун элементтери калыптанары белгиленет. Инсанга багыттар окутуу шартында окуучулардын жөндөмдөрүн, кызыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, окутуу процессин ыңгайлаштыруусу баяндалат.

**Ачкыч сөздөр:** мугалим, окуу процесси, инсан, билим берүү, компетентүүлүк, кесипке болгон сүйүү.

# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ УЧИТЕЛЯ В ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННЫХ УСЛОВИЯХ ОБУЧЕНИЯ

Ахмедова Г.А.[1]
[1]Кыргызско-Узбекский Международный университет им. Б.Сыдыкова, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

Современные технологии – это основной инструментарий в образовательной практике, в повышении профессионального мастерства педагогов, в воспитании личности гражданина. Активное применение современных педагогических технологий поможет достичь педагогам эффективных результатов: повысить качество обучения; уровень общей культуры молодых людей в работе с информацией, людьми, над собой; оптимизировать процесс обучения. Технология личностно – ориентированного обучения является составной частью современных педагогических технологий. В статье раскрывается роль учителя в современном личностно ориентированном подходе к обучению в образовательном процессе, а также о формах и принципах обучения. Приведены мнения о профессиональной компетентности учителя в воспитании ребенка. В статье так же раскрывается важная роль образования в воспитании ребенка как личности. Перечислены основные качества учителя в обучении школьников, а также их влияние на достижения учителя. В процессе обучения ученики получат достоверную информацию в соответствии с современной наукой. Ученики привыкают к анализу изучаемых явлений, предметов и фактов с научной и диалектической точки зрения, отмечается, что у них постепенно формируются элементы диалектического мышления.

**Ключевые слова:** учитель, учебный процесс, личность, образование, компетентность, любовь к профессии.

# ACTIVITIES OF THE TEACHER IN PERSONALLY-ORIENTEDTRAINING CONDITIONS

Akhmedova G.A.[1]
[1]Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

Modern technologies are the main tools in educational practice, in improving the professional skills of teachers, in the upbringing of a citizen. The article reveals the role of the teacher in the modern student-centered approach to teaching in the educational process, as well as the forms and principles of teaching. The opinions on the teacher's professional competence in raising a child are given. The article also reveals the important role of education in raising a child as a person. The main qualities of a teacher in teaching schoolchildren are listed, as well as their influence on the teacher's achievements. In the learning process, students will receive reliable information in accordance with modern science. Pupils get used to the analysis of the studied phenomena, objects and facts from a scientific and dialectical point of view, it is noted that elements of dialectical thinking are gradually formed in them.

**Keywords:** teacher, educational process, personality, education, competence, unity, love of the profession

Педагог – бул тарбиячылардын өз ишмердигинде окуучулар менен жүргүзүлүүчү ишмердүүлүктүн методдорун, принциптерин, формаларын жандандыруу менен алар аркылуу мугалим өзүнүн окуучуларга карата кең пейилдүүлүк, талапкерлик мамилесин ишке ашырбаса, балдар коллективинде оптимизмдин, кызматташтыктын жана жолдошчулуктун маанайын түзбөсө, ар бир мектеп окуучусунда өз күчүнө ишенүү сезими пайда кылбаса, анда иштин колдонулбаган методдору, принциптери, формалары натыйжасыз болуп кала берет. Мугалимдик кесипке шаблондуулук, мезгил талабына карата ылайыксыз, тура келбеген жат көрүнүш болуп саналат. Бул кесипке өзүн арнаган адам өз тарбиялануучуларында пайда кыла турган бардык сапаттарга өзү ээ болушу керек. Адам баласын адам гана тарбиялайт. Биздин коомубузда мугалим-балдарга келечектен келген адам. Ал балдарды келечек жөнүндөгү ой-тилек менен шыктандырат, келечектин идеалдарын ушул азыр бекемдөөгө үйрөтөт. Мугалим өзү инсан болууга тийиш. Анткени, ар бир инсан башка бир инсан аркылуу тарбияланат; ал өзү бийик гумандуу болуу керек, анткени балада гумандуулукту жалаңгана кең пейилдүүлүк менен жаратууга болот. Ал сөзсүз түрдө билими күчтүү жана чыгармачыл адам болууга тийиш. Анткени, таанып-билүүгө болгон чоң далалатты ошондой далалаттуу киши гана ойгото алат. Мугалим патриот болуусу керек. Анткени мекенге болгон сүйүүнү өз мекенин сүйгөн адам гана ойгото алат. Балдар менен түзгөн мамилесинде жасалмалуулукка, оройлукка, чыдамсыздыкка, кектүүлүккө жол бербөөгө тийиш. Ачууга тез жеңдирип, коркутуп-үркүткөнгө өтүп, өзүн-өзү кармана албаган педагог мектеп окуучуларын сылыктыкка жана кең пейилдүүлүккө үйрөтө албайт [1, 440-б.]. Мектеп курактагы балдар үчүн эң кадыр-барктуу адам-мугалим. Алар өздөрүнүн педагогдоруна, анын билимине, чыр-чатактуу маселелерди акыйкат чечүүсүнө, ар биринин жүрүм-турумуна жана ийгиликтерин адилет баалоосуна ишенишет. Биринчиден, мугалим өз кадыр-баркын балдар арасында сактоосунун инсандык калыптанышына оң таасир тийгизүү үчүн пайдалануусу эң маанилүү. Балдар өз мугалимин жакшы көрүп сүйүүсү керекпи? Албетте керек. Тарбиялык таасир этүү өзүнүн жакшы натыйжасын берсин үчүн бул эң эле зарыл шарт болуп эсептелет. Балдар мугалимдин эң жакын досу, кеңешчиси, жетекчини көрүп, бүтүндөй ички сырларын ачып,бериши үчүн мугалим өзүн кандай алып жүрүшү керек экендиги жөнүндө ойлонууга тийиш. Мектеп окуучусу бардык билимди мугалим аркылуу алат.

Окуу менен мугалим ал үчүн ажырагыс нерсе. Эгер бала мугалимди сүйсө, демек, ал окуганды да мектепти да, сабакты да, китепти да сүйөт. Мугалимди сүйбөсө, андан корксо, анда ал окууну азап катары көрүп, тынчсызданат, мектепке айласыздан барат. Жакшы көргөн мугалимдин пикири, берген баасы окуучу үчүн адамдарга,алардын ишине, болгон окуяларга мамиле жасоонун үлгүсү катары каралган тунук айнек. Ал айнектен өзүн байкабайт , бирок эң бир кызыгуу, таңыркануу, суктануу, кубануу, тажабагандык менен бала кандайдыр бир керемет күчтүн аркасында таанып-билүү терезесинде пайда болгон нерселерге жана кубулуштарга үңүлө карайт, ”эмне үчүн”, ”мындай болсочу” деген суроолорду берет. Ишенбөөчүлүктү, бекемдөөлөрдү, тыянактарды, көз караштарды, ыймандык түшүнүктөрдү жана шарттарды айтат [2, 24-79-б.].

Сүйүктүү мугалимдин сабагы – бул таанып-билүүнү дегдетип, бир дем менен өтүлгөн сабак; педагогдун ыймандык-этикалык кеп-кеңеши, ой-пикири бала тарабынан бирден бир туура көз карашкатар кабыл алынат. Аны ал дайым жактап бекемдей берет. Бирок эгерде мугалим көңүлүнө жакпаса, андан бала корксо, анда турмуш чындыгын чагылдырган терезе кыйшык күзгүгө айланып, бул учурда баланын бир нерсени көрүүсү, дегеле ага карашынын өзү, кыйла азаптуу болуп калат. Балдар мугалимди сүйүп, ага ишенип, анын айтканындай болушу үчүн балдар өз мугалиминен эмнелерди көргүлөрү келишет? [3, 321-б.]

Биринчиден, мугалим балдардын баарын жана ар бирин түшүнө билүүсүн көргүлөрү келет. Ар дайым жардамдаш болуп, алардын ийгиликтерине кубанып, иш оңунан чыкпаган учурда көңүлүн көтөрүп турган мугалим менен алака түзүү канчалык кызык жана кубанычтуу экендигин окуучулары сезип-туюулары керек. балдарды түшүнүү – бул алардын ичи-койнуна кирип кетүү, алар менен кошо кубануу, бирге кайгыруу, алардын турмушу менен жашоо. Экинчиден, эң кең пейил айкөлдүктү, боорукердикти көргүлөрү келишет. Бул албетте, баарына макул боло бергендикке, б.а. каалаганыңды жасай бер, баары сен үчүн кечиримдүү дегендикке жатпайт. Кайра тескерисинче, мугалим талапты кату коюушу керек, анын көзүнчө бала оюна келгенди жасап, обужоктоно бергенден тартынып турууга тийиш. Бирок, мында бала мугалимдин боорукердигин, кечиримдүүлүгүн, жардамдашууга дилгирлигин, өзүнүн мугалим менен болгон мамилелеринен даана байкай билгени жакшы. Кең пейилдүүлүк жана илбериңкилик сабырдуулукту, окуунун татаал жолунда окуучунун мүчүлүштөрүнө табигый көрүнүш катарында мамиле жасоону талап кылат. Мектеп окуучулары көп жаңылып, тапшырмаларды түшүнүүдө кыйналып, алаксып ж.б. кетишет. Эскертүү жасап нааразылыгын билдирүү, сабырдуулукту жоготуп коюу, жардамга ата-энелерди чакыруу сыяктанган нерселер үчүн мугалимге кадам сайын шылтоо табыла берет. Бирок педагогикалык сабырдуулук – бул тарипти бузгандыкка, артта калуучулукка, билимсиздикке келишүүчүлүк мамиле эмес, бул окуучунун күчүнө, мүмкүнчүлүгүнө эң оптималдуу мамиле жасоо, анын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүнө таянуу. Үчүнчүдөн, балдардын ар бири өсүп-жетилип бараткамына кубана билүүнү көргүлөрү келишет. Мына ушул учурда гана бала өзүнүн алдыга жылганын көрүп, өзүнө жана өз күчүнө ишенет. Аны сыйлашат, ага ишенишет, анын сөзүн угушат, ал коллективде керектүү киши, мугалим да ага кызыгат, алар бири бирине ишеним жасашат, мына ушундай ички жылуу сезимдер мектеп окуучусунда ар дайым болуу керек [4, 129-б.].

Окутуу процессинде окуучуларга азыркы илимге ылайыктакталган, окуучуларды эки аны ойго келтирбей турган гана маалыматтар берилет. Ошондуктан окутуу методдору өздөрүнүн мүнөзү боюнча тиешелүү илимдерде колдонулуучу методдорго жакын ылайыкташтырылып түзүлүүгө тийиш. Натыйжада окуучулар үйрөнүлүүчү кубулуштарды, предметтерды жана фактарды илимий-диалектикалык көз караштa талдап көрүүгө көнүгүшөт, аларда акырындык менен диалектикалык ойлонуунун элементтери калыптанат. Бул принциптин теориялык негизи таанып билүүнүн диалектикалык теориясы болуп эсептелет, ал теорияга ылайык дүйнөнү таанып-билүүгө болот жана адамдардын

практикада текшерилген билимдери дүйнөнүн туура жана объективдүү сүрөтүн берет. Бирок, окуучулардын таанып-билүүлөрүнүн өсүшү илим билимдердин өсүү темпиндей эмес, андан бир кыйла жай темпте. Бул принциптин негизги талаптары төмөнкүлөр:

- Окуу предметинин логикасына көрсөтүү;
- Үйрөнүлүүчү материалдын башка объекттери менен көп кырдуу байланыштарын түзүү, башкача айтканда, ар бир жаңы окуяны жана предметти бардык жагынан карап үйрөнүү (мунун өзү окуучуларда диалектикалык ойлонуунун элементтерин калыптандырат);
- Илимде кабыл алынган терминдер менен туюнтулуучу туура түшүнүктөрдүн пайда болушу үчүн шарттарды түзүү;
- Үйрөнүлүүчү билимдердин ачылышынын тарыхый жолун, түшүнүктөрдүн жана мыйзамдардын пайда болуу процессинин ички байланыштарын ачып көрсөтүү;
- Окутуу методдорунда илимий таанып билүүнүн методдорун чагылтуу [5, 267-б.].

## Корутунду

Балдар коллективиндеги ынтымак, достук, өз ара жардамдашуучулук, сезимталдык жана илбериңкилик бардык жагынан мугалимге, анын окуучулар менен мамилесинин гумандуулугуна байланыштуу болот. Мына ушундай жагдайда гана балдар тарабынан өздөштүрүлгөн билимдер программа жана окуу китептеринде каралган тарбия жана өнүктүрүүчү аракеттерге ээ боло алат. Демек, учурда мектеп окуучуларын ар тараптуу тарбиялоо, окуу процессине тартуу аракеттеги билим берүүнүн мамлекеттик стандартына таянуу аркылуу жүргүзүлүү менен алардагы маалыматтык, социалдык коммуникациялык жана өз ишин уюштуруу жана маселелерди чечүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга негизделет.

## Адабияттар:


1. АпышевБ.А., БабаевД.Б., Жоробеков Т.А. 2011. Бишкек. С-440.
2. Байгазиев С. Цивилизация жана ата-журт тагдыры. 2008. Бишкек. С.24-79.
3. Андреев В.И. Учебный курс для творческого саморазвития. 2-е изд. 2000. Казань. Б-321.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуунун технологиялары, 2006. Бишкек. Б-129.
5. Климов Е.А. Образ мира в разнотипных профессиях. Учебное пособие. М.: 2005. Б-267.

**УДК: 930.24**

## КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮ (1920-30-жылдар)

Дүйшеев Ж.А.[1], Салибаева Ж.С.[2]
[1,2]К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Макалабызда дегинкисинде, «интеллигент» деген ким, ал кандай сапаттарга ээ болушу керек жана кантип калыптанат? Коомдун продукциясыбы же тубаса берилеби, советтик интеллигенциянын калыптануу жолдору кандай болгон? деген суроолорго жооп табууга аракеттендик. Падышалык Россиянын орус-тузем, диний(усули-жадид) мектептеринде билим алып, Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын жаңы талаптары боюнча калыптанган интеллигенциянын сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү, жаралуу табияты өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Мында ошол максатты жүзөгө ашырууга аракет жасадык.

**Ачкыч сөздөр.** Совет, Кыргызстан, интеллигенция, калыптануу.

## ПРЕДСТАВИТЕЛИ КЫРГЫЗСКОЙ ИНТЕЛЛИГЕНЦИИ (1920-30 гг.)

Дүйшеев Ж.А.[1], Салибаева Ж.С.[2]
[1,2]Международный университет имени К.Ш.Токтомаматова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье мы пытались найти ответы на вопросы: кто такой «интеллигент», какими качествами он должен обладать и как формируется? Каковы были пути формирования советской интеллигенции, общественный продукт или врожденный? Воспитанная в русскоязычных или религиозных (усул-джадидских) школах царской России, количественные и качественные характеристики интеллигенции, сформированные в соответствии с новыми требованиями Великой Октябрьской Социалистической революции, требуют отдельного изучения природы созидания. Здесь мы пытались достичь этой цели.

**Ключевые слова:** Совет, Кыргызстан, интеллигенция, формирование.

## REPRESENTATIVES OF THE KYRGYZ INTELLIGENTSIA (1920-30 yy.)

Duisheev Zh.A.[1], Salibaeva Zh.S.[2]
[1,2]International University named after K.Sh. Toktomamatov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

In this article, we tried to find answers to the questions: who is an "intellectual", what qualities should he have and how is he formed? What were the ways of formation of the Soviet intelligentsia, social product or innate? Brought up in the Russian-speaking or religious (Usul-Jadid) schools of Tsarist Russia, the quantitative and qualitative characteristics of the intelligentsia, formed in accordance with the new requirements of the Great October Socialist Revolution, require a separate study of the nature of creation. Here we tried to achieve this goal.

**Key words:** Soviet, Kyrgyzstan, intelligence, formation.

Дегеле “интеллигент”, “элита” түшүнүктөрү кыргыз коомчулугунун цивилдүү дүйнөгө аралашкандан берки турмушунда такай колдонулуп келе жатат. “Интеллигент” советтик доордун лексиконунда көп колдонулса, “элита” постсоветтик мезгилде ири категорияга айланды. Кыргызстанда интеллигенция коомдук катмар катары калыптануу жана өнүгүү жолу тарыхнаамелик маселе катары И.А.Соктоевдин [6], Э.Маанаев ж.б. [4], С.Данияровдун [1] түптүү эмгектеринде марксисттик усулияттын негизинде кадыресе иликтенген жана постсоветтик мезгилде айрым авторлордун – Ыдырысов Р.Ж. [10] макалалары менен толукталган. Ошентсе да маселенин теребелдүү өңүттөрү ачылбаган бойдон калып келүүдө.

Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн Дүйнөлүк саясий субъект катары калыптанышы XX кылымдын алгачкы чейрегине таандык экендиги маалым. Кыргызстан классикалык үлгүдөгү өлкөгө айлануусунун жерпайы ушул мезгилде түптөлдү. Бул абал жаңыдан телчигип келе жаткан Республикада туташ жаңы саясат жана кайра түзүүлөр менен коштолду. Жарандык согуш менен басмачылык кыймыл, коллективдештирүү менен сабаттуулукту жоюу, кадр саясаты менен отурукташтыруу, жер-суу реформасы менен билим берүү, административдик-аймактык жиктөө менен илимге жол ачуу, маданият менен тилдин илимий жактан калыптанышы сыяктуу жараяндар ургаалдуу жүрүп жатты. Мындай аракеттердиинтеллигенция өкүлдөрүнүн катышуусусуз элестетүү мүмкүн эмес. Демейде интеллигенция дегенде биз акыл эмгеги менен алектенгендердин тобун түшүнөбүз. XX кылымдын башында кыргыз коомчулугунда интеллигенциянын абалы чеке жылытарлык эмес болчу. Революция иш жүзүндө кыргызстандын коомдук системасын өзгөрттү десек болот. Анткени, батыштын классикалык үлгүдөгү нормативдик талаптарына жооп берген, илимге канык, билимге сугарылган инсандарыбыз чанда гана болду. Ошого карабастан лениндик программа советтик интеллигенцияны калыптоонун программасын иштеп чыгып, жер-жерлерге жайылтты. Аталган программа боюнча интеллигенцияны калыптоонун төмөнкү жолдору талап катары коюлду:

1. Падышалык Россиянын интеллигенттерин жумушка тартуу жана аларды социалисттик рухта кайрадан тарбиялоо; (мында: “өздөрү каалап келмейинче суранбагыла” деп айтылат. Миңдеген илимий, педагогикалык ж.б. тармактардын өкүлдөрүнүн СССРдин аймагынан пароход, поезд менен айдалганы тууралуу маалыматтар кеңири. Ал эми айрымдары И.В. Мичурин сыяктуу: “Мен жаңы бийлик үчүн кызмат кылам” – деп, өз ишин улантышты);
2. Мамлекеттик башкарууну, партиялык, чарбалык, аскердик иштерге алдыңкы жумушчу-дыйкандарды тартып, алардын маданий жана кесиптик деңгээлин көтөрүү үчүн шарт түзүү;
3. Орто атайын жана жогорку окуу жайларында жаңы, коомду социалисттик максатта кайра кура турган адистерди даярдоо.

Ушул жолдор менен Советтик Кыргызстандын алгачкы интеллигенциясы калыптана баштады. Бирок, жаңы кадрлар жергиликтүү кадрларды сапаттуу тандоонун В.И. Ленин тарабынан коюлган төмөнкү талаптарга жооп бериши керек эле. Ал критерийлер: 1. Ак ниеттүүлүк; 2. Саясий позициясы; 3. Иш билгилиги; 4. Административдик жөндөмү. Алгачкы интеллигенттер ушул сындан өтүшкөн. Өзүңүздөр байкагандай кадрлар “билим-илимге” ээ болушу талап кылынган эмес. Анткени ак ниеттүү, иш билги, жөндөмдүү киши ар кандай жумушту алып кетээрин Улуу жолбашчы билген. Асыресе, андай сапаттагы кадрлардын болбогондугу белгилүү эле. Бизге белгилүү болгондой Абдыкадыр Орозбеков советтик интеллигенцияны калыптоонун лениндик программасынын экинчи жолу аркылуу советтик-партиялык жумушка тартылган жана ушул нукта тарбияланган.

Падышалык россиянын карамагында турган кыргызстанда оруз-тузем мектептери менен медреселерде кат сабаты жоюлгандар кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизин түзгөн алгачкы интеллигенттердин катмарын түзүп калышты. Булардын ийинине аябагандай оор жүк түшкөнү маалым. Алардын ар бири түмөндөгөн түйшүктү аркалап, көчмөн жана жарым көчмөн коомду жаңы шарткаыңгайлатуунун үстүндө болушту. Бүгүнкү эгемен Кыргызстан алгачкы интеллигенттердин ар бирине “Баатыр” наамын берсе да аздык кылат. Алгачкы интеллигенция тарабынан жасалган иштердин айрымдарына гана токтололу:

1. Кыргыз Республикасы аймактык-башкаруу жактан толук такталды. Же, 7 кантон, 52 волость, 455 сельсовет түзүлдү (азыркы учурда: 7 облус, 40 район, 453 айыл өкмөтү бар);

2. Аймак кеңейди. 1924-жылы 195735,5 чарчы километрден 1928-жылдын 1-январына 197726 чарчы км ге чоңойду башкача айтканда кыргыздар тыгыз отурукташкан (Үч-Коргон, Сүлүктү, Казахстандан Каркыра өттү);
3. Көчмөн эл жапырт отурукташууга өттү;
4. Коллективдештирүү;
5. Эл агартуу;
6. Укуктук талаада жумуш алып баруу калыптанды;
7. Экономика илимий жактан тармакталды.

Ушул жумуштардын бардыгы алгачкы интеллигентердин күнү-түндү билбеген ар тараптуу аракеттеринен улам ишке ашып отурду. Ар тараптуу дегенибиздин жөнү бар. Маселен, Абдыкерим Сыдыковдун илимий даремети менен башкаруучулук жөндөмү, Жусуп Абдырахмановдун иштермандыгы менен жазмакерлиги, Касым Тыныстановдун иш билгилиги менен окумуштуулугу сыяктуу мисалдар буга күбө. Бардыгыбызга белгилүү болгондой, алгачкы интеллигенциянын тагдыры каргашалуу аяктады. Ошол кандуу жылдардагы интеллигенциянын тагдыры тууралу Кыргыз Эл баатырыДооронбек Садырбаевдин арналуу ыр саптары бар. “Кайран элди” тартууда туш келген сталиндик репрессияга кейип, “Жаны кашайгандын каяшасын” деген ырында:

Бу да ырас.
Тарых күбө.
Отузунчу жылдардын соңунда,
Эсирген улук
Эбегейсиз бийлиги бар колунда.
Чымындай жанын чыркыратканын.
Бараткандын баарынын, большевиктин жолунда.
Кызыл-Кыя жактын кулуну,
Кыргыздын ошондогу улугу.
Абдыкадыр Орозбековго,
Акылга сыйбас айып такканын.
Кат тааныган кыргыздын көбү,
Кан кусуп камакта жатканын.
Касымын Тыныстандын
Кайсы кыргыз канчага сатканын.
Айтматтын Төрөкулун,
Элден бөлүп, эмне үчүн атканын.
Исакеев Баялынын башын,
Социализмге садага чапканын,
Жүз кырк эки “эл душманы”
Эки метрге кантип батканын – жазат.

Эгемендүүлүккө жеткен бүгүнкү Кыргыз Республикасынын пайдубалынын түптөлүшүнө жана бекемделишине алгачкы интеллигенттердин салымдары эбегейсиз. Аны урпактар унутууга тийиш эмес. Алардын ар биринин элеси кылымдар бою өз элинин эсинде сакталат.

### Адабияттар жана шилтемелер


1. Данияров С. Культурное строительство в Советском Киргизстане (1918-1930 гг.). [Текст] – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1963;
2. Изменение социально-классовой структуры населения Киргизии в годы строительства и упрочения социализма (1917-1961 гг.) / В.Я. Галицкий, Д. Нурмаматов, Дж.С. Бактыгулов и др.; Отв. ред. Ю.А. Поляков. [Текст]– Фрунзе: Илим, 1989;
3. Жалал-Абад облустук архиви. Ф.110., оп.1, дело 1;
4. Кубатова А.Э. Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы(1900-1916). [Текст] – Б.: 2012;
5. Маанаев Э., Курманов З., Курумбаева Г. Кыргызская интеллигенция: становление, роль в общественнополитической жизни (20-30-е годы). [Текст]– Бишкек: КГПУ им. И. Арабаева, 2001;
6. Пайзуллаева К.У. Литературное наследие Касыма Тыныстанова. [Текст]. Жалал-Абад. 2017;
7. Соктоев И.А. Партийное руководство формированием советской интеллигенции в Киргизии(1925-1940) / Под ред. канд. ист. наук С.Т. Табышалиева. [Текст] – Фрунзе: Кыргызстан, 1969;
8. Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары. [Текст]– Ф. 1982;
9. Тош Д. Стремление к истине. Как овладеть мастерством историка. [Текст]. М. 2000;
10. Ыдырысов Р.Ж. Начало формирования интеллигенции Кыргызстана в 20-годы. // Universum: Общественные науки: электрон. научн. журн. 2017. № 9(39). URL: http://7universum.com/ru/social/archive/item/5133.

УДК: 947.1.084 (575.2) (043.3)

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ЖАНА АЙЫЛ-ЧАРБАСЫНДАГЫ КЫРДААЛ

Дыйканова Ш. А.[1]
[1]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Макалада Фергана өрөөнүнүн XX кылымдын башындагы социалдык-экономикалык абалы жана айыл-чарбасындагы кырдаал баяндалат. Совет өкмөтүнүн алгачкы социалисттик агрардык кайра куруу саясатынын маңызына, мүнөзүнө, аны ишке ашыруунун натыйжаларын жана кесепетерине карата тарыхнаамада орун алган таптык мамилеге негизделген мүчүлүштүктөрдүн ордун толтуруу маселеси изилдөөнүн илимий-теориялык жактан актуалдуулугун көрсөтүп турат. Демек, бул изилдөөдөгү маселелерди окуп үйрөнүү тарыхый чындыкты калыптандырууга, биздин өлкөдөгү тоталитардык мезгил жөнүндө илимий жыйынтыктардын тереңдетүүгө шарт түзөт.

**Ачкыч сөздөр:** Фергана өрөөнү, Совет бийлиги, жер жана агрардык саясат, айыл-чарба, жаңы экономикалык саясат.

# СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ ПОЛОЖЕНИЕ И СИТУАЦИЯ В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ В НАЧАЛЕ XX ВЕКА

Дыйканова Ш. А.[1]
[1]Ошский государственный университет, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

В статье описывается социально-экономическое положение и сельскохозяйственная ситуация Ферганской долины в начале XX века. Проблема компенсации ошибок, основанных на классовом подходе в историографии к сущности, характеру, результатам и последствиям политики раннесоциалистического аграрного переустройства советской власти, показывает научную и теоретическую актуальность исследования. Поэтому изучение вопросов данного исследования поможет сформировать историческую правду и углубить научные результаты о тоталитарном периоде в нашей стране.

**Ключевые слова:** Ферганская долина, Советская власть, земельно-аграрная политика, сельское хозяйство, новая экономическая политика.

# SOCIO-ECONOMIC SITUATION AND THE SITUATION IN AGRICULTURE OF THE FERGHANA VALLEY AT THE BEGINNING OF THE 20TH CENTURY

Dyikanova Sh.A.[1]
[1]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article describes the socio-economic situation and the agricultural situation of the Ferghana Valley at the beginning of the 20th century. The problem of compensation for errors based on the class approach in historiography to the essence, nature, results and consequences of the policy of the early socialist agrarian reorganization of the Soviet government shows the scientific and theoretical relevance of the study. Therefore, the study of the issues of this study will help form the historical truth and deepen the scientific results about the totalitarian period in our country.

**Key words:** Ferghana Valley, Soviet power, land and agrarian policy, agriculture, new economic policy.

Өлкөбүздүн эгемендүүлүкө ээ болушу менен тоталитардык системанын шарттарында тарыхыбыздын бир беткей баа берилип келген айрым маселелерин кайра изилдеп чыгууга, анын кыргыз элинин улуттук рухий кайра жаралуу процессиндеги жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү ролун жогору көтөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Кайрадан такталууга муктаж маселелерин алдынкы сабында Совет бийлигинин алгачкы бурулуш жылдарындагы Түркстан чөлкөмүндөгү агрардык саясатынын багыттарын жана ишке ашыруу тажрыйбаларын, анын социалдык-экономикалык маселелерди чечүүдөгү натыйжаларын, айыл чарба өндүрүшүн өзгөчөлүктөрүн системалуу изилдөө жана жалпы эле кыргыз дыйканчылыгынын тарыхын окуп үйрөнүү негизги орунду ээлейт.

Бүгүнкү күндө айыл чарбалык өндүрүштү радикалдуу түрдө кайра түзүү - Кыргызстанда социалдык-экономикалык прогрессти камсыздоону көп улуттуу элдердин жашоо денгээлин жогорлатуунун негизги өбөлгөлөрү болуп саналаары бышык. Агрардык тармак экономиканын артыкчылыгын сектору болуп саналган, калкынын 65% тен көбү айыл жеринде жашайт. Кыргызстан сыяктуу агрардык өлкөдө жакырчылыкты кыскартуу түздөн-түз жер жана агрардык маселени чечүү менен байланышта экени белгилүү. Бул багытта алганда совет өкмөтүнүн агрардык саясатты күнгөй-тескей жактарын үйрөнүүнүн социалдык мамлекетти түптөө саясий-идеологиялык мааниси бар.

Изилдөөнүн 1917-24-жылдарды камтышы, бул мезгил Ата мекен тарыхынын эң татаал, карама-каршылыктуу доорлорунун бири болгону менен түшүндүрүлөт. Тарыхый процесстердин мүнөзүнө карата бул эки этапка бөлүнөт. Биринчи этап, 1917-20-жылдардагы бурулуш мезгилди камтыйт. Бул мезгилдин негизги өзгөчөлүгү катары мамлекетүүлүгүнүн жана агрардык өндүрүштүн большевиктик моделинин негизделишин, түптөлүшүн кароого болот, анын базалык негизде эгемендүүлүк жылдарына чейин өзгөрүүсүз калып келген. Экинчи этап “согуштук коммунизм” режиминин ордун жаңы экономикалык саясаттын жайылышын камтыган мезгилди кучагына алат.

Жаңы экономикалык саясаттык альтернатива менен коммунистик идеологиянын ортосунда курч карама-каршылыктар пайда болгон, доорду ретроспективдүү анализдөө айыл чарбасын социалисттик түзүү философиясы, агрардык өндүрүштүн деформациясын өнүгүү механизимдерин калыптануу булактарын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

1924-жылды тарыхта белгилүү болгондой мамлекеттик жиктелүү процесси жүрүп, Түркестан деп аталган мамлекеттик түзүлүштүн ордуна бир нече республикалар түзүлүп, биз изилдөө катары карап жаткан чөлкөм – Фергана өрөөнү Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын чектерине бөлүнүп кеткен.

Фергана өрөөнүн Россия империясына каратылгандан кийинки чейрек кылымга жакын убакыттагы саясий жана социалдык-экономикалык абалындагы олуттуу өзгөрүүлөрдүн болушу падыша өкмөтүнүн пландуу ойлонулган колониалдык саясаты менен байланышта экендиги белгилүү. Падышачылык өз оюн эффективдүү ишке ашыруу үчүн колониалдык чет жакаларда күчтүү административдик бийликке муктаж болгон. Империянын курамына акыркылардан болуп киргизилген Фергана өрөөнү Наманган, Анжиян, Маргалан, Кокон, Ош уездерин бөлүнүп, алар бир нече болуштуктардын башын бириктирип турган. Колониалдык иш аракеттерди уюштуруп жана аны жүзөгө ашырып туруу үчүн күчтүү аскердик башкаруу аппараты түзүлгөн. Фергана областындагы бийлик Түркстан крайынын башка айтмактарынан айырмаланган эмес. “Түркстандагы бийлик өзүнүн маани маңызы жана түзүмү жагынан да согуштук бийлик болгон. Бул Россия империясынын согуш министрлигинин перифериясы эле. Чөлкөмдү басып алууда колдонулган ошол согуштук аппарат басып алгангандан кийин түзүлгөн областарды башкаруу аппаратына айланган”. Күчтүү административдик башкаруу саясаты калыптанган соң колониалдык бийликтердин негизги максаты катарында метрополияда курчуп жаткан агрардык кризисти колониалдык чет жакалардын эсебинен чечүү мүдөөсү коюлган. Ошол себептүү XX кылымдын башында Түркстан чөлкөмүнүн айыл чарбасында, агрардык чөйрөсүндө жана жалпы эле социалдык-экономикалык абалында сезилээрлик өзгөрүүлөр болуп өткөндүгү маалым.

Түркстанды колониялаштыруу жергиликтүү агрардык өндүрүрштүн абалына күчтүү таасир тийгизген. Өндүрүштүк-экономикалык мамилелердин жаңы структурасын түзүү,

соода жана өндүрүш капиталынын пайда болушу айыл экономикасынын эффективдүүлүгүн жогорулашына, айыл чарбасынын товардуулугунун өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Бирок, колониалдык системанын агымындагымындай өзгөрүүлөр негизинен элге эмес, метрополиянын кызыкчылыктырына кызмат өтөгөн. Падышачылыктын агрардык саясаты Түркстанды Россиялык өнөр жайы үчүн сырьелук булакка айландыруунун стратегиясына баш ийген. Мындай кызыкчылыктарга көчмөн чарбалар үстөмдүк кылган Кыргызстандын айыл чарбасы да жооп берген.

Айыл чарбасынын колониалдык шарттагы өзгөрүүлөрүнүн түпкүлүктүү себептерине кайрылган тарыхчы Т. Кененсариев: “Кыргызстандын айыл чарбасы колониялык доордо казынага мүмкүн болушунча көбүрөөк рента алууну көздөгөн Россиянын агрардык саясатынын таасири аркылуу артта калган крайды акырындык менен дүйнөлук чарбанынын” айлампасына тарткан капитализмдин кеңири кулач жайып өнүгүш айдыңына да айкалыша баштаган. Товардык дыйканчылык өнөр жайлык мал чарбачылыгы телчип, ички рынок элементтеринин пайда боло башташы чарбаныны патриархалдуулугун, түнттүгүн бузуп, жаңы буржазиялык акяа – товар мамилелерин түзгөн капитализм миссиясын “мүнөздөп турат” деп баа берген [1]. Иш жүзүндөТүркстан крайында, анын ичинде Фергана өрөөнүндө азыноолак капиталисттик өндүрүштүн жаралышы экономикалык жактан прогрессивдүү мүнөзгө ээ болгону менен мындай көрүнүш Россиянын крайдагы бийлик ээлеринин башка колониалдык аймактардагыдай эле өрөөндүн көчмөн жана жарым көчмөн калкын чектен ашкан социалдык жана улуттук эзүү менен коштолгон.

Жергиликтүү калктын көп бөлүгү жашаган айыл чарбасын падышалык колонизацияынын оор кесепеттери көзгө урунган. Биринчи кезекте Түркстанда чарбалык пайдаланууга жарамдуу жерлер Россия мамлекетинин менчиги деп жарыяланган. Колониялдык бийликтержакшы жерлерди ээлеп алышкан.Алардын колуна 14млн.теше жер өткөн.Бул акция империянын башкаруучуларына жер-суу ресурстарын коллонизация процессин тездетүүдө пайдаланууга шарт түзгөн. Россиялык өнөр жайдын текстилдик, комволдук-нооту жана башка тармактарынын талаптарын канааттандыруу мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, падышалык админстрация колонизация боюнча негизги милдет катары жер пайдаланууну, айыл-чарба өндүрүшүнүн структурасын реформалоого киришкен. Салттуу жер пайдалануу, өзгөчө суу пайдалануу чарбалык турмуштун жаны шарттарына жооп бербеген эски үрп-адаттар менен аныкталгандыктан, жер-суу мамилелерин өзгөртүүгө дыйкандар да катышышкан. Мында аларда өзгөрүүнүн багыты, маңызы жөнүндө элестөө болгон эмес, бирок, алар жер жана суу пайдалануунун адилетүү болушун каалашкан. Көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылык райондорундагы колониялык реформаларда уруу башчыларынын көчмөн калктын чарбалык турмушундагы башкаруучулук ролун чектөө, тартип, салыктын өлчөмү, жайыттарды пайдалануунун шарттары, көчүү зонасынын чектери жөнүндөгү маселелер камтылган. Бирок, россиялык колонизациялоонун жүрүшүндө көчмөн жарым көчмөн калкты жашоого ыңгайсыз аймактарга көчүрүп салышкан,анын кесепеттери элдин психикалык жагдайына терс таасирин тийгизген.

Падышачылыктын агрардык саясатын ишке ашырыууда аймакта бийликти бекемдөө жана россиялык империянын кызыкчылыгында айыл чарбасын эксплуатациялоо үчүн максималдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатын көздөгөн эки милдет биринчи орунда турган. Аталган милдеттерди чечүүдө падышалык администрация жергиликтүү элге жер маселесин адилеттүү чечүүгө аракеттенип жатканда ислам динин урматтагандай көрсөтүүгө аракет жасаган.

Аймакты ээлеп алгандан кийин  падышачылык дароо эле элдин негизги байлыгы жерди Россия мамлекетинин менчиги деп жарыялаган, бирок, кийинки мезгилдерде бир топ жеңилдиктер берилген. Мисалы, жерге мурастык-үй-бүлөлүк ээ болуу адатын (салтын) эске

алып, колониалдык бийликтер көчмөн жана отурукташкан калкка жердин белгилүү бөлүгүн аренда шартында беришкен. Көчмөн калктар ээлеген мамлекетик жерлер да мөөнөтсүз коомдук пайдаланууга тапшырылган. Мурда Россия империясына караганга чейин эле жергиликтүү башкаруучулар (ири жер ээлери) дыйкандарга үлүштүк аренданын түрдүү шарттарында жерлерди берип турушкан. Эми, мурунку практикадан айырмаланып, бул жерлер арендаторлорго пайдалануу жана мурастык ээ болуу укугу менен бекитилген. Агрардык жана жер пайдалануу маселелеин караганда сот органдары кожоюндук документке эмес, жерди практикалык пайдаланууга таянышы зарыл болгон.

Ири жер ээлеринин (колонизацияны кабыл алышкан) жерлеринин кандайдыр гана бөлүгү кесилип, вакуф жерлери кыймылдаган эмес, алар диний институттардын карамагында калган. Бирок, жаңы вакуфтарды түзүүгө генерал-губернатордун чечими менен гана уруксат берилген. Андан тышкары вакуф жерлерин мамлекеттик пайдасына тартып алууга жана аны чектөөгө мүмкүн болгон.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында жер участокторун сатуу жана сатып алуу жайыла баштаган. Бирок, бул операциялар укуктук актылардын көптүгүнө улам узак мөөнөткө созулган. Өзүнүн жер саясатында падышалык өкмөт бир жагынан, жергиликтүү салттарды бузбай, жергиликтүү жер аритократиясын алсыздандырууну кааласа, экинчи жагынан дыйкандардын колониялдык администрацияга болгон ишенимин күчөтүп, аймакта бейпилдикти түзүүгө аракеттенишкен.

1886-жылдагы “Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү жобо” белгилүү деңгээлде Түркстандагы жер мамилелерин регламентациялаган. Бирок, жер маселеси кийинки мезгилдерде деле толук чечилген эмес. Жер иштетүүчү калктын негизги бөлүгүн юридикалык каттоонун анык эместиги, жерге жайгаштырруунун кыйынчылыктары агрардык чөйрөдөгү модернизация процессин артка тарткан.

“Жер жалпысынан мамлекеттик менчик деп аталышы менен, Жобонун 255-статьясында “Отурукташкан айыл калкына туруктуу түрдө укумдан тукумга өтүп келе жаткан, жергиликтүү салттын негизинде чектелген (айлак жерлери) жерлер бекитилип берилет”, – деп айтылган, бул жерге болгон менчикти жарым-жартылай таануу болуп саналган. Жерге жеке менчик мамиле жөнүндөгү маселенин жарым-жартылай чечилиши өкмөттүн жерге болгон жергиликтүү жеке менчикке чек коюу жана аны жоюу боюнча курсун юридикалык жактан бекемдеп, жаңы капиталистик жер ээлигин акырындап өөрчүтүү күн тартибинде коюлганын айкындайт.Мүлк артыкчылыгы жоюлган.Ал эми вакуф жерлери мурдагыдай кала берген”[1., 264-б.].

Ошондой эле, “отурукташкан калктын эгин аянттарынын хараж салыгы алынып, бак-дарак, мөмө-жемиш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерлерге танаптык салык салынып турган. Бул боюнча танаптык салык оброк салыгы деп аталып, жердин иштетилген же иштетилбегендигине карабастан айдоо аянттарынын бардыгынан салык алынган” [2., 275-б.]. Жер салыгын отурукташкан калктын 98%ке жакыны төлөгөн.

Фергана тоолуу аймактарында жашаган көчмөн жана жарым көчмөн калкынын түтүн салыгы салынган.Түтүн салыгы бүтүндөй айылга салынгандыктан жүздөгөн танап жерлерге жана жүздөгөн төрт түлүккө ээ байлар да кембагалдар менен бирдей эле алынган. “Айрым жерлерде көчмөн калктын отурукташууга өтүүсү менен түтүн салыгы ага караганда бир топ оорго турган жер салыгы менен алмашылган.Мындан сырткары калк өлчөмү мамлекеттик салыктардан бир топ жогору болгон жамааттык жыйымдарды да төлөшкөн” [3].

Түркстандагы агрардык мамилелердин мүнөзүнө падышачылыктын Борбордук губерниялардан орус дыйкандарын Түркстанга көчүрүү саясаты белгилүү таасир тигизген. Андыктан, көчүрүү оторлоштурулган аймакты колонияга айландыруу жөнүндөгү программанын составдык бөлүгүн түзгөн жана аймактагы метрополиянын крайдагы

позициясын бекемдеп, империялык режимдин күчтүү социалдык таянычын түзүүгө умтулган [4].

Мындай саясаттын башында Россиялык саясий жана мамлекеттик ишмер П.А. Столыпин (1862-1911-жж.) турган. 1906-жылы ал өлкөнүн ички иштер министри жана бир эле убакта Министирлер Советиинин төрагасы да болуп турган. Революциянын тажрыйбаларына таянып ал агрардык реформа жүргүзүп падышачылыктын кыштактарындагы социалдык таянычын реформалап, кулактардын санын көбөйтүүнү каалаган. Ошол себептүү анын саясиий курсу “Столыпиндик агрардык реформа” деген ат менен тарыхта кирген. Аталган реформа падышанын 1906-жылдын 9-ноябрындагы жардыгы менен башталып Убактылуу өкмөттүн 1917-жылдын 28-июнундагы токтому менен токтотулган. Реформанын рычагы дыйкандарды жерге жайгаштыруу отурукташтырууда болгон. Андыктан, Столыпиндин реформасы борбордук губерниялардагы тынчы жок дыйкандарды улуттук чет жакаларга көчүрүү менен капитализмдин кеңири өнүгүүсүн камсыз кылуу максатын көздөгөн.

XIX кылымдын 80-жылдары падыша өкмөтү чет жакаларда келгиндерден социалдык таяныч түзүү максатында колунда бар атуулдарды жиберишсе, XX кылымдын башында өз алдынча келген дыйкандардын саны көбөйүп кеткен. Ошол себептүү падыша өкмөтү оторлоштурууга көз карашын өзгөртүп, империяны агрардык кризистен чыгаруучу жол катары карап, Түркстан аймагына дыйкандардын жакыр бөлүгүн жиберүүнү күчөткөн.

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында уюмдашкан жамаатык өз алдынча көчүүлөр массалык мүнөзгө ээ болгон. 1896-жылы 178400 көчүрүлсө, 1906-жылы 619миң адам көчүүгө мажбур болгон [5].

Бүгүнкү күндө айыл-чарбалык өндүрүштү радикалдуу түрдө кайра түзүү – Кыргызстанда социалдык-экономикалык прогрессти камсыздоонун көп улуттуу элдердин жашоо деңгээлин жогорулатуунун негизги өбөлгө болууда. Анткени, дале болсо жерге, эмгекке, менчикке карата чечкиндүү өзгөртүүлөр толук киргизиле элек, рынок механизми, стимулдар өнүгө албай жатат, башкаруунун эски принциптери кээ бир жагдайларда деле басымдуулук кылууда. Ошол негативдүү көрүнүштөрдүн булагы социалисттик айыл-чарбасынын негиздерин түптөгөн Октябрь революциясынын алгачкы жылдарына таандык. Ушул жагдайда мезгилдин тарыхына кайрылып, социалдык-экономикалык көрүнүштөрдүн таап, изилдөө илимий-практикалык мааниси актуалдуу проблемага айланып отурат.

Жер жана агрардык саясаттын туура багыты жана эффективдүүлүгү гана өлкөбүздүн калкынын жашоо деңгээлин жакшыртууга, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга жана жалпы эле социалдык көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өбөлгө болоору бышык. Андыктан, советтик агрардык саясаттын сабактарын үйрөнүүнүн учурдагы жакырчылык менен күрөшүүдө тарбиялык мааниси да зор болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кененсариев Т.К. Кыргызстан Россиянын курамында // Кыргызстандын эң байыркы мезгилден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы. Б., “Сорос фонду”, 1998. – 264-бет.
2. Осмонов О.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Б., 2003. 275-б.
3. Сапелкин А.К. К истории феодализма в Киргизии в конце XIX– нач. XX веков. Ф., 1968.
4. Переселение и землеустройство в Азиатской России: Сборник Законов и распоряжений (сост. В.В.Вощинин). Пг., 1915. – С. 73.
5. ЦГА РУз, ф. И-1, оп.11 д.708, л.162.

УДК:316.7 (575) (043.3)

# ҮЙЛӨНҮҮДӨ НЕГИЗГИ КАРМАЛУУЧУ ШАРТТАР ЖАНА НИКЕНИН ТЫЮУ САЛЫНГАН ТҮРЛӨРҮ

Заидов А.М.[1]
[1]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

**Анатоция**

Аталган макалада түштүк кыргызстандын үйлөнүүдөгү негизги кармалуучу шарттар жана никенин тыюу салынган түрлөрү боюнча маалымат берилип, анын себеп-натыйжасы да көрсөтүлүп, түпкү салттык жүрүм-турум маданият менен азыркы учурдагы анын актуалдуулугу макаланын өзөгүн түзүп берет. Ошондой эле кыз ала качуу кыргыз салты эмес, а балким анын чыгуу себеби жана коомдун кабыл алуусу боюнча маалымдап, ага карата көрүлгөн жазанын түрлөрү жөнүндө да ачыкталган. Дегинкиси, аталган теманы ар тараптан ачыктап, салттык жүрүм-турум эрежелерди азыркы жашоо-турмушка киргизүүнүн артыкчылыктарын аныктайт.

**Ачкыч сөздөр:** үй-бүлө, жүрүм-турум эрежелери, салт, кыргыз, эл, нике, куда, бала, тарбия.

# ОСНОВНЫЕ УСЛОВИЯ БРАКА И ЗАПРЕЩЕННЫЕ ВИДЫ БРАКА

Заидов А.М.[1]
[1]Ошский государственный университет, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье представлена информация об основных условиях заключения брака на юге Кыргызстана и о запрещенных видах брака, его причинах и последствиях, его актуальности для традиционной культуры и современности. Также было выявлено, что похищение невесты является не кыргызской традицией, а скорее причиной ее возникновения и восприятия обществом, а также видами налагаемых на нее наказаний. В целом подробно раскрывает тему и выявляет преимущества реализации традиционных правил поведения в современной жизни.

**Ключевые слова:** семья, правила поведения, традиции, кыргызы, народ, брак, свекровь, дети, воспитание.

# MAIN CONDITIONS OF MARRIAGE AND PROHIBITED TYPES OF MARRIAGE

Zaidov A.M.[1]
[1]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article provides information on the main conditions for marriage in the south of Kyrgyzstan and on the prohibited types of marriage, its causes and consequences, its relevance to traditional culture and modernity. It was also revealed that bride kidnapping is not a Kyrgyz tradition, but rather the reason for its emergence and perception by society, as well as the types of punishments imposed on it. In general, it reveals the topic in detail and reveals the advantages of implementing traditional rules of behavior in modern life.

**Key words:** family, rules of conduct, traditions, Kyrgyz people, marriage, mother-in-law, children, upbringing.

Кыргыз эли эзелтен бери нарктуу эл болуу менен, өзгөчө каада-салттарды кастарлаган эл болгону белгилүү. Кыргыз элинин салты этнос катары калыптанган байыркы мезгилден бери мыйзам ченемдүү түрдө жашоо-турмушубузда жашап келе жатат. Адамдын аң сезими өсүп, менталитети көтөрүлүп, айлана чөйрөгө жана бири-бирине мамилелердин жаңы кырлары ачылган сайын ар бир доор, коомдук баскыч турммушка өз “изин” түшүрүүгө аракеттенет. Энелик доордон аталык доорго өтүү таптакыр башка көз

караштардын жыйындысын жаратты. Бул албетте, элдин каада-салтына, ырым-жырымдарына белгилүү деңгээлде өзүнүн таасирин тийгизди. Мууңдан-муунга, укумдан-тукумга сакталып келе жаткан бабалардын салты канчалык туруктуу болсо да мазмуну менен формасы жагынан элдин тарыхый басып өткөн жолунда көптөгөн өзгөрүүлөргө, жаңыланууларга дуушар болду...[1, 72-б.] бул процессти кенен ачыктоонун да кажети жок деп билем. Анткени, чындыгында заман менен закымдап, кыргыздын салттуу жүрүм-турумдары өзгөрүүгө душар болуп келе жатат. Сөзүм куру болбош үчүн айта кетсем, негизи эле кыргыздардын салттык турмушунда некелешүүнүн айрым бир түрлөрүнө таптакыр тыюу салынган. Алсак, бир уруунун ичинде белгилүү бир муун алмашпайынча кыз алып, кыз беришкен эмес. Ошондуктан кыргыздарды “кыз алышкан тууган”, “кыз алышпаган тууган” деген түшүнүк болгон. Адат боюнча бир уруунун ичинде жети ата өтмөйүнчө кыз алышпаган салт болгон [2, 19-б.]. Ал эми азыркы учурда кандай болуп жатат? Башкысы эки жаш бири-бирин жакшы көрсө же кээ бир учурда “каттообуз жакшырат” деген түшүнүк менен туугандар бири-бирине кыз берип жатпайбы? Макул бул боюнча буйруса дагы кайрылабыз...

Кыргыздардын салттык турмушунда үйлөнүү бел куда (карын куда), бешик куда, кайчы куда жана бойго жеткен кыздарды кудалоо жолдору аркылуу ишке ашып келген. Баласы бойго жеткен ата-эне айыл арасынан, тууган-туушкандарынан сураштырып баласына ылайыктуу кыз караштыра баштаган. Алардын колукту тандоосунда көпчүлүк учурда «катын албай кайын ал» деген принцип кармалып, мында кыздын жеке сапаттарынан тышкары болочоктогу келиндин ата-энесине, ата-тегине, уруусуна да өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Ошондон улам кыргыздарда «ата даңкы менен кыз өтөт, соодагер даңкы менен бөз өтөт», «кедейдин кызын көрк алат, байдын кызын даңк алат» деп айтып коюшкан. Чынында, эле өзгөчө бул боюнча информаторлордун бирөөсүнүн айтымында, “Мен деген миң башынын кызын алгам” же “Менин чоң атам миң башы болгон” деп айыл жергесинде гана эмес, алыскы аймактарга айтылып, натыйжада атайын келип ошол миң башынын урпактарынан кыз алып куда болгон учурларда болгонун маалымдайт.

Никелешүү көпчүлүк учурда «тең-теңи менен» деген принципте бир социалдык катмардын ичинде, тактап айтканда, манап менен манаптардын, бай менен байлардын, кедей менен кедейлердин ортосунда жүргүзүлгөн. Информатор Ирискулова Рапиянын (Өзгөн району, Куршаб айылы, уруусу катаган, 58 жашта) айтымында аймактарга өзгөчө бешик куда болгон учурларда кездешет. Мында Базарбай аттуу жигитке жаш кезинде эле (бешиктеги убакта) анын ата-энеси кыз тарап менен макулдашып, кийинчерээк болсо сырга да салып койгон болот. Анын аралыгында бойго жеткен сайын бата жүргөн кыз же болуп кеткен кыз деп бир нече чектөөлөр да болгон. Кийинчерээк аталган эки жаш баш кошот. Мындай учурлар калың достордун же биз жогорудагы айтып жаткан “тең-теңи менен” деген принципке дал келген социалдык катмардын өкүлдөрүнүн арасында көп кездешери бышык.

Кыргыздардын салттуу турмушунда кыз ала качуу өтө сейрек кездешип, үйлөнүүнүн мындай түрү коомчулук тарабынан өтө терс кабыл алынган. Информаторлордун маалыматы боюнча кыз ала качуу уруктардын же уруулардын ортосундагы катуу кагылышууга, чабышууга, кээде эр өлтүрүүгө чейин алып келген. Аталган маалыматты С.М. Абрамзондун төмөнкүдөй билдирүүсү бышыктайт: “Кыз ала качууну салыштырмалуу сейрек колдонушкандыгынын негизги себеби, ушунун негизинде келип чыккан жаңжалга эки тараптын тең туугандарынын жана туушкандардын кеңири чөйрөсү тартылып, кээде оор кесепеттерге алып келген уруктук араздашуулар келип чыккан” [3, 161-б.]. Ала качуу көпчүлүк учурда кыздын макулдугу менен иш жүзүнө ашырылган. Ала качып келген кызды туугандары келип кайра тартып кетсе, ала качкан жигит жана анын туугандары үчүн өтө уят иш болуп эсептелген. Ошондуктан ала качып келген кызды баланын кадырлуу туугандарынын биринин үйүнө кийриген. Адатта иш эки жактын жарашуусу менен

аяктаган. Бирок, XX кылымдын 2-жарымынан XXI кылымдын баш ченинде кыздар ала качуунун курмандыгы болушту. Бул көрүнүштү жоюу үчүн мыйзамга өзгөртүү киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1998-ж., № 7, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

154 жана 155-статьялар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

154-статья. Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүүгө мажбурлоо

(1) Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүүгө мажбурлоо жүздөн беш жүзгө чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндөгү айыпка же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат.

(2) Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүү үчүн ала качуу, беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(КРнын 2013-жылдын 25-январындагы №9 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

155-статья. Аялды никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн аны ала качуу же анын никеге турушуна тоскоолдук кылуу

(1) Аялды никеге турууга же никелешип чогуу жашоону улантууга мажбурлаганда, ошого тете аялдын никеге турушуна тоскоолдук кылганда – жүздөн эки жүз чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндөгү айыпка же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат.

(2) Анын эркине каршы никеге туруу үчүн аялды ала качканда беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат [5, 54-б.]. Демек, кыз ала качуу бир чети кыргыздын салттуу жүрүм-турмунда да сейрек кездешүүчү анда да себеп-найтыйжасын ошондой эле келип чыгуусун баса белгилеп жогору жакта баяндап кеттик. Ал эми азыр болсо КРнын мыйзамы менен конкреттүү түрдө ага карата колдонуучу жазанын жараяны жөнүндө сөз болду. Ошондуктан кыз ала качуу жалпы коомчулук тарабынан терс кабыл алынган жана көпчүлүк коомдук пикир жаратуучулар айткандай кыргыз салты болгон эмес.

Ал эми, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында кыргыздардын салттуу коомунда никелешүүдө төмөндөгүдөй шарттар кармалган:

- никенин төмөндөгүдөй түрлөрүнө тыюу салынган: биринчиден, уруунун ичинде белгилүү бир муун алмашмайынча. Ал ар урууда ар кандай деңгээлде сакталган. Экинчиден, эмчектешине жана асыранды балага. Алар бир тууган деп эсептелген. Үчүнчүдөн, куда-кудагыйлардын ортосундагы никеге. Төртүнчүдөн, өгөй ата-энесине жана алардын балдарына. Бешинчиден, күйөө баланын бир тууган кайын эжесине үйлөнүүсүнө. Салт келинчеги каза болсо, бир тууган балдызына баш кошууга уруксат берген. Бирок, бир тууган эже-сиңдини күнүлөш кылууга болгон эмес;

- үйлөнүү негизинен кудалоо жолдору аркылуу жүзөгө ашырылып, ала качуу ыкмасы өтө сейрек кездешкен. Кыз ала качуу коомчулук тарабынан өтө терс кабыл алынган жана бүгүнкү күндө айрым маалымат каражаттарында айтылып жүргөндөй, ал кыргыздардын салты болгон эмес;

- куда күтүүдө «катын албай кайын ал» деген принцип сакталган. Албетте, мында куда тараптын социалдык абалы жана тектүүлүгү эске алынып, кийинки турмуш жолунда, өзгөчө эл оозунда кепке калбоо максатында, дегинкиси ар-намыс маселеси да роль ойногон десек болот.

- жубай тандоодо чечүүчү роль ата-энеге таандык болгон. “Ата-эне ыраазы Кудай да ыраазы” дегендей бир чети ата-эненин ыраазычылыгын алуу жана ошондой эле көптү көргөн, ары турмуштук тажрыйбага ээ болгон ата-эненин айткан кеңештери чынында баалуу да болуп саналат.

- дээрлик көпчүлүк учурда кудалашуу бирдей социалдык катмардагы адамдардын ортосунда ишке ашырылган.

Кыргыздардын салттуу турмушунда көп аял алуучулук өкүм сүрүп, мындай мүмкүнчүлүктү көпчүлүк учурда коомдун бай катмары гана ишке ашыра алган. Бай кыргыздардын жана коомдо кадыр-баркка ээ болгон манаптардын тукумдарынын арасында экиден төрткө чейин, кээде андан көп аял алгандар кездешкен. Азыркы учурда бул, албетте туура эмес көрүнүш, үйлөнгөндөр да жок.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз үй-бүлөсүндө үйлөнүүдө негизги кармалуучу шарттардын азыркы учурда да актуалдулугунун барлыгын айкым келет. Анткени, ошол жогорудагы аталган жүрүм-турум маданиятын сактабагандыктан улам канчалаган эже-карындаштын тагдыры талкаланды. Ошондой эле уруулар аралык же кандаш туугандардын никесине тыюу салынганына карабастан турмуш курган үй-бүлөлөрдө мүмкүнчүлүгү чектелген нечендеген балдар төрөлүп, бүтүндөй коомчулуктун камкорчулугуна жана маселесине айланып жатат. Демек, эч кур дегенде үй-бүлө кургандагы салттуу жүрүм-турум маданиятын колдонуу жана муундан-муунга туура өткөрүүнү колго ала турган болсок, өз үй-бүлөбүздүн бакубат ары дени сак болуусуна кам көргөн болот элек.

## Колдонулган адабияттар:

1. Акматалиев А.. Балдарга арналган ырым-жырымдар, үйлөнүү үлпөт салты жана ыры. Бишкек 2015-ж. 144 б.
2. Молдокулова Д. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы) Бишкек-2016. 150 б.
3. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы бонча тандалма эмгектер / С.М. Абрамзон . – Бишкек : “Кыргызстан Сорос” фонду, 1999. – 896 б.
4. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси. Бишкек: 141 б.
5. Молдокулова Д. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы). Бишкек-2016. 150 б.

**УДК: 37.018.11**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭТНОСТОР АРАЛЫК САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕР

Калиев А.С.[1]
[1]Илимий- изилдөө медициналык-социалдык институту, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын эгемендик доорундагы этностор аралык мамилелер, конфликтер. саясий процесстерге саясий анализ берилди.

**Ачкыч сөздөр:** этнос, этникалык топ, этностор аралык мамиле, өнүгүү пландары, конфликт, идеология, мамлекет, конституция, социалдык коом, жарандык коом, Ассамблея, туруктуулук.

## МЕЖЭТНИЧЕСКИЕ ПОЛИТИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

Калиев А.С.[1]
[1]Научно-исследовательский медицико-социальный институт, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В этой научной статье анализированы межэтнические отношения, конфликты в период независимости Кыргызской Республики, а также дано политический анализ политических процессов.

**Ключевые слова:** этнос, этническая группа, межэтнические отношения, планы развития, конфликт, идеология, государство, конституция, социальное общество, гражданское общество, Ассамблея, стабильность.

## INTERETHNIC POLITICAL PROCESSES IN THE KYRGYZ REPUBLIC

Kaliev A.S.[1]
[1]Scientific-Research Medical-Social Institute, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article has Interethnic relations, conflicts in the period of independence of the Kyrgyz Republic, a political analysis of political processes was given.

**Keywords:** ethnos, ethnic group, interethnic relations, development plans, conflict, ideology, state, constitution, social society, civil society, Assembly, stability.

Кыргыз Республикасынын калыптануусундагы социалдык-саясий өзгөрүүлөр менен этностор аралык мамилелер да ааламдашуу доорунда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө коштолуп келет. Тарыхый-саясий өнүгүү бир канча этностун өкүлдөрү жашаган аймактардагы аспектилердин бири катарында этностор аралык мамилелер саясий тараптан курчуп келет. Илимий-техникалык прогрестердин өсүүсү менен социалдык саясий мобилдүүлүк жана коммуникация жогорулап, социалдык тармактар да жалпы жарандардын тынч жашоо образын өзгөртүп, өз алдынча аракеттенүү менен багыт алуусуна алып келди. Ошондой эле карама-каршы тенденцияны пайда кылды. Азыркы учурда дүйнө жүзүндө эки миңден ашык этностун түрү белгилүү, ал эми Кыргызстандын аймагында 80 ден ашык этностук топтордун өкүлдөрү жашаары маалым [3]. Геосаясий ааламда жашаган кыргыз коомчулугу да коомдук-саясий багыттарын аныктап, этностор аралык мамилелер менен байланыштарды позитивдүү чечүү үчүн өнүгүүнүн перспективдүү моделдерин тандап келет.

Кыргыз Республикасында эгемендүүлүктүн башталышы да дал ошол түштүктө болуп өткөн 1990, 2010-жылдардагы этностор аралык кагылышуунун каргашалуу окуяларына тушташ келген. Дал ушундай этностор аралык конфликтердин Кыргызстанда кайталангандыгы тарыхый реалдуу саясий көрүнүш болуп келет. Андыктан эгемендик мезгилиндеги өлкөдө орун алган этностор аралык конфликтерди алдын алууга жана жөнгө салууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын иш аракеттерин саясий изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири десек болот.

Акыркы жылдары этностор аралык конфликтер камтыган географиясы кеңейип келе жаткандыгы өкүндүрөт. Этностор жана конфессиялар аралык конфликтер жаңы мамлекеттерди өз кучагына тартып дүйнөлүк аренадагы деструктивдүү тышкы күчтөрдүн бар экендигин далилдейт. Тилекке каршы бул күчтөр мамлекеттерди алсыратып, башаламандыкты уюштуруу менен ресурстарды кайрадан бөлүштүрүүгө аймактарда туруксуздукту уюштурушууда.

Туруксуздук менен конфликтердин башатында этностор жана улуттар аралык мамилелердин бузулуусу турат. Мындай маселеге Россия Федерациясынын президенти В.Путин 2012-жылдын январь айында массалык маалымат каражаттары аркылуу берген маегинде: “Улутчулдук бул диний көз караштын негизинде калыптанган куугунтуктоо аркылуу эң радикалдуу топтор менен агымдардын идеологиялык негизи болуп келет. Ушундай көрүнүштөр мамлекеттерди алсыратат жана талкалап, коомду жок кылууга багыт алып барууда”, [15] – деп ачык токтолгон.

Ал эми “Эл аралык толеранттуулук” фондунун директору Р.Кадырова Кыргызстандын түштүк аймагы конфликтогендик көрсөткүчтөрү жогору деп билдирген. Профессор Дж.Омукеева түштүктөгү этникалык азчылыктар чөйрөсүн изилдеп [7], этникалык топторго мамлекет тарабынан көңүл бурулбагандыгына токтолуу менен жарандык коомдук институттарды өнүктүрүү зарылдыктарыны белгилеген.

Этностор аралык байланыштардын примордиалисттик, конструктивисттик анан инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн. Этностордун, улуттун (нациянын) түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностук топтун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат. Кыргыз Республикасында эгемендик мезгилинде болуп өткөн демократиялык саясий процесстер: 2005, 2010-жылдагы саясий төңкөрүштөр жана 2010-жылдагы кыргыз-өзбек этностор аралык конфликтер [8, 239-б.], мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик 2021-жылда кайрадан президенттик башкаруу системасын кабыл алуусу жана парламентаризм тажрыйбалары этностор аралык мамилелерди туруктуу өнүгүүсүнө негиз болуп келет. Саясий партияларга этностук азчылыктарга квоталарды шайлоо кодексине киргизилген. Кыргыз жаранынын калыптануу концепциясы кабыл алынган. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда ич ара кызматташтыктарды өркүндөтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуу тажрыйбасын колдонуу маанилүү.

“Этнос” же “этностук жалпылык” түшүнүгүн кандайдыр бир аймакта жашаган адамдардын тарыхый калыптанган туруктуу тобу, уруу, калк катары карасак болот. Этностун пайда болушуна аймактык, тилдик жалпылык негизги шарт түзүп, кийин анын башкы белгилери катары эсептелет. Этностордун калыптанышында диний ишенимдер менен расалык жалпылыктар да көмөкчү шарт болгон.

Негизи этностор өз ара тилдик, каада-салттык, диндик, маданий, менталитеттик гана айырмачылыктар болбостон кылымдар бою бирге жашап, окшош жашоо образын кечирип бирдей укук жана милдеттерге ээ болушат. Кээде кызыкчылыктары, керектөөлөрү макул келбей, массалык баш аламандыкка, кандуу кагылышка, этностук жиктешүүгө, барышкан учурлар кездешет. Болуп өткөн саясий окуялардан сабак албастан өз башыбыздан кечирип

мамлекеттин ичиндеги саясий мамилени жайгара албай жатканыбыз өкүндүрөт. Андыктан, этностор аралык конфликтерди илимий чөйрөдө изилдөө менен этностор аралык байланыштарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн анализдөө зарыл. Миллиондогон адамдардын жер которуусуна, ач калуусуна жана өлүмүнө себепчи болгон этностор аралык жана диндер ортосунда чыккан куралдуу конфликтер, XX кылымдын аягы менен XXI кылымдын алгачкы жылдарында жер жүзүнүн жалпы трагедиясына айланды.

Этностук көйгөйлөр окумуштуулардын изилдөө объектисине айланып, ар түрдүү теориялык моделдер сунушталган. Тактап айтсак, тарыхый, социологиялык, философиялык, конфликтологиялык, демографиялык, психологиялык, саясий, этносаясий жана башка багыттарда изилдөөлөр уланып келет.

Этникалык тайпа түшүнүгүн алгачкы болуп М. Вебер "түпкү теги физикалык тиби, салт санаасы, колония же миграциялык абалы, субъективдүү ишеними аркылуу аныкталуучу адамзаттык жалпылык" [12, 389-б] деп аныктап, түпкү тегине болгон ишеним жана жалпы салт-санаасы, этностук топко таандык колонизация менен миграция жөнүндө сөз болуу менен өздөрү жашап жаткан тарыхый мекенинен биротоло жер которуп кетип башка мамлекеттердин чегинде баш калкалап отурукташып калгандыгын белгилейт.

Ал эми академик Ю.В.Бромлей этностордун этникалык белгилерин үчкө бөлгөн: "маданиятынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, этностордун тили жана психикасы, өздүк аң-сезими жана өздүк аталыштары. Муундан-муунга берилип келген тил, жашоо, маданий өзгөчөлүк этностордун көп кылымдык жашоосун шарттайт" [2, 57-58-б.]. Дал ушул пикирге ылайык комплекстик этникалык касиет же ядросу деп саналат десек болот. Улуу Британия жана Америка Кошмо Штаттарынын окумуштуулары этнос терминин дээрлик колдонушпайт. Маданий иденттүүлүк түшүнүгү жана синонимдери катары эсептелип келинет.

1990-жылдагы Оштогу кандуу окуянын себептерин изилдөө максатында философия илимдеринин доктору, профессор А.Б.Элебаеванын [10, 19-б.] жетекчилиги менен социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Этностук чыңалуунун айрым себептери анализденген. Ушундай эле баалуу материалдар улуттук коопсуздук кызматынын ошол кездеги кызматкери Талант Разаковдун эмгегинде каралгандыгы да белгилүү.

Этностор аралык мамилелер жетимиш жыл союздун курамында тоталитардык идеологиялык көз караашта жашаган Кыргызстан калкы саясий чөйрөнүн өзгөрүүсүндө бир топ кыйынчылыктарга, түшүнбөстүктөргө туш келген. Жаңылануу багытында акыл-эс жана салмакташтырылган саясат жүргүзүү биринчи орунда белгилеген. Баарыбызга маалым болгондой кыргыздардын менталитетинде топ-тобу же жамаатташып жашоо өнүгүп келгендиги да тарыхый көчмөндүүлүктүн белгиси себеби жалгыз-жарымдап (индивидуалдуу) жашоо мүмкүн эмес болгон. Мындай топтордогу жашоо образдар, Орто-Азиядагы кыргыз, казак, тажик, түркмөн, өзбек калктарына таандык болгон жана улуттук мамлекеттердин түзүлүшүнө Россиянын улуттук мамлекеттерге бөлүү жана башкаруу абдан ылайыктуу болгондугу белгилүү.

Мамлекетте этностор аралык конфликтерди жөнгө салуу же конфликтен кийинки кырдаалды жайгарууда Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар (ӨЭУ) иштеп келет. Ал уюмдар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин ратификациясынан өткөндөн кийин кыргыз жеринде өз ишмердүүлүгүн жүргүзө алышат. Мамлекеттин өнүгүү концепциясына ылайык саясатын ишке ашыруу этностор аралык мамилелердин, байланыштардын бекемделүүсүнө да шарт түзүп келет. Союздук мамлекеттердин эгемендикти алуусу менен карамагында көптөгөн аймактардагы этностор аралык конфликтер ачыкка чыгып жогорулады. Алардын көпчүлүгү аягына чейин чечилген жок азыркы күнгө чейин уланууда.

Демократиялык процесстер, өкмөттүк эмес уюмдардын таасирлери Кыргызстандын бардык аймактарынын калкынын саясий көз карашын түп тамырынан өзгөрттү. Коомдогу

бардык өзгөрүштөргө, жаңылыктарга терең түшүнүү менен карап, ар бир этникалык жарандар өз тагдырынын ээси болуп калды деген тыянакка келүүгө али эртерээк. Кыргызстандын ар кайсы аймактарында Эл аралык уюмдардын буту баса элек, ӨЭУ эмне экенин толук кандуу түшүнбөгөн канчалаган айыл кыштактар бар [9, 142-б.] экендиктери белгилүү болгондугуна карабастан, тоо зоналарындагы айыл кыштактарда аталган уюмдары же алардын ишмердүүлүктөрү жөнүндө маалыматтар жокко эсе.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө конфликтердин алдын алуу жана тынчтык куруу боюнча “Эл аралык толеранттуулук фонду” 1996-жылдан бери өз ишин баштаган. 1998-жылы “Эл аралык толеранттуулук фонду”нун кеңсеси Кыргызстанда ачылган [7]. Этностор аралык конфликтерди алдын алуу, жөнгө салуу, конфликтен кийинки кырдаалды жайгаруу багыттарында бир канча Эл аралык жана жергиликтүү ӨЭУ иштейт. Алар “Кризис борборунун ассоциациясы”, “Эл аралык толеранттуулук фонду”, “Калктын укугун коргоо фонду”, «Жарандык коомду колдоо борборлорунун ассоциациясы», «Кызыл жарым ай» коому, “Кылым шамы”, “Справедливость” “Элет”, “Аймира”, “Алга”, “Сайит Ата” коомдук уюмдары ж.б. кирет.

Кыргыз Республикасынын коомдук турмушу жана ӨЭУдын активдүүлүгү бардык тармактарда – социалдык, чарбалык, гуманитардык, укук коргоо жана саясий процесстерде иштеп келишет. Башка тармактарда да саясий ишмердикти бөлүп кароо туура эмес. Анткени жарандык коомдун турмушу ар дайым саясий социалдык чөйрө менен тыгыз байланышта болоору белгилүү.

Кыргызстан калкы үч саясий төңкөрүштү баштан кечирүү менен тажрыйба көрсөткөндөй, ӨЭУдар булардын булагы да, катышуучусу да болгон жок. Кыргызстанда саясий төңкөрүштөр бийликтин мыйзамсыз аракеттери менен коррупцияланган кырдаал жана шайлоо процесстери жакырданган элдин көтөрүлүштөрүнө түрткү болгон. Мурдагы президенттер да ӨЭУдын бийлик саясатынын тигил же болбосо бул катачылыктарын көрсөткөнүн угууну каалаган да эмес, эгерде аны өз убагында угуп, жооп берип, жөнгө салуу аракеттерин көргөндө Кыргызстан эволюциялык жол менен стратегиялык туруктуу өнүгүүгө багыт алмак.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылы административдик функционалдык реформалардын алгачкы этабын кабыл алып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары ЖӨБО) институттарынын системасын күчөтүүгө негиз болгон. Мындай баскычта облacттык мамлекеттик администрация менен облacттык жана райондук кеңештер жоюлган. ЖӨБОнун укуктук негиздерине өзгөртүүлөр кирген. Мамлекеттик органдар менен ЖӨБОнун аткарган милдеттери, ыйгарым укуктарын чектеп бөлүштүрүүгө карай алгачкы кадамдар жасалган. Ал эми, 2007-жылдагы 2 баскычтуу бюджеттик системаны кабыл алуу, муниципалитеттерге жергиликтүү бюджетти көтөрүүгө жана максаттуу иштетүүгө, социалдык - инфраструктураны өнүктүрүүгө мамлекеттик жана муниципалдык ресурстарды жергиликтүү кеңеш бөлүштүрө баштаган [7].

Кыргызстан элинин Ассамблеясы түзүлүп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан көтөрүлүп, “Этностук саясат жана коомду баш коштуруу концепциясы” менен “Мамлекеттик улуттук саясат Концепциясы” ишке ашыруу максаты иштелип чыккан.

Улуттук коопсуздук Концепциясынын укуктук негиздерин Кыргыз Республикасынын Конституциясы түзөт. 2011-жылдын 18-январында №8 “Кыргыз Республикасынын коргонуу кеңеши жөнүндө” жана 2011-жылдын 29-ноябрындагы №225 “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук жөнүндөгү” кабыл алынган мыйзамдар бар. Алардан сырткары улуттук коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндө мыйзамдуу күчүнө кирген Эл аралык келишимдер да иштейт. Жарандуулук жарандын улуттук өзгөчөлүгүн четке какпайт жана ошол этностордун маданиятында, тилинде, салт-санаасында кайсы бир этноско, улутка, этникалык тайпага мүнөздүү улуттук спецификалык өзгөчөлүктөр жатат. ЖӨБО

этностор аралык конфликтердин алдын алууга, токтотууга, жөнгө салуу менен этностор аралык мамилелерди байланыштарды жакшыртууда ар дайым Эл аралык кабыл алынган укуктук нормаларга негизденебиз. Жергиликтүү жамаат өз жеринде көйгөйдү жана аны чечүү жолдорун да жакшы билүү менен кызматташууга кызыктар. Андыктан этностор аралык байланыштар менен мамилелерди бекемдөөгө бириктирүү аркылуу багыттоо аймактардын туруктуу өнүгүүсүнө алгылыктуу шарт түзөт.

Кыргыз Республикасында да этностор аралык мамилелер менен дүйнөлүк тенденцияны эске алып, саясатын өзгөртүүгө жетише алган жок. Этностор менен конфессиялар аралык мамилелердин бузулушу жана курчушу, дүйнөнүн көп мамлекеттери үчүн учурдагы башкы коркунучтардан болуп саналат. Бул көрүнүштөр дээрлик өлкөлөр менен Эл аралык уюмдар тарабынан таанылган. Этностор аралык конфликтерге кызыктар болгон саясий да финансылык да топтордун бар экендиги бир катар өлкөлөрдүн белгилүү саясатчылары тарабынан массалык маалымат каражаттарына жазып чыгышкан. Кыргызстанда социалисттик коомдогу улуттун көрсөткүчтөрү болгон территориясы же биримдик багытындагы маселесине көңүл буруу учур талабы. Кээде “түндүктөн” же “түштүктөн” деген географиялык бөлүнүүлөрдү бир чала сабат саясатчылар көтөрүп келет. Тилекке каршы калк арасындагы нукура турмушта кудаа күтүп, достошкон сый-урмат жана биримдикте күн кечирген жергиликтүү жамаат жашап келишет. 2020-жылдын 5-октябрында акыйкатсыз өткөрүлгөн шайлоолорго каршы толкундоолор дал ушул маселелерге чекит койду. Саясий-социалдык чөйрөнүн дүйнө таанымы менен аң-сезиминин жогорулаганын белгилеп кетүүгө болот. Жыйынтыгында мамлекет жарандарынын активдүү көпчүлүк бөлүгү татыктуу “Лидер” үчүн, бирдиктүү иш аракеттерди жапатырмак кабыл алышкан.

Этностор аралык конфликтерди изилдөө чыгышынын дагы бир негизги себептери – бул биздин коомдун демократиялык таасири. Жарандык коомдун аң-сезиминин адекваттуу жогорулоосу жана демократиялык принциптердин таасири да түз түрткү болгон. Улутчулдук сезимдер күчөп автономия талап кылууга чейин барышканы белгилүү. 1990-жылы Ош окуялары жана 20 жылдан кийин 2010-жылы кайрадан кайталанганы өкүнүчтүү. Конституцияда мамлекеттик тил – кыргыз тили, ал эми расмий тил – орус тили [5] деп жазылып турат. Ошого карабастан шайлоо учурларында добуш алуу максатында өзбек калкы үчүн да өзүнчө тираждар чыгарылып таркатылуусу начар тенденцияларга алып келүүдө. Негизи эки гана тилде беришибиз шарт. Эртең башка этностук топтор да өз тилинде талап кылуусу мүмкүн. Дүйнөлүк тажрыйбада этностук азчылык өздөрү жашаган мамлекетин сыйлоо менен ошол мамлекеттин мыйзамдарына баш ийип турмуш кечирген этникалык топтор, этностор аралык конфликтердин алдын алуу менен мамлекетти түзүүчү коом менен бирдей жашоо кечирип келишет. Аларга Прибалтика мамлекеттеринде жашаган орус калкы көчүп кетпей бирге чогуу ошол жерде эле жашап, алардын тилинде да сүйлөп да окуп да жатышат.

2010-жылы жаңы чакырылган Жогорку Кеңеш болуп өткөн этностор аралык конфликтерди изилдөө максатында так ушул Июнь коогалаңы маселесин карап, анын келип чыгуу себептери жана кесепеттерин иликтөө боюнча депутаттык комиссия түзүшкөн. Комиссиянын курамы беш ай боюу бир канча жолу түштүккө барып жүргүзгөн ишинин жыйынтыктарын чыгарган. Талкуу эки күнгө созулган 2010-жылдын апрель-июнунда жалпы өлкөдө болуп өткөн окуяларды иликтөө, изилдөө менен саясий баа берүү үчүн түзүлгөн убактылуу депутаттык комиссиянын отчету угулуп, талкууланып, 2011-жылдын 16-июнунда токтом кабыл алган [6]. Ошол токтомдо белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Баш прокуратурасына үчүнчү пункт менен эски мамлекеттик бийлик жетекчилерине, төртүнчү пункт менен Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү, июнь окуяларын болтурбай коюуга чечим кабыл алышпагандыктары үчүн саясий жоопкерчилик тартышаары көрсөтүлгөндугун билебиз. Тилекке каршы, ошол кезде бийлик башында

турган Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү баш прокуратура тарабынан эч кандай чара көрүлбөстөн токтом аткарылган эмес.

Жыйынтыктап айтканда, Эгемендиктин 30-жыл аралыгында, Кыргызстанда бирдиктүү жарандык идентификацияны калыптандыруу же ага негизделген маселелер унутта калып калган. Өлкөдөгү этникалык топтордун жарандары Кыргызстандын бирдиктүү элине таандыкпыз деп эсептөөгө жетише алган жок. Андан сырткары 2010-жылы Июнда түштүктө болгон трагедиялуу конфликтердин себептери, кесепеттери изилдөө менен сунуштарды иштеп чыгуу үчүн Улуттук комиссиянын отчету [4], Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын, Эл аралык көз карандысыз комиссиянын отчету жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берген комментарийлеринин материалдары, ата мекендик жана Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдарынын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары ар башка иликтенгени менен көп жагынан негизги мааниси бирдей экендиги белгилүү болгон. Өлкөдөгү этностор аралык кагылыштар, мамлекеттик бийликтин алсыз саясаты, пайдалангысы келген айрым сепаратистик күчтөр менен саясий шылуун жетекчилердин айынан жерибизде кылымдар бою канаатташ, тилектеш жашап келген эки чоң этникалык топтордун өкүлдөрүнүн ортосунда конфлик чыккан. Анын кесепетин карапайым калк тарткандыгына эки ирет күбө болдук. Андыктан биринчи кезекте этностор аралык ишенимди бекемдөө - башкы милдет. Ишеним болмоюнча туруктуу өнүгүүгө багыт алуу мүмкүн эмес. Негизи – мыйзамдуу иш аракет, акыл эс, сабырдуулук жана туруктуулук. Мамлекеттик бийлик менен мамлекетти түзүүчү жалпы жарандардын пикир алышуусу, жарандык демилге менен өнөктөштүк мамилеге таянуулары – өлкө өнүгүшүнүн негизги багыты болуусу милдет.

## АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Авксентьев В.А. Региональная конфликтология: экспертное мнение [Текст] / В.А. Авксентьев, Г.Д. Гриценко, А.В. Дмитриев // – М.: Альфа -М, 2007. –208-б.
2. Бромлей Ю.В. Этнос и этнографии [Текст] / Ю.В. Бромлей // – М. Наука, – 1973. –57-58-б.
3. Демографический ежегодник Кыргызской Республики (2011-2015 гг.) [Текст] /: год. публ. – Бишкек: Нац. стат. ком. Кырг. Респ., – 2016. -320-б.
4. Заключение Национальной комиссии для всестороннего изучения причин, последствий и выработке рекомендации по трагическим событиям произошедшим на Юге Республики в июне 2010 года. – Бишкек, 2011 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: old.kabar.kg/rus/politics/full/1669. – Загл. с экрана.
5. Конституция Кыргызской Республики [Текст] // Эркин Тоо. – 2010. – 20 мая.
6. КР Жогорку Кенешинин токтому. 2011-жыл 16 июнь.
7. Калиев А.С. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этно-саясий анализ) [Текст]: автореф. дис. … канд. полит. наук / А.С. Калиев. – Бишкек, − 2020. -22-б.
8. Омуралиев Н.А. Межэтнические конфликты в Кыргызской Республике [Текст] / : социол. анализ / Н.А. Омуралиев. – Бишкек: Илим, − 2012. -239-б.
9. Формирование полиэтничного и правового самосознания граждан Кыргызстана в переходный период [Текст] /. − Бишкек. Центр Новой Демократии и социальных изменений. − 1999. −142-б.
10. Элебаева А.Б. Ошский межнациональный конфликт [Текст]: социол. анализ / А.Б. Элебаева, А.К. Джусупбеков, Н.А. Омуралиев. – Бишкек: [б.и.], − 1991. -19-б.
11. “Элдин биримдиги жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо” Концепциясы [Текст] /. 2013-жылдын 10 апрель.
12. Weber, M. Economy and society [Text] / ( Los Angeles 1978), − P. − 389

**УДК: 371.3**

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА ИНСАНДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАЛЫПТАНУУСУ

Керимбердиева А.[1]
[1]Заманбап эл аралык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Биздин изилдөөбүздө жогорку окуу жайларда, деги эле жалпы билим берүү системасында инсандык компетенцияларды калыптандыруунун жолдору жана натыйжалары англис тилин окутуунун мисалында каралды. Анткени, билим берүүнү демократиялаштыруу саясатынын реформаланышы өлкөдөгү жалпы эле окутуп-тарбиялоого тийгизген оң жана терс таасиринин азыркы коомдук аң-сезимде кабыл алынуусу изилдөөгө тийиш.

**Ачкыч сөздөр:** инсанга багыттап окутуу, компетенция, педагог, билим алуучу, билим берүү системасы, билим берүүнү демократиялаштыруу, билгичтик, көндүм.

## РАЗВИТИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ В ПРЕПОДАВАНИИ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

Керимбердиева А.[1]
[1]Современный международный университет, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В нашем исследовании были рассмотрены пути и результаты формирования личностной компетентности в системе общего образования в высших учебных заведениях на примере преподавания английского языка. Ведь положительное и отрицательное влияние реформирования политики демократизации образования на образование в стране следует изучать в современном общественном сознании.

**Ключевые слова:** личностно-ориентированное обучение, компетентность, преподаватель, студент, система образования, демократизация образования, знание, умение.

## DEVELOPMENT OF PERSONAL COMPETENCES IN TEACHING ENGLISH AT UNIVERSITIES

Kerimberdieva A.[1]
[1]Modern International University, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article considers the ways and results of the formation of personal competence in the system of general education in higher educational institutions on the example of teaching English.The positive and negative impact of reforming the policy of democratization of education on education in the country should be studied in the modern public consciousness.

**Key words:** student-centered learning, competence, teacher, student, education system, democratization of education, knowledge, skill.

Билим берүү социалдык институт катары мамлекеттин максаттуу саясатынын обьектиси болуп саналат. Соңку мезгилде билим берүүнү демократиялаштыруу саясаты республиканын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн башкы багыты болуп калды.

Билим берүүнү демократиялаштыруу саясаты төмөнкүдөй компоненттерден турат: билим берүү системасынын максаттарын жана баалуулуктарын өзгөртүү; билим берүүнүн структурасы жана мазмуну; билим берүү уюмдарынын көп турдүүлүгүнө жетишүү; билим берүүнүн ачыктыгын камсыз кылуу менен калктын жогорку билим алууга

мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; билим берүүнүн сапатын камсыздоо; билим берүү уюмдарынын эркин өнүгүүсү үчүн укуктук жана экономикалык кепилдиктерди түзүү; дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү; билим берүүнүн коомдук-мамлекеттик башкаруу системасын калыптандыруу; зарыл кадрдык жана материалдык-техникалык шарттарды түзүү ж.б. Бул артыкчылыктар (приоритеттер) Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында эле олуттуу саясий баалуулукка, стратегияга айланып, бир катар мыйзамдарда, улуттук жана мамлекеттик программаларда, эл аралык келишимдерде жана башка актыларда өнүктүрүлгөн.

Демек, билим берүүнү демократиялаштыруу саясаты өлкөнүн эгемендүүлүккө жетишинен кийин гана башталып, реформаланды. Маселени ушул жагдайдан алып караганда англис тилин (чет тилин) окутуунун методикасы дисциплинсында ар кандай инновациялык усулдардын пайда болушу жана окутулушу.

Ошону менен катар билим берүүнүн негизги принциптерине токтолсок, бүгүнкү күндө билим берүүнүн негизги принциптеринин бири, бул – инсанга багыттап окутуу болуп эсептелет. Анда окуучулардын компетенцияларын калыптандыруу негизги орунда турат.

Компетенцияларды калыптандырууда жогорку окуу жайдын максаты: актуалдуу маселелерди чечүүдө студенттердин өз алдынча туура чечим кабыл алууга болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

Компетенция – латын тилинде competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү дегенди түшүндүрөт. Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда өз алдынча колдонууга болгон жөндөмдүүлүгү. Бул инсандын ар кандай маселелерди чыгармачылык менен чечүүдө дүйнө менен бирге аракеттенип, ошол эле учурда өзүн жана дүйнөнү өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүчү белгилүү даражадагы билимин, билгичтигин, жүрүш-туруш көндүмдөрүн, жөндөмдүүлүгүн жана жеке инсандык, адисттик жогорку сапатын көрсөтө алуусу.

Билим компетенциясы – инсандын жана социалдык мааниси бар үзүрлүү ишти жүзөгө ашыруу үчүн окуучунун турмуштагы багыт алуусу белгилүү чөйрөсүнө карата окуучунун өз ара байланышкан маанилүү багыттарынын, билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн жана иш тажрыйбасынын топтому менен туюнтулган билим алуу даярдыгына талаптар.

Билим компетенциясына жетишүүдө окуучунун таанып-билүүсү 4 иерархиялык деңгээлде өнүгөт. Алар:

- Жөнөкөй деңгээл – акылды машыктыруу. Алар фактылык эстеп калууга негизделген. Тактап айтканда студенттинтаанып-билүүсү “бул эмне...?” деген суроого жооп брүүдөн башталат;
- Кийинки деңгээл бул – эстеп калуу. Окутуу окуяларды жана кубулуштарды түшүндүрүү, сүрөттөө менен байланыштуу;
- Үчүнчү деңгээл – колдонуу. Студенттин өз билимдерин ар түрдүү кырдаалдарда колдоно билүү;
- Акыркы деңгээлде – синтездөө жана баалоо деңгээлинде жана аналитикалык деңгээлде ой-жүгүртүү менен маселелерди чечүүнү пландаштыруу же креативдүү ой-жүгүртүүсүн билдирет.

Компетенттүүлүккө негизделген мамиле боюнча биринчи орунга студенттер билим алган маалыматтын саны эмес, турмуштагы иш-аракеттерде келип чыгуучу маселелерди чече билүүсү, ишмердик ыкмаларын өздөштүрө билүүчүлүгү коюлат. Компетенттүүлүккө маселени өз алдынча коюп, аны чече билүү үчүн зарыл болгон билимдерди издеп таап билген жана аларды изилдөө аркылуу гана жетишүүгө болот [2].

Мындай билгичтиктерди өнүктүрүү ыкмасы – бул окуучунун кызыгуу багытын аныктоону, өз алдынча иш аракет жасоого даярдоону жана көп кырдуу билгичтиктерди

калыптандырууну көздөгөн анын атайын уюштурулган ишмердиги. Студентти ишмердикке даярдоонун негизги багыттарына: анын өз алдынча иштөөсү, окуу жана илимий изденүүлөрү, долбоорлорду түзүү жана эксперимент жүргүзүү. Ошондуктан билим берүүнүн натыйжалуу көрсөткүчү катары окуу процессинин таасири алдында ар бир конкреттүү окуучунун кандайча өзгөртүп жаткандыгын көңүлгө тутуу керек. Натыйжага багытталган билим берүү системасында окутуу процесси компетенттүүлүк түрүндө туюнтулуучу максаттарга жетишүүну камсыздайт [4].

Негизги компетенттүүлүктөр

1. Маалыматтык. Маалыматты өз ишмердигин пландоо жана ишке ашыруу, аргументтүү тыянак чыгаруу үчүн колдонууга даярдык. Бул сынчыл ой жүгүртүлгөн маалыматтын негизинде адамга аң-сезимдүү чечимдерди кабыл алууга мумкүндүк түзөт.
2. Социалдык коммуникативдик. Өзүнүн ой-мүдөөлөрүн башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен шайкеш келтирүүгө, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык ж.б.) карата сый-урматтуу маселе жасоонун негизинде өз көз карашын цивилизациялуу коргой билүүгө даярдык. Диалогдо зарыл маалыматты алууга жана инсандык, социалдык жана кесиптик проблемаларды чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө аны баяндоого даярдык. Булар башкаадамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын милдеттерди чечүү үчүн колдонууга мүмкүндүк түзөт.
3. Өзүн – өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү. Маалыматтагы, окуудагы жана турмуштук кырдаалдардагы карама-каршылыктарды көрө билүүгө жана өз алдынча же башкалар менен белгилешип ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен аларды чечүүгө, ошондой эле андан аркы иш-аракеттер жөнүндө чечим кабыл алууга даярдык.

Билим берүү процессинде негизги компетенттүүлүктөргө окуучу төмөнкүдөй шарттар түзүлгөндө ээ боло алат:

– Окуучулар кандайдыр бир ишмердикти (изилдөөнү, долбоорлоону) жүзөгө ашырууга катышканда;
– Окуу процесси окуучунун өз алдынчалыгын, өз ишмердигин уюштурууну жана натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилигин өнүктүрүүгө багытталганда;
– Максат коюп ага жетишүү тажрыйбасын өздөштүрүү үчүн кырдаал түзүлгөндө;
– Топтордун ишин натыйжалуууюштурганда.

Тажрыйба көрсөткөндөй тажатма практикалык жана лекциялык сабактарды өтүү менен студентти зериктирип, тилге болгон кызыгуусун жоготкон учурлар көп эле. Ошондуктан окуу-үйрөнүү чөйрөсүн төмөнкүдөй тартипте жүргүзүү сунуш кылынат:

1. Маалыматтуулук.

Студенттин эмнеден маалыматы болсо ал өзүнө суроо бере баштайт: Бул маалымат мен билген башка маалыматтардан эмнеси менен өзгөчө? Суроо берүү менен студенттин мээси өзүнө кызыктуу сезилген, угулган маалыматты эстеп калат. Мээнин иштей башташы, бул окуп-үйрөнүүгө жасалган биринчи кадам.

2. Окуп-үйрөнүү.

Бул окутуу процессиндеги эң маанилүү этап. Окуп-үйрөнүү студенттин ой жүгүртүүсүн калыптандырып, суроолорду пайда кылат. Суроолордун пайда болуусу жаңы идеялардын, жаңы көз караштын жаралышына, өзү үчүн ачылыштарды жасоого, жолдоштору менен өз таасирлерин, ойлорун бөлүшүүгө алып келет.

3. Маалымат жыйноо.

Сабактагы маалымат же көз караш менен эле чектелипкалбастан студкнт экскурсия, китепкана, интернет клубдары ж.б. изилдөө аркылуу кошумча маалыматтарды жыйноого

аракет кылат. Анткени, акылдуу жана билимдүү инсан катары өзүнүн альтернативалык көз карашын, теориясын, идеясын сунуш кылуу менен студент өз алдынча чечим кабыл алууга, ой-жүгүртүүсүн калыптандырууга көнүгөт.

4. Иш аракет.

Акырында алынган маалыматты окуп-үйрөнүү менен кошумча маалыматты жыйнаган студент иш-аракетке өтөт. Иш аракет – бул студенттин өзүнүн изилдөөсүнөн, ой жүгүртүүсүнөн келип чыккан жаңы максаттуу натыйжаны ачыкка чыгаруу тагыраак айтканда презентациялоо.

**Демек, компетенттүүлүккө жетишүүдө:**

| Студенттин ролу | Окутуучунун ролу |
|---|---|
| Маалымат булактарын издейт, маалыматты иргейт, пайдаланат, өз алдынча жыйынтык чыгарат, билимин жолдоштору менен бөлүшөт. | Жаңы маалымат алууга, талдоого, пайдаланууга багыттайт. |
| Социалдык-коммуникативдик кырдаалды талдайт, баа берет, кырдаалга ылайыкташууга, ишке ашырууга даяр болот. | Окуучулардын коомдук топтордо иштөө менен социалдык-коммуникативдик баалуулуктарын урматтоо, кабыл алуу, туура чечим чыгаруу көндүмдөрүн калыптандырууга багыттайт. |
| Коомдук түзүлүштөгү, маалымат булактарындагы, турмуштук жагдайлардагы карама-каршылыктардын маселелерин аныктайт, чечүү жолдорун издейт, ички тышкы ресурстарды пландайт жана уюштурат, натыйжасына баа бере алат. | Ар түрдүү карама-каршылыктардын себептерин талдоого, баа берүүгө, маселени чечүүгө катышуу көндүмдөрүн калыптандырууга көмөктөшөт. |

Говард Гарднер тарабынан сунуш кылынган акыл-эс жөндөмдүүлүгүнүн көп түрдүүлүк теориясында, студенттин билимдерди канчалык деңгээлде кабыл алуусу,акыл-эс жөндөмдүүлүгүн аныктоонун жардамы менен ар бир окутуучу өз окуучуларынын тигил же буга болгон шыгын аныктоо менен индивидуалдуу мамиле жасай алат. Анын айтуусу боюнча ар бир адам бир нече акыл-эс жана интеллект жөндөмдүүлүгүнө ээ болот [1].

**Акыл-эс жөндөмдүүлүгүнүн теориясы.**

1. Лингвистикалык интеллект – сүйлөшүүдө сөздөрдү жана тил каражаттарын колдонуу жагынан өзгөчө жөндөмдүүлүк, сүрөттөө каражаттарына караганда сөздөрдү көп колдонуу, тамашаны түшүнүү сезими жакшы өнүккөн, тилдеги айырмачылыктарды кылдат түшүнөт.
2. Логикалык – математикалык интеллект – логикалык же сан үлгүлөрүн колдонуу менен терең ойлонууга болгон өзгөчө жөндөмдүүлүк, ар түрдүү идеяларды, маалыматтарды тез байланыштыра алуу жөндөмдүүлүгү күчтүү, суроолорду көп берүүгө кызыгат, “эксперимент” жүргүзүүнү жактырат.
3. Мейкиндикти өздөштүрүү интеллект – акыл-эстин эстеп калууга болгон өзгөчө жөндөмдүүлүгү; карталарды, фильмдерди, сүрөттөрдү ж.б.у.с. караганды жактырат; буюмдарды (отургуч, стол ж.б.) өзгөчө жасоо жөндөмү; айлана – чөйрөсүн, туш тарабын аныктоо сезими күчтүү; сүрөт тартууга жөндөмдүү.
4. Кыймыл-аракет интеллект – объекттерди ийкемдүү колдоно билүү, шамдагайлык жана чеберчилик жөндөмү, тең салмактуулукту билүү сезими жакшы, идеяны же нерсени түзүүдө, курууда жана түшүнүүдө кол жөндөмүн пайдалануу. Бул окуучулар көбүнчө кыймыл аракети аркылуу өздөрүн көрсөтөт.
5. Музыкалык интеллект – айлана-чөйрөдөгү же табияттагы үйлөрдү (аккан суунун шоокумун, конгуроонун кагылышын ж.б.) абдан сезгичтик менен угат, музыкага дароо көңүл буруп, оң же терс кабыл алат жана текст ыр же оюн менен коштолгондо эстөө жөндөмдүүлугү жакшырат.

6. Инсан аралык акыл – эс – сезимталдыкжана уюштуруучулук мыкты жөндөмү бар, элдештирүүгө абдан шыктуу, кызматташтыкты колдоп туруугa, көпчүлүк менен натыйжалуу сүйлөшүү, вербалдык жана вербалдык эмес тидде (жаңсоо ж.б.) пайдалана билүүгө жөндөмдүү.
7. Инсандык ички акыл-эс – токтоо жана түнт, абдан уюмчул, башкалар менен мамиле кылганда класстагы өздөрүнүн ролу жөнүндө айтышат, маселенин маани-маңызын берилген мазмундан да ашырып, терең түшүнүүгө умтулат.

Бүгүнкү күндө билим берүү мекемелеринде жети типтинэкөөсүнө гана көңүл бурулуп, бааланат. Алар: лингивистикалык жана логикалык интеллект. Сабакты ар бир студенттин интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен пландаштыруу жана ар бир студентке акыл-эс жөндөмдүүлугүнө карата индивидуалдуу мамиле кылуу окутуу процессинде жакшы натыйжаларга алып келет. Албетте, бул интеллектуалдык өзгөчөлүктөрдү бардык эле окутуучулар билет жана Г.Герднер даяр классификацияны сунуштаган.

Окутуучулар көптөгөн жылдар бою окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн, иш-аракетин меланхолик, холерик, сангвиник, флегматик деген категорияларга бөлүү менен иштеп келген. Көрсө студенттин интеллектуалдык жөндөмдүүлүгү жогоркудай түрлөргө бөлүнүп, педагогикалык чеберчилик менен туура мамиле жасоо инсанды психологиялык, дене тарбиялык, логикалык жактан калыптануусуна таасир этүү менен эртеңки келечек ээлеринин ким жана кандай адам болушун аныктайт.

Байыркы акылмандар “адаттан мүнөз, мүнөздөн тагдыр жаралат”деп айткан. Демек, окуучулардын алга карай тынымсыз иш-аракети, эмгеги жакшы натыйжаларга алып келип, жашоодогу кандайдыр бир чечимдерди кабыл алууда жардам берип, ал чечимдер жаңы билимдергеалып келет жана Кыргызстанга, жалпы коомго пайдасы тийген ачылыштарга себепчи болот деп ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Говард Гарднер. Структура разума: Теория множественного интеллекта. Батлер-Боудон, 1983. Том 1.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү тууралуу мыйзамы. – Бишкек, 2003.
3. Кут Билим. №28-29 (10774-75). 13-август, 2018-жыл.
4. Печеркина А.А., Сыманюк Э.Э., Умникова Е.Л. Развитие профессиональной компетентности педагога: теория и практика. Екатеринбург, 2011.

УДК: 947(575.2):39:398

# АЗЫРКЫ ТАЛАА МАТЕРИАЛДАРЫНДАГЫ КОШОКТОРДУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Конколоева Н.[1], Чыныкеева Г.Э.[2]
[1,2]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Сунушталып жаткан макалабызда кыргыз элинин салттык маданияты кошок жанрын Ош жана Жалал-Абад дубандарындагы эл арасынан жыйноо учурунда өзгөчө деп табылган материалдар баяндалат.

**Ачкыч сөздөр:** Кошок жанры, чөлкөм, ата-эне, салттык мурас, улут.

# ОСОБЕННОСТИ ПРИЧИТАНИЯ В ТЕКУЩИХ ПОЛЕВЫХ МАТЕРИАЛОВ

Конколоева Н.[1], Чыныкеева Г.Э.[2]
[1,2]Ошский государственный университет, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

В предложенной статье описывается традиционная культура кыргызского народа причитания, при сборе материалов среди народов Ошской и Жалал-Абадской областей. Мы особо выделили уникальные материалы и обширно раскроем тему.

**Ключевые слова**: жанр причитания, край, родители, традиционное наследия, нация.

# THE FEATURES OF LAMENTATIONS IN CURRENT FIELD MATERIALS

Konkoloeva N.[1], Chynykeeva G.E.[2]
[1,2]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

In this proposed article described the lamentations in traditional culture of Kyrgyz people in the collection of materials of Osh and Jalal-Abad regions. We highlighted unique materials and cover the topic extensively.

**Key words**: lamentation genre, region, parents, traditional heritage, nation.

Руханий маданиятты изилдөөдө кошоктор жана жоктоо ырлары маанилүү тарыхый-этнографиялык булак катары каралып келет. Бирок, тилекке каршы алар тарых, этнология илимдеринде жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Ошондуктан бүгүнкү күндө илимий ыкмаларды пайдаланып, көбүрөөк маалымат, булактарды алып калуу зарыл милдет экендигин максат кылып, Ош жана Жалал-Абад дубандарын кыдырып, эл арасынан баалуу материалдарды чогулттук.

Биздин күндөлүк турмушта кошок жанры өчүп бара жаткандай. Бүгүнкү күндө кошокту өлүмгө байланыштуу, болгондо да айыл жерлеринде гана укпасак, шаарларда сейрек угуп калдык. Ал эми кыз узатууга байланыштуу кошоктор айыл жерлеринде деле, анча – мынча, салтыбызда бар эле деген жүйөө менен аткарылбаса, дээрлик соолуп калды.

Кыз бала бойго жетип, турмушка узап бараткanda жеңелери чогулуп, кырк өрүмүн жазып, кошогун кошуп, акыл-кеңешин айтып, кыздын чачын кош өрүм кылып өрүшкөн. Бул “кош өрүм чач” деп аталат. Муну менен кыздын эрке-эселектиги кетип, бирөөнүн жары болуп, бирөө менен жуп болгону белгилүү болгон. 61 жаштагы, баргы уруусунан Матосмонова Уулкан апакыз узатуу кошогунан айтып берди

Беш-бештен өргөн чачыңыз,
Бедерлүү кара кашыңыз.
Беш торпокко кат берсе,
Бергени жатат атаңыз.
Он-ондон өргөн чачыңыз,
Оймодой сону нкашыңыз.
Он жамбыга кат берсе,
Узатмак болду атаңыз [3].

Кыргыз коомунун турмушунда кошок эки гана жолу болот: биринчиси – тиги дүнүйөгө кеткенде; экинчиси – кыз узатууда. Өлүм – кандай гана болбосун, диалектикалык мыйзам ченемдүү көрүнүш. Үйлөнүү салтында аткарылуучу «кыз узатуу» кошокторундагы эң башкы идея – акыл-насаат, тарбиялык кеңеш берүү, көңүлүн көтөрүү, бөтөн эл, бөтөн жердин тутунган салт-санаасына ыңгайлашуу. «Кыз узатуу» кошоктору деп элге сиңип кеткени менен, кыздын муңдап, зарлап ыйлаарын тирүүчүлүктүн уланышы, жаңы үй-бүлөдө, башка шартта жашоого кадам шилтөөсү катары кароого  болот. Анын үстүнө, кыздын көңүлү күйөөдө болсо деле, анын ыйлап кетүүсү – адат, салт катары эсептелчү. Мындагы эң башкы кошокчулар – энелери, апасы, жеже-сиңдилери, жеңелери болот. Кошоктун мазмунун кыздын өсүп-чоңоюшу, эркелиги, мүнөзү, жүрүм-туруму, көз-карашы, келечек тагдыры сыякту ой жүгүүртүүлөр түзөт. Ошондой болсо да, кызга акыл-насаат айтуу эң башкы максат катары көрүнөт. Алардын мааниси окшош болгону менен, ар биринин турмуштук, философиялык орду жана өзгөчөлүгү бар [2, 4-5].

Мисалы, Чоң-Алай районунан Сайпилдаева Бусапура эненин кудагыйына кайрылып кошкон кыз узатуу кошогунда:

Көк шумкар бердим таптап ал,
Көк жибек бердим саптап ал.
Уктап калса ойготуң,
Ыйлап калса сооротуң.
Тарбиялап өстүрүп,
Бүлө кылып алыңыз.
Алтындан ийик бойлоп жүр,
Алганың менен тойлоп жүр.
Күмүштөн ийик бойлоп жүр,
Күйөөң менен тойлоп жүр [5].

Ал эми Өзгөн районунун Өстүрүү айылынан Абдуллаева Райкандын кызына таалим-тарбия берген кошогунда болсо:

Барган жерде эрте тур, кызым,
Күн чыкканча жатпагын, кызым.
Эшикти катуу жаппагын, кызым.
Болор-болбос сөз уксаң, кызым,
Бизге келип айтпагын, кызым.
Артылтып камчы салдырба, кызым,
Атаңа наалат алдырба, кызым.
Эңилтип камчы салдырба, кызым,
Энеңе наалат алдырба, кызым.
Кайрылыштан суу алгын, кызым,
Кайын атаңдан дуба алгын, кызым.
Эңилиштен суу алгын, кызым,
Кайын энеңден дуба алгын, кызым

Энелердин кошокторунда акыл, кеңеш берүү, кызына боор тартуу, келечеги үчүн түйшөлүү сезилет. Бөтөн эл-жерде ыплас, орой сөз укпаса экен деп тилейт. Кайын энеси

менен кайынатасын, күйөөсүн, тууган-туушкандарын урматтоо, сыйлоо, таазим кылуу – кыздын эң биринчи милдети жана жоопкерчилиги экендиги баса көрсөтүлөт.

Чоң-Алай районунун Жаш-Тилек айылынан Шарапова Мисираттин кыз узатуу кошогунан:

Алганың катуу сөз айтса,
Абайлап сүйлөп кечиргин.
Күйөөң катуу сөз айтса,
Күлүп бир жүрүп кечиргин.
Алганың көөнүн кирдетпе,
«Атаңды», деп бизди тилдетпе…[8].

Келиндин биринчи милдети – кайын атасы менен кайын энесинин батасын алып, алардын наркын-баркын түшүнүп, көңүлүн көтөрүп, алдынан кыя өтпөө. Алардын акыл насааты – ыймандуулук, абийирдүүлүк, адамгерчилик.

Өзгөн районунун Төрт-Көл айылындагы Акымбекова Бактыгүлдүн кошок менен кудагыйга кайрылганы:

Кер жорго минген кудагый,
Кейкеңдебей оозун тарт.
Кейибей өскөн биздин кыз,
Кейитпестен жакшы бак.
Сур жорго минген кудагый,
Сулуусунбай оозун тарт.
Сумсайбай өскөн биздин кыз,
Сумсайтпастан жакшы бак [2].

Кудалардын пикир келишпей калган учурда кыздын энеси кудагыйга кайрылганын 87 жаштагы Кара-Суу районунун Кызыл-Туу айылынын тургуну Токтоматова Зыба апанын кошогунда:

Эки буудай, бир арпа,
Өнүп калган турбайбы.
Арзан базар кыз алып,
Көнүп калган турбайбы [7] – деп мыкты сүрөттөгөн.

Ч.Ч.Валиханов: «Кыргыз эли түгөнгүс кенч, алардын кайталангыс салттары, башка элдердикинен бир топ айырмаланып турат», – деп эң жогору баалаган. Бир эле мисал, маркумдун арбагын сыйлап, ырым-жырымдарды, эскерүү кечелерди өткөрүп, куран түшүрүп турат [1, 121] деп бекеринен айтпаса керек.

Өткөн замандардагы кошок жана жоктоо ырларында тигил же бул тарыхый доорлордо жашаган инсандардын өмүр-таржымалы, ишмердиги, анын генеалогиялык тамыры, ошондой эле ономастикалык көптөгөн аталыштар берилген. Ал эми бүгүнкү учурда мындай кошокторду дээрлик учуратуу кыйын, болсо да бирин-серин. Мисалы,

Капталга улак таштаган,
Акемжан, кан кыпчакты баштаган.
Белеске улак таштаган,
Акемжан, бек уулундай баштаган [6].
Толкуган байлар келди, деп.
Кокондук сарттар чогулаар,
Бээжинге барган кой айдап.
Бээжинде тилла зыңгырап,
Береке кыргыз келди, деп.
Бээжиндик сарттар чогулаар [4].

Аймактарды кыдырып материал жыйнап жүргөндө эл арасында нукура кошокчулардын саналуу гана калганы биздин зээнибизди кейитти. Жада калса өлүк үстүндө

кошок кошулбай, зыйнаты болбой калган учурлардын көп эле болуп жатканын аксакалдарыбыз кайгыруу менен айтышты. Мунун шылтоосу катары диний тыюулар жана жаштардын каада-салтты дээрлик билбей калгандыгы менен байланыштырышты. Чындыгында 2003-жылдары өз алдынча этнографиялык экспедиция уюштурулуп, кошок ырларын жыйнаганыбызда кошокчулардын суюлуп бара жаткандыгына күбө болдук эле.

Биздин жумушчу топко фольклор жыйноодо кошокчуларды табуу өтө кыйынга турду. Анткени салт билген аксакалдар арабыздан суюлуп, кошок деген эмне экендиги жөнүндө түшүнүгү жок кыргыз жаштарын да кезиктирдик. Кошокчу деп издеп барган кыз-келиндер да араң эстеп, чоң энелеринен жаттап алгандарын, ошондой эле маани-мазмуну өзгөрүлгөн текстерди жыйнаган учурлар да болбой койгон жок. Региондо бири – бирин кайталаган саптарды көп эле кездештирдик. Албетте, жашы 70-90 жашка чейинки гана байбичелердин айткан саптарында нукуралуулук сакталып калган. Жамакчы кемпирлерди аз гана жолуктурдук. Мисалы, Өзгөн районунун Куршаб айылындагы 86 жаштагы Абдрыкадырова Сапия эне; Кара-Суу районунун Папан айыл өкмөтүнүн Кызыл-Туу айылындагы 88 жаштагы Асанова Датка, 86 жаштагы Токтоматова Зыба; Чоң-Алай району Жаш-Тилек айылынан 80 жаштагы Шарапова Мисират; Кара-Кулжа районунан 88 жаштагы Арапбаева Батма; Сузак районунун Жон-Күнгөй айылынан 78 жаштагы Кыралиева Майрамкан, Жаңы-Ачы айылынан 78 жаштагы Шамшиева Ырыс жана Кара-Дарыя айылынан 72 жаштагы Калматова Майрам энелер.

Биздин көз карашыбызда кеч болуп кала электе эл аралап салттык мурасты жыйнап калуу зарыл. Азыркы коомдо кошокчулардын акыркы муундары жашап жаткандай.

Сунуш катары мындай салттык мурастарды сактоо жана жайылтуу мыйзам ченемдүүлүк. Ар бир аймактагы информаторлордон материал жыйнап (аудио – видео, фото), бир четтен изилдөө зарыл. Ата салтын уланткан, бар бол кыргыз элим!

## Колдонулган адабияттар

### 1. Информаторлор:

1. Абдуллаева Райкан. Өзгөн району, Өстүрүү айылы. 2018-жыл.
2. Акымбекова Бактыгүл. Өзгөн районун, Төрт-Көл айылы. 2018-жыл.
3. Матосмонова Уулкан. Алай району, Гүлчө. 2018-жыл.
4. Супатаева Гүлбара. Өзгөн району, Өстүрүү айылы. 2018-жыл.
5. Сайпилдаева Бусапура. Чоң-Алай району, 2018-жыл
6. Ташалиева Зууракан. Өзгөн району, Төрт-Көл айылы. 2018-жыл.
7. Токтоматова Зыба. Кара-Суу району, Кызыл-Туу айылы. 2018-жыл.
8. Шарапова Мисират. Чоң-Алай району, Жаш-Тилек айылы. 2018-жыл.

### 2. Китептер:

1. Валиханов В.В. Собрание сочинений. – Алма – Ата: Изд-во АН КазССР, 1961. – т – 1.
2. Кошок-кыргыз элинин салттык мурасы. Материалдардын жыйнагы. /Түз. Анарбекова В.Э., Авазов Э.А., Анарбаева Г.А. // – Жалал-Абад, 2018.

УДК 371.3

# КАК ПИСАТЬ ЭФФЕКТИВНЫЕ ПЛАНЫ УРОКОВ

Кочкорбаева Л.С.[1]
[1]Научно-исследовательский медико-социальный институт, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

Эта статья предлагает читателям, как написать четыре этапа эффективных планов уроков, где учащиеся могут приобретать глубокие знания, взаимодействовать, задавать вопросы, использовать свои базовые знания и приобретать новые навыки.

Автор этой статьи раскрывает каждый этап урока с четкими определениями, современными подходами и соответствующими стратегиями, примерами, действиями, которые помогут учащимся создать возможности для работы по соответствую стилем преподавания учителей со стилем обучения учащихся посредством личностно-ориентированного подхода обучения учащихся.

**Ключевые слова**: Мотивация, презентация, практика, применение, личностно-ориентированное обучение, приобретать, раскрывать.

# HOW TO WRITE EFFECTIVE LESSON PLANS

Kochkorbaeva L.S.[1]
[1]Scientific-Research Medical-Social Institute, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article offers the readers abouthow to write four stages of effective lesson plans where students can acquire deep knowledge, interact, ask questions, tap into their background knowledge and build new skills.

The author of this article reveals out each stage of the lesson with clear definitions, modern approaches and appropriate strategies, examples, activities that will help the students to create opportunities for higher order working on corresponding teachers teaching style with learners learning style through student-centered learning.

**Key words**: Motivation, presentation, practice, application, student-centered learning, acquire, reveal.

# ЭФФЕКТИВДУУ ПЛАН КОНСПЕКТИНИ КАНТИП ЖАЗУУ КЕРЕК

Кочкорбаева Л.С.[1]
[1]Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институту, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макала окурмандарга натыйжалуу сабак пландарынын төрт баскычын кантип жазууну сунуштайт, ошондой эле студенттердин терең билимге ээ болушун, өз ара баарлаша алышарын, суроолорду беришерин, негизги билимдерин колдоно алышарын жана жаңы көндүмдөрдү үйрөнүшөрүн көрсөтөт.

Бул макаланын автору сабактын ар бир этабын так аныктамалар, заманбап ыкмалар жана ага байланыштуу стратегиялар, мисалдар, көнүгүүлөр менен ачып берет. Ошондой эле, автор , окутуучунун окутуу стили менен студенттин окуу стили туура келип жана инсанга багыттап окутуу усулу колдонулганда гана натыйжалар болорун жана жогорку тартипте иштөөгө мүмкүнчүлүктөр түзүлөрүн тастыктайт.

**Ачкыч сөздөр**: Мотивация, презентация, практика, колдонуу, инсанга багытталган окутуу, ачуу.

Lesson – is a form of organization of learning in order to master the material, knowledge, skills, habits worldview, moral and aesthetic ideas.

Lesson is a period of teaching or learning. The content of the lesson is educating the person. We can’t change the content of the lesson. However, the form of the lesson is changed according to needs. (lesson seminar, lesson travelling, lesson questionnaire and workshop).

Great pedagogics highly valued the role of the lesson in education and noted it with special phrases.

Jan Amos Kamensky quoted the lesson as follows: “Class-lesson education system is as a form of organization of learning at school. And each lesson should be part of the time allotted for mastering the subject”

The Russian educator K.D.Ushinskiy said: “Each lesson should bea task for the teacher that he must fulfill, thinking over this completed task: in each lesson he must achieve something a step further and make the whole class to take this step, too”.

L.N.Tolstoi said: “It is necessary to try all the attention of the student can be absorbed by the given lesson task. For it give the student such task, so that each lesson should be felt to him like a step ahead in learning process”.

Sh.A. Amonoshvili told: “The child will be drawn to the lesson if he finds in them the conditions for a more interesting and rapid movement of his life”.

Nowadays, everything that the greatest said at that time coming true.

For implementation of getting proper knowledge teachers should write an effective lesson plan, where the learners reach their goals, objectives and what they will learn and how they will be assessed. In education, the planning tool is the lesson plan, which is a detailed description of an instructor’s course (materials he is going to teach).

It is a teacher’s guide for facilitating a lesson. Lesson plan consists of the goal (what students need to learn), how the goal will be achieved (the method of delivery and procedure) and a way to measure how well the goal was reached (assessment).

Lesson plan helps the teacher think through what and how he is going to teach and it keeps the teacher on track and it is a road map of what students need to learn and how it will be done effectively during the class period. Lesson as the main form of organization of educational process and planning it is extremely necessary.

In this article writing an effective lesson plan is define as a source or tool that guides teachers through their teaching and learning process.

Writing an effective lesson plan takes time, diligence and understanding of the students’ goals and abilities. The goal, as with all teaching, is to motivate the students to take in what the teacher is teaching and to retain as much as possible.

Parts of a Lesson Plan.

1. First, it is important to write the generalities which include: the name of the institution, subject, the level, date and the teacher’s name.
2. After the generalities is written the unit number, content, target structure.
3. The objectivities go in infinitive form and always end with an adverb.
4. Timing is very important to the lesson. How long the lesson will be lasted.
5. Visual aids that are used at the lesson: slides, video, chart.
6. Motivation: make students to be interested in the lesson.
7. Presentation: present the new material.
8. Practice: the students practice on what was presented.
9. Application: learners apply their learning to new situations.

Lesson plans communicate to learners what they will learn and how they will be assessed, and they help teachers organize content, materials, time, instructional strategies, and assistance in the classroom.

The effective lesson plan consists of objectives, motivation, presentation, practice and application. At the beginning of each lesson is written objectives where learners to develop the concepts, ideas, the specific knowledge and skills that they are expected to acquire and use at the end of the lesson. Written objectives help teachers to conduct the materials, resources, instructional strategies and activities to support learning process.

In addition, teachers should draw their attention to their students’ learning styles. As you know, every student learns differently. Some learners learn through visually, some of them auditory learners and others are kinesthetic/ tactile or a combination. That’s why teachers include

all necessary materials, activities, exercises, methods and technical aids in their lesson plans, because there will be expected outcomes when teachers' teaching style coincides learners' learning styles. Having written clear objectives teachers smoothly proceed to the next part of the lesson that is called – motivation.

**Motivation:** Here teachers make students to be interested in the lesson, assess prior knowledge by reviewing previous materials relevant to the current lesson. Teachers introduce various activities, games, songs, rebusestongue-twisters, riddles and proverbs in order to motivate the students' attention for the new lesson and also include an activity that focuses on the topic to be taught.

**The activity "Alphabet Conversation"** is used during motivation if the theme is Alphabet. This activity is meant for intermediate – advanced group students.Ask a student to pick a random letter of the alphabet. That student then needs to start a story or a conversation with a word that begins with that letter. The next student continues, starting his or her sentence with a word that begins with the next letter of the alphabet and so on until all letters are used(other warm up activities: Broken Telephone, Fact or Fiction, 20 questions, Categories).

**Presentation:** It is time to present new theme. Teachers create an activity to introduce the concept or skill, for example, introduce new vocabulary by asking learners to work in groups to identify words related different brunches. And then introduce information using a variety visuals, regalia, description, explanation, charts, diagrams, and written texts. For example, the new words of the theme "Skeleton" is presented as follows. First, teacher shows the picture of the skeleton with new words through projector and he himself pronounces these words several times, then the students repeat after him. During presentation teacher uses direct, audio-lingual, community language learning and eclectic methods. Having presented these new words teacher draws the students' attention to the practicing on new words.

**Practice:** In practice the students train on what was presented. Models the skills and provides opportunities for guided practice. Introduce a variety of activities that allow learners to work in groups, in pairs, or independently to practice the skills, concepts, and information presented. They should do some exercises, activities, strategies and games. (activities, games, exercises,rebuses will be chosen according to the themes) **For example,** 1.The teacher shows the skeleton without words and students write necessary wordson it's places. 2.Then they do the exercise " Match the words".

**Match the words**

| | |
|---|---|
| Skeleton | лопатка |
| Bone | запястье |
| Trunk | скелет |
| Limb | плечо |
| Rib | позвоночник |
| Joint | локоть |
| Arm | груднаяклетка |
| Shoulder | ребро |
| Wrist | череп |
| Chest | рука |
| Backbone | грудина |
| Elbow | кость |
| Skull | сустав |
| Breastbone | конечность |
| Shoulder-blade | туловище |




*Picture 1.*

**Application:** provides activities that help learners apply their learning to new situations. During application teachers plan for ways students can take in the new information, consolidate it, and apply it in new and useful ways. Students apply their knowledge by sharing their ideas, creating a product, participating in activities, doing a case study and so on. There are a lot of activities for application in teaching English for students as “Webbing”, “KWK,” “Expectation”, “Mixed-Chain,” Fish-Bone” and “T-List.” In application and consolidation of new words of skeleton is offered activities “Fish-Bone” and “T-List” The students are divided into two groups: Group-A, Group-B. Group-A will work on “Fish-Bone.” They should write new learned words of the skeleton on every bone of the fish

**Group-A** will work on “Fishbone”



*Picture 2.*

**Group-B** will work on "T-List" "Group-B" members, also write new words in the column skeleton. Where in Detail they should write sentences with new words.




*Picture 3.*

Having finished the tasks both group members will present their activities through demonstrating. At the end one of the group members will win in this activity. And they will be given excellent grades. The next group members also receive the required grades. The students get good grades if they write all the learned words without mistakes and present well with their activities.

## Conclusion

Effective lesson planning contributes to successful learning outcomes for students in several ways. A well – designed lesson plan: Helps students and teachers understand the goals of an instructional module. Allows the teacher to translate the curriculum into learning activities. It can contribute to job satisfaction to the teacher when a lesson is successful or a student does well on an assessment. Student success and good behavior are more likely when teachers' students are actively engaged in class work. Lesson planning establishes a road map for instructors at what has been taught and what needs to be taught. It allows them to focus on one objective at a time and communicate to learners what they will learn in each lesson.

In conclusion, a well planned lesson achieves the set goals and realizes the expected results of teachers and learners.

## References

1. Ellen Ulman. How to Plan Effective lessons. 2011.
2. Co-authored by Cesar de Leon, M.Ed. How to Make a Lesson Plan, December 8, Texas University at Austin.
3. Dion Varnado, Ed.D How to Create a Lesson Plan April, 21, 2022.
4. Monica Mccutchen. How to Build a great Lesson Plan. Classcraft, October 30, 2019.
5. TEAL Teaching Excellence in Adult Literacy Effective lessons Planning TEAL Center Fact sheet №8.

УДК: 947(575.2):39:398

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЫРЛАРЫНА ТАРЫХЫЙ АНАЛИЗ

Кочкорова Г.С.[1]
[1]К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Кыргыз элинин демократ акыны, композитор Токтогул Сатылгановдун ырларында боштондук, азаттык, эркиндик идеялары айтылган. Мына ушул тариздеги чыгармаларга тарыхый анализ берилет. Токтогул Сатылгановдун ырларын 2 этапка бөлүп карадык. Октябрь революцисына чейин жана Октябрь революциясынан кийин деп.

**Ачкыч сөздөр:** Токтогул Сатылганов, демократ акын, эркиндик, бай-манап, теңсиздик, беш каман.

## ИСТОРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ПЕСНИ ТОКТОГУЛА САТЫЛГАНОВА

Кочкорова Г.С.[1]
[1]Международный университет имени К.Ш.Токтомаматова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

Демократического поэта кыргызского народа, композитора Токтогула Сатылганова в стихах выражены идеи свободы и воля. Мы сделали исторический анализ стихов поэта. Рассмотрели песни Токтогула Сатылганова в 2 этапа. До Октябрьской революции и после Октябрьской революции.

**Ключевые слова:** Токтогул Сатылганов, демократ-поэт, свобода, богатый-манап, неравенство, беш каман.

## HISTORICAL ANALYSIS OF TOKTOGUL SATYLGANOV'S SONG

Kochkorova G.S.[1]
[1]International University named after K.Sh. Toktomamatov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The democratic poet of the Kyrgyz people, composer Toktogul Satylganov expressed the ideas of freedom and will in his poems. We made a historical analysis of the poet's poems. We reviewed the songs of Toktogul Satylganov in 2 stages. Before the October Revolution and after the October Revolution.

**Keywords:** Toktogul Satylganov, democrat-poet, freedom, rich, manap, inequality, besh kaman.

Токтогул Сатылгановдун ырларынын баалуулугу өз көзү менен кыргыз айылдарында айыгышкан тап күрөштөрүнүн, элдин азаттык үчүн болгон ынтызарынын күбөсү болгондугунда. Анын чыгармаларын «Октябрь революциясына чейин» жана «Октябрь революциясынан кийин» деп эки топко бөлүүгө болот. Анткени бири-бирине карама-каршы турган коомдук эки формациялык түзүлүштү көрдү жана экөөндө тең азаттык идеясын бийик ырдаган.

1. «Октябрь революциясына чейинки мезгил» – XIX кылымдын 80 жылдарынан 1917 жылга чейин уруучулук уклад өкүм сүргөн убак;

– Кокон хандыгынын жана жергиликтүү бай-манаптардын кош эзүүсү 1798-жылдан баштап Кокон мамлекети Фергана чөлкөмүндө туруктуу административдик өлкөгө айланат жана анын чөлкөмдүк калыптануусу аяктайт. 1816-жылы Түркстан шаары алынып, Сыр Дарыянын төмөнкү агымы Кетмен Төбө өрөөнү Кокон хандыгына карап калган. 1821-жылы Намангандын акими Сейиткулбек Кетмен-Төбө кыргыздарын багындырган [1, 312]. Хандык тушунда кетмен-төбөлүк манап Нарбото даткалык кылып, ал бийликти баласы Ырыскулбекке (1835-1885) өткөрүп берген [2, 167]. Эл кош эзүүдө калган-Кокон

хандыгынын жана жергиликтүү башкаруучулардын. Акын Кокон хандыгынын да эксплуатация саясатынын күбөсү болгон, анткени Кетмен-Төбөдөгү чептин аскерлери элди ырайымсыз жазалаган. Ал мезгил акындын бала чагына туура келет;

– Падышалык Россиянын кош эзүүсү: 1876-жылы 8-февралда М.Д.Скобелев тарабынан Кокон ордосу толук ээленип, хандыктын жоюлушу жөнүндөгү указга падыша Александр II 19-февралда кол койгон. 1865-жылы февралда Арал деңизинен Ысык Көлгө чейинки аймакты камтыган Түркстан облусу түзүлгөн. Ага Ысык-Көл, Чүй, Талас жана Кетмен-Төбө өрөөндөрү карап, кийинчерээк Борбордук Теңир Тоо кирген. Түркстан облусунун алгачкы аскер губернаторлугуна генерал М.Г. Черняев дайындалган. 1867 жылы облус Түркстан ген-губернаторлугуна айланат да, анын чегинде Сыр-Дарыя (борбору Ташкент) жана Жети Суу (борбору Верный) областтары түзүлөт. Жети Суу облусунун аскер губернатору болуп Г.А.Колпаковский дайындалган. Облустар уезддерге, уезддер болуштуктарга бөлүнүп, аларга айылдар караган. Болуштуктар эки, үч миң түтүндөн, айылдар 100-200 түтүндөн турган. Болуштуктардын башкаруучулары-болуштар болуштуктун съездинде, ал эми айыл башчылары-старчындар айылдык чогулушта шайланган. Кыргызстандын калкы 73 болуштукка бөлүнүп, Кетмен-Төбө Суусамыр болуштугуна караган, аларды 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар менен старчындыр башкарган. Жергиликтүү бийликти жүргүзүүгө булардан тышкары айыл аксакалдары, бийлер жана казылар катышышкан [3, 270-271]. Мисалы, акын комузду колуна алып, конуштардан-конуштарды кыдырып, өз чыгармаларын элге жеткирген, айрыкча манаптардын ээн баштыгына жана падышачылык колонизаторлорго каршы каардуу сөздөрүн айткан «Замана» деген ырында –

Байың сүйлөп, кедейди,
Тумчуктурган замана.
Кедейге байды кыйкыртып,
Унчуктурган замана.
Бий, старчын, болушун,
Курчуттурган, замана.
Кедейди-түлкү, байларды,

Бүркүт кылган замана [4, 93-94]. Мында акын социалдык адилетсиздик менен коштолгон кадимки кыргыз турмушун чагылдырууда. Айрыкча калктын социалдык түзүлүшүндө ири байлар, манаптар отрочулук бийликтин таянычы катары орус администрациясына тартылып, алар болуш, старчын, бий кызматтарына ээ болушкан жана алар эзүүчү таптардын катарына киришкендиги даана айтылган.

Демек, XIX кылымды кыргыз элинин социалдык жактан ойгонушунун кылымы десек жаңылыштык болбос. Анткени Токтогул Сатылганов өз мезгилиндеги процесстердин күбөсү гана эмес, андагы адилетсиз көрүнүштөрдү айыптоочу да болгон. Чындыгында эле башка ырчыларга салыштыра келгенде Токтогул акындын жеке инсандык ойлору, эл турмушу жөнүндөгү ой жорутуулары, жашоонун философиясы болуп саналат. Айрыкча,

Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген,

Колума кишен салышты – деген саптарда акын өзүн чексиз асманда шаңшыган эркиндиктин символу болгон бүркүткө салыштырып, бийликтин күнөөсүздөрдү күнөөлөгөн адилетсиздиги, эркиндикти, жыргал турмушту эңсеген (даңазалап жаткан) үмүт-тилектери жоюлгандыгын айтууда.

Башаттай тунук оргуган,
Бакытты жердин койнунан.
Алалбай алсыз жер жүрөт,

Азаттык күндүн жогунан [5, 88] – мында элге гана эмес жер энеге дагы азаттык керек, анткени жаратылыштагы керектүү заттар карапайым элдин керектүүсүн канаттандыра тургандыгын таасын айткан.

2. «Октябрь революциясынан кийинки мезгил» – 1917-жылдагы Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңиши, жакшы жашоонун орношу жана өмүрүнүн аягына чейин. Мисалы «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» – деген ырында:

Он жетинчи жылында,
Өктябырдын таңы атты.
Жаркылдаган большевик,
Жакшы заман жаратты.
Мусапырды кубантып,
Муңдууларга жол ачты.
Көздүн жашын кургатты.
Жетигиң Ленин куткарды,
Жезиттин [6] жаккан отунан.
Жетилип, кедей, кутулдуң,
Желмогуздун оозунан.
Желпинтип тууну көтөрдүң,
Көп жылдар аккан тыйылбай,

Жергелүү кыргыз тоосунан [7, 89-90] – жалпы эле кыргыз элинин теңдик заманды каалашы тууралуу баяндалууда. 1917-жылы 25-октябрда (6-ноябрь) Петроградда В.И.Лениндин жетекчилигинде Убактылуу өкмөт кулатылды, Улуу Октябрь Социалисттик революциясы жеңип чыкты. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө 1917-жылы ноябрда Сүлүктү, Кызыл-Кыяда, декабрда Жалал-Абадда, 1918-жылы январда Ошто, өлкөнүн түндүгүндө болсо 1917-жылы октябрда Пишпекте, Таласта декабрда. Ошентип, 1918-жылы жай айларында совет бийлиги Кыргызстандын бардык жерлеринде орногон [8, 317].

Ал кезекте мен дагы,
Айдоодо жүрүп ыйлагам.
Алсырап жатып туткунда,
Айлымды самап ырдагам.
Кыйноону тартып алтын баш,
Кырк кабыргам кыйраган.
Ырыска бүткөн Ленин,

Ыйынды басты кыйладан [9, 90] – Владимир Ильич Ленин (Ульянов) (22.04.1870-21.01.1924) пролетариаттын революционери «Улут маселеси боюнча сын заметкалар» (1913 ж) [10] жана «Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу жөнүндө» (1914 ж) [11] деген эмгектеринде эзилген карапайым элди кулчулуктан куткаруу жана азаттыкка жеткирүү идеясы болгон. Мындан улам Орто Азия элдерин анын ичинде кыргыз эли үчүн чоң мааниге ээ болгондугу тарых барактарында белгилүү, ошондой эле акындын ырларында да далилденүүдө.

Бир тилектеш, бет алып,
Турган элди карачы.
Ала Тоодой кайратын,
Жыйган элди карачы.
Эркек, аял, кары-жаш,
Укугу тең бипбирдей.
Жыргал элди карачы! [12, 100]
Түбөлүк шордон кутулуп,
Кедейлер, багың ачылды.
Бечара, карып, кедейге,
Ушул заман туулду.
Байларды айдап араңдан,

Бийик көтөр туунду! [13, 95] – социалдык коомдук өзгөрүүлөрдү, турмушта канат жайган жаңылыктар талбай жүргүзүлгөн эмгектин аркасында жүзөгө ашкандыгы тарыхый чындык экенин туура түшүнүп, аны эргүү менен кайра-кайра ырга салган.

Эзилип жүргөн кедейге,
Энчисин бөлүп жер бердиң.
Кайгыда жүргөн элиме,
Кайрат-кубат дем бердиң.
Ушунчалык жыргалды,

Урматуу Ленин сен бердиң! [14, 106] В. И. Ленин башында турган Советтердин Бүткүл россиялык 2-съездинде тынчтык жана жер жөнүндөгү маселелер каралып, эки

маселе боюнча Совет мамлекетинин алгачкы декреттери (мыйзамдары) кабыл алынган. «Жер жөнүндөгү» декрет боюнча жерге болгон помещиктердин менчиги жоюлуп, аны мамлекеттин байлыгы катары дыйкандарга пайдалануу үчүн бекер берүү чечилген. Ага ылайык Кыргызстанда да 2 этап менен 1921-1922 жж, 1927-1928 жж Жер-суу реформасы жүргүзүлгөн. Акын өз цитаталарында момун журтчулуктун жыргал жашоого жеткендиги тууралуу баяндоодо.

В. И.Лениндин айтуусу боюнча «…баарыдан мурда окуганды, жазганды үйрөнүү жана окуганды түшүнүү» зарыл болгон. Ал сабатсыздыкты жойбой туруп, жаңы коомду курууга болбойт деп белгилегендей [15, 293] акын кыргыз элинин сабатсыздыгына кейип, өзү да «Мектепке атам берген жок, мааниге тилим келген жок» – деп арман кылган. Бирок, акын билим деңгээлинин чектелгендигине карабастан мезгилдин шартына ылайык өзүнүн зирек ой жүгүртүүсү менен патриархалдык-феодалдык турмуш шартында кыргыз коомунун рухий маданиятынын өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. Өз чыгармаларында эмгекчил элдин өзүн-өзү аңдоо, таанып билүү сезимдерин ойготуп, коомдун социалдык-экономикалык турмушун сүрөттөгөн.

Демек, Токтогул Сатылганов өз заманынын социалдык, таптык мамилелерин чебер талдоого алып, теңчилик идеясын жогору койгон ырлары менен элдин калыңкатмарына белгилүү болгон. Ал өз доорунун далай чыгаан акындарына жол көрсөтүп, акыл насаатын айтып турган. Карапайым калктын мүдөөсүн көздөп, бай-манаптын зулумдугун ашкерелеп ырдаган. Тарыхтын татаал мезгилинде жашап, калың элди аралапөзүнүн адилеттүүлүгүн көрсөтүп, кошоматчылык кылбаган инсандык касиети үчүн азап-тозокко түшкөн. Октябрь революциясы жеңген убакта акын элүү үч жашта болгон. Ал мезгилди өмүрүнүн тең жарымынан көп убагына чейин күткөн. Акын өз тагдырын элдин тагдырынан үзбөй бирге караган. Эзилген эмгекчи калкты бак-таалайлуу жаңы заманга, эркиндик, теңдикке чыгууга, бирдиктүүлүккө чакыргын жалындуу чыгармаларды жараткан.

## ШИЛТЕМЕЛЕР


1. Кыргыз тарыхы энциклопедия. Бишкек:, 2003. 312-бет.
2. Кетмен Төбө өрөөнүнүн энциклопедиясы. 167-бет.
3. Осмонов О.Ж, Асанканов А.А. Кыргызтан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Бишкек:, 2003. 270-271-бб.
4. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 93-94-бб.
5. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 88-б.
6. Жезит – шүмшүк деген мааниде.
7. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 89-90-бб.
8. Осмонов О.Ж, Асанканов А.А. Кыргызтан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Бишкек:, 2003. 317-б.
9. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 90-б.
10. Ленин В.И. Тандалган чыгармалар. 3 том. Фрунзе:, 1962.
11. В.И. Лениндин улут маселеси жөнүндөгү теориясы менен программасынын Кыргызстанда ишке ашырылышы. Фрунзе:, 1970.
12. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 100-б.
13. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 95-б.
14. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе:, 1968. 2 том. 106-б.
15. Ленин В.И. Чыгармалардын толук жыйнагы. 45 том. 293-б.

УДК:894.341:8

# ТЕМА НРАВСТВЕННОСТИ В РОМАНАХ Ч. АЙТМАТОВА «ПЛАХА» И «КОГДА ПАДАЮТ ГОРЫ»

Мамытбекова А.Т.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В статье исследуются нравственные и общечеловеческие проблемы, поставленные Ч. Айтматовым в романах «Плаха» и «Когда падают горы».

**Ключевые слова:** герой, добро, вечность, истина, природа, олицетворение, утерянная нравственность, экология.

# Ч. АЙТМАТОВДУН «КЫЯМАТ», «ТООЛОР КУЛАГАНДА» РОМАНДАРЫНДАГЫ АДЕП-АХЛАХТЫН ТЕМАСЫ

Мамытбекова А.Т.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада Ч. Айтматовдун «Кыямат», «Тоолор кулаганда» романдарындагы жалпы адамзаттык жана адеп-ахлактык көйгөйлөрү изилденет.

**Ачкыч сөздөр:** каарман, жакшылык, түбөлүктүүлүк, акыйкат, жаратылыш, жоготулган адеп-ахлах, экология.

# THE THEME OF MORALITY IN THE NOVELS OF C. AITMATOV “CHOPPING BLOCK” AND “WHEN THE MOUNTAINS FALL”

Mamytbekova A.T.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article examines the moral and universal problems posed by C. Aitmatov in the novels “Scaffold” and “When the Mountains Fall”.

**Keywords:** hero, good, eternity, truth, nature, personification, lost morality, ecology.

Безусловно, Чингиз Айтматов стал одним из самых популярных писателей и мыслителей XX века. Столь повышенный интерес к творчеству писателя объясняется, прежде всего, мощью его литературного таланта и актуальностью проблем, поднимаемых им в своих произведениях.

Творчество Ч. Айтматова становится хрестоматийным с первых повестей писателя. Оно изучается в учебных заведениях Кыргызстана, России и стран СНГ. Зарубежная печать оценивает произведения писателя как значительное явление в мировой художественной культуре. В отечественном и зарубежном литературоведении формируется направление – «айтматоведение».

Исследователь творчества Г. Гачев пишет: «Чингиз Айтматов не просто житель середины XX века, но и мифотворец, акын-рапсод, сказитель гомеровского толка,

ренессанско-шекспировский драматург, просветитель и дидакт своего народа, романтик с идеалом высокого накала, реалист-нравописатель и историограф…» [4, С.13].

Билингвизм в своем творчестве Ч. Айтматов объясняет так: «У нас в стране уже есть опыт билингвизма в художественном творчестве. Опыт этот говорит о том, что наиболее верный путь – это сочетание знаний обоих языков… Я пишу свои книги на киргизском языке…, перевожу на русский, и наоборот. При этом я получаю глубочайшее удовлетворение от этой двусторонней работы. Это чрезвычайно интересная внутренняя работа писателя, ведущая, по моему убеждению, к совершенствованию стиля, к обогащению образности языка» [1, С.84].

Нравственно-этическая проблематика творчества Ч. Айтматова чрезвычайно близка русской литературе XIX-XX веков и, одновременно, многим литературам народов России и стран СНГ. Сам писатель неоднократно подчеркивал определяющее влияние русской литературы на развитие национальных литератур: «Лично я считаю, что многие национальные литературы происходят от самой русской литературы, от ее плоти и духа. Скажем прямо: не было бы русской литературы – не было бы и современной казахской, киргизской, каракалпакской и многих других литератур. Никакая другая литература – ни английская, ни американская, ни немецкая – не смогла выполнить такую благородную историческую миссию, не смогла «породить» по своему образу и подобию родные ей национальные литературы» [8, С.182].

В настоящее время по изучению творчества Ч. Айтматова большой интерес вызывают исследовательские работы Коваленко А.Г. «Ч. Айтматов и русская литература XX века», Темаевой Х.Н. «Духовно-нравственный и художественный мир Ч. Айтматова и его мотивы в северо-кавказской прозе», Юрьевой С.Н. «Концепция художественного психологизма в романном творчестве Ф.М. Достоевского и Ч.Т. Айтматова», Шафранской Э.Ф. «Мифопоэтика иноэтнокультурного текста в русской прозе XIX-XX вв.», Ничипорова И.Б. «Тавро Кассандры» Чингиза Айтматова как роман-антиутопия», Бобоалиевой З.П. «Творчество Ч. Айтматова в контексте таджикско-кыргызских литературных связей», Мискиной М.С. «Фольклорно-мифологические мотивы в прозе Ч. Айтматова», Айылчиева К.А. «Стилевое своебразие двуязычного творчества Ч. Айтматова», Пу Сяо Лун «Авторская концепция национального характера в прозе Ч. Айтматова» и др.

В этом аспекте изучения особенно интересно зрелое творчество писателя - это романы «Плаха» (1986) и «Вечная невеста» (2006), романы, разделенные во времени на 20 лет.

**Целью** исследования является определение актуальности в современном мире проблем, затрагиваемых Чингизом Айтматовым в романах «Плаха» и «Вечная невеста».

**Задачи** нашего исследования можно определить следующим образом:

1. Проанализировать произведения Чингиза Айтматова «Плаха» и «Вечная невеста» в аспекте указанной темы;
2. Выявить нравственные и общечеловеческие проблемы, поставленные автором;
3. Проанализировать преемственность образов главных героев романов «Плаха» и «Вечная невеста», которые по времени написания разделяют 20 лет жизни и труда писателя;
4. Показать актуальность нравственной проблематики в современном мире.

**Предметом** исследования является нравственная проблематика современной отечественной прозы.

**Объект** исследования – романы Ч. Айтматова «Плаха» (1986) и «Вечная невеста» (2006).

**Методы**, используемые для исследования – анализ художественного прозаического произведения, анализ критической литературы по указанной теме, сопоставление.

В романе «Плаха» писатель затронул довольно актуальные проблемы современного общества: проблему экологии, нравственности, проблему угрозы наркомании. Роман насыщен образами, которые на первый взгляд не связаны друг с другом: волки, изгнанный семинарист Авдий, чабан Бостон, "гонцы" за анашой. Но на самом деле их судьбы тесно переплетаются, образуя общий узел назревших в современном обществе проблем, разрешить которые автор призывает нас, живущих сейчас.

Повествование начинается описанием волчьей семьи – Акбары и Ташчайнара, мирно живущей в Моюнкумской саванне. Но эти спокойствие и безмятежность лишь до тех пор, пока в азиатские просторы не вторгается человек, несущий в себе не созидающую, а разрушающую силу. И совершается ужасное, кровавое действо уничтожения животного мира, в котором погибают и недавно появившиеся на свет волчата Акбары. Все живое вокруг истреблено, а люди, одержимые эгоистическим отношением к природе, радуются, что план по мясопоставкам выполнен.

Три раза волки уходили в глухие места, пытались обзавестись потомством для продолжения своего рода и жить так, как предписывают им законы бытия, и три раза злая и жестокая судьба, воплощенная в образе людей, лишала их детенышей. Волки, в нашем представлении – опасность, но, оказывается, есть еще большее зло, которое способно сокрушить и уничтожить все, – это опять-таки люди. Акбара и Ташчайнар в романе обладают милосердием и никому не желают плохого. Любовь Акбары к волчатам – это не бессознательный животный инстинкт, а осознанная материнская забота и ласка, свойственная всему женскому на земле. Волки в произведении, особенно Акбара, олицетворяют собой природу, которая пытается спастись от уничтожающих ее людей.

Дальнейшие действия волчицы становятся предупреждением человеку о том, что рано или поздно все живое воспротивится и будет мстить, мстить жестоко и неумолимо. Мать Акбара, как мать-природа, хочет сохранить себя, свое будущее в потомстве, но, когда Базарбай похищает из логова волчат, она ожесточается и начинает нападать на каждого, чтобы заглушить бешенство, тоску и отчаяние, доводившие ее до безумия. Волчица карает не того, кто действительно причинил ей зло, а совершенно невиновного человека – чабана Бостона, семья которого имела несчастье принять в своем доме Базарбая, проезжавшего с волчатами мимо их жилища. Этот омерзительный пьяница, способный на любую подлость, всю жизнь ненавидел Бостона, честного труженика, который, благодаря своим собственным силам, стал лучшим чабаном в аиле. И теперь Базарбай злорадствовал и ликовал при мысли о том, что "возомнившего о себе и возгордившегося" Уркунчиева доводит по ночам терзающим и изматывающим воем потерявшая волчат Акбара. Но самое страшное ожидало Бостона впереди. Увидев, что волчица, похитившая его любимого сына, убегает, Бостон убивает одним выстрелом Акбару и малыша, который был его продолжением и смыслом жизни. Погибает и Базарбай, сломавший так много чужих судеб и столкнувший друг с другом две могучие силы – человечество и природу. Совершив три убийства, только одно из которых осознанное, Бостон сам ведет себя на "плаху", подавленный переполнявшими его горем и отчаянием, внутренне опустошенный; но в глубине души он был спокоен, потому что уничтоженное им зло больше не сможет вредить живущим.

Вторая острая тема, раскрытая писателем в романе, – это проблема наркомании, одна из самых острых проблем современного общества. Ч. Айтматов призывает людей опомниться, принять необходимые меры по искоренению этого опасного социального явления, которое калечит человеческие души. Автор правдиво и убедительно описывает ведущий в тупик и разрушающий жизни путь "гонцов", которые, рискуя, отправляются в азиатские степи за анашой, одержимые жаждой обогащения. В противоположность им писатель вводит образ Авдия Каллистратова, "еретика – новомысленника", изгнанного из семинарии за его недопустимые с точки зрения религии и устоявшихся церковных

постулатов идеи о "Боге-современнике". Одухотворенная и глубокомыслящая натура Авдия противится всяким проявлениям зла и насилия. Неправедный, гибельный путь по которому идет человечество, вызывает в его душе боль и страдания. Он видит свое назначение в помощи людям и обращении их к Богу. Авдий всеми силами стремится образумить сотоварищей, спасти погибающие души, вселив в них высокую мысль о Всеблагом, Всемилостивом, Вездесущем... Но за это его жестоко избивают, а потом и лишают жизни те, кому он протянул руку помощи.

Фигура Авдия, распятого на саксауле, напоминает Христа, принесшего себя в жертву за Добро и Истину, даруемые людям, и искупившего смертью человеческие грехи. Авдий тоже принял смерть за добро, и в последних его мыслях не было упрека обезумевшей толпе убийц, а лишь сострадание к ней и горестное чувство невыполненного долга... "Ты пришла" – таковы были его последние слова, когда он увидел перед собой волчицу с удивительными синими глазами, которая с болью заглянула в лицо распятого человека и жаловалась ему на свое горе. Человек и волк поняли друг друга, потому что их объединяло общее страдание – страдание, которое они испытывали от нравственной нищеты людей, погрязших в бездуховности.

Но все же самая главная и самая страшная проблема, затрагиваемая в романе «Плаха», как нам кажется – это проблема утерянной нравственности. Бездуховные люди способны губить ради своей выгоды, и им не будет от этого ни больно, ни стыдною Они не могут понять, что их поступки обернутся против них же самих, что за все придется платить.

Бездуховные люди в романе снабжают подростков наркотиками, убивают Авдия, губят природу без зазрения совести, не осознавая, что они творят. Бездуховный человек ворует волчат у Акбары, из-за чего происходит еще более страшная трагедия: погибает ребенок. Но его это не волнует. хорошо понимает природу такой жестокости человека в отношении к окружающей среде. Это – элементарная алчность, борьба за собственное благополучие, оправдываемое чуть ли не государственной необходимостью. И читатель вместе с Айтматовым понимает, что, коль скоро бандитские действия совершаются под прикрытием государственных планов, значит, это явление общее, а не частное, и с ним надо бороться.

Мы считаем, что нам всем надо всерьез задуматься о том, какой станет природа нашего отечества в будущем. Разве можно пожелать нашим потомкам жизни на голой земле, без рощ и соловьиных трелей?! Вот поэтому мы совершенно согласны с автором “Плахи”: экология и нравственность соединены одной линией жизни.

Есть в романе и библейская реминисценция, которая освещает намечающуюся тему Авдия, как тему человека особенного, при всей его конкретности, тему человека избранного судьбой за его преданность вечным истинным идеалам.

Воплощением этого истинного идеала в романе предстает, прежде всего, Иисус Христос, которого страстно проповедует Авдий, призывая людей мерить себя его, христовой мерой. Вся жизнь и мученическая смерть Авдия – реальность правоты Христа, возвестившего свое второе пришествие в стремлении людей к праведности, утверждаемом через страдание. Вместе с тем, Авдий Каллистратов постоянно возносит свои мольбы к другому богу, которого почитает и любит нисколько не меньше – волчице Акбаре: "Услышь меня, прекрасная мать-волчица!". Авдий ощущает свою особую избранность в жизни по тому, как пощадила его Акбара, увидев его доброту к ее детенышам. И эта доброта по отношению к маленьким волчатам для героя важна не меньше, чем его принципиальность христианина. Молясь Акбаре, Авдий заклинает ее и своим, человеческим богом, и ее, волчьими богами, не находя в этом ничего кощунственного. К Великой Акбаре – и его предсмертная молитва: "Спаси меня, волчица...". И последнее утешение в жизни – явившаяся на его зов синеглазая волчица.

Полярное сопоставление мира природы и цивилизации, описание основных образов, олицетворяющих их, выявляется уже на первых страницах романа «Вечная невеста», как и в «Плахе» 20 лет назад.

Основное действие романа Чингиза Айтматова "Когда падают горы (Вечная невеста)" происходит высоко в тянь-шаньских горах, где пересекаются трагические пути двух страдающих существ – человека и барса. Оба они жертвы времени, жертвы обстоятельств, заложники собственной судьбы. Желание мести приводит Арсена Саманчина, известного журналиста, в родное селенье, где для саудовских нефтяных магнатов организована охота на снежных барсов… Герой приезжает в горы, еще не зная, что встретит здесь свою последнюю любовь, а, возможно, и смерть. И все драматическое повествование пронизывает легенда о Вечной невесте, которая чудесным видением появляется на заснеженном горном перевале…

Авторская мысль неторопливо течет от истоков – природы, первобытной культуры, выраженной в мифах и обрядах, к прагматической цивилизации 21 века. Именно в данном контексте высвечивается святой образ вечной невесты, которая «пребывает в вечном покаянии за людской мир, и в этом глубина и сила ее любви и горя… в ней выплеснулся мученический клик вселенского страдания… ностальгический мотив любви…».

Главный герой произведения – «заблудший журавль перестройки – Арсен Саманчин. Когда-то Саманчин летал в одной стае с Горбачевым. И всех звал духовностью обновить социализм, обожествить культуру и прочее в этом духе. А теперь ни Горбачева, ни стаи, а он, заблудший журавль продолжает курлыкать о свободе духа, о музыке и красоте Вселенной…».

В романе «Вечная невеста», как и в предыдущих своих произведениях, Ч. Айтматов использует различные формы и средства психологического анализа: монологи и диалоги, внутреннюю речь, образы-символы…

Борьба за существование животного мира является своеобразной метафорой социальной жизни человека, в которой есть свои хищники и отшельники, «все эти мелкие паразиты – шакалы, лисицы, барсучье,… скандальные базарные стервятники».

В романе встречается описание конкретных реалий жизни, так хорошо знакомых нам – современникам писателя.

Возвышенный стиль повествования чередуется с приземленным, низким. Авторская мысль объемлет высоту полета человеческого духа и низменность его существования в оболочке земного бытования. Показательны в этом отношении строки: «Оказавшись однажды в Лондоне, в молодые перестроечные годы по журналистским делам на конференции, он был крайне возмущен и потрясен тем, что в одном из фешенебельных лондонских отелей, в гостиничном туалете…звучала в тиши над клозетами волшебная музыка откуда-то с потолка, и должно быть транслируемая музыка служила тут своей верой и правдой круглые сутки…. Прибывающие по нужде, совершали свои дела, входили и выходили из кабин, а в их честь в тот час звучал то ли сам Вагнер, то ли Шопен, то ли кто-то еще из гениев того века. О, какая музыка низвергалась с неведомых высот прямо в канализацию».

Арсен Саманчин – герой идеолог, этим напоминает образ Авдия Калистратова из романа "Плаха". Подобно ему он и идеологический герой, и идеологический изгой, находящийся в поисках истины – вечной невесты. Именно Арсену Саманчину автор доверяет выражение своих философско-публицистических мыслей.

Авдий Калистратов в романе "Плаха" искал своего Бога, прежде всего в себе. Арсен Саманчин – носитель генетической памяти этноса, выраженной, в данном случае, в легенде о Вечной невесте.

Таким образом, «Плаха» и «Вечная невеста» – это крик, призыв автора одуматься, принять меры по сохранению жизни на земле. Это сильные по своему содержанию

произведения способны оказать человеку неоценимую помощь в борьбе за новый, светлый, высоконравственный путь, который назначен ему природой. Айтматов дает понять, что все проблемы человечества рождаются от отсутствия нравственного начала в людях.

Поэтому прежде всего надо пробуждать в людях сострадание и любовь, честность и бескорыстность, доброту и понимание. Пробуждать нравственную память.

Чингиз Айтматов в каждой своей книге поднимает актуальные общечеловеческие проблемы, такие, как наркомания – «чума XX века», экология человеческой души, ее чистота и нравственность – извечное стремление людей к идеалу человека, и такую важную проблему в наше время, как природа, бережное отношение к ней.

Время требует от нас разрешения этих проблем, быстрого и правильного. Ведь сейчас человек сам, каждую минуту, убивает себя. Он «играет с огнем», сокращая свою жизнь, попросту прожигая ее драгоценные минуты, месяцы, годы одной выкуренной сигаретой, чрезмерным употреблением алкоголя, одной дозой наркотиков...

Не случайно то, что и в художественном мире Айтматова большое место занимают животные – конь Гульсары, Рогатая матерь-олениха, буранный Каранар, волки Акбара и Ташчайнар и снежный барс Жаабарс. В случае с Ч. Айтматовым важно указать на то, что мир животных имеет свой семиотический акцент. Например, в последнем романе-реквиеме «Когда падают горы» писателем создано произведение о судьбе снежного барса, который в древности был тотемным животным у кыргызского народа. В многочисленных сказаниях барс становится символом отчаянной смелости, мужества и выносливости, что для воинов-горцев определяет высокий эталон настоящего мужчины, воина-защитника. Поэтому он был тотемом национального кыргызского героя Манаса. К примеру, одним из правителей древнего великого Енисейского Кыргызского каганата (VIII в) был Барс-бек Ынангу Алп Билге.

Отличие Айтматова от других художников слова заключается в том, что хищники у него вовсе не хищники. Писателя в них интересует «гуманизм» положительные качества. Звери в изображении Ч. Айтматова по многим своим качествам стоят гораздо выше отдельных персонажей из числа людей.

Исходя из выше изложенного, в прозе Айтматова кардинальные проблемы человечества ставятся на повестку дня по-новому: в ней воспевается величавость Человека, благодатность Природы и вечность Жизни.

**Список использованной литературы**

1. Айтматов Ч. Плаха. Таллинн, «Ээсти раамат», 1990 г.
2. Айтматов Ч., Когда падают горы (Вечная невеста). С-П., Издательский дом «Азбука классики», 2007 г.
3. Воронов В. Чингиз Айтматов: Очерк творчества. М., «Правда», 1986 г.
4. Гачев Г. Чингиз Айтматов: В свете мировой культуры. М., «Правда», 1989 г.
5. Гачев Г. О том, как жить и как умирать. // «Литература», 2007 г., № 1.
6. Мироненко Е. Фольклорно – мифологический контекст художественной прозы Чингиза Айтматова. Ростов-на-Дону, «АСТ», 1996.
7. Озмитель Е. Феномен Айтматова. // «Литературный Киргизстан», 1988 г., № 15.
8. Садыков К. Фольклорные элементы в сюжетно – композиционной структуре романа Ч. Айтматова. // Киргизская литература в контексте русской художественной культуры: Сборник научных трудов, 1989 г.

УДК: 331.5.4

# ДЕНЕ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АЯЛДАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨ КУРУУСУНДАГЫ ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕ

Момунова А.Н.[1], Жакыпова Н.С.[2]
[1]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Ош ш., Кыргызстан
[2]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада дене мүмкүнчүлүгү чектелген аялдардын үй-бүлө куруп, эне болуусуна карата социумдун көз карашындагы стереотиптер, дене мүмкүнчүлүгү чектелген кыз-келиндердин үй-бүлө курууга болгон өздөрүнүн каалоо, психологиялык, социалдык даярдыктары, алардын эне болуу мүмкүнчүлүгүндөгү өзүн-өзү баалоосу жана коомдун дене мүмкүнчүлүгү чектелген кыз-келиндердин үй-бүлө курууга болгон мүмкүнчүлүгүн туура баалоосу жөнүндөгү сурамжылоонун жыйынтыгы камтылды.

**Ачкыч сөздөр:** үй-бүлө, гендер, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар, социум, стереотип, мүмкүнчүлүгү чектелген аялдар, майыптуулук, социалдык-психологиялык даярдык.

# ГЕНДЕРНЫЙ ПОДХОД В БРАКЕ ЖЕНЩИН С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ ЗДОРОВЬЯ

Момунова А.Н.[1], Жакыпова Н.С.[2]
[1]Кыргызско-Узбекский Международный университет им. Б.Сыдыкова, г.Ош, Кыргызстан
[2]Ошский государственный университет, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье рассмотрены стереотипы социума в отношении женщин с ограниченными возможностями здоровья вступать в брак и быть матерями, результаты опроса женщин с ограниченными возможностями здоровья о собственном желании вступить в брак, о психологической, социальной готовности, о самооценке женщин с ограниченными возможностями здоровья, материнстве и о том, как общество правильно оценивает возможности женщин с ограниченными возможностями здоровья вступать в брак.

**Ключевые слова:** семья, пол, граждане с ограниченными возможностями, социум, стереотип, женщины с ограниченными возможностями, инвалидность, социально-психологическая готовность.

# GENDER APPROACH IN THE MARRIAGE OF WOMEN WITH DISABILITIES

Momunova A.N.[1], Zhakypova N.S.[2]
[1]Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov, Osh city, Kyrgyzstan
[2]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article examines the stereotypes of society in relation to women with disabilities to marry and be mothers, the results of a survey of women with disabilities about their own desire to marry, about psychological, social readiness, about the self-esteem of women with disabilities, motherhood and how society correctly assesses opportunities women with disabilities to marry.

**Keywords:** family, gender, citizens with disabilities, society, stereotype, women with disabilities, disability, socio-psychological readiness.

Коомдо үй-бүлө түшүнүгү тукум улоочу, бала жаратуучу институт катары каралат. Дени сак урпакатарды жаратуу дени сак гана ата энеден деген стереотиптик көз караш коомдо кеңири таралган. Мындай көз караште аялдыкка дене мүмкүнчүлүгүндө чектелүүсү бар кыз-келиндерди алуу кыйынчылык жаратат.

Дене мүмкүнчүлүгүндө чектелүүсү бар аялдардын үй-бүлө куруусуна терс тассирин тийгизүүчү факторлор [4]:

1. Майып аялдан майып бала жаралат деген медициналык моделге ылайыкташкан көз караш;
2. Майып аялда эне болуу мүмкүнчүлүгү жок, ал балага татыктуу тарбия, мээрим берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган деген ойлор;
3. Мүмкүнчүлүг чектелген аялдар үй-кызматтарын толук аткара албайт;
4. Майып аялды дайыма күйөөсү кароого, камкордукка алууга туура келет;
5. Майып аялды коомго аралыштыруу ээрчитип жүрүүдө стереотиптер бар;
6. Майып кыз келиндерде бала кезинен баштап үй-тиричиликтерине тарбиялоо болбогондуктан бул багытта өзүнүн функционалдыгын толук аткара албайт же аларрды физикалык күч катары үзгүлтүксүз пайдаланганы үчүн үй-бүлө мүчөлөрү турмушка узатууну каалабайт ж.б.

Ошондой эле майыптыгы бар аялдардын үй-бүлөдө өз ордун табуусу үчүн, өзүнүн социалдык-психологиялык даярдыгы да манилүү:

1. Майып кыз-келиндин өзүнүнү чектелүүсүн туура кабылдоосу жана коомго аралашуудагы өзүн-өзү туура баалоосу зарыл;
2. Стереотиптерден арылуу;
3. Майыптыгы бар кыз-келиндерде үй-бүлөлүк баалуулуктардын калыптанышы жана үй-бүлөгө карата мээрим;
4. Эне жана жар болуу жоопкерчилигин түшүнүү;
5. Физикалык жана психологиялык жактан даярдыгы.

Дүйнө-жүзүндө "БУУ-аялдар" структурасынын маалыматы боюнча, аялдар арасында майыптыктын деңгээли орто эсеп менен 19,2 пайызды түзөт [2,]. Башкача айтканда, ар бир бешинчи аял же кыз ден-соолукка байланыштуу кандайдыр бир чектөө менен жашайт. Эркектер арасында бул көрсөткүч 12 пайыздан кыйла төмөн [3].

Майыптыгы бар аялдардын гендердик идентификациясы жөнүндө изилдөөлөр социология, психология илимдеринин курамында жетишээрлик денгээлде изилденген эмес. Майыптыктын гендердик аспектилерин талдоого, айрыкча майыптардын гендердик иденттүүлүгүнө, алардын гендердик социалдашуусуна азыраак көңүл бурулат, үй-бүлө институтунун алкагында өзүн-өзү ишке ашыруу, эне болуу жана аталык маселелери. Балким, бул майыптыктын медициналык-багытталган моделинин таасири менен шартталышы мүмкүн, ага ылайык майып – бул баарынан мурда камкордукка жана реабилитациялоого муктаж болгон дарылоо-алдын алуу мекемелеринин пациенти. Мындай ыкманын алкагында майыптыгы бар адамдар жыныстык катнашсыз, жынысы жок деген стереотиптик ойлор коомдо басымдуулук кылат [1, 104-б.].

Майыптыгы бар аялдардын гендердик иденттүүлүк маселелерине байланыштуу, биринчи кезекте, феминизм жөнүндө сөз кылуу керек – ар кандай мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы (психологиялык, жүрүм-турумдук ж.б.), адатта, аял жынысына таандык. Биздин оюбузча, феминизмдин негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:

- ушул континуумдун алкагында чечмеленүүчү дене-бой азыркы коомдо жетиштүү стандартташтырылган сексуалдык жагымдуулук сыяктуу. Жалтырак журналдар жана жарнамалык таблоиддер көбүнчө физикалык четтөөлөр менен байланышпаган" сулуу"," ийгиликтүү " аялдын катышын так аныктайт;
- тукум улоо жана эне болуу менен шартталган социалдык күтүүлөр менен дени сак тукумдун көбөйүшү. Бул аспект майып аялдардын өзүн-өзү ишке ашыруусуна карата көйгөйлүү. Бул майыптыктын медициналык багыттагы моделинин жаңырыктары менен шартталган, аларды толук кандуу үй-бүлө курууга жөндөмсүз "оорулуу" катары көрсөткөн. Мисалы, Е.Р. Ярская-Смирнова, Э. К. Наберушкина

коом көп учурда майыптыгы бар аялдарга " жалгыз образды берип, өзгөчө үй-бүлөнү түзүү үчүн жагымсыз"деп таандык экендигин белгилешет.

Майыптыгы бар аялдардын үй-бүлө курууга болгон мүмкүнчүлүктөрүнө психологиялык баа берүү максатында, коомдун майыптыгы бар кыз келиндердин үй-бүлө куруусуна карата болгон ой-толгоолору сурамжыланды. Сурамжылоого жалпысынан 50 адам алынып, анын ичинен 25-аял, 25-эркек. 25 жаран дене мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандар, 25 жаран дени сак атуулдардан алынды. Изилденүүчүлөрдүн курактык өзгөчөлүгү, 10 жаран – 50 жаштан жогору, 15 жаран – 40дан 50 жашка чейинки куракта, 18 жаран – 30 жаштан 40 жашка чейин, 12 жаран – 20 жаштан 30 жашка чейинки жарандар түздү. Жалпы суралган адамдардын 50 пайызын дене мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар толуктады.

Коомдун мүмкүнчүлүгү чектелген кыз-келиндердин үй-бүлө куруусуна болгон көз карашын аныктоого байланыштуу төмөнкүдөй суроолорго жооп алынды:

1. Ден-соолугунда чектелүүсү бар кыз келиндердин үй-бүлө куруусуна, эне болуусуна оюңуз кандай?
2. Сиз өзүнүздүн үй-бүлөгө чектелүүсү бар кыздарды келин катары кабыл алууга канчалык макулсуз?
3. Статистикалык маалыматтарда майыптыгы бар уул балдардын дени сак кыздарга турмуш курганына караганда, майыптыгы бар кыздардын дени сак жарандар менен үй-бүлө куруусунун көрсөткүчү бир канча эсе төмөн, мунун себеби эмнеде деп ойлойсуз?

Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген кыз-келиндердин өздөрүнүн үй-бүлө курууга психологиялык-социалдык даярдыгын аныктоого багытында төмөнкүдөй суроолорго жооп алынды:

1. Сиздин оюнузча майыптыгы бар кыз-келиндер үй-бүлө курууга психологиялык-социалдык жактан канчалык даяр?
2. Статистикалык маалыматтарда майыптыгы бар уул балдардын дени сак кыздарга турмуш курганына караганда, майыптыгы бар кыздардын дени сак жарандар менен үй-бүлө куруусунун көрсөткүчү бир канча эсе төмөн, мунун себеби эмнеде деп ойлойсуз?

Сурамжылоонун жүрүшүндө коомдун мүмкүнчүлүгү чектелген кыз-келиндердин үй-бүлө куруусуна болгон көз карашын аныктоого байланыштуу суроолорго, тактап айтканда ден-соолугунда чектелүүсү бар кыз келиндердин үй-бүлө куруусуна, эне болуусуна оюңуз кандай деген суроого интервьерлердин жжпторунун көрсөткүчү төмөнкүдөй болду. Жалпы дени сак 25 жарандын ичинен 15 жаран өзгөчөлүгү бар кыз келиндердин үй-бүлө куруусуна каршылыгын билдиришти. Себеби ал баланы толук камдуу материалдык-моралдык камсыздоого алууга мүмкүнчүлүгү жетпөөсү мүмкүн, ошонуну натыйжасында коомубузда дагы жакырчылыкта, камкордуксуз калган балдардын санынын өсүүсүнө алып келет деген ойлорун билдиришти. Ал эми 8 жаран мында жекече баалоо керектигин, анын чектелүүсүнүн деңгээлин жана ал тукум улоочулук образга ээ эмес экендигине ынануу керектигин билдиришти. Ал эми 7 жаран жооп берүүдө кыйнчылыктар жаралганын айтып, так жооп бере албай тургандыгын айтышты.

Ал эми экинчи сиз өзүңүздүн үй-бүлөгө чектелүүсү бар кыздарды келин катары кабыл алууга канчалык макулсуз деген суроого 25 интервьердин ичинен 22 жаран каршылыгын билдирди. Себеби алар үй-бүлө тукум улоочу институт, мен өзүмдүн дени сак неберелеримди көргүм келет деген ойлорун билдиришти. 3 жаран кабыл алууга даяр экендигин айтышты.

Сурамжылоонун 3-суроосуна Статистикалык маалыматтарда майыптыгы бар уул балдардын дени сак кыздарга турмуш курганына караганда, майыптыгы бар кыздардын дени сак жарандар менен үй-бүлө куруусунун көрсөткүчү бир канча эсе төмөн, мунун

себеби эмнеде деп ойлойсуз деген суроого, эркек киши үчүн келбет, сырткы турган турпаты маанилүү болгондуктан, эркек кишинин саны аз болгондуктан кыздар макул болушу мүмкүн, кыздарда боорукердик сезими жогору болгондуктан, дени сак эркек, мүмкүнчүлүгү чектелүү аялды өмүр бою басмырлап өтүүсүнү мүмкүн, эркек киши үй-жумуштарын толук аткарууга жөндөмсүз, ал эми аял киши сырткы жумуштарды жасап, күйөөсүнө көмөктөшө алгадыгы үчүн, эл эмне дейт деген көз караш, дени сак баланы жаратуу мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, коомдогу стереотиптик көз караштардан улам же болбосо медициналык моделдеги ойлордун коомдо басымдуулук кылуусунан улам, майыптыгы бар жаран дайыма медициналык көзөмөлгө муктаж болгондуктан үй-бүлөгө ашыкча жүк, чыгаша алып келет деген бир канча ойлорду айтышты.

Жогорудагы ойлордун негизинде, төмөнкүдөй гендердик теңсиздикке алып келүүчү жыйынтыктарды чагарсак болот: Майыптыгы бар жарандарды коомдун бирдей көз караштa кароосу же болбосо алардын индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрү менен эсептешпей тургандыгын. Себеби бардык эле дени сак жарандар мыкты ата-эне, жубай болуу мүмкүнчүлүгүнө камсыздандырылбагандыгын жана дени сак ата-энелердин арасында да өзүнүн үй-бүлөдөгү функционалдуугун так аткара албагандыгы үчүн бир канча социалдык маселелер жарааларын, алардын ичинде ажырашуу, үй-бүлөдөгү зордук зомбулук, ата-энелик укуктан ажыратуу, өз балдарынан баш тартуу, дени сак ата-энелерден жаралган дене мүмкүнчүлүгү чектелген өспүрүмдөр маселелери ж.б.

Биз өзгөчө категория деп бөлүп караган майыптыгы бар жарандардын үй-бүлөдө жараткан ийгиликтерин жана бактылуу, татыктуу, дени сак балдарды тарбиялап чыккан бир канча мүмкүнчүлүгү чектелген аялдардан турган үй-бүлөлөрдү мисалга келтирсек болот.

Изилдөөнүн экинчи бөлүгүндө ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген кыз-келиндердин өздөрүнүн үй-бүлө куруугa психологиялык-социалдык даярдыгын аныктоо багытында сиздин оюңузча майыптыгы бар кыз-келиндер үй-бүлө курууга психологиялык-социалдык жактан канчалык даяр деген суроого 10 интервьер ДМЧ аялдар бардык эле кыздарга берилген үй-бүлөлүк тарбияны алышат, үй-тиричиликтик жумуштарга жардамдашкандыктан, башка кыздар сыяктуу эле толугу менен даяр деп жооп беришти. 10 интервьер ДМЧ кыз келиндер айрым учурларды үй-бүлөсү жана жакын адамдары тарабынан көргөн зордук-зомбулуктун натыйжасында коркуу сезимдери курч жана алар өзүнүн кемчилик, өзгөчөлүктөрүн туура кабыл албаган үчүн психологиялык-социалдык жактан даяр эмес экендигин билдиришти. 5 интервьер бул суроодо майыптыгы бар кыз-келиндердин жекече мүмкүнчүлүгүнө көңүл буруу керектигин жана бардык эле ДМЧ кыз келиндер үй-бүлө курууга даяр же даяр эмес деп баалоого болбой тургандыгын айтышты.

Экинчи суроого Статистикалык маалыматтарда майыптыгы бар уул балдардын дени сак кыздарга турмуш курганына караганда, майыптыгы бар кыздардын дени сак жарандар менен үй-бүлө куруусунун көрсөткүчү бир канча эсе төмөн, мунун себеби эмнеде деп ойлойсуз дегенде 17 жаран аял киши өзүнө жар тандоодо анын мамилесине, сүйлөгүнүнө жана өзүн-өзү алып жүрүүсүнө басым жасашат ал эми сырткы келбети анчалык мааниге эмес болгондуктан, энелик инстинк болгондуктан эркектерде мүмкүнчүлүк көбүрөөк, 12 интервьер бул инсандын жеке тандоосу, бардык эле аялдар ДМЧ эркектерге турмушка чыгууга даяр эмес деген жоопторун беришти. 6 аял ДМЧ аялдын дени сак эркекке турмушка чыгуусу үчүн анын социалдык статусу, байлыгы болгон учурда гана мүмкүн деп баалашты.

Жогорудагы жооптордун негизинде айрым учурларда үй-бүлө курууга айрым учурларда ДМЧ жарандар өздөрүнүн кечирген тагдырларынын, көргөн зордук-зомбулуктардан, коомдун мамилесинен улам өзгөчөлүгү бар кыз келиндер өзүн төмөн баалап, турмуш куруп, толук камдуу эне болууга психологиялык-социалдык жактан даяр болуша албайт.

Аялдардын үй-бүлөдө, баланы тарбиялоодо, үйдүн очогун өнүктүрүүдө, үй-бүлөнүн моралдык-эмоционалдык чөйрөнү түзүүдөгү жоопкерчилиги жогору болгондуктан, майыптыгы бар аялдардын үй-бүлө куруусу бир канча маселелерди жаратат.

Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын саны күн санап өсүп жаткандыгына байланыштуу, алардын үй-бүлө куруусуна, өзүн эне, жубай катары өнүктүрүүгө социалдык-психологиялык даярдыктарды жогорулатууга карата ишмердүүлүктөрдү жайылтууну колго алуу зарыл.

Жыйынтык: Ар бир жаран өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө, өзгөчөлүгүнө карабастан, коомдо өзүн толук камдуу реализациялоого укуктуу жана психологиялык муктаж. Эгерде үй-бүлө курууга, билим алууга жана иш менен камсыз болуусуна шарт түзүүбүз, коомго мамлекетке карата чон жардамыбыз болуусу көрүнүп турат. Мында инсандын коомго ийгиликтүү социалдашуусуна жана өзүн-өзү тейлөөсүнө чон шарт түзүлөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Конурбаев, Т. А. Роль родителей в обучении детей с ограниченными возможностями здоровья в общеобразовательных школах / Т. А. Конурбаев, А. Н. Момунова // Социальная безопасность и защита человека в условиях новой общественной реальности. Социальные и реабилитационные услуги населению в Пермском крае: инновационные практики, проблемы и перспективы реализации : Сборник материалов XII международной научно-практической конференции ученых, преподавателей, специалистов, аспирантов, Пермь, 09 декабря 2020 года / Под общей редакцией З.П. Замараевой, М.И. Григорьевой. – Пермь: Пермский государственный национальный исследовательский университет, 2020. – С. 101-107.
2. Тринадцатая общая программа работы на 2019‒2023 гг. [вебсайт]. Женева: Всемирная организация здравоохранения; 2018 (страница на англ. яз. со ссылкой на документ на рус. яз.: https://www.who.int/about/what-wedo/gpw-thirteen-consultation/en/, по состоянию на 11 августа 2019 г.).
3. Global gender gap index 2018 [website]. Geneva: World Economic Forum; 2018 (http://reports.weforum.org/global-gender-gapreport-2018/the-global-gender-gap-index-2018/, accessed 30 May 2019).
4. Gender Inequality Index (GII) [website]. New York: United Nations Development Programme; 2019 (http://hdr.undp.org/en/ content/gender-inequality-index-gii, accessed 30 May 2019).
5. Gender Equality Index 2017 [website]. Vilnius: European Institute for Gender Equality; 2019 (https://eige.europa.eu/genderequality-index/about, accessed 30 May 2019).
6. Стратегия в поддержку здоровья и благополучия женщин в Европейском регионе ВОЗ. Копенгаген: Европейское региональное бюро ВОЗ; 2016 (http://www.euro.who.int/__data/assets/pdf_file/0004/333913/strategy-womens-health-ru. pdf?ua=1, по состоянию на 11 августа 2019 г.).

УДК: 159.9.011

## ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Найманбаев М.Ж.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Макалада өспүрүм баланын өнүгүшүндө коомдук тажрыйбанын ролу көрсөтүлүп, чоң адамдык турмушка умтулуу аракеттери, алардагы инсандык калыптануу белгиленген. Ошондой эле таануу процесстериндеги өзгөчөлүктөр чагылдырылган.

**Түйүндүү сөздөр**: өспүрүм, өткөөл курак, коомдук тажрыйба, идеал, өзүн чоң адамдай сезүү, жаңы түзүлүш, инсандык калыптануу.

## ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ПОДРОСТКОВ

Найманбаев М.Ж.[1]
[1]Жалал-Абадской Государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В статье показаны роль общественного опыта в развитии подростка, их стремление к взрослой жизни и обозначены формирование личности. А также отражены особенности познавательных процессов подросткового возраста.

**Ключевые слова**: подросток, переходной возраст, общественный опыт, идеал, ощущать себя как взрослого человека, новообразование, формирование личности

## PSYCOLOGICAL FEATURES OF TEENAGERS

Naimanbayev M.Zh.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article shows the role of public experience in the development of a teenager, their desire for adult life and the formation of personality. And also reflects the features of cognitive processes in adolescence.

**Key words**: teenager, transitional age, public experience, ideal, feel like an adult, new growth, formation of personality.

Баланын өсүп-өнүгүшү коомдук тажрыйбаны өздөштүрүүнүн негизинде жүрөт. Бала төрөлгөндө чоң кишилерге таандык жүрүм-турумдун кандайдыр бир формасына ээ эмес. Бирок, бала даяр түрүндө берилген жүрүм-турумдун жөнөкөй формасы, шартсыз рефлекстер баланын жашоосунда гана эмес, анын психикасынын өнүгүүсүндө да өтө зарыл. Элементардык шартсыз жана шарттуу рефлектордук механизмдер баланын сырткы дүйнө менен болгон байланыштын шартын түзүп, коомдук тажрыйбанын ар түрдүү формасын өздөштүрүүгө түрткү болот. Мунун таасири астында баллада кийинчерээк психикалык сапаттар, инсандык касиеттер түзүлөт.

Коомдук тажрыйбаны өздөштүрүү процессинде айрым рефлектордук механизмдер, мээнин функционалдык органынын татаал системасына берилет. Мындай ар бир система бирдиктүү, толук иштеп сөздү, музыканы угууну, логикалык ойлоону жана башка адамга таандык психикалык сапаттарды камсыз кылган жаңы функцияны аткарат.

Балалык мезгилде баланын организми интенсивдүү өнүгүп, анын нерв системасынын жана мээсинин жетилүүсү жүрөт. Алгачкы 7 жылдын ичинде анын мээсинин массасы болжолдуу түрдө үч жарым эсеге артат, анын түзүлүшү өзгөрөт, функциясы өркүндөйт. Мээнин жетилүүсү психиканын өнүгүүсүндө өтө маанилүү, мунун натыйжасында ар кандай аракеттерди өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү кеңейет, баланын ишке жөндөмдүүлүгү жогорулайт, максаттуу жана системалуу окуу жана тарбияны иш жүзүнө ашырууга оптималдуу шарт түзүлөт.

Өнүгүүнүн жетилиши мээнин активдүү ишине, балага сырттан таасир эткен шарттарга, чоң адамдардын тарбиялоо ишине байланыштуу жүрөт.

Коомдук тажрыйба баланын психикасынын өнүгүүсүнүн булагы катары кызмат кылат. Андан бала чоң адамдардын жардамы аркылуу жүрүм-турум маданиятын өздөштүрүп, баарлашуусу улам өсүп, белгилүү бир тажрыйбага ээ болот. Ушул сыяктуу өспүрүм курак анатомиялык-физиологиялык, психикалык өнүгүүсү кескин өзгөчөлөнгөн социалдык абалынын өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн инсандык сапаттарды калыптандыруунун мезгили болуп эсептелинет.

«Өспүрүм» дегенди латын тилинен кыргызчага которгондо «өсүү», «жетилүү», «өз алдынча болуу», «бой тарткан мезгил» деген маанини түшүндүрөт. Өспүрүм курак Д.Б. Элькониндин куракты мезгилдерге бөлүүсү боюнча 11-12 жаштан 15-16 жашка чейинки мезгилди камтыйт. Психологиялык адабияттарда булл курак өткөөл, татаал, бурулуш критикалык мезгил деп берилген. Буларда бир мезгилден экинчи бир мезгилге өтүшү менен байланышкан өспүрүмдөрдөгү болуп жаткан өнүгүү процессинин татаалдыгы жана маанилүүлүгү чагылдырылган. Бул куракта дене, акыл, адептик, социалдык жактан спецификалык айырмаланган өнүгүү келип чыгат. Өспүрүм мезгилинде сапаттык жаңы түзүлүүлөр келип чыгат, организмдин, өзүн-өзү таануунун чоң адамдар менен карым-катнашынын өнүгүшүнүн натыйжасында чоң адамдык жүрүм-турумдун элементтери пайда болот.

Өспүрүмдөрдүн инсандын өнүгүшүнүн башкы фактору анын өзүнүн белгилүү бир баалуулуктарды өздөштүүүдөгү социалдык активдүүлүгү эсептелет. Өспүрүм курагында Д.Б.Эльконин белгилегендей  карым-катнаш, баарлашуу жетектөөчү иш-аракет катары эсептелет. Өспүрүм баланын абалы өзгөрөт, мамилелердин системасы татаалдашып, социалдык активдүүлүгү жогорулайт. Бул курактагы балада ата-эне, мугалим, жолдоштору менен түзүлгөн татаал мамилелердин системасы алардагы өз алдынчалыктарды, керектөөлөрдү канааттандырууга умтулууну пайда кылат. Алар чоң адамдардын иш-аракетине аралашууга, алардай болууга умтулат. Мындай өзгөчөлүк курак психологиясында «жаңы түзүлүш» деп белгиленет. Өспүрүмдүн өзүн чоң кишидей сезүүсү социалдык, интеллектуалдык иш-аракетинен, кызыгуусунан байкалат. Аларда өзүн чоң кишидей сезүү капысынан пайда болбойт. Анын дене түзүлүшүнүн өзгөрүшү, күчүнүн өсүшү, билиминин байышы, жалпы кругозорунун жогорулашы өзүн чоң кишидей сезүүнүн өзгөчөлүгүн мүнөздөйт.

Өспүрүмдөр эң алгач ата-энесининин жүрүм-турумун өздөштүрүп, аларды туурайт, өздөрүнүн түшүнүгүндө, көз-карашында буга өзгөчө маани беришет. Мисалы, ата-эненин кооз кийимин дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө карабай кийип алгандыгын көрсөк болот.

Тамеки чегүү, анткени чылымды кармап баскан өспүрүм өзүн чоң сезет, ошондой эле кыздардын боөнгону ж.б. өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт. Мындай өзгөчөлүктөр өзүн чоң кишидей сезүүнүн жөнөкөй жолу болуп саналат. Аладын сымбаттуу, сулуу көрүнүүгө умтулуусу, айрыкча 7-8-класстын окуучулаына таандык. Алар жалпыга белгилүү маалыматтарды өздөрүнүн жаш өзгөчөлүгүгүнө ылайык өздөштүрүшөт. Мисалы, бийдин жаңы түрү, чачты жасоо «керек» деген түшүнүктү кабыл алышат. Жашоонун «жашыруун сырын», чоң адамдардын жашоодогу өзгөчө жактарын билүүгө кызыгышат. Мындай учурда ата-энелер, мугалимдер өспүрүмдөргө тыкыр көз салышып, тиешелүү кеңештерди

берүү менен алардын инсандык сапаттарын туура калыптоого, кругозорлорун өстүрүүгө жардам бериши зарыл. Өспүрүмдөрдүн турмуш тажрыйбасынын жетишсиздигине карабастан чоң адамдардай болууга умтулуусу көптөгөн шарттарга байланыштуу жана ошондуктан бардык сфера боюнча өнүгүү тең салмактуу эмес. Бул өспүрүмдөрдө «балалык » жана «чоң адамдык» касиеттердин бирдей жашаарын көргөзөт. Башкача айтканда өспүрүмдөрдө жарым балалык, жарым чоң адамдык сезим жашайт. Өспүрүм чоң адамдардын жүрүм-турумуна, карым-катышына жана мүнөзүнө кызыгып, өзүн алар менен салыштыруунун негизинде өзүндө «Мен» деген түшүнүктү иштеп чыгып, турмушта өз ордун аныктоого умтулат. Ал жашоода башка адамдарга окшош боломун деп өзүнүн идеалын издейт. Өспүрүмдөр идеал катары кабыл алган адамдардагы эрктүүлүк, мээримдүүлүк, адамкерчилик сыяктуу инсандык сапаттарды өздөштүрүүгө аракеттенишет.

Окмуштуу психолог Д.И.Фельдштейн 11-12 жаштагы өспүрүм ата-энесин, жолдошун, мугалимди идеал катары кабыл алса, 14-15 жаштагы өспүрүм чоң адамдардагы жүрүм-турумдун жыйынтыкталган үлгүсүн идеал катары кабыл алат деген ойду белгилеген.

Өспүрүмдөрдүн психологиялык өзгөчөлүгү катары айрыкча балада өзүнүн ички дүйнөсүнө болгон кызыгуу келип чыгат, андан кийин өзүн-өзү таануунун акырындык менен татаалданышы жана тереңдеши пайда болот. Өспүрүм өзү үчүн өзүнүн ички дүйнөсүн ачат. Өзүн-өзү таанууда анын жоро-жолдошторунун жана жакын адамдарынын ролу өзгөчө болуп эсептелет. Себеби, булар өспүрүм бала үчүн күзгү катары кызмат кылуу менен анын ички дүйнөсүнүн өзгөрүшүнө, жүрүм-турумдарынын оң жолго коюлушуна, жаңы мамилелердин пайда болушуна чоң таасирлерин тийгизишет.

Өспүрүм курагы – бул абдан татаал, өткөөл курак болуп саналат. Бул куракта адептүүлүктүн негизи, социалдык установка, адамдарга, коомго жана өзүнө болгон мамиленин негизи калыптанат. Өспүрүмдөр арасында баарлашуу күчөйт жана алардын дүйнө таануусунун көз караштардын калыптануусуна чоң таасирин тийгизет. Ошондой эле бул куракта карама-каршы жыныска болгон кызыгуу келип чыгат жана ошонун натыйжасында жагууга умтулуу, өзүнө жогорку талап коюу, өзүн-өзү сырткы кебетесине саресеп салуу, маани берүү, жүрүм-турумун оңдоо аракеттери келип чыгат жана өзүн–өзү өркүндөтүүгө болгон керектөө пайда болот.

Өспүрүм өзүн-өзү чоң кишидей сезүү менен катар окуу иш-аракетинде татаал мамилелердин системасында болот. Өспүрүм бала мугалимди чоң кишиге болгон укуктун негизинде өзүнө инсан катары кайрылуусун талап кыла баштайт. Мындай өзгөчөлүк биринчиден, өспүрүмдүн билим деңгээлин, экинчиден, өзүнүн мүмкүнчүлүгүн жогору баалаганы менен түшүндүрүлөт.

Бул куракта өспүрүмдөрдүн таануу процестеринде да чоң өзгөрүүлөр жүрөт.Өспүрүм курагында баланын көңүл буруусу жогорулайт. Алардын көңүл буруусу карама-каршы мүнөзгө да ээ. Себеби, бир жагынан алганда аларда эрктүү көңүл буруу жогорулайт, экинчи жагынан өспүрүмдөрдүн импульсивдүүлүгү, өтө активдүүлүгү, тигил же бул окуяларга, маалыматтарга тез таасирленүүсү, алагды болууга, көңүл буруунун туруктуу эместигине алып келет. Мындай абал мугалимдин сабакты уюштура билишине, анын иш стилине, педагогикалык жөндөмдүүлүгүнө жана башка касиеттерине жараша болот. Ошондой эле бул куракта жалпы интеллектуалдык өнүгүү менен бирге элестетүү да жакшы өнүгөт. Өспүрүмдөрдүн элестетүүсү чоң адамдардын элестөөсүнө караганда азыраак продуктивдүү, бирок, ал баланын фантазиясына бай. Окумуштуу психолог Л.С. Выготский баланын оюну өспүрүмдүн фантазиясына өсүп жетет деп эсептеген. Өспүрүм өзүнүн фантазиясынын натыйжасында өзүнүн кызыгууларын, эмоциясын жакшы сезет жана алгачкы жолу келечектеги турмуштук жолун элестеп кыялдана баштайт.

Өспүрүм курагында сөз-логикалык эс да активдүү өнүгө баштайт. Ал эми ойлоонун абстрактуу-логикалык түрү бул куракта жакшы өнүгөт. Бул абстрактуу түшүнүктөрдү оңой

өздөштүрүүгө жардам берет жан ар түрдүү окуу материалдарын эске сактоого кеңири жол ачат. Кенже мектеп жашында маалыматтарды сөзмө сөз жаттоого умтулушса, өспүрүм курагында окуу материалынын мазмунуна терең маани берип, анын ички, негизги мазмунун түшүнүүгө аракеттенишет. Ошондой эле окуу материалдарын эске сактаганда зат менен заттын, кубулуш менен кубулуштардын ортосундагы татаал ассоциациялык байланыштарды эске алуу менен материалды өздөштүрөт. Өспүрүмдөр окуу материалдарын эске сактоо, эске түшүрүү үчүн салыштыруу, классификациялоо жана системалоо жолдорун көп колдонушат.

Окумуштуу психолог А.Н.Леонтьев өспүрүмдөрдүн эс жана ойлоо процесстерин изилдеп төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: куректын өсүшү менен эске тутуунун продуктивдүүлүгү жогорулайт жана өспүрүм курагында эс менен башка психикалык функцилардын ордосундагы чечүүчү жылыш болот.

Өспүрүм курагында чыгармачылык ойлоо да жакшы өнүгөт. Ушуга байланыштуу негизинен бул куректан баштап кыскача ыр, аңгеме жазуу, искусствого кызыгуу, чыгармачылык иштерге катышуу күчөйт, жогорулайт. Чыгармачылык иштерди өркүндөтүү өспүрүмдөрдүн жалпы таануу активдүлүктөрүнүн өнүгүшү менен байланыштуу. Демек, өспүрүм курагындагы пайда болгон психологиялык өзгөчөлүктөр «чоң кишидей сезүү», «жаңы түзүлүштүн пайда болушу», «таануу процесстеринин өзгөчөлүгү» баланын жетилүү курагындагы инсандык калыптануунун татаал мезгилин мүнөздөйт.

**Адабияттар:**

1. Кон И.С. В поисках себя. – М.,1994.
2. Кулагина И.Ю. Возрастная психология. – М.,1998.
3. Миңбаев К.М. Курак жана педагогикалык психология. – Ош,1995.
4. Хрипкова А.Г., Колесов Д.В. Мальчик, подросток, юноша. –М.,1982.

УДК: 159.9.010

## ЖУГУМДУУ ТАРБИЯНЫН БАШАТЫ ЭМНЕДЕ?

Найманбаев М.Ж.[1], Темирбаева Г.К.[2], Чоюнова А.Т.[3]
[1,2,3]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Макалада тарбиянын жугумдуу болушу элдик педагогиканын негизинде жаткандыгы жана азыркы мезгилдеги тарбиядагы өксүктөр чагылдырылып, турмуштук жагдайлар көрсөтүлгөн.

**Түйүндүү сөздөр**: тарбия, жүрүм-турум, элдик педагогика, мотив, үч муундан турган үй-бүлө модели, дүйнө тааным, педагогикалык агартуу, курактык өзгөчөлүктөр.

## В ЧЁМ ИСТОКИ ДЕЙСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ?

Найманбаев М.Ж.[1], Темирбаева Г.К.[2], Чоюнова А.Т.[3]
[1,2,3]Жалал-Абадской Государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В статье освещаются тенденции действенного воспитания, лежащие в основе народной педагогики и недостатки современного воспитания, а также показаны жизненные ситуации.

**Ключевые слова:** воспитание, поведение, народная педагогика, мотив, модель семьи из трёх поколений, мировоззрение, педагогическое просвещение, возрастные особенности.

## WHAT ARE THE ORIGINS OF EFFECTIVE PARENTING?

Naimanbayev M.Zh.[1], Temirbayeva G.K.[2], Choyunova A.T.[3]
[1,2,3]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article highlights the educational trends underlying folk pedagogy, trends in modern education and life situations.

**Keywords:** education, behavior, folk pedagogy, motiv, three-generation family model, worldview, pedagogical education, age features.

Азыркы учурда адам баласы адептүүлүккө, адамгерчиликке, ыйманга, боорукердик, мээримдүүлүккө суусап, руханий дүйнөбүз жардыланып турган мезгилде, турмуштун агымына аралашып келе жаткан жаш муундардын келечегине кайдыгер мамиле жасабай, аларга туура тарбия берип,эртеңки замандын келечек ээлерин татыктуу өстүрүү, Ата-журттун керегине жараган, аны сүйгөн, боорукер, мээримдүү инсан кылып тарбиялоо мугалим, тарбиячылардын жана улуу муундардын эң негизги милдети.

Жаш муундарды калыптандырууда руханий (адеп) тарбиянын алдыда турушу керектигин белгилүү улуу ойчулдар жана атактуу окумуштуулар айтып келишкен. М.; улуу ойчул Аль Фараби “Адамга эң биринчи билим эмес, руханий тарбия берүү керек, тарбиясыз берилген билим – адамзаттын кас душманы, ал келечекте анын бардык өмүрүнө апаат алып келет” – деп эскерткен. Ал эми чех элинин улуу педагогу Я.А.Коменский “Адегенде адамдын жүрүм-турумун тарбияла, анан акылмандыкты үйрөт. Биринчисине үйрөтпөй туруп, экинчисин үйрөтүү акылсыздык,” – деп белгилеген. Ошондой эле кыргыз элинин алгачкы агартуучусу Нурмолдо да мындай деген: “Аш берсең – аш аласың, таш ыргытсаң –

таш аласың, тарбияна жараша, уулуң болот замана”. Демек, тарбия маселеси биринчи планда туруу менен анын мааниси, ролу адамзат жашоосунда өтө жогору экендигин жогорку ойлордон баамдасак болот.

Азыркы жаш муундар кантип тарбия алат, кайда барат? Дүйнө таанымы калыптана элек жаш муундарды азыркы кездеги адам табиятына туура келбеген терс адаттардан кантип коргоп калабыз? – деген суроо өтө ойлондурат. Ушуга байланыштуу өлкөбүздөгү жаштар арасындагы кылмыштуулук, уурулук, зөөкүрдүк, терс жүрүм-турумдар көп кездешүүдө.

Ушуга окшогон коомдогу терс көрүнүштөр эмнененин натыйжасында, кантип, кандайча пайда болду? Ага толук кандуу маани берип, проблеманын ички маанисине анчалык көңүл бурбайбыз?

Ааламдашуу заманында жаштардагы рухий вакуумду (боштукту) Батыштын арзан стандарттары ээлеп алды. Ошону менен кошо компьютеризация, интернет байланышынын чектөөсүздүгүнөн улам (терс жактары) ата менен баланын ортосунда баарлашуу азайды. Көбүнчө бала жагымсыз маалыматтардын кучагында калды. Себеби алар системалуу көзөмөлдөнбөйт. Ушуга байланыштуу казактын белгилүү акыны, жазуучусу Мухтар Шахановдун “Компьютер баштуу жарты адамдар” концепциясы бекеринен келип чыкпады. М.Шахановдун “Цивилизациянын адашуусу” романында бейнеленген бул мааниси чоң маселеге сын көз менен карап, тез каршылык көрсөтпөсөк, чоң утулушка түшөрүбүздү “Азыркы жарты адамдар формуласы” эскертет. Ааламдык маалымат ташкынынын техникалык тез өнүгүүсүнүн, кесиптик адистердин бир жактуу даярдоо себебинен, асыресе адамдык баалуулуктардын эскерилбөөсүнөн коомдо “компьютер баштуу жарты адамдардын” ылдам өсүп кетүүсү, заманыбыздагы кезек күттүрбөгөн проблемага айланды. Рухсуз билимдин зыяндуулугу, демек, соңку кездери дүйнөлүк деңгээлде өрүш алган ар намыс, уят, адилеттүүлүк, кайрымдуулук, ызаттуулук, боорукердик, мээримдүүлүк, улууну сыйлоо сыяктуу касиеттерге жеткиликтүү көңүл бөлүнбөө туңгуюкка алып келүүдө.

Ошондуктан маселени түпкүрүнөн карап тарбияны системалуу жүргүзүү максатка ылайыктуу. Андан сырткары тарбиялоодо сөзсүз түрдө элдик педагогикага таянуу жана балдардын курагын эске алуу абдан маанилүү.

Тарбиянын жугумдуулугу, сиңимдүүлүгү элдик педагогиканын казынасында жатат. Окумуштуу А.Э.Измайлов белгилегендей: “Элдик педагогика – эл массаларынын тарыхый жана социалдык тажрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип, тастыкталып, муундан-муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм ыкмалардын тутуму”. Элдик педагогика – улуттун тарбиялоо башаты катары колдонулуп келе жаткандыгын чех элинин улуу педагогу Я.А.Коменский белгилеп, өз элинин оозеки чыгармаларынын элдик руханий дүйнөсүн, каада-салтын, маданиятын өстүрүп-өнүктүрүүнүн негизи катары караган. Ушуга байланыштуу тарбиянын жугумдуу болушуна элдик педагогикага басым жасоо менен комплекстүү, системалуу иш-аракеттерди жүргүзүү зарылчылыгы бар. Балдардын ар бир курактын өзгөчөлүгүнө карата тарбиялык иштерди уюштуруу максатка ылайыктуу болуп эсептелет. М.:, Окумуштуулардын пикири боюнча баланын жөндөмдүүлүктөрү эрте жашта пайда болот, алар менен үзгүлтүксүз, системалуу иш-аракеттер канча эрте башталса, ошончолук натыйжалуу ишке ашары белгиленет. Ал эми мектепке чейинки курагында жетектөөчү иш-аракети катары ролдук-сюжеттик оюндар эсептелет. Оюн балдардын жүрүм-турумуна, дүйнө таануусуна чоң таасирин тийгизет.

Жүрүм-турум нормалары менен көнүмүштөрүн билүү өзүнөн-өзү эле келе койбойт. Балдарды тарбиялоо процессинде аларда адептик нормаларга карата эмоциялык мамиле иштелип чыгат. Күндөлүк турмушта бала чоң адамдардын, курбу-курдаштарынын, өспүрүмдөрдүн ар кандай жүрүм-турумдарына көңүл бөлөт. Анда кемчиликтерге,бейбаштыкка, адепсиздикке карата туура мамиленин түзүлүшү маанилүү.

Ал адамдардын татыксыз жүрүм-турумунан коркуу жана “жаман” болбоону каалоо таасиринде тарбиялануга тийиш.

Тарбиялоо процесси системалуу жүргүзүлүү менен алардагы терс көрүнүштөр мугалим, тарбиячылар, ата-энелер тарабынан көз жаздымда калбоого тийиш. Мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болушу зарыл жана аларды педагогикалык агартуу иштери жүргүзүлүүсү керек. Ошондой эле айрыкча ата-энелер, мугалим, тарбиячылар балдар үчүн өзүлөрүнүн жүрүм-туруму менен ар тараптан үлгү болуусу өтө зарыл. Балдардын жеке керт башынын өнүгүшү үчүн чоң адамдар менен өз ара мамиле түзүү жана сактоо мотивдери зор мааниге ээ. Балага айланасындагы адамдар тарабынан жакшы мамиле керек.Оң эмоцияга талап-адамдардын эң биринчи талабы. Ошондуктан чоң адамдардын жактыруусуна, эркелетүүсүнө жана балдардын сүйүүсүнө татыктуу болууну каалоо жүрүм-турумдун негизги мотивдеринин бири болуп эсептелет.

Мугалимдер, чоң адамдар менен өз ара жакшы мамилелерге умтулуу баланын жүрүм-турумун уюштурат: бала алардын ой-пикирлери жана баа берүүлөрү менен макул болуп, алар белгиленген жүрүм-турум эрежелерин орундатууга аркеттенет. Курбу-курдаштары менен жакшы өз ара мамилелерге умтулууда баланын жүрүм-турум маданиятынын мүнөзүн аныктайт. Атаандаштык мотив баланын жөндөмдүүлүктөрүн жана билгичтиктерин өркүндөтүүгө стимул берет, ошондой эле адептик мотивдер, өзүн адамдар кабыл алган эреже боюнча алып жүрүүгө умтулуу баланын инсандык сапаттарынын өнүгүшүн шарттайт.

Илгертен бери келе жаткан кыргыз элиндеги жугумдуу тарбиянын болушунда боз үй ичиндеги үч муундан турган үй-бүлө тутуу моделинин ролу чоң экендигин белгилесек болот. Андай үй-бүлөдө турмуштук тажрыйбасы мол чоң ата, чоң энелер, абдан турмуштук тажрыйбасы жетиле элек, турмушка толук кандуу быша элек баласына, келинине турмуштун туура жолун тандоого багыт берип, ал эми жаңы эле дүйнө таанымы өсүп келе жаткан неберелерине дүйнө таанымдык, турмуштук сабактарды үйрөтүп, көрсөтүп тарбиялуу атуул катары калыптануусунун пайдубалын түзүшкөн.

Чоң ата, чоң энелер неберелерин койнунда алып жатышып, же жетелеп ээрчитип жүрүшүп, дүйнө таануу боюнча  таалим-тарбиялык оозеки чыгармаларды: жомокторду, макал-лакаптарды, табышмактарды, турмуштук окуяларды, насааттарды айтып берүү менен балдардын тарбиясын бекемдеген.

Ал эми азыркы мезгилде келиндер тез эле өзүнчө үй-бүлө катары бөлүнүп чыгууга аракеттенишет жана жаш үй-бүлөлөр экономикалык кризиске байланыштуу бала тарбиясына көңүл бурбай, материалдык камсыздоого гана басым жасашат. Буга мисал катары дин аалымы  Абдишүкүр Нарматовдун айтканын бөлүп көрсөтсөк болот. Шаарда кээ бир үйгө барып: саламалейкум десең, баласы чыгып, “Вам кого?” – дейт.  Алик алганды да билбейт. Бул албетте өкүнүчтүү.  Ата-энелер жада калса элементардык учурушаууну да балага үйрөтпөгөнүн айтсак жетиштүү. Ошондой эле мектеп шартында билимге гана көбүрөөк басым жасалып, тарбия маселеси ойдогудай максатка ылайыктуу жүргүзүлбөй жаткандыгын да белгилесек болот.

Ар кандай негативдүү жүрүм-турумдардын, терс көрүнүштөрдүн, адеп-ахлактык кризистин келип чыгышына, жугумдуу тарбиянын болбой жатышына төмөндөгүдөй себептерди  көрсөтсөк болот:

1. көпчүлүк ата-энелердин  чет өлкөгө  иштөө үчүн кетиши;

Бала көзөмөлсүз калууда, системалуу тарбия жок. Баланын керектөөсү, ички кызыгуулары эске алынбайт. Айрыкча, ата-эненин мээриминен, боорукерлигинен, адеп-ахлактан ажыроодо (балдар).

2. мектеп менен ата-энелердин ортосундагы тыгыз байланыштын жоктугу;

Баланын катышуусун, жетишүүсүн билмек тургай, кээ бир ата-энелер баласы кайсы класста окугандыгын да так билбейт. Себеби баланын сабагына көзөмөл кылып, көңүл

бурбайт, күндөлүгүн карабайт, кайдыгер. Мисалы, Финляндияда ата-эне мугалим менен эки-үч жумада жекече жолугат.Ал эми жума сайын ата-эне мектепке барат. Баланын билим, тарбиясына өзгөчө көңүл бурат.

3. мугалимдик кадрларга мамлекет тарабынан жакшы камкордуктун болбошу;

Жаш мугалим үчүн тиешелүү шарттын болбошу, маянанын аздыгы, социалдык жактан корголбошу ж.б.

4. массалык-маалымат каражаттарында терс маалыматтардын жарыяланышы, көрсөтүлүшү;

Балдардын жүрүм-турумуна, тарбиясына терс таасирин тийгизген окуялардын чагылдырылышы, боевик фильмдер, порнография ж.б.у.с.

5. интернет аркылуу зыяндуу маалыматтар менен кеңири кабардар болуусу;

Азыркы мезгилде бала көп убактысын интернет менен өткөрөт. Пайдалуусуна караганда пайдасызы көбүрөөк. Андан сырткары интернет баланын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө. Себеби бала көп убакыт бою кыймылсыз абалда калат. Өсүп келе жаткан бала көбүрөөк кыймылда болушу зарыл. Интернетте көп отуруу көзгө, эс тутумга, келбетке сөзсүз түрдө терс таасирин тийгизбей койбойт.

6. ата-энелерди педагогикалык агартуунун жоктугу;

Көпчүлүк ата-энелер тарбия маселеси, педагогиканын мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн кабарсыз. Жугумдуу тарбия берүү боюнча ата-энелерге маалымат берүү, кызматташуу зарыл. Ата-эне өзү канчалык үлгү болсо жана тарбиялоо үчүн уул – кызына шарт жаратса, тарбиялык жагдайларды түзө билсе, аларга көзөмөл мыкты болсо анын жемиши сөзсүз болот. Мисалы, Лейлектеги Г.Мадаминовдун мектебиндеги иш-тажрыйбалар.

7. мамлекет тарабынан тарбиялоого өзгөчө көңүл буруу менен коомдук талапты күчөтүүнүн жоктугу;

Биринчиден, мамлекеттик жетекчилер ар тараптуу мыкты үлгү болушу шарт. Экинчиден, билим берүү, тарбиялоо боюнча коомдук уюмдарга шарт түзүү. Бул багытта мамлекеттик деңгээлдеги программаларды кабыл алуу жана коомчулуктун көзөмөлүн өркүндөтүү. Мисалы, илгери да, союз мезгилинде да, баланын терс кылык-жоругуна коомдун ар бир мүчөсү көрмөксөнгө салган эмес. Ал тургай учурашпай өтүп кетсе да, кимдин баласысың, учурашканды да атаң үйрөтпөдүбү? – деп өзүн гана эмес, ата-энесин да уяткарышкан. Ал эми азыр буга эч кимдин иши жок. Керек болсо урушуп жатабы, уурулук кылып жатабы ж.б.

Ошондуктан жогорудагы ойлорду эске алуу менен тарбиянын элдик педагогикадагы өзөктүү тамырынан айрыбай, тарбияны системалуу, үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү аркылуу жугумдуу тарбияны сиңирүү мезгил талабы.

Тарбиялоо процессинде албетте, балдардын курактык, индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске тутуу менен тыкыр көзөмөлдөө зарылдыгы бар.

Бекеринен атактуу окумуштуу, педагог И.П.Подласый тарбия өксүгөн коомдун келечеги тууралуу өз пикирин билдирип: “Руханиятсыз коом – бул макулуктардын коому” – дебесе керек!

## Адабияттар

1. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика – Б., 2002-ж.
2. Байгазиев С.О. Гумандуу педагогика (изилдөөлөр, талдоолор, ой жүгүртүүлөр) – Б., 2006-ж.
3. Найманбаев М.Ж., Чоюнова А.Т. Элдин келечек тагдыры – туура уюштурулган тарбияда. 2007-ж.
4. Найманбаев М.Ж., Чоюнова А.Т. Муктарбекова А. Элдик педагогика – улуттун тарбиялоо башаты катары. ЖАМУ жарчысы. 2009-ж.

УДК 82.0.97.5

# АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДА ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРДҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Нурматова Г.М.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультети, Таш-Көмүр ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада адамдар менен жаратылыш маселелерин чагылдырылган көркөм чыгармаларды талдоо окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун жолдору, көркөм чыгармалардагы экологиялык көйгөйлөрдүн берилишин жана анын бүгүнкү күндөгү өсүүсү, аларды алдын алуунун жолдору тууралуу сөз козголду.

**Түйүндүү сөздөр**: өнөктөштүк, экология, опурталдуу, көйгөйлөр, адеп-ахлак, трагедия, акыйкаттык, рухий дүйнө.

# ОТРАЖЕНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЛИТЕРАТУРЫ

Нурматова Г.М.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, Таш-Кумырский инженерно-педагогический факультет, г.Таш-Кумыр., Кыргызстан

**Аннотация**

В этой статье дается анализ художественных произведений по проблемам человека и природы, даются методы экологичиеского воспитания учащихся, особое внимание уделяется росту экологических проблем на сегодняшний день, и пути их разрешения.

**Ключевые слова:** партнерство, экология, рискованный, проблемы, мораль, трагедия, справедливость, духовный мир

# REFLECTION OF ENVIRONMENTAL PROBLEMS IN THE WORKS OF LITERATURE

Nurmatova G.M.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Tash-Kumyr Faculty of Engineering and Education, Tash-Kumyr city, Kyrgyzstan

**Annotation**

In this article the analysis of art `works on problems of the person and the nature is given methods of ecological education of pupils are given special attention are given to growth of ecological problems for today and ways of their resolution.

**Keys world:** partnership, ecology, risky, problems, morality, tragedy, justice, spiritual world.

Кыргыз адабиятынын айрым өкүлдөрү өз чыгармаларында адам менен жаратылыштын мамилелешүү көйгөйлөрүн бир топ бийик деңгээлде көтөргөн. Байкап көрсөк, бардык көйгөйлөрдүн өзөгү адамды адеп-ахлакка, ыймандуулукка, адамдык сапаттарга тарбиялоодон келип чыгат. Чындыгында көркөм адабий чыгармаларда адам жана жаратылыш маселеси кеңири берилген. Кыргыз адабиятындагы айрым чыгармалардагы жаратылыш жана адам маселелери тууралуу айрым окумуштуулардын К.Асаналиевдин, К.Артыкбаевдин, К.Бобуловдун, Р.Умарованын эмгектеринен да жолуктурууга болот.

Кыргыз классикалык адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири М.Абакиров, Ш.Абдраманов, Ч.Айтматов, К.Жусупов, И.Масуров, Т.Сыдыкбеков, С.Эралиев ж.б. адам жана жаратылыш проблемасына, пейзаждык сүрөттөөлөргө кайрылып, аларды кеңири баяндоого алганын карап чыгып, биз, бүгүнкү күндөгү дагы бир актуалдуу проблемалардын башаты адабий чыгармаларда экологиялык проблемалардын берилиши, аларды мектепте программасында окутуу аркылуу өзүбүздөн чыккан “орозкулчулукту” жоюнун башаты адабий чыгармаларда экенине иликтөө жүргүздүк.

Адамдардын жаратылыш менен болгон өз ара мамлешүүсүнө арналган чыгармалар жогорку класстын окуу программасында 10-класстар үчүн Молдо Кылычтын “Будайык” поэмасы жана Тоголок Молдонун “Куштардын аңгемеси”, “Жер жанан анын балдары” поэмасы, ал эми 11-класста Ч.Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт”, “Гүлсарат”, “Ак кеме” повесттери, “Кыямат” романы, С.Эралиев “Кесир инсан” поэмасы, Ч.Айтматов “Ысык-Көлдүн куту жана куну” публицистикалык жанрдагы чыгармалары экологиялык көйгөйлөргө, жаратылышка жасаган мамилелерге бирден бир мисал боло алат. Жогорудагы чыгармаларды окуп үйрөнүү аркылуу окуучулар жаратылышка болгон мамиле жана коомдогу социалдык акыйкаттык сыяктуу маселелердин үстүндө ой толгоолорду жүргүзүп, аларды коргоого жана талдоого алуулары зарыл.

Бүгүнкү күндө жаратылыш ресурстарынын барган сайын азайып баратышы, илимдин өнүгүшү, экологиялык маселенин курч коюлушуна алып келип отурат. Жаратылышты өз билгениндей калчап, тескей берүү, жок кылуу трагедияга алып келээри Ч.Айтматовдун ”Кыямат” романында баса белгиленген. Бул трагедиялуу, ошол эле мезгилде абдан актуалдуу чыгарма. “Кыямат” романындагы негизги тема – адам менен жаратылыш ортосундагы мамилелешүү көйгөйү.

Жазуучу көпчүлүк чыгармалары менен окурманды жаратылышка болобу, адамдар ортосундагы мамилеге болобу баардык жагынан боорукер болууга, аяр мамиле жасоого, жоопкерчиликтин ишеничтүү жолуна эртерээк түшүүгө чакырат жана үндөйт.

Мына ушул чыгармадан төмөнкү мисал аркылуу экологиялык көйгөйдүн берилишине байкоо жүргүзүп көрөлү:

“– Ит элең, ит өлүмүнө туш болдуң, ушуну билгем, ушуну билгем,... бу Базарбай шүмшүккө айтпаптырмынбы, айткам, бөлтүрүктөрдү уурдап не кыласың, кой, акыры жакшы болбойт дебептирминби, дегем, бирок бул адамдан чыккан жырткычка даба бар беле, талаада жүргөн айбанатты да ичип жибердиң го чиркин” [1, 347-348]. Ч.Айтматов окуянын жыйынтыгы ушундай болуп аяктаарын Базарбайдын аялы Турсундун сөзү аркылуу далилдейт.

“Ак кеме” повести болсо бүгүнкү биз талдоого алынган теманын башкы өзөгү деп эсептөөгө болот. Повесттеги чыгарманын аягы өзүнүн күтүлбөгөндүгү жана аргасыздыгы менен таң калтырып, Момун мыкаачы Орозкулдун буйругу аркылуу Бугу Эненин мүйүзүн балталап, өзү айтып берген жомокту өзү жок кылып, баланын рухий дүйнөсүн тебелеп-тепсеген кылмышкерге айланат.

Бул повесттеги көйгөйлөрдүн көбү биздин күндө деле чечилип кеткен жок. Чыгармадагы терс каарман Орозкул карагайларды жашыруун, коркуп-үркүп жатып сатса, бүгүнкү күндүн “орозкулдары” ачыктан-ачык эле өз билемдике салып, жаратылышты өз каалаганындай талап-тоноо деле токтогон жок, тескерисинче токойлор кыйылып жок болуп, аңчылык кылуу ачык-айкын өнөкөт кылмыштар “Балык башынан сасыйт” – дегендей биздин аттуу-баштууларыбыз тарабынан да жасалып жатканы күн санап, күндөн-күнгө күчөп келүүдө.

Жазуучунун дагы бир чыгармасы “Гүлсарат” повестинде адам менен жаныбардын (аттын) ортосундагы өнөктөштүк мамиле ачылып берилет. Баш каарман Танабай бактылуу күндөрүн жана ар кандай кыйын-кысталыш убактысын жоргосу Гүлсары менен өткөрөт.

Мисалы: “Танабай эңкейип жоргосунун муздаган кабагын укалап, көзүн жапты, көкүлүнөн бир тал кесип алып, коюнуна катты, анан жүгөндү алды да жолуна түштү” [1, 263].

Демек, чыгарма аркылуу окурманга бир туугандык, достук сезим, адамдар менен адамдар ортосунда гана эмес, адамдар менен жаныбарлар ортосунда да боло тургандыгын түшүнүү зарыл. С.Эралиевдин 10-класста окутулуучу “Кесир инсан” поэмасында да Жер планетасындагы биосфераны, колониялык тең салмактуулукту сактоо проблемасы чагылдырылган. Бул проблеманын пайда болушуна түздөн-түз адам баласы күнөөлүү экендиги маалым. Жазуучу заман талап кылып жаткан дүйнөлүк масштабдагы көйгөйдү чагылтууну өзүнүн атуулдук жана акындык парзы катары сезип, аны ачып көрсөткөн. Поэма бүт дүйнөгө өзүнүн коркунучтуулугу менен белгилүү болгон Чернобыль АЭСинин кыйроосу менен келип чыккан трагедияны аңдап билүүгө, андан философиялык, гуманисттик бүтүм чыгарууга арналган. Бул поэма жөнүндө акындын интервьюсунда “...бул опурталдуу кылымдын азыркы көйгөйлөрүнө болгон көз карашым, ой санаам, ички чыңалуум атуулдук парзым жана акындык жүрөгүмдүн добушу” – деген.

Дагы бир мисал катары кыргыз оозеки чыгармачылыгы болгон “Кожожашта” Сур эчкинин каарына калып, Кожожаш аскада калат. “Карагул ботомдо” болсо жаратылыштын каарына калып, өз баласын өзү чаарчык экен деп атып алган соң баласын кучактап:

“Топурак басты көзүмдү, ботом,
Томсортуп кеттиң өзүмдү, ботом.
Толгоноор бала калбады, ботом,
Ким угат айткан сөзүмдү, ботом” – деп арманда калат.

Байкап көрсөк, адамдардын жаратылышты баалабастан ага карата таш боордук менен мамиле кылуусун улантып жатканын көрүп жатабыз. Жазуучулар мына ушул көйгөйдү учурунда туура баалап чыгармаларында көркөм сөз аркылуу жеткирүүгө аракет кылышкан.

Окуучулар үчүн мындай иш аракетти адабият сабагы маанилүүлүккө жана муктаждыкка айландырууга жардам бере алат. Себеби; “Адабият – адам көңүлүн жибитип, дайыма жамандыкка каршы күрөшүп, жакшылыкты укмуштуу күү кайрыктарына салып, даңазалаган өзүнчө бир кең дүйнө” [3, 68].

Окуучулар көркөм адабиятты окуудан алган адептик сабак четтетилген акыл-насаат эмес, жеке өзүнүн башынан өткөргөндөй өздөштүрүүдөн гана окурмандын экологиялык сапатын байытат.

Окумуштуу С.Момуналиев адабий билим берүүнүн максатын түшүндүрүп келип мындай деген ойду айтат: “Мейли ал окуучу адабий маалыматтарды, фактыларды, тигил же бул чыгармачыл инсандын өмүр тагдырын канчалык мыкты билбесин, эгер ал көркөм чыгарманын өзүн окуй билбесе, окууну сүйбөсө, андан ырахат ала албаса, көркөм чыгарманын маани-маңызына ой жүгүртүп, жеке менчик көз карашын, өз тыянагын чыгара албаса, анда алар адабий билими тайкы, көркөм табити менен эстетикалык табити өнүкпөгөн, рухий жактан жарды пенделердин катарын гана көбөйтүшөт” [2, 23].

Азыркы учурда адабият сабагын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятты калыптандыруу маселеси актуалдуу жана кошумча изилдөөлөргө муктаж. Анткени кыргыз адабияты сабагынын экологиялык тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү атайын педагогикалык изилдөөнүн объектисинин аспектисине айлана элек.

Иликтөөнүн жүрүшүндө, биз окуучуларга жаратылыш жөнүндө чыгармалардагы экологиялык көйгөйлөрдүн берилишин баса белгилеп окутуу, турмуш менен айкалыштыра көрсөтүү ырас деген жыйынтыкка келдик. Окутууда каармандарды талдоо менен окуучулар аларды бир гана адамдарга карата эмес, ошондой эле жаратылышка карата мамилесинин негизинде баалашат. Мисалы; Ч.Айтматовдун “Кыямат” романындагы Базарбай, “Ак кеме” повестиндеги Орозкул ж.б терс образдарды кароого болот. Демек, окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоо, ой-жүгүртүүсүн өстүрүүнү мектептен баштоо керек.

Көрүнүктүү окумуштуу, илимпоз С.Рыспаевдин жеке пикири боюнча: "Табиятты сүйүү – атайын даярданууучу кесип же адистик эмес, ал адамдын жан дүйнөсүнүн гумандуу табиятынын калыптанышы" [4, 285]. Жыйынтыктап айтканда, экологиялык кыйроонун алдын алуу биздин коомдун эң маанилүү көйгөйлөрүнүн бири.

Экологиялык маселелерине арналган КРнын мыйзамдары кабыл алынган. Мисалы: "Айлана чөйрөнү коргоо боюнча", "Жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө", "Өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу жөнүндө", "Ак илбирстин тукумун сактоо жөнүндө" жана башка. Ошондой эле 2007-жылы Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун концепциясы жөнүндө указы чыккан. Бирок ошого карабастан ар кандай экологиялык көйгөйлөр күч алууда.

Аймактарды өнүктүрүүнүн бир бөлүгү катары экологиялык проблемаларды окуп түшүнүү жана колго алуу мектеп тарбиясынан башталат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Фрунзе: – 1988.
2. Айтматов Ч. 7 томдон турган чыгармалар. – Бишкек: – 2008.
3. Абдыкеримов М. Адабият – ыйман сабагы. – Бишкек: – 1993.
4. Мамбектакунов Э.М. Педагогиканын негиздери. – Бишкек: – 2002.

УДК:37.1(575.2)

# БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ

Осмонова С.К.[1]
[1]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада талаа материалдардын жана булактардын негизинде баланы тарбиялоодо салттуу кыргыз үй-бүлөнүн ролу изилденди. Ошондой эле кыргыз элинин көп жылдар аралыгында топтолгон билими жана практикалык опыты өсүп келе жаткан муунга берилиши каралган. Негизги максат болуп салттуу тарбиялоонун спецификалык өзгөчөлүктөрүн жана үй-бүлөнүн тарбиялоодогу ролун мүнөздөп берүү болгон. Бул изилдөөнүн үстүндө иштөөдө төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлдү: салттуу үй-бүлөнүн тарбиялоодогу ролу боюнча этнографиялык материалдарды талдоо; улук информаторлор менен баарлашуулар жана интервьюлар; үй-бүлөнүн салттуу тарбиясындагы жалпы жана өзгөчө сапаттарды аныктоо үчүн салыштырма талдоо. Жыйынтыгында тарбиялоодо үй-бүлөнүн орду, тарбияга байланыштуу көптөгөн макал-лакаптар, накыл сөздөр баяндалган. Үй-бүлөдөгү улуу муундун, балдарды тарбиялоодо (чоң ата, чоң энелер, ата-энелер, агалар, эже-сиңдилер) ролу чоң болгондуктан, улуу муундарды сыйлоого, урматтоого байланыштуу көптөгөн мисалдар табылган.

**Ачкыч сөздөр:** салт,тарбия, маданият, муундар, коом, үй-бүлө,

# РОЛЬ ТРАДИЦИОННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ СЕМЬИ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

Осмонова С.К.[1]
[1]Ошский государственный университет, г.Ош, Кыргызстан

**Аннотация**

В данной статье на основе полевых материалов и источников исследованна, роль традиционной кыргызской семьи и в воспитании детей. Так же расмотрены передача подрастающему поколению накопленных знаний и практического опыта кыргызского народа. Основная цель состояла в том, чтобы охарактеризовать специфику традиционного воспитания и роль семьи в воспитании. По данному исследованию была проведена следующая методическая работа: анализ этнографических материалов о роли традиционной семьи в воспитании; опрос и интервью со старшими информантами, сравнительный анализ для определения общих и специфических качеств традиционного семейного воспитания. В результате описывается роль семьи в воспитании, множество пословиц и поговорок, связанных с воспитанием.

**Ключевые слова:** традиция, воспитания, культура, поколения, общество, семья.

# ROLE OF A TRADITIONAL KYRGYZ FAMILY IN UPBRINGING CHILDREN

Osmonova S.K.[1]
[1]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

**Annotation**

In this article, on the basis of field materials and sources, the role of the traditional Kyrgyz family in the upbringing of children is investigated. The transfer of the accumulated knowledge and practical experience of the Kyrgyz people to the growing generation was also considered. The main goal was to characterize the specifics of traditional upbringing and the role of the family in upbringing. Based on this research, the following methodological work was carried out: analysis of ethnographic materials on the role of the traditional family in upbringing; survey and interviews with senior informants, comparative analysis to determine the general and specific qualities of traditional family education. As a result, the role of the family in upbringing, many proverbs and sayings related to upbringing are described.

**Keywords:** tradition, nutrition, culture, generations, society, family.

Элдин этникалык аң-сезимин, биринчи кезекте салттуу тарбиялоодо, руханий-адептик маданиятын калыптандыруучу тарбиялоо каражаттарынын потенциалын комплекстүү талдоо бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Үй-бүлөдө калыптанган мамилелердин системасы тарбиялык ресурстардын бай арсеналын камтыган. Тарбия биринчи кезекте үй-бүлөдө күнүмдүк турмуш-тиричилик шартында ишке ашырылып, үй-бүлөлүк салттар күнүмдүк турмушка түздөн-түз кошулган. Салттуу үй-бүлөдөгү мамилелерди изилдөө жана өздөштүрүү биздин доордо эң маанилүү тарбиялык мааниге ээ болгон актуалдуу илимий проблема бойдон калууда. Изилдөө салттуу үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоого байланыштуу системалуу мамилеге, башкача айтканда, структуралык, стационардык, функционалдык жана салыштырмалуу тарыхый талдоо ыкмаларын комплекстүү колдонууга негизделген. Мындан тышкары, бул изилдөөнүн үстүндө иштөөдө төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлдү:

– салттуу үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоо боюнча этнографиялык материалдарды талдоо;
– улуу муундагы информаторлор менен сурамжылоо жана баарлашуу-интервью;
– салттуу үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоодогу жалпы жана өзгөчөлүктү аныктоо үчүн салыштырма анализ.

Биз карап жаткан учурда, б.а. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында кыргыз үй-бүлөлөрүндө үй-бүлөнүн негизги формасы катары бөлүнбөгөн чоң үй-бүлөлөр болгон. Ошол эле учурда алар муундан муунга мурас болуп калган патриархалдык жашоо образы менен мүнөздөлгөн.

Үй-бүлөдөгү тарбия жөнүндө айта турган болсок, биздин көптөгөн информаторлорубуздун айтымында, үй-бүлөдөгү калыптанып калган салттар чоң мааниге ээ болгон, анткени үй-бүлөнүн улуу мүчөлөрүнүн жана ата-энелердин жүрүм-турумунун мүнөзү, балдарды тарбиялоонун натыйжасы болгон. Атактуу, кеңеш мезгилинин педагогу А. Макаренко мындай деп баса белгилеген: «Эң туура, акыл-эстүү, ойлонулган педагогикалык методдор, эгерде сенин турмушунун жалпы тонусу начар болсо, анда ал эч кандай пайда алып келбейт. Тескерисинче, турмушундун жалпы тону тура болсо гана бала менен мамиле кылуунун туура ыкмаларын, эң негизгиси, тартиптин, эмгектин, эркиндиктин, оюндун жана кадыр-барктын туура формаларын сунуштайт» [5, 151-б.].

Салттуу кыргыз коомунда улуу муун азыркыдай эле адамдын сабырдуулугуна чоң маани берип, кубаттап келишкен. Ата-энелердин акылмандыгы, биздин көптөгөн информаторлорубуздун пикири боюнча, биринчи кезекте чыдамкайлыктан, камкордуктан, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнө камкордук менен мамиле кылуудан, алардын күчтүү жана алсыз жактарын эске ала билүүсүнөн айкын болушу керек эле. Элдик ишенимдерге ылайык, тарбиялоо жөндөмү буйрук берүү, уулдан же кыздан кандайдыр бир жумушту талап кылууда гана эмес, ынандыруу, түшүндүрүү жана ошону менен өзүнө тартуу өнөрүндө болгон [3, 89-б.].

Теңдик принциптерине негизделген чогу баарлашуу жана өз ара аракеттенүү, гумандаштырууга жана талкуу темасын жандантууга мүмкүндүк берип, адамдын өзү адеп-ахлактык жактан таза, рухий жактан байыган. Мына ушундай талкуунун натыйжасында адеп-ахлактык биримдикке жетип, айтылган ойлор, уул, кыз, ини-карындаш үчүн чындап жакын, түшүнүктүү болуп калган. Натыйжада, алар өздөрүнөн чоңдорго моралдык жактан колдоо көрсөтүп, аларга жардам берип, албетте, бул биримдик үй-бүлөнү бекемдей баштаган. Элдик ишенимдерге ылайык, ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн эмне болуп жатканын дайыма ойлонуу керек болчу, биринчи кезекте, анын үй бүлөсү, жакындары түшүнүш керек болчу.

Белгиленгендей, кыргыздарда ата-энеси жана кээде ата-энесинин, ата -энеси уулу менен бирге жашаган үй-бүлөлөр болгон, кээ бир учурларда башка туугандарда кошо

жашаган. Мындай үй-бүлөлөрдө, белгилүү болгондой, улгайган адамдар ардактуу орунду ээлешкен. Кыргыз үй-бүлөлөрүндө аксакалдардын бийлиги алардын жаш курагына гана эмес, башка көптөгөн шарттарга жана жагдайларга да көз каранды болгонун да белгилейбиз. Алардын бири, сырткы көрүнүшү боюнча, эң негизгиси, ата-энелердин ата-энелерине болгон эстүү мамилеси болгон. Муну биздин талаа материалдары ырастап турат. Биздин маалымат берүүчүбүз анын ата-энеси дайыма жумуш менен алек болгонун, балдарына жетиштүү көңүл бурууга мүмкүнчүлүгү жок экенин айтты. Ал эми балдар үчүн баары болгон, акылман, жөнөкөй, ак пейилдүү чоң энеси алар менен чогуу жашаган: "Чоң энем бизге эч качан кыйкырып, шылдыңдаган эмес, ата-бабаларыбыздын жомокторун айтып берчү.Бизди дайыма акылдуу болуп өсүшүбүздү тилейт эле. Биз чоңойгондо да, андан алыстап, кетсек да ар дайым кеңешип турчубуз, чоң апам көптөн бери жок болсо да, кээде ал мени карап тургандай сезилет [6, №1]. Үй-бүлө эң маанилүү социалдык институт болуп саналат жана ал өзүнүн өнүгүү процессинде кандай өзгөрбөсүн, коомдун негизги клеткасы болуу менен өзүнө мүнөздүү социалдык функцияларды уланткан жана сактап келет. Үй-бүлө ар түрдүү тажрыйбаларды жана маданий салттарды сактоодо жана муундарга өткөрүп берүүдө маанилүү роль ойнойт.

Белгилүү болгондой, изилденип жаткан мезгилде 2-3 жана андан көп муундар чогуу жашаган чоң үй-бүлө, бөлүнбөгөн көп үй-бүлөлүү жамааттар негизги формасы болгон:ата-энелери, алардын үйлөнгөн уулдары балдары менен. Балдардын адамдык нормаларды өздөштүрүүсүндө негизги ролду ойногон этностук маалыматтарды муундарга өткөрүп берүү функциясы так ата-энелер жаш жубайлары менен жашаган көп балалуу үй-бүлөдө эң ийгиликтүү ишке ашырылганын белгилей кетели. Алар үй-бүлөлүк мамилелердин этикалык нормаларын толук сактоо менен салттуу жашоо образын катуу карманышкан. Эреже катары, улуу муундун өкүлдөрү анын кичүү мүчөлөрүнүн кичинекей кезинен эле үй-бүлөлүк нормаларга жана салттарга көнүп, аларды сактоосуна кам көрүшкөн. Үйлөнгөн уулдардын бири ата-энеси менен чогуу жашаган үй-бүлөнүн түрү кыргыздарда отурукташуу принциби өзгөрсө да, азыркы учурга чейин кеңири таралган. Балдар улуу муун менен байланышын үзө элек, ал өз кезегинде өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоого катышуудан четтей элек.

Үй-бүлөдө бийликтин, үй-бүлөнүн башчысы эркек болгон. Ал үй-бүлө үчүн материалдык байлыкты таратуучу болгон.Турмуштук жана практикалык тажрыйбаны, тарыхый калыптанып калган салттардын, деңгээлин элдин социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүнө туура келүүчү салттарды өткөрүп берүү кыргыз коомунун турмуштук зарыл шарттарынын бири катары каралууга тийиш. Ар бир этностун, анын ичинде кыргыздардын жашоосунун маанилүү жана орчундуу шарты – турмуштук тажрыйбаны улуу муундан кичүү муунга өткөрүп берүү, салттары адамдын бала чагынанбайланып үй-бүлөсүнөнкүнүмдүк жүрүм-турум салты аркылуу түздөн-түз өткөрүп берилген.

Балдарды ата-энесине жакындатууда ыкластуулук жана чынчылдык негизги мотив болгондугун үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо тажрыйбасы күбөлөндүрөт.

Балдардын руханий жашоосун түшүнүү искусствосу менен катар ата-энелер үчүн ар кандай кырдаалдарда багыт алуу жөндөмүн өнүктүрүү, балага акылдуу түрдө таасир этүүнү түшүнүү маанилүү болгон. Ата-эне балдарга үлгү болгон мындай жагдай өсүп келе жаткан муунга туура тарбия берүүнүн шарты деп эсептелген.

Элдик педагогика балдарды тарбиялоодо ата-эненин улгусунун ролуна жогору баа берген. Үй-бүлөнүн жана коомдук турмуштун бардык тарабын жөнгө салган элдик эң жакшы адаттардын талаптарын сактоо менен ата-эне өзүнүн жана башкалардын балдарына бардык жагынан үлгү болушу керек эле. Чоңдордун моралдык-эстетикалык тарбиясы балдарга жакшы таасирин тийгизген.

Үй-бүлөдө кыргыз аялынын орду өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгон [1, 122-б.] Көп балалуу үй-бүлөдө, аял киши жашырак болсо, улгайган аял менен бардык иш-аракеттери

боюнча макулдашууга туура келген, өз каалоосу боюнча, үй үчүн азыктарды керектөө мүмкүн эмес болгон. Ал балдарды тарбиялоодо маанилүүмаселелерди чечүүгө милдеттүү эмес эле; коом үчүн физикалык жактан дени сак, адеп-ахлактуу балдарды тарбиялоо биринчи кезекте көп балалуу үй-бүлөдөгү улгайган аялдын мойнунда болчу. Үй-бүлөдө чоң эне балдардын тарбиясы үчүн гана эмес, алардын коомдогу жүрүм-туруму үчүн да жоoптуу болгон.

Баса белгилей кетчү нерсе, кыргыздарда тарбиячылардын кыйла кеңири чөйрөсү мүнөздүү болгон, анткени балдарды тарбиялоо үчүн ата-энелер гана эмес, ошондой эле бардык жакын туугандар: чоң ата менен чоң эне, агалары жана эжелери ж.б. кирген. Белгилей кетсек, өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоого бардык туугандардын катышуусу, албетте, бирдей болгон эмес жана болушу да мүмкүн эмес эле.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоо биринчи кезекте чоң аталардын, чоң энелердин, андан кийин аталардын, апалардын, ага-инилердин, эже-сиңдилердин милдети болгон.

Улгайган ата-энелер өлгөнгө чейин үй-бүлөдө руханий жетекчилердин, насаатчылардын, анын ичинде чоңдор үчүн гана эмес, алтургай улгайган балдар үчүн да кадыр-барктуу абалын сактап келишкен: атанын социалдык абалы, мисалы, кыргыз үй-бүлөсүндө жогору болгон.

Үй-бүлөлүк мамилелердин көйгөйү татаал жана көп кырдуу болгон. Ата-энелердин, айрыкча аял-энелердин милдеттери моралдык-этикалык жактан жетилгендикти, талантты, адамкерчиликти талап кылган. Балдарга камкордук көрүү, аларды чоң жана татаал турмушка даярдоо, үй-бүлөнүн бардык жетилген мүчөлөрүн бириктирүүгө тийиш болгон. Ал эми ата-эненин бийлиги негизги жана зарыл, ансыз балдарды үй-бүлөдө нормалдуу тарбиялоо мүмкүн эмес. Кыргыздар үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун негизи ата-энелик мээримдүүлүк болушу керек деп эсептешкен жана азыр да эсептеп келишет, анткени элдик ишеним боюнча ата-энелик  сезимде негизги күч – тарбия. Баланын эмоционалдык, адеп-ахлактык жана психикалык жактан өсүп-өнүгүшүндө баланын эне менен жакындыгы, баланын жашоосунун алгачкы жылдарында эненин өзгөчө камкордугу чоң роль ойнойт. Белгилүү болгондой, эне баласынын дене-жанынын ар бир кыймылын эң жакшы түшүнүп, ага жооп кайтарат. Сыягы, баланын инсандыгы энеге болгон сүйүүнүн башталышынан баштап так калыптана баштайт.Ошол үчүн кыргыздар «Атасы жиндинин бирөө жинди, энеси жиндинин баары жинди» деп айтканы ошондон окшойт, алар жакшы балдар жакшы ата-эне менен гана чоңоёт деп ишенгендиктен, келин тандоодо да өтө кылдаттык менен мамиле кылышкан [6, №1].

Ошентип, үй-бүлө ар дайым өзүнүн коомдук функцияларын аткарууну улантып, муундар аралык тажрыйбаны жана маданий баалуулуктарды сактоодо жана өткөрүп берүүдө фундаменталдуу роль ойногон. Үй-бүлө сөзсүз түрдө коомдо болуп жаткан бардык өзгөрүүлөрдү чагылдырган жана өзүнө мүнөздүү консерватизмге карабастан, кайра өзгөрүүгө дуушар болгон.

Белгилүү болгондой, бала үчүн "социалдык чөйрө" так үй-бүлөдөн (ата-энесинин, чоң ата, чоң эне, агаларынын, эже-сиңдилеринин жана башка туугандарынын) башталат.Мунун баары кыргыздар үй-бүлөгө эмне үчүн мынчалык чоң маани бергенин жана эмне үчүн бардык тарбия салттуу кыргыз коомунда XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында үй-бүлө жана коомдук структуралар аркылуу өткөнүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Үй-бүлөнүн негизги тарбиялоо функциясы балдарга практикалык билимдерди жана турмуш-тиричилик көндүмдөрүн, ошондой эле адеп-ахлактык маданиятты, жүрүм-турум–этикалык жана эстетикалык нормаларын урпактарга өткөрүп берүү болгон. Белгилей кетсек, элдик педагогикада адеп-ахлактык, эстетикалык жана этикалык тарбия берүүнүн формаларын жана ыкмаларын бири-биринен бөлүп кароо дээрлик мүмкүн болгон эмес.

Дегеле үй-бүлөдө жана коомчулукта балдарды тарбиялоонун негизги ыкмалары: ынанымдар, насааттар, окуулар болгон. Муну менен негизги көңүл сабырдуулук, өжөрлүк, ата-энени, улууну сыйлоо, адеп-ахлак нормаларын үйрөнүү сыяктуу сапаттарды калыптандырууга бурулган. Өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоонун ушул жана башка ыкмалары үй-бүлөдө да, коомдо да байкалган.Алар үзгүлтүксүз кайталанып, муундан-муунга өтүп, коомдук пикирдин күчү менен бекемделген. Ошентип, баланын калыптанышынын маанилүү негизин үй-бүлө жана анын каада-салты, баланы курчап турган адамдардын жүрүм-турум нормалары түзгөн. Чынында эле тигил же бул үй-бүлө коллективинин мүнөзүнө жараша баланын инсандык сапаты калыптанган, анын болочок үй-бүлөсүнүн, коомдук дүйнөгө көз карашынын пайдубалдары түзүлгөн. Бирок, үй-бүлө тарбиясы, эреже катары, ар дайым коомдук тарбия менен толукталып келген, коом балдарга ар кандай каналдар аркылуу: туугандар жана коноктор аркылуу, тойлордо, айылдык чогулуштарда «эмгек» ушул же башка түрлөрү аркылуу таасирин тийгизген. Дал ушундан улам баланын, ата-энесинин үлгүсү жана башка адамдардын курчаган үлгүсү кыргыздарда тарбия берүүнүн негизги жана зарыл ыкмаларынын бири катары каралып келет. Бул божомолду кыргыздардын: “Адегенде энесин көрүп, анан кызын ал” деген накыл сөзү да тастыктап, кыздын жакшы же жаман болушу түздөн-түз эненин адеп-ахлактык сапатына байланыштуу экенин баса белгилеген [4, 56-б.].

Адамдын адеп-ахлактык негиздерин тарбиялоого, улуу муундун беделдүү өкүлдөрүнүн таасирине көңүл буруу, биздин оюбузча, өсүп келе жаткан муун үчүн билим берүү программасынын милдеттүү бөлүгү болуп калууга тийиш. Ата-эне илгеркидей эле балдарын чынчыл, эмгекчил, кайраттуу кылып өстүрүүгө умтулат.

Балдарды тарбиялоо алардын акыл-эсин, моралдык сапаттарын, идеалдарын гана эмес, сезимдерин ар тараптуу өнүктүрүүнү да болжолдойт. Сулуулукту сезе билүү адамдын жашоосун байытат, жаркын, кызыктуу кылат. Сулуулукту түшүнүү, баалай билүү, сезүү өзүнөн өзү келе бербейт. Бул сапаттар бала кезинен, үй-бүлөдө системалуу түрдө калыптанышы керек.Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо ата-энеден талыкпаган эмгекти, изденүүнү талап кылат.

Кыргыздардын салттуу үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоо боюнча айтылгандарды жалпылай турган болсок, тарбия өнөрү ата-эненин балдарга өзүн табууга жардам берүүсүнөн, аларды туура жолго сала билүүсүнөн көрүнөрүн белгилей кетүү керек.

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоону чоңдордун – эң оболу ата менен эненин тийгизген таасиринен бөлүп кароого болбойт. Мындай жол менен үй-бүлөнүн негизги тарбиялоо функциясы балдарга практикалык билимдерди, ишкердик жөндөмдөрдү жана жүрүм-турумдун моралдык нормаларын берүү болуп саналат. Мурда кыргыз элинде бала менен ата-эненин ортосундагы мамиле көптөгөн ченемдер менен жөнгө салынган. Уулду тарбиялоо, үйлөнтүү, кыз берүү ата-энелик милдет деп эсептелген. Карыган ата-энелерге кам көрүү балдардын, өзгөчө уулдардын ыйык милдети деп эсептелген. Бул моралдык-этикалык жүрүм-турум нормаларынан чегинүү кыргыз коомунда айыпталып, жакын эле эмес, алыскы туугандар үчүн да ажырым катары каралып келген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А.Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2000. – 348 б.
2. Аттокуров, С. Кыргыз этнографиясы [Текст]: окуу куралы / С.Аттокуров. – Бишкек: Б-сыз, 1989. – 200-б.
3. Апыш, Б. Тарбия назарияты [Текст] окуу китеби / Б.Апыш. – Ош, 1996. – 135-б.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында .– 2-бас. Б.: Шам, 2004. – 684 б.
5. Макаренко А.С. Соч. М., 1958. Т. IV. С. 151.
6. Осмонова С. Полевые материалы тетрадь №1. Кыргызстан. Баткенская обл. – 2020. – 50с.

УДК: 372.882

# УРОК СЕМИНАР НА ТЕМУ: У. ШЕКСПИР “РОМЕО И ДЖУЛЬЕТТА”. ОСНОВНОЙ КОНФЛИКТ. “ВЕЧНЫЕ ПРОБЛЕМЫ И ИХ РАЗРЕШЕНИЕ В ПРОИЗВЕДЕНИИ”

Раманкулов Ш.М.[1]
[1]Научно-исследовательский медико-социальный институт, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В трагедии наглядно показана вечная тема любви, всепобеждающая сила любви и ее торжество во всем мире.

**Ключевые слова:** периодизация, отрешенность, конфликт, возрождение, мотивация.

# У. ШЕКСПИР “РОМЕО ЖАНА ДЖУЛЬЕТТА” ТЕМАСЫ БОЮНЧА САБАК СЕМИНАР. НЕГИЗГИ КОНФЛИКТ. “ТҮБӨЛҮК КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АЛАРДЫН ЧЫГАРМАДА ЧЕЧИЛИШИ”

Раманкулов Ш.М.[1]
[1]Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институту, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Трагедияда сүйүүнүн түбөлүктүү темасы, сүйүүнүн жеңүүчү күчү жана анын дүйнө жүзү боюнча салтанаты ачык көрсөтүлгөн.

**Түйүндүү сөздөр:** мезгилге бөлүп кароо, ажыратуу, конфликт, кайра жаралуу, шыктандыруу.

# LESSON SEMINAR ON THE TOPIC: W. SHAKESPEARE “ROMEO AND JULIET”. MAIN CONFLICT. “ETERNAL PROBLEMS AND THEIR SOLUTION IN THE WORK”

Ramankulov Sh.M.[1]
[1]Scientific-Research Medical-Social Institute, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The tragedy clearly shows the eternal theme of love, the all-conquering power of love and its triumph throughout the world.

**Key words:** periodization, detachment, conflict, rebirth, motivation.

Жизнь великого английского драматурга полна тайн. Вряд ли найдется человек, никогда не слышащий это имя. Но самое важное, научиться правильно, понимать его бессмертные произведения. Творчество Шекспира сыграло огромную роль в мировой культуре последующих веков. Оно было переведено на множество языков, многие пьесы были экранизированы («Гамлет», «Король Лир» - режиссер Г.М. Козинцев). Стали основой балетов («Ромео и Джульетта»- музыка С.С. Прокофьева). Трагедия «Ромео и Джульетта обрела долгую жизнь в искусстве и в окружающей действительности. Пока на свете есть прекрасное чувство – любовь, она вечна.

Поурочное планирование (изучение Шекспира в школе).

1. Биография Шекспира и «шекспировский вопрос». Основные темы и особенности построения английских сонетов разными поэтами (2ч.) – 8класс.

**Содержание:**

**Теоретические понятия:** английский тип сонета, композиционное решение темы: мысль – развитие-отрицание или сомнение – вывод;

**Нравственный потенциал:** богатство выражения чувств в сонатах Шекспира;

**История литературы:** Шекспир – исследование личности.

У. Шекспир. «Ромео и Джульетта». Основной конфликт трагедии. «Вечные проблемы и их разрешение в произведении (2ч.) – 9класс.

**Содержание:**

**Теоретические понятия:** литературный конфликт, мотивы, проблемы, герои; трагедия как жанр;

**Нравственный потенциал:** любовь сильнее смерти, вражда родов, отношение отцов и детей;

**История литературы:** «Ромео и Джульетта»- источник вдохновения многих поколений музыкантов, художников, балетмейстеров.

**ТЕМА: У. Шекспир «Ромео и Джульетта» Основной конфликт трагедии. «Вечные проблемы и их разрешение в произведении» (2ч.).**

**Методы:** объяснительно-иллюстративный, частично-поисковый, элементы проблемного изложения, ИКТ.

**Формы:** сообщения учащихся, беседа, работа в группах, дискуссия, тест.

**Цель:** Познакомить учащихся с трагедией У. Шекспира «Ромео и Джульетта».

**Задачи:**

- рассмотреть особенности времени, историю создания трагедии Шекспира;
- развить умение давать оценку прочитанному тексту, систематизировать лекционный материал, сопоставлять, анализировать, творчески осмысливать материал;
- создавать мотивацию для дальнейшего изучения творчества Шекспира, воспитывать интерес к творчеству и личности;
- воспитывать эстетические чувства через восприятие классической музыки, произведений искусства; умение общаться при работе в группах.

**Оформление урока:**

Портрет У. Шекспира; компьютер; на уроке, как музыкальное сопровождение, можно использовать музыку из балета «Ромео и Джульетта».

**Подготовка к уроку:**

Повторить тему: Биография Шекспира и «шекспировский вопрос»; подготовиться к высказыванию по теме: особенности эпохи Возрождения; основные события и герои трагедии Шекспира; проследить по тексту изменения характеров главных героев; индивидуальные творческие сообщения учащихся.

**План урока.**

1. **Организационный момент** (эмоциональный настрой: музыка из балета «Ромео и Джульетта»; запись эпиграфа). Постановка учебной проблемы (определение темы, целей урока).
2. **Основная часть.**

   А) сбор данных:

   -беседа по изученному ранее материалу;

   (схема «Периодизация творчества Шекспира);

   Время Шекспира

   -сообщения учащихся

   -английский театр во времена Шекспира

   -истоки жанра и сюжета трагедии; судьба пьесы

   -беседа по вопросу: основные события и герои трагедии

   Б) Выдвижение проблемы по теме урока.

   В) Проверка гипотезы:

   -самостоятельная работа в группах

   Минутка отдыха

Дискуссионное выступление групп с обоснованием своих выводов:

-образ Джульетты;

-образ Ромео;

3. **Тест по теме**
4. **Итог урока.**

Основной вывод по поставленной учебной проблеме.

Выставление оценок. Приложение «моя оценка».

5. **Домашнее задание.**

(сочинение - рассуждение: В чем актуальность трагедии?)

**Ход урока.**

1. **Организационный момент**

(Звучит музыка) Сегодняшний урок мы посвящаем трагедии Шекспира «Ромео и Джульетта» (появляется портрет Шекспира). Как вы думаете: какова тема нашего урока? Каковы наши цели?

**Презентация**

Слайд №1

Запись темы, эпиграф урока

Слайд №2

2. **Основная часть**

-Беседа по материалам предыдущих уроков

Сайд №3

(схема «Периодизация творчества Шекспира) – опираясь на схему, раскрыть тему.

-Что вы можете рассказать о времени Шекспира? (рассказ учащихся)

Сообщение учащихся (ходу сообщения, в тетрадях учащиеся должны составить план ответа).

Английский театр во времена Шекспира.

Истоки жанра и сюжета трагедии; судьба пьесы.

-Беседа по вопросу: основные события и герои трагедии.

-где происходят события трагедии? (итальянский город Верон, затем в Мантуе).

-время действия? (5 дней, от воскресенья до пятницы).

С этим связана стремительность действия, его напряженность.

-Что имеет, по замыслу автора, важное значение в пьесе? (роковая случайность, предопределенность судьбы героев: «Судьба играет мной», – говорит Ромео (акт 3, сцена 1) «Душа моя полна предчувствий мрачных!» – это слова Джульетты (акт 3 , сцена 5) И очень точно ожидающий героев конец предсказывает Лоренцо: «Таких страстей, конец бывает страшен, И смерть их ждет в разгаре торжества» (акт 2, сцена 6) Слова, звучащие в прологе к трагедии, предрекающие неизбежную смерть героев: «Весь ход любви их, смерти обреченной». И здесь же о судьбе героев говорится как о «судьбе ужасной». Таким образом, мотив судьбы и рока звучит в трагедии «Ромео и Джульетта» с самого начала, предопределяя развязку событий).

- Обратите внимание на акт 2 трагедии (Здесь снова речь заходит о том , что страсть ведет к могиле: «Былая страсть поглощена могилой – страсть новая ее наследства ждет…») Почему, как вы думаете, в трех остальных актах трагедии прологов нет? (В них нет уже необходимости, исход событий определен).

И, тем не менее, не судьба и не роковая страсть повинны в гибели Ромео и Джульетты. Что погубило их? (Их побудили существующие порядки, те моральные установки, которые были приняты в их среде, роковая вражда, причина которой давно забыта, представление о кровавой мести,память о которой еще жива).

- И все любовь торжествует. Как автор показывает, что любовь побеждает вражду? (Происходит примирение семей, Монтекки и Капулетти протягивают друг другу руки над

могилами своих детей. Трагедия завершается утверждением силы любви, преобразующей жизнь и людей).

**Key words**: Zhusup, Hass Hajib, knowledge, science, language, patriotism, legality.

Айткым келди о акылман, сөзжайын
Окуу, билим пайдасынан баштайын [1, 287-бет].

Чыгыш адабиятынын орто кылымдагы берметтеринин бири болгон «Куттуу билим» дастанынын автору, орошон ойчул, улуу алым Жусуп Баласагындын булл саптары бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу десек жаңылышпайбыз. Анткени, маалыматтык доордо билим жана илимдин баркы артып, анны өздөштүрүү менен турмушта колдонууга кызыгуу күчөгөн

мезгил. Даанышман бабабыздын окуу, билим тууралуу ойлору учур талабы менен үндөшүп турат. Орто кылымдарда ислам дининин он таасири менен Чыгышта илим-билим, маданият дүркүрөп өнүккөн. Бул мезгил илимий адабияттарда «Чыгыш Ренессансынын» доору деген ат менен белгилүү. Окумуштуу А.И. Нарынбаевдин пикири боюнча «Чыгыш Ренессансынын» негизги манызы маданияттын, коомдук-философиялык ойлоонун өнүгүшүндөгү гуманисттик багыт, илимдин таасири менен дүйнөнү рационалдуу таанып-билүү болуп саналат [6, 11-б.].

Араб өлкөлөрүнүн коомдук турмушунда орто кылымдарда ислам дини үстөмдүк кылгандыгына карабастан, ал региондогу илимий билимдердин өнүгүшүнө тоскоолдук кыла алган эмес. Буга Орто Азия чөлкөмүнөн чыккан окумуштуу, ойчулдар Фараби, Хорезми, Беруни, Ибн Синанын өлбөс-өчпөс көп кырдуу эмгектери күбө. Аталган аалымдардын чыгармалары Ала-Тоо аймагында да кенири таралып, араб тилинде окуп жана жаза билген жердештерибиз Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгарини тарбиялап чыккан. Улуу аалым, даанышман ойчул Жусуп Караханийлер мамлекетинин саясий жана маданий мааниге ээ Баласагын шаарында дүйнөгө келген. Ошол доордогу белгилүү жана атактуу адамдын уулу Жусуп өз тегине жана мезгилине ылайык билим алып, тарых, математика, астрономия, медицина, география жана башка илимдер менен тааныштыгы бар болгон [5, 517-б.]. Ар тараптуу билимге ээ, турмуштук тажрыйбасы мол бабабыз Кашгар шаарына келип, ал жерде он сегиз ай ичинде улуу дастан «Куттуу билимди» бүткөргөн жана аны «Чыгыштын падышасы Тамгач Буура каракаган Абу Али Хасанга» тартуулаган [2, 46-б.]. Улуу каган акынга алкыш иретинде «хасс хаджиб» [1, 62-б.] наамын берип, кызматка алган. Ал доордо хасс хаджиб өлкө ичиндеги турмушка көз салып, элчилерди кабыл алып, кедей-кембагалдардын арыз мунун угуп, аларды мамлекет башчысына билдирип турган. Улуу хаджибдик наам билимдүү, адеп ахлагы таза инсандарга гана берилген. Автор ал кызмат ээсинин белгилерин төмөндөгүчө мүнөздөгөн:

Өзүңдү кармай билип, ишке так бол,
Сылык болуп, ар дайым сөзгө сак бол.
Кулагы сак, болсунчу билими кен,
Төп келсин кылган иши сөзү менен [1, 248-б.].

«Куттуу билим» түрк элдери мусулман маданиятына аралашкандан кийин официалдуу, башкача айтканда араб тилинде эмес, а түрк элдеринин эне тилинде жазылган энциклопедиялык чыгарма. Анда түрк элдеринин салт-санаасы, ырым-жөрөлгөлөрү, макал-лакаптары кенири пайдаланылган. Дастанды өз доорунун адеп ахлак кодекси деп да аташат.

Даанышман акындын дастанын окуп жатып, биз анын орто кылымдык илимдин алптары Фараби, Берунинин эмгектери, алардын дүйнө таанымы менен тааныш болгондугуна ынанабыз. Өзбек окумуштуусу И.М.Муминов белгилегендей Жусуп антикалык белгилүү философ Аристотелдин трактаттары менен да тааныш болсо керек [4, 383-б.]. Чыгармада ойчул өзүнүн дүйнөгө, коомго көз карашын баяндап, адамдын жүрүм-туруму, жашоодогу илим-билимдин маанисине токтолгон. Анын оюнча адам турмушунун манызын түбөлүктүү баалуулуктар болгон билим, адилет сөз жана ак иш түзөт. Бул үчөөнүн ичинен ойчул билимге өзгөчө басым жасайт:

Улуулук – акыл эстин натыйжасы,
А билим – улуу иштин дарбазасы.
Билген – билим, акылдуу –акыл курап,
Билимдүү ойдогусун кабыл кылат [1, 154-155-б.].

Автор адамга билим төрөлгөндө эле берилбестен, күндөлүк турмушта тажрыйбанын натыйжасында калыптанаарын айткан. Ал түрк традициясынан бир кадам алга шилтеп, билим алууга үндөгөн. Билимди карангыда жол көрсөтүүчү маяк, адеп ахлакты жакшыртуучу каражат деп түшүндүргөн:

Илим менен кырсык кемтик түзөлөт,
Билим менен эл кыйыры бүтөлөт [1, 221-б.].

Баласагындын кулуну Жусуп коом мүчөлөрүнүн билим деңгээлин көтөрүү менен адеп ахлагын жакшыртууга болот деп ишенген. Илим-билимдүү инсандын жан дүйнөсү таза, ал өзүн-өзү тарбиялоо менен башкаларга үлгү болоорун дастан аркылуу туюнтат. Анын пикиринче, «билим – бул адеп-ахлак», ал ал адамдын жан дүйнөсүн байытып, кут алып келет. Чыгарманы автордун «Куттуу билим» деп аташы да кокустук эмес.

«Куттуу билимде» баяндалган идеалдуу өлкөнүн гүлдөп өнүгүшү андагы эл башы, ага кызмат кылган адамдардын акыл-эси, билими жана кулк мүнөзүнөн көз каранды. Эгер мамлекеттин ар бир атуулу билимдүү болуп, турмушта колдоно билсе жыргал турмуш орнойт деген ойдон улам аалым башкаруучуга өз тегерегине билимдүү адамдарды топтоого кенеш берген. Илимдүү адамдардын көрөгөч даанышмандыгын белгилеп, аларга урмат менен мамиле кылууну, кеп кенештерин мамлекетти башкарууда пайдаланууну сунуш кылат:

Бардык ишин шашпай иштеп ойлонуп,
Эл башкарат илим-билим колдонуп.
Кылыч менен элди жөнгө саласын,
Билим менен жарык жолду табасын [1, 255-268-б.].

Ал эми билимсиз адамдарга ишенбөөчүлүк менен карап, аларды маданиятсыз, түркөй адамдар деп билет:

Билимсизди өтө эле жакын кылба,
Жакындатсан жаман иш кылат анда.
Билимсизден ар дайым болгун ыраак,
Кулк мүнөзү алардын начарыраак [1, 653-б.].

Бабабыз билим каткан казынага тен, аны өздөштүрдүм, жетет дебестен дайыма өркүндөтүп туруу зарылдыгын айтат. Билимди учу-кыйыры чексиз дениздей түшүнүп, көп тармактуулугун белгилейт. Ошондон улам ойчул чыгармада арифметика, геометрия, астрономия, медицина, юриспруденция, педагогика, философия жана башка илимдерге конүл бөлүп, алардын адам турмушундагы маанисине токтолот. Мисалы, математика жөнүндө:

Билгин келсе үйрөнгүн, татаал эсеп,
Билим жолу так эсеп жерден өтөт.
Жакшы билгин катмардын эрежесин,
Санактан тамыр чыгар, билип өзүн.
Билип ал азыр дагы, келечекте
Багынган акыл-оюн бүт эсепке [1, 4378-4384-б.] деп жазган.

Ал эми геометрия тууралуу болсо:

Аянттын өлчөмдөрүн так чыгаргын [1, 6532-б.].

Өз доорундагы табигый илимдердин жетишкендиктерине таянып, автор дүйнөнү Кудай жараткан деп айтуу менен ал өз мыйзамы менен өнүгөт деген тыянакка келген:

Тегеренме асманды жасап койду,
Түбөлүк тынымы жок айлампалуу.
Баарынын эн үстүндө Сатурн ал,
Эки жыл сегиз айлык мөөнөтү бар [1, 126,131-б.].

Дастанда Жусуп асман планеталарын санап, алардын айлануу мөөнөтүн көрсөтөт. Жылдыздар дүйнөсүн изилдеп, Зодиактын он эки белгисинин жайгашышын сүрөттөйт. Алардын орду төмөндөгүчө деп белгилейт:

Кой жылдыздарүркөрменен катар келет
Эгиздер Чаян менен жакын жүрөт,
Артында Арстан, Буудай, Тараза бар.

Жаа менен Чаян жылдыз кошуналар,
Андан сон Теке, Балык, Конок келет.
Жерге, суута, отко, желге – үчтөн тийди…[1, 139-143-б.]

Бул жылдыздар жыл мезгилине жараша жайгашат, алардын орун которуштуруусу жаратылыш мыйзамдарына ылайык ишке ашат жана асман телолору жердин айланасында тегеренет деген ойду айткан.

Ойчул мамлекетти башкаруу, элдин турмушу сыяктуу маселелерге да көңүл бөлгөн. Анын зан закон өкүм сүргөн жерде бейпил турмуш орноору, мыйзамга баш ийип жашоо керек деген ой- толгоосу бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу. Мамлекет башчысына мыйзам чегинде элди башкаруу сунушун айтып, минтип жазат:

Адилет бол, зулумдукту тебеле,
Топук кылып, караны акка теңебе [1, 1451-б.].

Мекенди сүйүү, аны коргоо маселесин автор дастанагы каармандардын өз туулган жерине сүйүүсү, анын табиятына суктануусу аркылуу баяндайт. Өз элинин чыныгы патриоту болгон баласагындык Жусуп киндик каны тамган Ата Журтун жан дили менен сүйүп, чыгармасында туулган жеринин кооздугун, сан жеткис байлыгын көркөм тил менен баяндап, жаш муунду өз Мекенин сүйүүгө үндөгөн:

Гүлдөр жайнап, дүйнө көркүн ашырды,
Асман, жер, тоо жамынышты жашылды [1, 6532-б.].

Автор чыгармада түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин каада-салт, нарк насилин кенири пайдаланган:

Түрктөрдө бир макал бар, түбөлүктүү,
Айтууга мына ошону кезек келди.
“Кеп көркү – тил, ойдун көркү – сөз болот” [1, 271-272-б.]

деп жазгандай, ар дайым ойлонулуп, жети өлчөп, бир кесип айтылган мазмундуу, омоктуу сөз – пенденин адамгерчилик аброюн көтөрүп, атак данкын арттырат. Ал эми ойлонбостон “балп” эттирген орунсуз, тантык сөз адамды азапка кириптер кылаары турган иш:

Тил адамды бакыт, данкка жеткирет,
Тил адамды шорго салат, өлтүрөт [1, 163-б.]/

Жогоруда келтирилген автордун ой толгоолору жана дастандын мазмуну Жусуптун өз доорунун энциклопедист окумуштуусу болгонуна күбө. Ал илим- билим инсандын калыптанышынын негизги каражаты деп баса белгилеп, материалдык жардылык эмес, руханий жардылык адамдын жан дүйнөсүн жакырлантып, турмуштагы жаман көрүнүштөрдү пайда кылаарын эскерет. Илим-билим гана жакшы сапаттарды жаратып, жашоодогу максаттарды ишке ашырууга көмөктөш болоорун туюнтат.

Бардык иштин башында илим жолу,
Билимсиздин максатка жетпейт колу.
Билимдин маанисин бил, айтканын ук,
Акыл ал, ар балээден кутулуп чык [1, 4389-б.].

## Колдонулган адабияттар

1. Ж.Баласагын. Кут алчу билим. – Ф., 1988.
2. Бартольд В.В. История культурной жизни Туркестана.// Соч.т.2., ч.1 – М., 1963.
3. История Киргизской ССР.- Ф., 1984.
4. Муминов И.М. Материалы по истории общественно-философской мысли в Узбекистане. –Ташкент, 1976, С.383.
5. Кононов А.Н. Поэма Юсуфа Баласагунского ”Благодатное знание”// Юсуф Баласагунский Благодатное знание. – Москва, 1983, 517-б.
6. Нарынбаев А.И. Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров. – Бишкек, 1994.
7. Эралиев Закирбек. Жусуп Баласагын. – Бишкек, 2000.

УДК 130.2

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОРДУК, ЗОМБУЛУК КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЖОЮУДАГЫ СОЦИАЛДЫК ЧАРАЛАР

Токтоналиева Н.О.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Макалада үй-бүлөлүк зордук, зомбулуктун өзгөчөлүктөрү социалдык көрүнүш катары каралат. Үй-бүлөлүк зордук, зомбулуктун алдын алуу проблемалары, алардын себептери талданып, бул түшүнүктүн маңызы негизделди. Үй-бүлөдөгү зордук, зомбулуктун алдын алуу боюнча алдын алуу ишинин формалары жана ыкмалары баяндалып, алар социалдык кызматтар тарабынан жүзөгө ашырылды. Үй-бүлөлөр менен социалдык иштин инновациялык формалары каралды. Үй-бүлөлүк зордук, зомбулук жана анын алдын алуу маселелери боюнча алардын мамилесин жана маалымдоосун чагылдырган үй-бүлө кызматынын адистерин сурамжылоонун жыйынтыктары келтирилди. Үй-бүлө кызматтарынын алдын алуу иш-аракеттерин ишке ашыруу көйгөйлөрү мүнөздөлүп, ошону менен бирге изилдөө үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүдө коомдук уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана башка социалдык институттардын мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылбай жатканын көрсөттү. Үй-бүлөлүк зордук, зомбулуктун алдын алуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча үй-бүлө кызматтарында социалдык ишти жакшыртуунун жолдору сунушталат. Үй-бүлө институтун чыңдоодо мамлекеттин жана коомдун күч-аракетин бириктирүү зарылчылыгы баса белгиленет.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** үй-бүлөлүк зомбулук, социалдык алдын алуу, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун формалары жана ыкмалары, жабырлануучу, социалдык кызмат, кризистик борбор, психологиялык зомбулук, физикалык зомбулук, экономикалык зомбулук.

# СОЦИАЛЬНЫЕ МЕРЫ ПО ПРЕОДОЛЕНИЮ ПРОБЛЕМ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ

Токтоналиева Н.О.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В статье рассматривается насилие в семье, характеристики насилия как социального явления. Проанализированы проблемы профилактики домашнего насилия, насилия, их причины, обоснована сущность данного понятия. Описаны формы и методы профилактической работы по предупреждению насилия в семье, насилия, которые осуществляются социальными службами. Были рассмотрены инновационные формы социальной работы с семьями. Представлены результаты опроса специалистов семейных служб, отражающие их отношение и осведомленность по вопросам домашнего насилия, насилия и его предотвращения. Охарактеризованы проблемы реализации профилактических мероприятий семейных служб, а исследование показало, что возможности общественных организаций, средств массовой информации и других социальных институтов в борьбе с домашним насилием используются не в полной мере. Предлагаются способы улучшения социальной работы в семейных службах по повышению эффективности профилактики домашнего насилия и насилия. Подчеркивается необходимость объединения усилий государства и общества в укреплении института семьи.

**Ключевые слова:** семейное насилие, социальная профилактика, профилактика семейного насилия, формы и методы профилактики семейного насилия, жертва, социальная служба, кризисный центр, психологическре насилие, физическое насилие, экономическое насилие.

# SOCIAL MEASURES TO OVERCOME PROBLEMS OF FAMILY VIOLENCE

Toktonalieva N.O.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**
The article deals with domestic violence, the characteristics of violence as a social phenomenon. The problems of prevention of domestic violence, violence, their causes are analyzed, the essence of this concept is substantiated. The forms and methods of preventive work on the prevention of domestic violence, violence, which are carried out by social services. The innovative forms of social work with families have been considered. The results of the survey of specialists of family services, reflecting their attitude and awareness about the issues of domestic violence, violence and its prevention are presented. The problems of implementing preventive measures of family services are characterized, and the study showed that the possibilities of public organizations, the media and other social institutions in the fight against domestic violence are not fully used. Ways are proposed to improve social work in family services to increase the effectiveness of the prevention of domestic violence and violence. The necessity of combining the efforts of the state and society in strengthening the institution of the family is emphasized.
**Keywords:** family violence, social prevention, prevention of family violence, forms and methods of prevention of family violence, victim, social service, crisis center, psychological violence, physical violence, economic violence.

**Киришүү.**Үй-бүлө коомдун маанилүү компоненти болуп саналат. Үй-бүлөнүн бакубаттуулугу коомдун социалдык-экономикалык туруктуулугу, анын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн маанилүү шарттардын бири болуп саналат. Ошондуктан мамлекеттик үй-бүлөлүк саясат Кыргызстандын социалдык саясатынын артыкчылыктуу багыты болуп калууда жана акыркы жылдары ага көбүрөөк көңүл бурулууда. Заманбап үй-бүлө кризистик көрүнүштөр жана деструктивдүү процесстер мүнөздөлөт, алардын көрүнүшү болуп үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда таш боордуктун жана зомбулуктун өсүшү болуп саналат. Ошондуктан, бул көйгөйдү чечүү мамлекеттик үй-бүлөлүк саясаттын маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Үй-бүлөдөгү зомбулук көйгөйү коомчулуктун да, изилдөөчүлөрдүн да кызыгуусун жаратууда. Анын алдын алуунун технологияларын, ыкмаларын издөөгө өзгөчө маани берилет. Үй-бүлөлүк зомбулуктун себептери, көрүнүштөрү, кесепеттери да аныкталууда. Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам көрсөтүүчү мекемелердин тармагы кеңейүүдө. Бирок, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга, аны үй-бүлө менен иштөөгө багытталган социалдык кызматтардын контекстинде ишке ашырууга мамилелер дагы эле жетишсиз өнүккөн. Биздин изилдөөбүздүн максаты – заманбап шарттарда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууну ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө, ишке ашырууда орун алган көйгөйлөрдү аныктоо жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жакшыртуунун жолдорун аныктоо болуп саналат.

**Тыянактар жана талкуулар.** Илимий адабияттарда бул көрүнүштүн ар кандай аныктамалары бар. Биз аныктамаларга мисалдарды келтиребиз. Үй-бүлөдөгү зордук, зомбулук – жакындары үстүнөн көзөмөл жана бийликке ээ болуу үчүн аларга карата ар кандай мүнөздөгү (экономикалык, психологиялык, сексуалдык, оозеки, физикалык) барган сайын кайталанып туруучу аракеттердин же аракетсиздиктин цикли. Үй-бүлөдөгү зордук, зомбулук – бир үй-бүлө мүчөлөрүнүн же бири-бирине жакын адамдардын баш ийдирүү, ошондой эле жабырлануучуга зыян келтирип зордуктаганды канааттандыруу максатында жасалган жүрүм-турумундагы агрессиянын бир түрү [2, 250]. Үй-бүлөлүк зордук, зомбулук жабырлануучунун эркин басуу, ошондой эле бийликке жетүү үчүн физикалык күч колдонууну, ошондой эле экономикалык жана психологиялык кысымды, айрым мүчөлөрүн/үй-бүлө мүчөлөрүн же башка үй-бүлө мүчөсүнө карата сексуалдык жактан мажбурлоону билдирет. Үй-бүлөлүк зордук, зомбулуктун аныктамаларында мажбурлоо,

моюн сунуу, басуу, кыянаттык кылуу, бийликке жетүү жана башка терминдер көп колдонулганын көрүүгө болот. Бул мүнөздөмөлөрдүн баары инсанга карата басмырлоо, анын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу же чектөө менен байланышкан. Үй-бүлөдөгү зомбулук ар кандай формада жана формада болот. Алардын негизгилери: физикалык, психологиялык, сексуалдык, экономикалык зомбулук. Зордук-зомбулукка кабылган үй-бүлөлөр коркунучта. Үй-бүлөлүк зордук, зомбулуктун кесепети оор. Балдарга карата зордук-зомбулук өзгөчө оор. Балдар камкордукка, жылуулукка, мээримге жана боорукердикке муктаж жана балага карата катаал мамиленин көрүнүшү алардын бактылуу жашоосуна олуттуу зыян келтирет. Зордук-зомбулуктун кандай түрү болбосун, ал жасалган адамга терс таасирин тийгизет. Ал өз кезегинде агрессияны жана экинчи даражадагы зордук, зомбулукту жаратышы мүмкүн. Эгерде зордук-зомбулук узак мөөнөттүү мүнөзгө ээ болсо, анда анын таасири инсандын «жок болушуна» же анын өнүгүүсүндөгү бузууларга алып келиши мүмкүн, эгерде сөз балдар жөнүндө болсо. Андыктан зордук-зомбулуктун үй-бүлөнүн жана анын бардык мүчөлөрүнүн абалына терс таасирин тийгизүүгө үлгүрбөшү үчүн алдын алуу маанилүү. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу маселеси бүгүнкү күнгө чейин толук чечиле элек. Биздин коомдо үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук фактыларын акырына чейин жашыруу адатка айланган. Ошол эле учурда мындай кырдаалда үй-бүлөгө жардам бериши керек болгон бийлик тараптан да дайыма эле адекваттуу жооп жана жардам боло бербейт. Азырынча зордук-зомбулукка кабылган үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүүгө багытталган, профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүгө багытталган атайын социалдык кызматтар жетишсиз. Үй-бүлөлүк зомбулуктун масштабын аныктоо жана баалоо бир топ кыйын. Муну төмөнкү факторлор менен түшүндүрүүгө болот: үй-бүлөнүн коомдон жана социалдык кызматкерлерден белгилүү жакындыгы, укук коргоо органдарынын, медициналык мекемелердин маалыматынын жетишсиздиги. Зордук-зомбулук фактысын каттоо да өтө кыйын.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму зомбулукту “өзүнө, башка адамга, адамдардын тобуна же коомчулукка каршы физикалык күч же күчтү атайылап колдонуу, анын натыйжасында (же алып келиши мүмкүн) мунун ичинен“дене жаракаты, өлүм, психологиялык жаракат, өнүгүүнүн бузулушу же ар кандай түрдөгү зыян”. Мындай аныктама биздин көңүлүбүздү өнөктөштүк зомбулук проблемасынан бир аз бурат, демек, кийинки кадам «үй-бүлөдөгү зомбулук» эмнеден турушу мүмкүн, бул системанын өзгөчөлүгү эмнеде экенин айтып берүү [4, 22]. Мунун баары зордук-зомбулукка кабылгандар менен коомдук иштерди уюштурууну да, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууну да кыйындатат. Үй-бүлөдө бул көрүнүш бир жолку болуп, зордук-зомбулукка кабылган үй-бүлө мүчөлөрү бул фактыны кандайдыр бир мекемеге кайрылуу жолу менен оңдобосо, үй-бүлөдөгү көрүнүштүн алгачкы баскычын аныктоо өзгөчө кыйын. Социалдык алдын алуу тобокелдик топторунун, ошондой эле жеке адамдардын ортосунда мүмкүн болуучу психологиялык, физикалык, социалдык-маданий кагылышууларды жоюуга багытталган илимий негизделген, ошондой эле өз убагында башталган аракеттерди камтыйт; адамдардын оптималдуу жашоо деңгээлин жана ден соолугун сактоо жана коргоо; адамдык потенциалды ишке ашырууга жардам көрсөтүү. Ошондой эле социалдык профилактика татыктуу жашоо деңгээлин сактоого, ошондой эле коргоого, алардын келип чыгуу шарттарын жана себептерин жоюу жолу менен психосоциалдык четтөөлөрдү болтурбоого багытталган социалдык чаралардын структурасы катары чечмелесе болот. Илимий адабияттарда бар социалдык профилактиканын аныктамаларына таянып, “үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу” түшүнүгүн аныктоого болот – бул мамлекеттик, коомдук, уюштуруучулук, тарбиялык, социалдык-медициналык мүнөздөгү чаралардын тутуму. Үй-бүлөдөгү зомбулуктун шарттарын жана себептерин болтурбоо, ошондой эле жоюу же тийгизүүчү зыянын азайтуу, адамдардын жашоо-турмушунун жана ден соолугунун оптималдуу деңгээлин сактоо жана коргоо боюнча алдын алуу социалдык

технология жана социалдык иштин технологиясы катары, эгерде аны эффективдүүлүк жана эффективдүүлүк позициясынан баалай турган болсок, ишке ашыруу эң кыйындардын бири. Бул жалпы профилактикалык иш-чаралардан тышкары, жекече мамилеге муктаж болгон үй-бүлөлөрдү аныктоо кыйын экендигине байланыштуу. Азырынча үй-бүлөлүк зомбулук аспектинде социалдык иш тутумунда зордук-зомбулукка кабылган жабырлануучуларга жардам көрсөтүү жөнүндө сөз болуп жатат. Башкача айтканда, үй-бүлө мүчөлөрүнө жардам зомбулук фактысы болгон учурда гана көрсөтүлө баштайт. Бул үчүн адистештирилген кризистик борборлор жана социалдык кызматтар түзүлүүдө. Мындан улам үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга багытталган технологияларды иштеп чыгуу социалдык иштин приоритеттүү милдеттеринин бири бойдон калууда, бул натыйжалуу жана өз убагында болмок. Социалдык тейлөө адистеринин иш багыттарынын бири үй-бүлөдө адекваттуу мамилелерди калыптандыруу болууга тийиш [4, 2]. Үй-бүлөлүк зомбулук проблемасын чечүүнүн ыкмалары секторлор аралык мүнөзгө ээ болуп, укуктук, социалдык, уюштуруучулук, медициналык, психологиялык компоненттерди камтышы, ошондой эле ата мекендик жана чет өлкөлүк социалдык кызматтардын буга чейин топтолгон тажрыйбасын эске алуу менен макул болбой коюуга болбойт [1, 9]. Үй-бүлөлүк зомбулуктун себептери көбүнчө татаал болгондуктан, алдын алуу ар кандай кызматтардын жана мекемелердин адистерин тартуу менен ар кандай чөйрөлөрдү жана аспектилерди камтышы керек. Алардын үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-аракеттери системалуу жана өз ара аракеттенүүгө негизделиши керек. Биз үй-бүлө чөйрөсүндө адам укуктарын коргоо жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча комплекстүү иш-чаралардын системасын иштеп чыгышыбыз керек. Алдын алуунун мурдатан колдонулуп келе жаткан жана өзүнүн эффективдүүлүгүн актаган формалары жана усулдары бар. Мисалы, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу чаралары төмөнкүлөрдү камтыйт: үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүндө тарбиялоо; үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара милдеттерин, укуктарын түшүндүрүү; үй-бүлөлүк чыр-чатактар учурунда конструктивдүү жүрүм-турумдун каражаттары, ыкмалары жана ыкмалары жөнүндө билим берүү; укуктук өзүн-өзү коргоо чаралары жөнүндө маалымат берүү [2, 133]. Ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча социалдык кызматтардын жана кризистик борборлордун иш формаларына төмөнкүлөр кирет:

– үй-бүлөлөрдүн тобокелдик тобуна болгон мамилесине мониторинг жүргүзүү;
– социалдык кызматтардын, мекемелердин, борборлордун биргелешкен аракеттери менен тобокелдикке кабылган үй-бүлөлөргө ар тараптуу колдоо көрсөтүү;
– көчмө психологиялык колдоо кызматтарынын ишин уюштуруу;
– үй-бүлөлүк зомбулук темасында буклеттерди, социалдык жарнамаларды иштеп чыгуу жана жайылтуу;
– адистер тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук темасында баарлашууларды, ачык столдорду өткөрүү.

Ошондой эле ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жана балдар менен өз ара аракеттенүүнү уюштурууда ата-энелерге жардам берүүгө багытталган профилактикалык иштердин формалары жана методдору ишке ашырылууда:

– үй-бүлө ичиндеги ийгиликтүү мамилелерди калыптандыруу боюнча социалдык-педагогикалык консультация берүү;
– социалдык кызматтын адистеринин жомок терапиясынын ыкмаларын колдонуусу; - ата-энелерди педагогикалык баарлашуу маданиятына үйрөтүү;
– балдарды тарбиялоо темасында ата-энелерге тренингдерди өткөрүү.

Профилактиканын колдонулуп жаткан формалары жана методдору жаңыртылууга жана өркүндөтүлүүгө тийиш. Бул үчүн үй-бүлө менен социалдык иште профилактикалык иш-чаралардын жаңы инновациялык технологияларын иштеп чыгуу зарыл. Зордук-зомбулуктун курмандыктары менен иштөө боюнча атайын кызматтар жана борборлор дагы

эле жетишсиз болгондуктан, үй-бүлөлөргө социалдык жардам көрсөтүү борборлору жана үй-бүлөлүк кызматтар үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда белгилүү роль ойной алат. Үй-бүлөлүк кызматтардын контекстинде зомбулукка кабылган үй-бүлөлөр менен профилактикалык иштердин өзгөчөлүктөрүн ачуу үчүн иш тажрыйбасын жалпылоо маанилүү. Бул үчүн Бишкек шаарындагы үй-бүлөлүк кызматтын мисалында үй-бүлө менен иштөө жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу кызматынын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып бердик, бул «Сезим» кризистик борбору коомдук бирикмеси. «Сезим» кризистик борборунун ишмердүүлүгү гендердик теңчиликти алга жылдырууга, гендердик басмырлоону жоюуга жана аялдардын/кыздардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктарын гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан коргоого багытталган [6]. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга байланышкан кризистик борбордун негизги иш-чараларын бөлүп көрсөк:

– үй-бүлөлөрдүн жашоо шарттарынын начарлашына алып келген себептерди аныктоо жана жоюу;
– үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн алдын алуу;
– мамлекеттик үй-бүлө саясатын ишке ашырууда үй-бүлө, энелик, аталык, балалык маселелери боюнча бөлүмдөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;
– жашы жете электердин кароосуз калышына, кароосуз калышына жол бербөө;
– үй-бүлөдө зомбулуктун жана зомбулуктун алдын алуу; - кризистик кырдаалга туш болгон аялдардын социалдык, психологиялык реабилитациясын, адаптациясын камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү;
– психологиялык, анын ичинде үй-бүлө жана ата-энелер клубдарын түзүү, ошондой эле алардын ишин жүзөгө ашыруу;
– жеке жана топтук формада психологиялык диагностика, психокоррекция, кеңеш берүү;
– телефондук ишеним телефону аркылуу балдарга шашылыш психологиялык жардам көрсөтүү;
– үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык жактан тейлөө чөйрөсүндө методдорду жана технологияларды түзүү жана сыноо;
– үй-бүлөлөр үчүн спорттук, маданий иш-чараларды өткөрүү;
– мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, башка уюмдарды үй-бүлөлөрдү, ошондой эле балдарды социалдык жактан тейлөө маселелерин чечүүгө мобилизациялоо.

Үй-бүлө кызматында адистер үй-бүлөгө жеке жана үй-бүлөлүк психологиялык кеңеш берүү аркылуу жардам бере алышат. Психолог стрессти, турмуштук көйгөйлөрдү, үй-бүлөлүк чыр-чатакты жеңип, туура чечим чыгарууга жардам берет. Үй-бүлө юридикалык кеңеш алуу процессинде да жардам ала алат. Иштин дагы бир маанилүү багыты - үй-бүлөлөргө ар тараптуу колдоо көрсөтүү. Ал үй-бүлөнү социалдык колдоонун алкагында ишке ашырылат. Үй-бүлөнү социалдык жактан колдоо деп ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн чордонуна ар кандай уюмдарды тартуу, ошондой эле ар кандай жардам көрсөтүүдө үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүү аркылуу үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн алдын алууга жана жеңүүгө багытталган чаралардын комплекси түшүнүлөт. Кызматтын адистери үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу үчүн социалдык иштин башка түрлөрүн да колдонушат: зомбулук болгон үй-бүлөлөрдү аныктоо; профилактикалык сүйлөшүүлөр; социалдык маданий реабилитациялоо; тегерек столдор; үй-бүлөлүк патронаж; башка түзүмдөр менен бирге көйгөйлөрдү чечүүдө үй-бүлөгө жардам көрсөтүү; ата-энелер менен жеке интервью. Үй-бүлөлүк кызматтын негизинде үй-бүлөлөр үчүн массалык иш-чаралар өткөрүлүп, алар үй-бүлөдөгү көйгөйлөрдүн алдын алууга багытталган. Мындай долбоорлордун бири “НУР” транзиттик социалдык үйү. «НУР» транзиттик социалдык үйү

зордук-зомбулукка кабылган аялдарга арналган, анын ичинде:Сексуалдык зомбулук, мажбурлоо, эрте никеге туруу, мажбурлап никеге туруу максатында ала качуу, көп аял алуу;

- Үй-бүлөлүк зомбулукка;
- Адам сатуу жана аялуу миграция.

Аялдар жашы жете элек балдары менен (балдар – 12 жашка чейин) кала алышат.

Транзиттик энелердин же камкорчу аялдардын коштоосунда үй зордук-зомбулукка кабылган жашы жете элек балдарды кабыл алат.

Транзиттик үйгө жардам көрсөтүү эки программанын алкагында ишке ашырылат:

Тез жардам программасы коопсуз чөйрөдө керектүү шашылыш жардам көрсөтүүгө багытталган.

- Транзиттик үйдө жашоо убактысы – 4 жумага чейин.
- Программа 18 аял менен балдардын бир убакта жашоосу үчүн иштелип чыккан.

Тез жардам программасы бир катар зарыл кызматтарды көрсөтөт:

- психологиялык, юридикалык жана социалдык кызматтар;
- соттордо укук коргоочуну укуктук коргоо жана өкүлчүлүк кылуу;
- тез медициналык кызматтарга жана социалдык колдоо органдарына жөнөтүү.

Узак мөөнөттүү жардам программасы зордук-зомбулуктан жапа чеккен жана турмуштук оор кырдаалга кабылган аялдарды реабилитациялоого жана реинтеграциялоого багытталган.

- Транзиттик үйдө жашоо убактысы - 8 айга чейин.
- Программа 12 аял менен балдардын бир убакта жашоосу үчүн иштелип чыккан.
- Бул программа кыска мөөнөттүү жардам көрсөтүү программасынан кийин, аялдар зордук-зомбулук абалынан чыгууга жана өз алдынча жашоого күчтүү мотивацияга ээ болгондо, узак мөөнөттүү жардам көрсөтөт.

Узак мөөнөттүү жардам программасы аялдарга туруктуу реабилитация жана социалдык инклюзияга жардам берүү үчүн бир катар кызматтарды көрсөтөт:

- юридикалык, психологиялык жана социалдык кызматтар;
- соттордо укук коргоочуну укуктук коргоо жана өкүлчүлүк кылуу;
- жумушчу квалификациясын алууга жана жумуш издөөгө көмөк көрсөтүү;
- балдарды мамлекеттик бала бакчаларга жана мектептерге каттоого жардам көрсөтүү [7].

Ошентип, үй-бүлө кызматтары жана үй-бүлөгө социалдык жардам көрсөтүү борборлору үй-бүлөгө жардам көрсөтүүгө жана социалдык колдоого, анын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Мындай мекемелердин ишмердүүлүгүнүн бири – үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу. Бирок тажрыйба көрсөткөндөй, алар чечкен милдеттерди, колдо болгон адистердин санын эске алуу менен каралып жаткан иш чөйрөсүн толук ишке ашыруу мүмкүн эмес.

Мисал катары 2008-2009-жылдары «Кризистик борборлор ассоциациясын чыңдоо жана өнүктүрүү аркылуу аялдардын укуктарын үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо 2008-2009» долбоорунун алкагында Кризистик борборлор ассоциациясы тарабынан жүргүзүлгөн “Кыргызстандагы гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктун масштабы жана мүнөзү” аттуу мониторингди алсак. Бул социологиялык изилдөөнүн максаты күйөөсү же өнөктөшү тарабынан аялдарга карата гендердик зомбулуктун өзгөчөлүгүн аныктоо болгон. Изилдөө үчүн анкеталардын эки түрү иштелип чыккан:

1. Аялдар үчүн анкета 8 блокко топтолгон 30 суроону камтыган. Жеке интервью ыкмасы менен аялдар арасында массалык сурамжылоо жүргүзүлгөн кокустук үлгүсүнө ылайык.
2. Эксперттер үчүн анкета (аксакалдар сотунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери) 32 суроону камтыйт.

Эксперттердин маалыматы укук коргоо органдарынын, аксакалдар сотторунун арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, эксперттик интервью аркылуу чогултулган. Жалпысынан массалык сурамжылоодо 1600 аял респондент жана эксперттик сурамжылоонун 80 респонденти суралган. Натыйжада, мониторингдин жүрүшүндө 1680 респондент максаттуу маалымат булагы болуп калды.

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, аялдардын 83% күйөөсү же өнөктөшү тарабынан ар кандай зомбулукка чыдайт.

**Физикалык зомбулук.** Алсак, аялдардын 29% мезгил-мезгили менен ур-токмокко алуу, ага карата буюмдарды ыргытуу, курал же бычак менен коркутуу түрүндөгү физикалык зомбулукка кабылышат. Аялдар үйлөрүнөн куулуп, зомбулуктун башка оор түрлөрүнө кабылышат. Физикалык зомбулукка кабылган аялдардын 38% зомбулуктун натыйжасында жарадар болушат же биротоло жабыркашат. Физикалык зомбулук адатта психологиялык зомбулук менен коштолот.

**Психологиялык зомбулук.** Мониторингдин жыйынтыгы боюнча, сурамжылоого катышкан бардык аялдардын 50%дан ашыгы алардын дарегине акаарат сөздөрдү жана каргыштарды укканы; аялдардын 1/3и мезгил-мезгили менен күйөөлөрүнүн же чогу жашаган кишисинин адилетсиз сынына кабылышат; күйөөлөр же чогу жашаган кишиси бардык аялдардын 1/5 бөлүгүн өзүнө тең эмес деп эсептешип, достор, туугандар жана кошуналар менен баарлашуусун чектешет; аялдардын 20%ы өз аракеттеринде жана иштеринде толугу менен көзөмөлдөнөт; аялдардын 1/4 тандоо укугунан ажыратылган, алардын пикири үй-бүлө тарабынан эске алынбайт; аялдардын үчтөн биринин күйөөлөрү жана чогу жашаган кишилери алардын себепсиз кызганышат. 100 аялдын ичинен 41 аялдын күйөөсү өзүнө жана ата-энесине өзгөчө мамиле кылууну талап кылат. Бул учурда биз психологиялык зомбулуктун эң кеңири тараган түрлөрүн гана санадык, алар күйөөсү же өнөктөшү бар бардык аялдардын 83% жабыркайт.

**Экономикалык зордук-зомбулук.** Экономикалык зомбулук боюнча мониторингдин маалыматтарын талдоо көрсөткөндөй, сурамжылоого катышкан 1062 аял экономикалык зордук-зомбулуктун ар кандай түрлөрүн баштан кечирген, бул 66%дан бир аз ашты. Ошентип, пикир этибарга алынбай, аялдардын 56%дан ашыгы үй-бүлөлүк бюджетти пландаштырууга уруксат берилбейт, эркектердин 45%ы үй-бүлөлүк бюджетти жалгыз башкарат, аялдардын 33%ы иштөөгө тыюу салууга жооп берет, аялдардын 35% күйөөлөрү жеке муктаждыктары үчүн акча, ишенбөөчүлүк көрсөтүү жана берилген каражаттар боюнча отчет талап кылуу – эркектердин 28%, анын эркине каршы үйдө жана талаада иштөөгө аргасыз – 16%, бир үзүм нан менен жемелеп, мите деп эсептелген – 19%. Респонденттердин айтымында, көбүнчө күйөөсү акча таппайт же аялы тапкан акчаны алып ичет.

Анкетадагы аялдар ошол эле учурда экономикалык зордук-зомбулуктун бирден жетиге чейинки түрүн баштан кечирерин белгилешкен [8].

**Корутунду** Үй-бүлөдөгү зордук, зомбулук курч социалдык көйгөй бойдон калууда. Учурдагы үй-бүлө менен иштөөгө багытталган социалдык кызмат көрсөтүүлөр алардын алдында турган милдеттердин кеңири спектри жана мекемелердин кызматкерлеринин аздыгынан улам бул кооптуу социалдык көрүнүштүн алдын алууга толук жөндөмсүз. Азырынча үй-бүлөлүк зордук, зомбулуктун алдын алуу боюнча бардык кызыкдар институттардын жана кызматтардын өз ара аракеттенүүсүн чагылдырган натыйжалуу модели иштелип чыккан эмес. Зордук-зомбулуктан жабыркагандар үчүн кризистик борборлор да биздин өлкөдө өнүккөн эмес. Ошондуктан анын алдын алуунун эффективдүү каражаттарын издөөнү улантуу зарыл. Бул процессте социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана жалпысынан социалдык иш системасы жетектөөчү роль ойноого тийиш.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ерусланова Р.И. Насилие в семье / Р.И. Ерусланова, К.В. Милюхин. – М.: Издательско-торговая корпорация «Дашков и К», 2010. – 208 б.
2. Зубков В.И. Опыт изучения семейного насилия в современной России / В.И. Зубков // Социально-гуманитарные знания. – 2012. – № 5. – 250 – 266 б.
3. Кузнецова Н.В. Профилактика семейного насилия (российские и зарубежные практики) / Н.В. Кузнецова // Социально-психологические аспекты практики социальной работы: сборник научных трудов. – М.: «Перо», 2016. – 279-287 б.
4. Размахова О., Край А. Домашнее насилие. Так будет не всегда. 2021. – 2 б.
5. Ткачева В.В. Гармонизация внутрисемейных отношений: папа, мама, я – дружная семья / В.В. Ткачева. – М.: Издательство Гном и Д, 2000. – 160 б.
6. https://sezim.org/
7. https://sezim.org/tranzitnyj-sotsialnyj-dom-nur/
8. https://soros.kg/wp-content/uploads/2019/07/monitoring_genderviolance.pdf

УДК: 81.373

# К.К.ЮДАХИНДИН "КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА" СӨЗДҮГҮНДӨГҮ ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ЖЫЛЫШТАР БОЛГОН СӨЗДӨРГӨ ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЖАНА СТАТИСТИКАЛЫК ИЛИКТӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮ

Турдубаева А.М.[1], Көчөрова Г.О.[2]
[1,2]К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Бул макалада К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча" сөздүгүндөгү лексика-семантикалык жылыштар болгон сөздөргө, тактап айтканда, азыркы учурда колдонуудан чыгып унутулуп бараткан архаизм, тарыхый сөздөргө, профессор К.Юдахин сөздүктү түзгөн мезгилде эскирип калган сөздөр болуп жыйналгандарын, кайрадан жанданып, азыркы учурда активдүү колдонулуп жаткан сөздөрдү эсептеп чыгып, пайыздык көрсөткүчүн көрсөтүп, статистикалык иликтөө жүргүздүк. Кыргыз тилиндеги сөздөрдөгү лексика-семантикалык жылыштардын келип чыгуу себептерин иликтеп чыгып, схема аркылуу көрсөтүлдү. К.Юдахиндин сөздүгүнүн мисалында лингвистикалык талдоо жүргүзүүгө аракет кылдык.

**Ачкыч сөздөр**: К.К.Юдахин, сөздүк, тил, лингвистика, талдоо, лексика, семантика, жылыштар, тарыхый сөздөр, архаизм, эскирген сөздөр, кыргыз, сөз,сөздөр, маани, изилдөө.

# ЛИНГВО-СТАТИСТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ СЛОВ С ЛЕКСИКО-СЕМАНТИЧЕСКИМИ ТРАНСФОРМАЦИИ В КЫРГЫЗСКО-РУССКОМ СЛОВАРЕ К.К. ЮДАХИНА

Турдубаева А.М.[1], Кочорова Г.О.[2]
[1,2]Международный университет имени К.Ш.Токтомаматова, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

**Аннотация**

В статье раскрывается активное употребление в настоящем времени лексико-семантические трансформации в Кыргызско-русского словаря К.К.Юдахина. В частности, архаизмы иисторизмы, были проведены исследования для подсчета слов. А также проведен лингвистический анализ слов с использованием словаря Юдахина К.К. и было составлено схематическое изображение причин лексико-семантических сдвигов в словах кыргызского языка.

**Ключевые слова:** К.К. Юдахин, словарь, язык, языкознание, анализ, лексика, семантика, трансформация, исторические слова, архаизм, устаревшие слова, кыргызский язык, слова, слова, значение, исследование.

# LINGUISTIC AND STATISTICAL STUDY OF WORDS WITH LEXICAL-SEMANTIC TRANSFORMATIONS IN THE KYRGYZ-RUSSIAN DICTIONARY BY K.K. YUDAHIN

Turdubaeva A.M.[1], Kochorova G.O.[2]
[1,2]International University named after K.Sh. Toktomamatov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

This article includes lexico semantic transformations in the Kyrgyz-Russian dictionary of K.K. Yudakhin, in particular, archaisms, historicisms, which are currently outdated, but on the contrary are collected as obsolete words of the time when Professor K. Yudakhin compiled a dictionary conducted a statistical study to count the words currently in active use. We tried to carry out a linguistic analysis on the example of K. Yudakhin's dictionary, showing the reasons forlexico-semantic transformations in the words of the Kyrgyz language.

**Keywords:** K.K.Yudakhin, dictionary, language, linguistics, analysis, vocabulary, semantics, transformation, historical words, archaism, obsolete words, Kyrgyz language, words, words, meaning, research.

Кыргыз тили миңдеген жылдар бою элибиздин карым-катыш мамиле муктаждыктарын тейлөө менен бирге, ички булактардын эсебинен да, сырткы булактардын эсебинен да сансыз сөздөр менен толукталып, лексикалык кору байып, өнүгүп-өсүп өзгөрүп келе жатат. Тил байлыгы элдин нечен кылымдар бою өнүктүрүлүп, калыптанып отурган маданий жана материалдык байлыктары, аң-сезими, ой-пикири, коомдук турмушу, башка элдер менен болгон карым-катышы ж.б. жактары менен тыгыз байланыштуу. Мына ошого жараша тилдин лексикалык байлыгы да бир калыпта турбастан улам жаңы сөздөр менен толукталып, ошону менен бирге көп сөздөр эскирип, колдонуудан да чыгып калат. Ошондуктан анын бардык мезгилдеги абалын бир сөздүккө толугу менен чагылдырып көрсөтүүгө мүмкүн эмес. Адатта, ар кандай сөздүк тилдин белгилүү бир мезгилдеги лексикалык байлыгын чагылдыруу менен гана чектелет.

Башка түрк тилдеринин ичинен өзүнө чейинки сөздүктөрдү кайталабай, жаңыча жагы менен айырмаланып турган, сөз маанилерин терең ачып, кыргыз сөздөрүн чогултууга өмүрүн арнаган жана аны көп жылдар бою мыктап өнүктүргөн илимпоз, профессор К.К.Юдахин болгон. Ал адабий чыгармалардан, гезит-журналдардан, фольклордон жана элдин оозеки речинен жазып алынган бай материалдардын негизинде “Кыргызча-орусча сөздүктү” 1940-жылы түрк тилдерине үлгү болор китеп кылып, жарыялаган.

XX кылымдын, жыйырманчы, отузунчу жылдарында жаңыдан гана жаралып, өнүгүү жолуна түшүп келе жаткан мезгилдүү басма сөз, окуу китептери, адабий чыгармалар кыргыз лексикасынын ошол учурдагы абалын толук элестете алгыдай деңгээлге жете элек болгондуктан, сөздүктүн материалдарын автор көбүнчө эл оозунан, фольклордук чыгармалардан – эпостордон, жомоктордон, элдик ырлардан, макал-лакаптардан ж.б. жыйнап, сөздөрдүн ар кыл маанилерин ачып берип, орус тилине маанисин дал келтирип которуп чыккан. Автор сөздүктүн баш сөзүндө белгилеп кеткендей, ошол учурда сөздөрдү ылгап киргизгидей шарт болгон эмес. Ошондуктан сөздүккө пландуу түрдө табылган сөздөр да жана кокусунан жолуккандары да киргизиле берген. “Кыргызча-орусча сөздүктүн” 1940-жылы латын тамгасы (ал кезде кыргыз жазуусун латынга негизделген алфавит тейлеп турган) менен чыккан алгачкы басылышы 25000ден ашуун сөздү камтып, тез эле оозго алынып, түркологиянын дүйнөлүк окумуштуулар журтчулугу тарабынан жогору бааланган. Москвалык, ленинграддык, казандык окумуштуулар өздөрүнүн бааларын беришип, баарынан да, Туркия лингвисттери түрк тилине которуп алып жарыялашканы өзгөчө баага татыктуу экенин айтып турат [1:16-б.].

Бирок автор кыргыз лексикасынын байлыгын жыйноону жана дагы тереңдетип изилдөөнү муну менен эле токтотуп койбостон, сөз маанилерин тактап, кыргыз тилинин бай лексикасын чогултууну жана орус тилине которуу жумуштарын улантып отурган. Анткени турмуштун тынымсыз алга карай жылышы, элдин маданий деңгээлинин, улуттук басма сөздүн, кыргыздын жазма адабиятынын, илим менен техниканын күн сайын кубаттуу өнүгүшкө ээ болушу аркылуу кыргыз лексикасы өзгөрдү жана кеңейди. Булардын бардыгын пландуу түрдө камтуу үчүн профессор К.К.Юдахин дагы көп жылдар бою кызуу эмгектенип келди.

Кыргыз тилинин гана эмес, кыргыздардын өткөндөгү жана азыркы кездеги маданий байлыгынын, тарыхынын эң көп фактыларын алда канча кеңири чагылдырган, жалпы көлөмү мурункудан эки эсеге тете арткан “Кыргызча-орусча сөздүктүн” экинчи басылышы 1965-жылы жарыкка чыккан.

Тилдин лексикалык байлыгынын биринчи ирмеми мындай кеңири планда жыйналышы жана системага салынып, сөздүккө камтылышы тездик менен эле бүтө койчу арзан иштерден эмес. Мындай зор ишти автор көп жылдар бою талыкпай эмгектенүү менен жаратты. Анын бул капиталдуу эмгеги 1967-жылы СССРдин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон [3:107-б.]. Бирок К.К.Юдахин бул сөздүктү түзгөндөн бери жарым кылымдын жүзү болду. Андан бери бир топ өзгөрүүлөр жүрүп, К.К.Юдахиндин “Кыргызча-

орусча сөздүгүндө" жыйналган сөздөрдүн бир тобунда лексикалык-семантикалык жылыштардын болгондугу байкалат [6:3-б.]. Мына ошондуктан бүгүнкү күндө К.К.Юдахин түзгөн "Кыргызча-орусча сөздүккө" атайын лексика-семантикалык талдоо жүргүзүү өтө актуалдуу. Сөздүктө жыйналган сөздөрдүн ар бирине изилдөө жүргүзүү бир нече илимий-изилдөө иштерин талап кылат. Кыргыз тил илиминде лексика-семантикалык жылыштарга арналган изилдөөлөр али жүргүзүлө элек. Ошондуктан К.К.Юдахин түзгөн "Кыргызча-орусча сөздүктөгү" (1965) лексика-семантикалык жылыштарга учураган сөздөргө иликтөө жүргүзүү актуалдуу болуп саналат.

2015-жылы диссертациялык эмгегибизде К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндөгү" лексикалык, семантикалык жылыштар болгон сөздөргө лингвистикалык талдоо жүргүзүү жана сөздүктө жыйналган сөздөрдүн ичинен активдүү колдонулган сөздөрдүн архаизм, историзмдерге өткөн жана маанилери кеңейип, жаңы мааниге ээ болгон сөздөргө анализ жүргүзгөнгө аракет кылганбыз.

Сөздүктөгү эскирген жана кайра жанданган сөздөрдүн лексика-тематикалык топтору, экстралингвистикалык жана интралингвистикалык факторлордун тийгизген таасири астындаалардын маанилериндеги өзгөрүүлөр боюнча изилдегенбиз.

Кыргыз эли өзүнүн жашап өткөн узак доорлордон бери коңшу жашаган элдер менен карым-катышта болуп, башка тилдерден жаңы сөздөрдү өздөштүрүп келген. "Эч бир кабыл алуулары жок жашаган таза тил болбойт" [2:147-б.]. Ошондой эле ички булактын эсебинен да сөз маанилери улам жаңырып, лексикалык корун байытып келет.

Академик К.К.Юдахин түзгөн сөздүк бир гана котормо сөздүктүн милдетин аткарбастан, сөздөрдүн кайсы тилдерден келип киргендигин да этимологиялык жактан аныктап көрсөткөн. Профессор И.Абдувалиев "К.К.Юдахин сөздүктөгү сөздөрдүн башка тилдерден өздөштүрүлгөндөрүнө кайсы тилден келген булагын (р. – орус тилинен, ир.- иран тилинен, ар. – араб тилинен, кит. – кытай тилинен ж.б.) көрсөтүп берген. Профессор К.Дыйкановдун статистикалык анализи боюнча К.К.Юдахиндин сөздүгүндөгү (1965-жылкы басылышы) кырк миңге жакын сөздүн эки миң бир жүз жетимиш жетисин араб тилинен, үч миң тогуз жүз отуз беш сөздү орус тилинен келген деп, алардын тегин аныктаган. Мындан тышкары биздин эсебибиз боюнча сөздүктө К.К.Юдахин алтымыш алты сөзгө кытай тилинен, төрт сөзгө санскриттен келген деп белги коюлган" [2:155-б.] деп иликтөө жүргүзгөн.

К.К. Юдахиндин сөздүгү 1965-жылы жарыкка чыгып, андан бери деле кыргыз тили жарым кылымды басып өтүп, жалпы элдик лексикада да бир топ өзгөрүүлөр, маанилик жылыштар болду. Анткени, коомдогу болуп жаткан тарыхый бурулуштарга байланыштуу, коомдук-саясий түзүлүштөр өзгөрүп, илимий-техникалык жаңылануулар жүрүп, аны менен бирге тил кошо өнүгүп, жаңы сөздөр кошулса, кээ бир сөздөр лексикадан чыгып, же болбосо эскирген сөз кайра жаңырып, көп өзгөрүүлөр болду. Сөздүктө эскирген сөз (уст.) деп белгиленген жана тарыхый сөздөр (ист.) деп белгиленген сөздөрдү эсептеп чыктык. Жыйынтыгында, «Кыргызча-орусча сөздүктө» «уст.» (устаревший (эскирген сөз)) деп 712 ден ашык сөздү, ал эми «ист.» (историзм) деп, 553 төн ашык сөздү белгилегендиги көрүндү. К.Дыйкановдун эсеби боюнча К. Юдахиндин сөздүгүндө 37511 сөз бар [27] деп эсептесек, анда сөздүктө 1,89% архаизмдерди, 1,47% историзмдерди белгилеген деп диахрондук аспектиде карасак болот. Ал эми азыркы учурдун талабы менен, синхрондук аспектиде карасак активдүү сөздөрдүн катарында берилип, архаизмдердин катарына өтүп бара жаткандары биздин эсебибиз боюнча 174 сөз 0,46%, 105 сөз 0,27% историзмдерге өткөндөрүн болжолдуу түрдө алсак болот. Ошондой эле маанилери белгисиз болуп калган сөздөрдү 57 сөз 0,15% пайызды түздү деп болжолдуу түрдө эсептедик. Ал эми 54 сөз уст. деп белги коюлган архаизм сөздөрдүн 0,14% пайызы, ист. деп белги коюлгандардын ичинен 24 сөз 0,06% пайызы кайра жанданган сөздөр (колдонулушу чектелген лексиканы кошпогондо) деп эсептедик [4:164-б.]. Алардын ичинен иргеп алып, лексика-семантикалык

маанилерин иликтеп, көркөм адабияттардан, басма сөз беттеринен, интернет булактарынан, телеберүүлөрдөн мисалдарды келтирип, сөздөрдүн келип чыгуу тегин мүмкүн болушунча салыштыруунун негизинде аныктап, тактап, толуктоого аракеттендик.

Сөздүктө сейрек колдонулуучу сөздөрдүн жана сүйлөө речинде гана колдонулган сөздөр деп белгиленген сөздөргө да назар салып, алардын ичинен маанилери кеңейип, азыркы учурда, адабий тилдин деңгээлине чейин көтөрүлгөндүгүн конкреттүү фактылар менен иликтөөгө алдык.

Лексикалык жана семантикалык жылыштарга учурап, азыр башка мааниде колдонулуп жаткан сөздөрдү да издеп, таап алардын ошол кездеги туюндурган маанилерин азыркы учурдагы маанилери менен салыштырып карап чыгып, талдаганга аракет кылдык.

Ошондой эле, сөздүктө активдүү сөздөрдүн катарында берилип, азыр унутула баштаган сөздөргө да анализ жүргүзүлүп, маанилери жакын сөздөрдү семантикалык жактан топтоп, синтез жүргүзүлдү.



**Ключевые слова:** аргентометрический, органолептический, визуальный, плотность, титриметрический, ионы, компоненты, биогенные, эрихром, трилон Б, индикатор.

# STUDYING THE CHEMICAL COMPOSITION OF THE MINERAL WATERS OF THE JALAL-ABAD RESORT AND THEIR INFLUENCE ON THE ORGANISM

Adysheva A.[1], Kalykova G.S.[2]
[1,2]Scientific-Research Medical-Social Institute, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

**Annotation**

The article describes that hydro chemical studies were carried out to control the quality of mineral waters with medicinal properties in the Jalal-Abad resort. Natural mineral waters are mainly used for medicinal purposes. Mineral waters have healing properties for the body, as they consist of various compounds and several nutrients. Strengthening the body is of great importance when the current environmental conditions worsen and the composition of food products changes. Therefore, the creation of measures to improve the health of the population by natural methods of treatment and analysis of the chemical composition of mineral waters is one of the most important social tasks of the state.

**Key words:** argentometric, organoleptic, visual, density, titrimetric, ions, components, biogenic, erychrome, Trilon B, indicator.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Адам баласына жөнөкөй суудан башка минералдык суулар да керек. Минералдык суулар көптөгөн компоненттерден турат, алар организмдин өсүүсүнө жана ден соолуктун чың болушуна өбөлгө түзөт. Азыркы учурда минералдык сууларды колдонууга көп көңүл бурушууда, бирок анын химиялык курамын жана кандай элементтерден турарын алар пайдалуубу же зыяндуулугу барбы ушул маселеге көңүл буруу маанилүү. Минералдык сууну ичүү менен дарыланууда төмөнкү факторлор: жалпы минералдуулугу, иондук курамы, органикалык заттар жана газдар, температурасы жана чөйрөсү менен аныкталат.

Азыркы учурда минералдык сууларды дарылык максатта колдонуу актуалдуу маселелердин бири. Минералдык суулар зат алмашууну, иммунитетти, акыл эс тутумун, теринин, чачтын, тырмактын абалын жакшыртат, организмден уулу заттарды алып чыгат, тамак сиңирүү органдарын жакшыртып, ашыкча салмактан арылууга жардам берет, нерв системасын бышыктайт жана организмди жашартып, кислоталык-щелочтук тең салмактуулукту жөнгө салат.

**Киришүү.** Минералдык суунун табагый пайдалуу касиеттери уникалдуу, алар жердин астынан өзгөчө шартта пайд аболгон. Алар ар түрдүү тоо тектеринен, жер кыртышынан жогорку температурада, эриген газдардын жана энергетикалык талаалардан табигый жол менен иштелип чыккан. Бул суулар өзүнүн курамында чоң маалыматтарга ээ болгон түзүлүшкө жана касиеттерди алып жүрөт. Ошондуктан кайталангыс даамды жана айыктыруучу касиетти алып жүрөт.

Минералдык сууларды ванна, душтар, бассейиндерге түшүү аркылуу курорттордо, саноторияларда ж.б. профилакторияларда, дарылоочу пункттарда колдонушат, ошондой эле көпчүлүк минералдык сууларды ички органдарды дарылоодо ичүү жолу менен дарылашат [1].

Көпчүлүк маалымат булактарында Жалал- Абад минералдык суулары биздин эрага чейинки II- кылымда башкача айтканда мындан беш миң жыл мурун белгилүү болгону айтылып келет. Минералдык суунун дарылык касиети менен Аюб пайгамбардын коркунучтуу тери оорусунан дарыланып айыгып кеткени уламыш болуп айтылып келе жатат. Уламыштын чындыгы бар экенин ушул учурда “Аюб булак”, “Кыз булак”, “Жүрөк булак” деп аталып калган булактардын аттары жана Аюб пайгамбардын жашаган үнкүрүнүн, таштардын ушул убакка чейин сакталып калгандыгы далилдейт. Аюб пайгамбар ташты буту менен тээп жылдырганда бир тарабынан муздак суу экинчи тарабынан ыссык суу чыккан, адегенде ысык сууга андан кийин муздак сууга жуунуп, тери оорусунан айыкканы айтылат.

Булактар 1877-жылдан белгилүү боло баштаган. 1907-жылы экспедицияда жүргөн Иван Ювачев Аюб тоонун үстүнкү аймагында айыктыруучу минералдык суулар бар экендигин жана Аюб пайгамбардын тери оорусунан айыккандыгы жөнүндө жазып кеткен. Саякатчы географ Владимир Платонович Вощинин 1914-жылы булактар жөнүндө мындай деген: Жалал-Абадда чоң эмес Аюб деген тоо бар, анын башында ысык жана муздак күкүрттүү жана темири бар булактар бар. Ал булактарга жергиликтүү элдер жуунуп, Аюб пайгамбардын күмбөзүнө сыйынышат.

Биринчи жолу өткөн кылымдын 80-жылдарында андижандык врач Мездриков Жалал-Абад минералдык суусу менен невралгия оорусун айыктырган жана изилдөө үчүн булак суулардан алып, Ташкент шаарына анализге жөнөткөн. 1886-жылы “Табият изилдөөчүлөр” коомуна жана врачтарга Жалал-Абад минералдык суусунун дарылык касиети бар экендигинин далилдөөчү анализдин жыйынтыгын жөнөтүшкөн. Ошондон кийин курулуштар башталып, 250 адам даарыланган [2].

Азыркы учурда Жалал-Абад минералдык суусу популярдуулугун жоготкон жок. Жылдан жылга курорттун дарылануучу жайлары кеңейип, Кыргызстандан жана жакынкы коңшу мамлекеттерден көптөгөн адамдар, туристер келип, ысык минералдык булактар

жана баткак менен дарыланышып, жыл бою эс алуучулардын жана дарылануучулардын сүйүктүү ыйык жайына айланууда.

Минералдык сууну ичүү менен дарыланууда суунун химиялык компоненттери маанилүү ролду ойнойт, себеби алар тамак сиңирүү бездерине, ички секреция бездерине таасир этишет. Негизинен минералдык сууну ичкенде ашказан клеткасында гастрин гормонун бөлүп чыгарууга түрткү берет, ал физиологиялык таасир этүүчү касиетке ээ.

Минералдык суунун химиялык курамы ар түрдүү алты комбинациядан турат, алар иондор түрүндө болот: натрий ($Na^{+}$), калий ($K^{+}$), кальций ($Ca^{2+}$), магний ($Mg^{2+}$), хлор ($Cl^{-}$), сульфат ($SO_4^{2-}$) и гидрокарбонат ($HCO_3^{-}$). Бул иондор зат алмашуу процессине катышып, организмдеги электролиттик жана кислоталык-негиздик балланстын туруктуу сакталышын камсыздайт.

Ошондой эле минералдык суулардын дарылык касиети андагы микро жана ультрамикро элементтердин болушуна да байланыштуу. Алар: Темир, йод, фтор, бром, мышьяк, кобальт, молибден, жез, марганец жана литий кездешет, алар өз кезегинде организмге ар бири өзүнчө таасир этишет.

**Иондордун организмге тийгизген таасири.** Магний ден соолук үчүн негизги мааниге ээ ал организмдеги 300 дөй биохимиялык реакцияларга катышат. Адамдын организминде 70 г магний болот. Магний сөөктүн өсүүсүнө жакшы таасир берет, жүрөктүн согушун нормалдаштырат, кан басымын, кандагы канттын деңгээлин көзөмөлдөйт, муун ооруларын азайтат. Магний кальций менен биргеликте ткандардын минералдык тыгыздыгын жогорулатат.

Кальций жашоодогу негизги биогендик элемент. Ал зат алмашуу процессиндеги негизги орунду ээлейт жана суук тийүүгө каршы, антисептикалык касиетке ээ. Ал негизинен сөөктөрдүн жана тиштин курамында болот.

Кальций иондору нерв импульстарын өткөрүүдө, гормондорду жана витаминдердин синтезделишине катышып, организмдеги кислоталык-щелочтук балансты туруктуу кармап турат. 10-20%га чейин кальцийди суудан алабыз. Эркектер бир суткада 1000 мг, аялдар 1200 мг пайдалануу керек.

Хлор кандагы кислоталык-щелочтук балансты башкарып, осмотикалык басымды бир калыпта сактайт. Хлор организмге магний, калий, натрий хлориди түрүндө кирет. Хлор организмдеги суу баллансын, шлактарды организмден чыгышын камсыздайт. Чоң адамдын организмде жалпы массанын 0,15% түзөт. Хлор туз кислотасын синтезине катышып, ашказандагы кислоталык чөйрөнү камсыздап, белоктун сиңирилишине тездетет [3].

**Изилдөөнүн максаты:** Жалал-Абад курортундагы ар түрдүү булактардагы минералдык суулардын химиялык курамын изилдөө жана изилденген иондордун организмге тийгизген таасирин аныктоо.

**Изилдөөнүн объектилери:** Изилдөөнүн объектилери катары Жалал-Абад курортундагы: №1 Кыз булак, №5 Аюп Булак, Аюп Булак жана Шор-булактын №1, №2 булактарынын минералдык суулары алынды.

**Изилдөөнүн методдору:** ГОСТ 57164-2016 боюнча минералдык суунун органолептикалык көрсөткүчтөрү аныкталды [4]. Жалпы шоордуулук – титриметриялык сандык анализдин – комплексонометрия методу менен изилденди. Кальций, магний иондорунун саны – комплексонометрия методу менен аныкталды. Хлор иондорунун саны – аргентометрия методу менен аныкталды [5,6]. Лабораториялык изилдөөлөр ИИМСИнин химия лабораториясынын базасында жүргүзүлдү.

**№1-Кыз Булактан алынган минералдык суунун шордуулугун аныктоо**

Изилденүүчү минералдык суудан 50 мл колбага куюп ага аммоний буфердик эритмесинен 5 мл кошуп, эрихром кара индикаторунан 5 тамчы тамчылатып, 0,05 н трилон Б (этилендиамминтетрауксук кислотасынын динатрий тузу) менен кызыл түс көк түскө өткөнгө чейин титрленет. Шордуулукту изилдөөдө кальций менен магний иондорунун суммасы аныкталат.

Орточо титрлөөгө кеткен трилон Б нын көлөмү V=10 мл

$$X\ ж.ш = \frac{V1 \cdot Сн \cdot 100}{V2мин.суу} = \frac{10 \cdot 0{,}05 \cdot 1000}{50мл.} = 10\ ммоль\ экв/л$$

$V_1$- титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;

Сн – трилон Б нормалдуу концентрациясы;

$V_2$ мин.суу – изилденүүчү минералдык суунун көлөмү, мл;

Хж.ш – минералдык суунун шордуулугу.

**№1 Кыз Булактан алынган минералдык суунун курамындагы кальций жана магнийдин иондорун аныктоо.**

а) Минералдык суудагы кальций ионун табуу.

Изилденүүчү минералдык суудан 50 мл алып, 1 мл 2н NaOH куюп, шпатель менен мурексид индикаторунан кошуп, 0,05 н трилон Б менен ачык кызыл түс күлгүн түскө өткөнгө чейин титрленет.

Титрлегенге кеткен трилон Б нын орточо көлөмү V=6,1 мл

$$X_{Ca}^{2+} = \frac{V1 \cdot Сн \cdot Э \cdot 100}{V2\ мин.суу} = \frac{6{,}1 \cdot 0{,}05 \cdot 20{,}04 \cdot 1000}{50} = 122{,}2\ мг \cdot экв/л$$

$V_1$- титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;

Сн – трилон Б нормалдууконцентрациясы;

$V_2$ – мин.суу – изилденүүчүминералдыксуунункөлөмү, мл;

Э – 20,04- кальций ионунун грамм-эквиваленти;

$X_{Ca}^{2+}$ – минералдык суудагы кальцийдин иону.

б) Магнийдин ионунун санын табуу.

$$X_{Mg}^{2+} = \frac{(V1 - V2) \cdot Сн \cdot Э \cdot 100}{V\ мин.суу} = \frac{3{,}9 \cdot 0{,}05 \cdot 12{,}16 \cdot 1000}{50} = 47{,}4\ мг \cdot экв/л$$

$V_1$- жалпы шордуулуктуэсептөөдөгү титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;

$V_2$ – кальций ионун эсептөөдөгү титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;

Сн – трилон Б нормалдуу концентрациясы;

$V_{мин.суу}$– изилденүүчү минералдык суунун көлөмү;

12,16 – магний ионунун грамм-эквиваленти;

$X_{Mg}^{2+}$ – минералдык суудагы магнийдин ионунун саны.

**№1 Кыз булактан алынган минералдык суунун курамындагы хлор иондорун аныктоо**

Изилденүүчү минералдык суудан 50 мл колбага куюп, 1 мл 10% калийдин хроматын ($K_2CrO_4$) индикатор катары кошуп, 0,02 н $AgNO_3$ (күмүштүн нитраты) менен сары түс кирпич кызыл түскө өткөнгө чейин титрленет.

Орточо титрлегенге күмүш нитратынын $AgNO_3$ көлөмү V= 6,4 мл

$$X_{Cl^-} = \frac{V1 \cdot Сн1000}{V2мин.в.} = \frac{6{,}4 \cdot 0{,}02 \cdot 35{,}5 \cdot 1000}{25мл} = 181{,}7\ мг \cdot экв/л,$$

$V_1$ – титрлегенге кеткен күмүш ниратынын көлөмү, мл;

Сн – күмүш нитратынын нормалдуулугу;

$V_2$ мин.суу – изилденүүчү минералдык суу, мл;
35,5 – хлор ионунун грамм-эквиваленти;
$X_{Cl}$ – минералдык суудагы хлор иону.

**№5 Аюб булак минералдык суусунун шордуулугун аныктоо**
Орточо титрлегенге кеткен трилон Б нын көлөмү V=10,8 мл

$$Xш = \frac{V1 \cdot Cн \cdot 100}{V2мин.в.} = \frac{10{,}8 \cdot 0{,}05 \cdot 1000}{50} = 10{,}8 \text{ ммоль экв/л}$$

$V_1$ – титрленгенге кеткен трилон Б көлөмү, мл;
Сн – трилон Б нормалдуу концентрациясы
$V_2$ – изилденүүчү минералдык суунун көлөмү, мл;
Хш – минералдык суунун шордуулугу.

**№5 Аюб булак минералдык суусунун курамындагы кальций жана магнийдин иондорун аныктоо**
а) Минералдык суудагы кальций ионун табуу
Орточо титрлегенге кеткен трилон Б нын көлөмү V=6,4 мл

$$X_{Ca}^{2+} = \frac{V1 \cdot Cн \cdot Э \cdot 1000}{V2\ мин.суу} = \frac{6{,}4 \cdot 0{,}05 \cdot 20{,}04 \cdot 1000}{50} = 128{,}3 \text{ мг·экв/л}$$

$V_1$ – титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;
$C_н$ – трилон Б нормалдууконцентрациясы;
$V_{мин.суу}$ – изилденүүчүминералдыксуунункөлөмү, мл;
20,04- кальций ионунун грамм-эквиваленти;
$X_{Ca}^{2+}$– минералдык суудагы кальций ионунун саны

б) Минералдык суудагы магний ионун табуу

$$X_{Mg}^{2+} = \frac{(V1-V2) \cdot Cн \cdot Э \cdot 1000}{V\ мин.суу} = \frac{4{,}4 \cdot 0{,}05 \cdot 12{,}16 \cdot 1000}{50} = 53{,}5 \text{ мг·экв/л}$$

$V_1$ – жалпы шордуулуктуэсептөөдөгү титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;
$V_2$ – кальций ионун эсептөөдөгү титрлөөгө кеткен трилон Б көлөмү, мл;
$C_н$ – трилон Б нормалдуу концентрациясы;
$V_{мин.суу}$ – изилденүүчү минералдык суунун көлөмү, мл;
12,16 – магний ионунун грамм-эквиваленти;
$X_{Mg}^{2+}$ – минералдык суудагы магний ионунун саны.

**№5 Аюб булак минералдык суусунун курамындагы хлор иондорун аныктоо**
Титрлөөгө кеткен күмүш нитратынын $AgNO_3$ орточо көлөмү V= 15,8мл

$$X_{Cl}^{-} = \frac{V1 \cdot Cн \cdot 1000}{V2мин.в.} = \frac{15{,}8 \cdot 0{,}02 \cdot 35{,}5 \cdot 1000}{25мл} = 448{,}7 \text{мг· экв/л}$$

$V_1$.– титрлөөгө кеткен күмүш ниратынын көлөмү, мл;
Сн – күмүш нитратынын нормалдуулугу;
$V_2$ мин.суу – изилденүүчү минералдык суу, мл;
35,5 – хлор ионунун грамм-эквиваленти;
$X_{Cl}$ – минералдык суудагы хлор ионунун саны;

$$X_{ж.ш.} \text{ “Аюб булак”} = \frac{V1 \cdot Cн \cdot 100}{V2мин.суу} = \frac{4{,}3 \cdot 0{,}05 \cdot 1000}{50мл.} = 4{,}3 \text{ ммоль·экв/л;}$$

$$X_{Cl-} \text{ “Аюб булак”} = \frac{V1 \cdot Cн \cdot 1000}{V2мин.в.} = \frac{2{,}9 \cdot 0{,}02 \cdot 35{,}5 \cdot 1000}{25мл} = 82{,}4 \text{ мг· экв/л;}$$

$$X\ _{Ca}^{2+} \text{ “Аюб булак”} = \frac{V1 \cdot Cн \cdot Э \cdot 1000}{V2\ мин.суу} = \frac{2{,}7 \cdot 0{,}05 \cdot 20{,}04 \cdot 1000}{10} = 270{,}5 \text{ мг·экв/л;}$$

$$X_{Mg}^{2+} \text{ “Аюб булак”} = \frac{V1 \cdot Cн \cdot Э \cdot 1000}{V2\ мин.суу} = \frac{1{,}6 \cdot 0{,}05 \cdot 12{,}16 \cdot 1000}{10} = 97{,}3 \text{ мг·экв/л;}$$

$X_{ж.ш.}$ "Шор булак" №1= $\frac{V1 \cdot Сн \cdot 100}{V2мин.суу} = \frac{2,4 \cdot 0,05 \cdot 1000}{10мл.}$ = 12 ммоль·экв/л;

$X_{Cl^-}$ "Шор булак" №1 = $\frac{V1 \cdot Сн \cdot 1000}{V2мин.в.} = \frac{23 \cdot 0,02 \cdot 35,5 \cdot 1000}{25мл}$ = 653,2 мг· экв/л;

$X_{Ca^{2+}}$ "Шор булак" №1. = $\frac{V1 \cdot Сн \cdot Э \cdot 1000}{V2\ мин.суу} = \frac{0.65 \cdot 0,05 \cdot 20,04 \cdot 1000}{10}$ = 65,1 мг·экв/л;

X $Mg^{2+}$ "Шор булак" №1. = $\frac{V1 \cdot Сн \cdot Э \cdot 1000}{V2\ мин.суу} = \frac{1,75 \cdot 0,05 \cdot 12,16 \cdot 1000}{10}$ =106,4 мг·экв/л;

$X_{ж.ш.}$ "Шор булак" №2 = $\frac{V1 \cdot Сн \cdot 100}{V2мин.суу} = \frac{3,6 \cdot 0,05 \cdot 1000}{10мл.}$ = 18 ммоль·экв/л.

**Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана талкулоо.** Жалал-Абад курортундагы беш минералдык булактын химиялык анализдеринин жыйынтыгы 1 таблицада келтирилген.

*Таблица №1.*

**Химиялык анализдердин жыйынтыктары**

| **Булактар** | **Изилдөө методу** | **Жалпы шордуулук Ммоль экв/л** | **$Ca^{2+}$ мг·экв/л** | **$Mg^{2+}$ мг·экв/л** | **$Cl^-$ мг/дм$^3$** |
|---|---|---|---|---|---|
| №1 | комплексонометрия<br>аргентометрия | 10, 0 | 122,2 | 47,4 | 181,7 |
| №5 | комплексонометрия<br>аргентометрия | 10,8 | 128,3 | 53,5 | 448,7 |
| Аюб булак | комплексонометрия<br>аргентометрия | 4,3 | 270,5 | 97,3 | 82,4 |
| Шор булак №1 | комплексонометрия<br>аргентометрия | 12 | 65,1 | 106,4 | 653,2 |
| Шор булак №2 | комплексонометрия<br>аргентометрия | 18 | - | - | Хлордун саны өтө көп өлчөмдө |
| ГОСТ норма | | 10 | 200 | 100 | 350 |

Биринчи таблицадан көрүнүп тургандай минералдык булактардын жалпы шоордуулугу, иондордун саны бири- биринен айырмалынып турат. Жалпы шордуулук боюнча минералдык сууларга коюлуучу ГОСТ норма 10, алынган жыйынтыктардан №1 Кыз булак, №5 Аюб булак жана Аюб булак талапка жооп берет, ал эми Шор булак №1, айрыкча Шор булак №2 нормадан өтө көп.

Минералдык суудагы кальций иондорунун саны ГОСТ боюнча нормада – 200 мг·экв/л болуусу керек. Алынган жыйынтыктардан №1 Кыз булак, №5 Аюб булак жана Шор булак №1 талапка жооп берет, ал эми Аюб булак бир аз гана нормадан жогору. Ошондой эле минералдык суудагы магний иондоруна коюлуучу норма – 100 мг·экв/л. Мында №1, №5, Аюб булак, Шор булак №1де магний саны нормада. Ал эми хлор иондору норма боюнча 350 мг·экв/л болуусу керек. Алынган жыйынтыктардан №1 Кыз булак, Аюб булак нормага жооп берет, ал эми №5 Аюб булак, Шор булак №1, айрыкча Шор булак №2 нормадан ашыкча.

| **аталышы** | **методдор** | **Жыйынтык** | | | | | **Сапаттык норматив ГОСТ 57164-2016** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | № 1булак | №5 булак | Аюб булак | Шор булак №1 | Шор булак №2 | |
| түсү | Визуалдык | түссүз | саргыч | түссүз | түссүз | Түссүз, туздун майда бөлүкчөлөрү | түссүз |
| Жыты | Органолептикалык | $H_2S$ жыты | Азыраак $H_2S$ жыты | мүнөздүү | мүнөздүү | Күкүртүүсуутек жыты | 1-2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тыгызды гы г/см$^3$ | Пикнометр | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 |
| тунуктугу | Визуалдык | тунук | чаңгылт | тунук | тунук | Туздунакбөлүк чөлөрү | |
| даамы | Визуалдуу | даамсыз | Орто туздуу | даамсыз | Аз туздуу | Өтөтуздуу | |
| Суунун температ урасы | Термометр, $^0$С | 38-40 | 25 | 20 | 20 | 20 | |
| рН | метилоран ж | 7,20 | 7,20 | 7,2 | 7,2 | 7,5 | 6,5- 8,5 |

Минералдык суулардын органолептикалык аныкталуучу көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыктары экинчи таблицада келтирилди.

*Таблица №2.*

**Органолептикалык аныкталуучу көрсөткүчтөр**

**Жыйынтыктар**

1. Жалал-Абад курортунун №1, №5 жана "Аюб булак" минералдык булактарынан алынган суунун шордуулугу нормага туура келгендиги аныкталды;
2. Жалал-Абад курортундагы "Шор булак №1" булагынан алынган суунун шордуулугу нормадан бир аз гана чоң, "Шор булак №2" минералдык суу нормадан бир топ көп экендиги аныкталды;
3. $Ca^{2+}$ иону №1, №5, жана "Шор булак №1" нормага туура келет, "Аюб Булак " минералдык суусунда нормадан көп экендиги аныкталды;
4. $Mg^{2+}$ иондору №1, №5, Аюб Булак нормага туура келет," жана "Шор булак №1" минералдык суусунда нормадан бир аз көп экендиги аныкталды;
5. $Cl^-$ иондору №1 жана "Аюб Булак" минералдык суусунда нормада, ал эми №5 жана "Шор булак №1, №2" көп экендиги аныкталды;
6. Жалал-Абад курортунун №1 Кыз булак, №5 Аюб булак, Аюб булак, Шор булак №1 минералдык булактарынан алынган суунун сапатынын кээ бир нормативдик көрсөткүчтөрү жана мүнөздөмөлөрү, башкача айтканда ГОСТ боюнча нормадагы концентрациясы менен салыштырылып, нормативдик көрсөткүчкө туура келери аныкталды;
7. Шор булак №2 нин жалпы шоордуулугу нормадан ашыкча, тери ооруларына жууну жолу менен дарыланууга болот.

Демек алынган жыйыктардын негизинде Жалал-Абад курортунун минералдык булактарын врачтын көрсөтмөсү менен даарылануудa кодонуу максатка ылайыктуу.

**Колдонулган адабияттар**


1. Овчинников А.М., Минералдуу суулар, 2-бас., – М., 1963-ж.
2. Вартанян Г.С., Яроцкий Л.А., Минералдык суу кендеринин эксплуатациялык запастарын издөө, чалгындоо жана баалоо. – М.: 1972-ж.
3. Жалпы химия. Биофизикалык химия. Биогендик элементтердин химиясы. мед. адис. окуу китеби. /А. Берлянд, Ю.Ершов. – М., Высшая школа, 2007. – 560 б.
4. ГОСТ 57164-2016 Ичилүүчү суу. Жытты, даамды жана тунуктугун аныктоо ыкмалары. Киргизилген датасы - 2018-01-01. – Москва: Стандартинформ. 2019, – 23 б.
5. ГОСТ 23268.5-78 Минералдык ичүүчү суу, дарылык ашкана суусу жана табигый ашкана суусу. Кальций жана магний иондорун аныктоо ыкмалары 01.01.1980. – 15 б.
6. ГОСТ 23268.17-78 Минералдык ичүүчү суу, дарылык-ашкана суусу жана табигый ашкана суусу. Хлорид иондорун аныктоо ыкмалары 01.01.1980. – 5 б.

УДК 634.574

## ШИРИН БАДАМДЫН СИСТЕМАТИКАСЫН ИЗИЛДӨӨ ДЕҢГЭЭЛИ

Болотова А.С.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан,

**Аннотация**

Макалада бадамдын систематикалык орду, бадам тукумунун систематикасынын тарыхы жана изилдөө деңгээли берилген. Бадамдын келип чыгуу тарыхы анын аталышынын себеби көпчүлүктүн кызыгуусун туудурат. Акыркы кезде окумуштуулар маданий бадам *Amygdalus communis L*. же *Prunus dulcis Mill*. же *Prunus amygdalus Batsch* узак таксономиялык жана тарыхый жолду басып өткөнүн белгилешет. Көп жылдардан бери классификациясы түрдүүчө болуп келген. *Prunus* тукумун ботаниктер ар түрдүү тукумчаларга деп бөлүп келишкен. бадамдарды кабыгынын калыңдыгы боюнча *typical (amara* жана *dulcis)* – кадимки кабыктуу ачуу жана ширин жана *fragilis dulcis* – жумшак кабыктуу ширин деп ажыратышкан. Ширин бадам андан ары кагаз кабыктуу, жумшак кабыктуу, тыгыз кабыктуу жана катуу кабыктуу сорт дөп бөлүнөт. Бадамды өз алдынча *Amygdalus* тукуму катары кароону сунуштаган окумуштуулар *Persica* жана *Amygdalus* секциясы деп бөлүшкөн жана КМШ да кездешкен 16 түрлөрдү *Prunus subg Amygdalus* тобуна киргизишет. Кыргызстанда жапайы бадамдын 6 түрү кездешээри маалымдалат.

**Ачкыч сөздөр:** бадам, *Amygdalus communis L.,* систематика, *Prunus dulcis Mill*.түр, *Prunus amygdalus Batsch,* классификация, таксономия, *fragilis amara, fragilis dulci,* кагаз кабыктуу сорт, жумшак кабыктуу сорт, тыгыз кабыктуу сорт, катуу кабыктуу сорт, *Persica* секциясы, *Amygdalus* секциясы.

## СТЕПЕНЬ ИЗУЧЕННОСТИ СИСТЕМАТИЧЕСКОГО ПОЛОЖЕНИЯ СЛАДКОГО МИНДАЛЯ

Болотова А.С.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызстан,

**Аннотация**

В статье даны литературные сведения о степени изученности систематики рода миндаля. Большой интерес проявляется к истории происхождения миндаля и причины названия рода. В данное время ученые отмечают, что культурный миндаль *Amygdalus communis L*. или *Prunus dulcis Mill*. или *Prunus amygdalus Batsch* прошёл длительный таксономический и исторический путь. В течении многих лет классификация миндаля была по разному. Род *Prunus* исследователи разделили на несколько подродов. По состоянию скорлупы разделили на 2 типа: горький и сладкий миндаль *(amara жана dulcis) – fragilis amara* – горький с твердой скорлупой *и fragilis dulcis* – мягкий сладкий миндаль. Далее салдкий минлаь классифицируют на бумажно скорлупой, мягкой скорлупой, твердоскорлупой и сильно твердой скорлупой. Современные учөные рекомендуют рассматривать миндаль как отдельный род, который имеет две секции P*ersica* и *Amygdalus,* в СНГ рапсространённые 16 видов относят к группе *Prunus subg Amygdalus*, в Кыргызстане встречается 6 видов дикорастуүих миндалей.

**Ключевые слова:** миндаль, *Amygdalus communis L.,* систематика, *Prunus dulcis Mill*., вид, *Prunus amygdalus Batsch,* классификация, таксономия, *fragilis amara, fragilis dulci,* бумажный сорт, мягкоскорлупой сорт, твердо скорлупой сорт, сильно твөрдөй скорлупый сорт, секция *Persica,* секция *Amygdalus*.

# THE DEGREE OF KNOWLEDGE OF THE SYSTEMATIC POSITION OF SWEET ALMONDS

Bolotova A.S.[1]
[1]Jalal Abad State University named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

## Annotation

In the article gives literary information about the degree of knowledge of systematics of the genus of almonds. Great interest is shown in the history of the origin of the almond and the reasons for the name of the genus. Currently, scientists note that the cultivated almond Amygdalus communis L. or Prunus dulcis Mill. or Prunus amygdalus Batsch has come a long taxonomic and historical way. Over the years, the classification of almonds has been different. The genus Prunus has been divided into several subgenera. According to the condition of the shell, they were divided into 2 types: bitter and sweet almonds (amara jana dulcis) - fragilis amara - bitter with a hard shell and fragilis dulcis - soft sweet almonds. Sweet almonds are further classified into paper shell, soft shell, hard shell and very hard shell. Modern scientists recommend considering almonds as a separate genus, which has two sections Persica and Amygdalus, 16 species distributed in the CIS belong to the Prunus subg Amygdalus group, and 6 species of wild almonds are found in Kyrgyzstan.

**Keywords:** almond, Amygdalus communis L., taxonomy, Prunus dulcis Mill., species, Prunus amygdalus Batsch, classification, taxonomy, fragilis amara, fragilis dulci, paper variety, soft-shelled variety, hard-shelled variety, very hard-shelled variety, section Persica , section Amygdalus.

Бадамдын келип чыгуу тарыхы анын аталышынын себеби көпчүлүктүн кызыгуусун туудурат. М.Е. Сергеенконун маалыматына таянсак, б.з. I кылымында байыркы грек жазуучусу Луций Юний Модерат Колумелла (б.з. 70-ж.) “Айыл чарбасы” деген эмгегинде (лат. *De-re-rustica*) бул өсүмдүккө латын тилине амигдала деп атаган. мындан сырткары ал «Дарактар жөнүндө» деген эмгегинде мөмө дарактарды питомникте жана бакта өстүрүү, аларды кароо сунуштарын чагылдырган [1-2].

*Amygdalus* тукуму деп аталышынын себеби бадамдын кызгымтыл гүлдөрүнүн түсүн финикиялык уялыңкы кыз Амигдалага салыштырышат. Бадамдын гүлдөөсү жаздын келиши жөнүндө кабар берет. Мисалы, Япония, Кытай, Израиль, Италияда “Бадамдын гүлдөөсү” улуттук майрамын белгилешет [3]. Орус жазуучусу К.Г. Паустовский (1982) өз эмгегинде «Бадамдын гүлдөөсү эч кайсы бир даракка теңелбейт» деп жазат [4].

Акыркы кезде окумуштуулар [3-5-6] маданий бадам *Amygdalus communis L.* же *Prunus dulcis Mill.* или *Prunus amygdalus Batsch* узак таксономиялык жана тарыхый жолду басып өткөнүн белгилешет. Азыркы убуактагы өсүмдүктөр дүйнөсүндө ээлеген систематикалык орду төмөндөгүдөй: Гүлдүү өсүмдүктөр бөлүмү – *Angiospermae*, класс – *Dycotyledoneae* катары Роза гүлдүүлөр – *Rosales*, уруусу – Розалар – *Rosaceae,* уруучасы – *Prunoideae*, тукуму *Prunus*, тукумчасы *Amygdalus L.* тукумдун негизги белгилери: узарган вегетативдик жана кыскарган генеративдик өркүндөрү бар, гүлдөрү жалгыздан, кош гүл коргондуу, 5 мүчөлүү, желекчеси ак же кызгымтыл, сөөкчөлүү мөмөсү бар.

Көп жылдардан бери классификациясы түрдүүчө болуп келген. *Prunus* тукумун ботаниктер ар түрдүү тукумчаларга: *Amygdalus L*, *Armeniaca Scop*, *Cerasus Mill*, *Emplectocladus Torr*., *Laurocerasus Duhamel*, *Maddenia Hook.f.* жана *Thomson*, *Padus Mill*., *Persica Mill., Prunus L* жана *Pygeum Gaertn*. деп бөлүп келишкен [7-8-9].

М.Г. Пахомованын маалыматы [9]. боюнча көпчүлүк систематиктер гүлүнүн жана мөмөсүнүн түзүлүшүнө карап *Prunoideae* уруучасына *Rosaceae* уруусун кошуп коюшкан. Алгачкылардан болуп G. Don, Gen Hist. II (1832) *Amygdalaceae* уруусу деп бөлүшкөн. Энглердин системасы боюнча *Prunoideae* уруучасына 5 тукум киргизилген: *Prunus, Pygeum, Maddenia, Osmaronia (Nutallia), Prinsepia.*

Bentham G., Hooker J.D. (1857) *Armeniaca* жана *Prunus* тукумдарын чогуу кароону сунушташкан. *Amygdalus* тукумуна кирген ттүрлөрдүн жалбыракта рынын жайгашуусу ар түрдүүчө экенин байкаган [9].

Мындан биз *Amygdalus* тукуму *Prunus* тукуму сыяктуу эле полиморфтуу экенин түшүнөбүз. Бул тукумдун мүнөздүү белгилери: тикенектүү же жылмакай сабактуу, жалбырактары гүлдөгөндөн кийин жазылуучу, генеративдик бүчүрлөрүндө бир же 2 гүлдөрү бар, гүлдөрү узун саптуу же отурган, мөмөсү кургак сөөкчөлүү келет

Amygdalus тукумун айрымдары *Icosandreae* жана *Dodecandrae* топторуна жана 6 секцияларга – *Spartioides*, *Chamaeamygdalus*, *Leptopus*, *Scorpius*, *Euamygdalus*, *Lycioides* деп бөлөт. И.А. Линчевский (1941) Leptopus дегенди Cerasioides деп өзгөрткөн жана Amygdalopsis деп кошумчалаган [10].

М.Г. Пахомова Amygdalus тукумун 5 топко бөлгөн: *Amygdalus*, *Chamaeamygdalus*, *Lycioides*, *Spartioides* жана *Leptopus ден* [9].

*Amygdalus* тукумуна 20 түрлөр кирет Афганистанда, Орто Азияда, Кытайда кездешет. Алардын ичинен жапайы түрлөрү: *A. communis*, *A. bucharica*, *A. Fenzliana*, *A. zangezura*, *A. Nairica*, *A. pseudopersica*. Өзбекстанда *A. bucharica* жапайы түрү*, A. communis* маданий түрү өсөт.

Бул тукумга кирген бадамдар өндүрүштө, парфюмерияда жана медицинада баалуу болуп саналат жана мелиорацияда кеңири колдонулат [9-10].

Адабий маалыматтарга таянсак [1-2-11] бадамдардын ареалы түштүк Франция, Испания, Италия жана Балкан жарым аралына чейин, Турция, Греция, Крит, Палестина, Индия, Жер ортолук деңиз, Монголия жана борбордук Кытайга чейин таралган.

Түштүк Кыргызстандын территориясында кадимки бадам (*Amygdalus communis L.*), бухара бадамы (*Amygdalus bucharica Korsch*.), тикенектүү (*A. Spinosissims Bg*), Петунник (*A.petunnikovii*), Вавилов (*A. Vavilovii*) бадамдарын Е.Н. Охоба изилдеген [12].

Көпчүлүгү дениз денгээлинен 300 дөн 2200 - 2600 м. б. чейин бийиктиктикте кездешкен, кургакка чыдамдуу, жарыкты сүйүүчү, эрте гүлдөгөн жана вегетациялык мезгили эрте бүткөн, суукка чыдамдуу дарактар. Полиморфтуу өсүмдүктөр, кайчылаш гүлдөгөндүктөн көптөгөн табигый гибриддери келип чыккан [12-13-14].

Түрлөр арасындагы гибриддерге кирет:

• *A. vavilovii M.Pop. – A. turcomanica* x *A. communis* ортосундагы гибрид. Н.В. Ковалев жана К.Ф. Костин (1935) аныкташкан.;

• *A.kalmykovii O.Linz – A. spinosissima* x *A. communis* ортосундагы гибрид. С.С. Калмыков (1947) аныктаган;

• *A. saviczii Pachom – A. spinosissima* x *A. bucharica* ортосундагы гибрид;

• *Гибрид – A. communis* x *A. petunnikovii*. ортосунда алынган. Өзбекстандын Бостандык районунда С.С. Калмыков (1947) тарабынан табылган;

• *Гибриддер – A. bucharica* x *A.communis*. М.Г. Пахомова (1961) аныктаган [9].

Н.Г. Касаткиндин (1931) эмгегинде рим жазуучусу Скрибоний Ланга I кылымда даамы боюнча *amara* (ачуу) жана *dulcis* (ширин) бадамы дөп бөлгөн. Шнейдер (Schneider, 1906) алгачкылардан болуп бадамдарды кабыгынын калыңдыгы боюнча *typical (amara жана dulcis)* – кадимки кабыктуу ачуу жана ширин жана *fragilis dulcis* – жумшак кабыктуу ширин деп ажыраткан. [9].

Андан кийин П.Н. Богушевский (1949) кабыктын түсүн, темгилдүүлүгүн жана курсак – каптал тигиштерине карап классификациялаган [9].

Бул классификацияны азыркы убакка чейин колдонобуз:

• кагаз кабыктуу сорт, эндокарпы жумшак, кол менен жеңил эле ачып алса болот;

• жумшак кабыктуу сорт, эндокарпы борпоң, эки колдоп чагып алса болот;

• тыгыз кабыктуу сорт, кабыгын балка менен чакса болот;

• катуу кабыктуу сорт, кабыгы тешикчелүү, балка менен катураак урганда чагылат.

Саша Айзенмандын (2015) маалыматы боюнча бадамды өз алдынча Amygdalus тукуму катары кароону сунуштаган окумуштуулар *Persica* жана *Amygdalus* секциясы деп

бөлүшкөн жана КМШ да кездешкен 16 түрлөрдү Prunus subg Amygdalus тобуна киргизишет [15-16-17-18].

Алынган маалыматтарды анализдеп жыйынтыктаганда, *Amygdalus* тукумуна кирген көпчүлүк түрлөр гибриддерди пайда кылгандыктан, бул түрлөр түрчөлөр жана экотиптер деп бөлүнүп калган.

## Колдонулган адабияттар


1. Сергеенко М.Е. Очерки по сельскому хозяйству в древней Италии. 1957.
2. Сергеенко М.Е. Ученые земледельцы древней Италии. Л.: Наука 1970.- 292 с.
3. Damiano Avanzato, 2006. Following Almond Footprints (Amygdalus communis L.). A publication of the international for Horticultural Science. Italy.
4. https://www.liveinternet.ru/users/vodo-lei/ post 155565753/.
5. Focke, W.O. 1894. Rosaceae, p. 1–60. In: Engler, A. and K. Prantl (eds.). Die Nat€urlichen Pflanzenfamilien. Vol. 3, part 3. Verlag von Wilhelm Engelmann, Leipzig, Germany.
6. Spach Ed. 1843. Monografia generis Amygdalu, Annales des Sciences naturalles, Paris, 2 serie, t.9
7. Жуковский П.М. Культурные растения и их сородичи, М., Изд-во “Советская наука” 1971
8. Крылов П.Н. Флора Западной Сибири. 1933.
9. Пахомова М.Г. Миндали Узбекистана. Ташкент. Изд-во АН Уб.ССР. 1961.
10. Пашкевич В.В. Плодовые деревья. Родоначальные формы и сородичи. 1912.
11. http://citeseerx.ist.psu.edu/viewdoc/download?doi=10.1.1.855.7736&rep=rep1&type=pdf
12. Охоба Е.Н. Дикорастуүие миндали Киргизии. -Фрунзе, изд - во «Илим». 1981. – 234 с.
13. Ковалев Н.В. и Костин К.Ф. К изучению рода Prunus Focke, труды по прикладной ботанике, генетике и селкции, сер. VIII, вып. 4. 1935.
14. Линчевский И.А. и Федоров А.А. Род Amugdalus, Флора СССР, т.10., М.- Л. 1941
15. Dzhangaliev A.D., T.N. Salova, and P.M. Turekhanova. 2003. The wild fruit and nut plants of Kazakhstan, p. 305–371. In: Janick, J. (ed.). Horticultural reviews. Vol.
16. Gradziel, T.M. (2010) Origin and dissemination of almond. In: Janick, J. (Ed.) Horticultural Reviews, Vol. 38. John Wiley & Sons, Inc., Hoboken, pp. 23–81. http://dx.doi.org/ 10.1002/9780470872376.ch.2.
17. Yazbek, M.M. 2010. Systematics of Prunus subgenus Amygdalus monograph and phylogeny. PhD diss., Cornell University, New York, NY.
18. Yazbek, M. and S.-H. Oh. 2013. Peaches and almonds: Phylogeny of Prunus subg. Amygdalus (Rosaceae) based on DNA sequence and morphology. Plant Syst. Evol. 299:1403– 1418.

**УДК 502.3**

# СОВРЕМЕННЫЕ ВЫЗОВЫ В СИСТЕМЕ ПРИРОДООХРАННОГО УПРАВЛЕНИЯ: ОТ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ К СОХРАНЕНИЮ

Домашов И.А.[1]
[1]Университет Адам, г.Бишкек, Кыргызстан

**Аннотация**

Современная система природоохранного управления имеет ряд ключевых недостатков, к которым относятся: Упрощение управляемой системы, что зачастую связанно с потребностями моделирования; Несоизмеримость управляемой и управляющей систем, что также приводит к ряду ошибок, усиливает инертность управления. В природоохранном управлении и в системе использования природных ресурсов это связано с тем, что интенсивность потоков информации в биосфере (управляемой системе) и в современном обществе (управляющей системе) различается на несколько порядков; Отсроченность рисков, что заключается в получении выгод от использования ресурсов здесь и сейчас, а риски перенося в будущее. Именно этот негативный аспект современного управления прослеживается на примере управления оз. Иссык-Куль. Зарыбление в 30х – 60х годах XIX столетия озера форелью (*Salmo ischchan*) и обыкновенным сигом (*Coregonus lavaretus*) в совокупности с интенсивным истреблением рыбных запасов привели к современному плачевному состоянию экосистемы Иссык-Куля; Запаздывание реакции, что также характерно для природоохранного управления. Такое запаздывание легко проследить в динамике международных природоохранных переговоров (по биоразнообразию, изменению климата и т.п.). Международный процесс принятия решений в современном социуме усложнен, формализован, часто перегружен процедурными вопросами. Изменение системы природоохранного управления для минимизации негативных его аспектов возможно через изменение представления роли природных систем, формирование понимания их важности в контексте биотической регуляции окружающей среды, учет отсроченных рисков, запаздывания в процессе принятия управленческих решений и формирование представлений о надлежащем состоянии объектов охраны (проф. Э.Шукуровым) в процессе природопользования и их сохранения.

**Ключевые слова:** экосистемный подход, биотические механизмы регуляции окружающей среды, природоохранная политика, надлежащее состояние экосистем

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО СИСТЕМАСЫН БАШКАРУУДАГЫ ЗАМАНБАП ТАЛАПТАР: ПАЙДАЛАНУУДАН КОРГООГО ЧЕЙИН

Домашов И.А.[1]
[1]Адам университети, Бишкек ш., Кыргызстан

**Аннотация**

Айлана-чөйрөнү башкаруунун заманбап системасы бир катар негизги кемчиликтерге ээ, алар төмөнкүлөрдү камтыйт:Башкаруу системасын жөнөкөйлөштүрүү, ал көбүнчө моделдөөнүн муктаждыктары менен байланышкан; Башкарылуучу жана башкаруучу системалардын теңдешсиздиги, бул дагы бир катар каталарга алып келет, башкаруунун инерциясын жогорулатат. Курчап турган чөйрөнү башкарууда жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу системасында бул биосферада (башкарылган системада) жана азыркы коомдо (башкаруу системасы) маалымат агымынын интенсивдүүлүгү бир нече чоңдук тартиби менен айырмаланып тургандыгы менен шартталган; Бул жерде жана азыр ресурстарды пайдалануудан пайда алуу жана тобокелдиктерди келечекке өткөрүп берүү болуп саналган тобокелдиктерди кийинкиге калтыруу. Дал ушул заманбап менеджменттин терс көрүнүштөрүн көлдү башкаруунун мисалында байкоого болот. Ысык-Көл. 19-кылымдын 30-60-жылдарында көлдөрдүн форель (*Salmo ischchan*) жана кадимки ак балык (*Coregonus lavaretus*) менен камсыздалышы, балык запастарын интенсивдүү жок кылуу менен бирге Ысык-Көлдүн экосистемасынын азыркы кейиштүү абалына алып келген; Айлана-чөйрөнү башкарууга да мүнөздүү болгон кечиктирилген жооп. Мындай кечигүүнү эл аралык экологиялык сүйлөшүүлөрдүн динамикасынан оңой эле байкоого болот (биологиялык ар түрдүүлүк, климаттын өзгөрүшү ж.б. боюнча). Заманбап коомдо эл аралык чечимдерди кабыл алуу процесси татаал, формалдуу, көбүнчө процедуралык маселелер менен ашыкча жүктөлгөн. Курчап турган чөйрөнү башкаруу системасын анын терс жактарын минималдаштыруу үчүн өзгөртүү табигый системалардын ролун түшүнүүнү өзгөртүү, айлана-чөйрөнү биотикалык жөнгө салуу

контекстинде алардын маанилүүлүгүн түшүнүүнү өнүктүрүү, кечиктирилгис тобокелдиктерди, процесстин кечигүүлөрүн эске алуу менен мүмкүн болот. башкаруу чечимдерин кабыл алуу, жаратылышты пайдалануу жана аларды сактоо процессинде корголуучу объектилердин (проф. Э. Шукуров) туура абалы жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу.

**Түйүндүү сөздөр:** экосистемалык мамиле, экологиялык жөнгө салуунун биотикалык механизмдери, экологиялык саясат, экосистемалардын азыркы абалы

# MODERN CHALLENGES IN ENVIRONMENTAL MANAGEMENT: FROM NATURE USING TO CONSERVATION

Domashov I.A.[1]
[1]Adam University, Bishkek city, Kyrgyzstan

## Annotation

The modern system of environmental management has a number of key shortcomings, which include: Simplification of the managed system, which is often associated with the needs of modeling; The incommensurability of the controlled and control systems, which also leads to a number of errors, increases the inertia of control. In environmental management and in the system of using natural resources, this is due to the fact that the intensity of information flows in the biosphere (managed system) and in modern society (management system) differs by several orders of magnitude; Postponement of risks, which consists in obtaining benefits from the use of resources here and now, and transferring risks into the future. It is this negative aspect of modern management that can be traced on the example of the management of the lake. Issyk-Kul. The stocking of lakes with trout (*Salmo ischchan*) and pikeperch (*Coregonus lavaretus*) in the 30s-60s of the 19th century, together with the overusing of fish stocks, led to the current deplorable state of the Issyk-Kul ecosystem; Delayed response, which is also characteristic of environmental management. Such a delay can be easily traced in the dynamics of international environmental negotiations (on biodiversity, climate change, etc.). The international decision-making process in modern society is complicated, formalized, often overloaded with procedural issues. Changing the environmental management system to minimize its negative aspects is possible through changing the understanding of the role of natural systems, developing an understanding of their importance in the context of biotic regulation of the environment, taking into account delayed risks, delays in the process of making managerial decisions, and forming ideas about the proper state of protected objects (Prof. E . Shukurov) in the process of nature management and their conservation

**Keywords:** ecosystem approach, biotic mechanisms of environmental regulation, environmental policy, proper state of ecosystems

## Введение

Удовлетворения потребностей общества часто затрагивает такие аспекты развития общества, как технологизация процессов природопользования, повышение науко- и ресурсоемкости сфер человеческой деятельности, введение новых и оптимизация существующих управленческих механизмов и это на прямую, или косвенно оказывает влияние на состояние природных ресурсов и окружающую среду в целом. Рассматривая природопользование в лесном секторе на международном, региональном или национальном уровне можно проследить как в целом эволюцию отношения к природе и ее охране, так и, в частности, рассмотреть формирование управленческих подходов оценить их эффективность.

Леса планеты имеют исключительное значение для формирования благоприятных условий существования всего живого, включая человека, играют важную роль в стабилизации климата и биотической регуляции окружающей среды [1]. При этом разрыв между этим значением лесов и сформировавшейся системой управления в данной отрасли является одной из причин нарастающего экологического кризиса на Земле.

Минимизация данного разрыва через управленческие механизмы на национальном и глобальном уровне является основным вызовом системы управления лесными природными ресурсами. Сходные задачи стоят и перед управлением других сфер природопользования.

Возрастающие потребности в природных ресурсах ставят новые задачи перед управлением территориями, в том числе перед экологическим управлением.

При этом можно выделить целый ряд основополагающих затруднений:

- Естественные процессы в природе трансформируются под воздействием возрастающей антропогенной нагрузки. Интегральные характеристики поведения сложных природных систем в новых условиях не могут быть достаточно точно просчитаны;
- Современные прогностические модели громоздки и недостаточно чувствительны. Они могут обеспечивать учет только масштабных изменений [2]. Нет адекватных моделей динамик экосистем, особенно в условиях сверх использования ее компонентов. При этом, некоторые модели (например, климатическая) просчитывают только в широком спектре возможностных сценариев и только на некоторый период времени;
- Сложные системы упрощаются в процессе моделирования, что часто приводит к относительности результатов прогнозирования. Чем сложнее система, тем сложнее исключить субъективность анализа её модели. В последующем это влияет на ошибочность в постановке управленческих задач;
- Многие управленческие решения сильно политизированы и не учитывают специфику природных систем;
- Только при управлении сельскохозяйственных территорий, сильно упрощенных нарушенных экосистем, разрушенных экосистем, можно получить отдельный относительный успех в определенный период времени. Замена естественных экосистем технологическими механизмами не возможна по определению [1].

В рамках данной статьи будет рассмотрена система охраны лесных природных ресурсов, как наиболее значимых в контексте биотической регуляции окружающей среды. Проблемы, возможности их решения, вызовы, стоящие перед данным сектором в некотором приближении сходны с таковыми в других секторах, и могут, в той или иной степени, быть применимы для всей системы природоохранного управления.

**Исторические аспекты природопользования и их влияние на современную систему управления.**

Истоки современного состояния дел в использовании и охране природных ресурсов кроются в самом отношении человека к природным ресурсам. Как отмечает С. Кара-Мурза можно выделить некоторые фундаментальные принципы современной (западной) цивилизации, связанные с формированием современного отношения к природе и разработкой механизмов управления:

- субъект-объектные отношения человека и природы, дескарализация и дегуманизация мира, механистическое (техноморфное) мировоззрение;
- воля к власти (идея свободы) и потребность в непрерывной экспансии (идея прогресса);
- индивидуализм – представление человека свободным атомом, находящимся в непрерывном движении (конкуренции) и преследующим эгоистический интерес [3].

При этом в обществе стало отдельно рассматриваться экономика и окружающая среда. Зачастую, и в дальнейшем, важность окружающей среды минимизировалась до такого состояния что в дальнейшем в было исключено из обсуждения. Это отразилось и на терминологии: стали применять терминологию что полезные ископаемые "производятся", а не "извлекаются". То есть цену стал иметь не сам природный ресурс, а процесс (экономические, технологические и человеческие ресурсы) его добычи.

При этом десакрализация природы, помимо всего прочего, создала устойчивую основу для перехода к её управлению. С.Кара-Мурза приводит слова И.Пригожина

«Миром, перед которым не испытываешь благоговения, управлять гораздо легче. Любая наука, исходящая из представления о мире, действующем по единому теоретическому плану и низводящем неисчерпаемое богатство и разнообразие явлений природы к унылому однообразию приложений общих законов, тем самым становится инструментом доминирования, а человек, чуждый окружающему его миру, выступает как хозяин этого мира» [3].

**От использования лесных ресурсов к управлению лесами.**

Большинство государств, в частности в Европе, рассматривали принадлежавшие им леса с точки зрения дохода для владельцев земли. В управлении лесным хозяйством большую роль играли потребность в лесе для судостроения, для государственных строительных работ, необходимость топлива для обеспечения экономической безопасности элиты [4]. Такое отношение и предопределило развитие лесной науки в целом.

